# Дарвинисттик дажжал (тажаал) агымынын өлүмү

Darwinist Deccaliyetin Ölümü

**«150 ЖЫЛГА СОЗУЛГАН ДАРВИНИСТТИК АЛДАМЧЫЛЫКТЫН БУТҮШУ»**

**“150 YIL SÜREN DARWİNİST ALDATMACANIN SONU”**


**ХАРУН ЯХЬЯ**
**(АДНАН ОКТАР)**
**HARUN YAHYA**
**(ADNAN OKTAR)**

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

**Birinci Baskı: Aralık 2009**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi
A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Kelebek Matbaacılık
Litros Yolu No: 4/1A Topkapı-İstanbul
Tel: (0 212) 612 43 59

**www.harunyahya.org - www.harunyahya.net**

# МАЗМУНУ

Киришүү: Алтын кылым сүйүнчүсү

Акыр замандын эң чоң фитнасы дажжал

Дарвинисттер көз бойомочулуктар менен дүйнөнү алдашты

Дарвинисттердин дүйнөнү алдоо ыкмалары

Дарвинизм алдамчылыгы эми бүттү

Жыйынтык: бүт жандыктарды Улуу Аллах жараткан

Кошумча бөлүм: эволюция калпы

# ОКУРМАНГА

* Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

* Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

* Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

* Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

* Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

* Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар

тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын терендешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# КИРИШҮҮ

# АЛТЫН КЫЛЫМ СҮЙҮНЧҮСҮ

Пайгамбарыбыз (сав) мындан 1400 жыл мурда акыр заманда, б.а. биз жашап жаткан учурда, боло турган окуяларды абдан кеңири кабар берген жана аны кеңири сүрөттөгөн. Акыр заманда адамдар Куран ахлагынан алыстаган бир доор болоорун; дүйнө жүзүндө чоң бир бузукулук, фитна, согуш, каргаша жана адеп-ахлактык бузулуулар болоорун кабар берген. Ошондой эле, Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде билдиргендей, Аллах ушул доордо Аз. Иса (а.с.) жана Раббибиздин Хади (хидаят (туура жол) берүүчү) сыпатына ээ Аз. Мехди (а.с.)ды жөнөтөт. Аз. Иса (а.с.) жана Аз. Мехди (а.с.) чыга турган бул куттуу доордо каапыр философия жана идеологиялар бүтүндөй жок болуп, дүйнөнүн төрт тарабында уланып жаткан зулумдук жана каргашалар толугу менен токтойт. Аз. Иса (а.с.) жана Аз. Мехди (а.с.) доорунда Аллах ишеними Пайгамбарыбыз (сав) доорундагыдай орун алып, Куран ахлагы бүт тарапка жайылып, дүйнө жүзү бакубаттык жана тынчтык мекенине айланат. Жер бетинде эч кандай согуш, карама-каршылык болбойт, курал-жарактар жок кылынып, бир адамдын да мурду канабайт. Өтмүштө болгон уятсыздыктар, басымдар, зулумдуктар, жакырчылык, адилетсиздиктер жана адеп-ахлактык бузулуу бул куттуу доордо жоголуп, бүт кыйынчылыктардын ордуна береке, молчулук, байлык, сулуулук, тынчтык жана бейпилдик келет. Технологияда абдан зор өнүгүүлөр болот жана алар бүт адамдардын жакшылыгы жана бейпилдиги үчүн колдонулат. Искусство жана кооздук багытында да абдан сонун өнүгүүлөр болуп, бул доор Улуу Раббибиздин каалоосу менен «Алтын кылым (доор)» катары эскерилет.

Раббибиз бул дүйнөдө сыноонун бир шарты катары бүт жакшы нерселер менен бирге алардын карама-каршысы болгон терс күчтөрдү да жаратат. Ар доордо пайгамбарлардын жана ыйман келтиргендердин алдынан терс күчтөр, б.а. каапырлар (Аллахтын жокко чыгаруучулар) чыккан жана алар Аллах ишенимине жана жакшы адеп-ахлакка каршы күрөшүшкөн. Бул Аллахтын бир мыйзамы. Аз. Муса доорунда Фараондун, Аз. Ибрахим доорунда Немруддун, Аз. Мухаммед (сав) доорунда Эбу Лехебдин жана Меккелик мушриктердин бар болушу – ушул Аллахтын мыйзамынын бир көрүнүшү. Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде кабар берилгендей, Аз. Иса (а.с.)дын түшүшү жана Аз. Мехди (а.с.)дын чыгышы күтүлүп жаткан акыр заманда чыга турган терс күч болсо «дажжал (тажаал)» болот.

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде айтылган акыр заман алааматтарынын дээрлик баары хижрий календарь боюнча 1400-жылдан бери, б.а. дал Пайгамбарыбыз (сав) айткан убакта ишке ашты. Жүздөгөн алааматтын ишке ашкан болушу – акыр

замандын **биз жашап жаткан доор экенин көрсөткөн** жана ошондой эле Алтын кылымдын абдан жакын экенин сүйүнчүлөгөн абдан маанилүү бир маалымат. Биз жашап жаткан акыр заманда **дажжал фитнасы да чыкты.** Абдан көп адамдарды динсиздикке (атеизмге) түрткөн, дүйнөгө адам өлтүрүү, согуштарды алып келген, коомдорду адеп-ахлактык бузулууга, анархияга, бузукулукка жана кылмыштарга түрткөн **дажжалдын чоң фитнасы – бул дарвинизм.** Дарвинизм, эч кандай илимий таянычы жок туруп, 150 жыл ичинде элдерге мажбурдуу түрдө сиңирилип, адамдар бул чоң калпка массалык түрдө алданышты жана кээ бир коомдор дарвинисттик идеологияга таянуу менен согуштарга, киши өлтүрүүлөргө, террорго, анархияга түртүлүштү. Дажжализм дарвинизм фитнасы менен бүт дүйнөнү каптап, эч кандай илимий далилге таянбаганына карабастан, жалган (жасалма) сөздөр жана далилдер менен кээ бир мамлекеттердин расмий коргоосуна алынган. Дарвинисттик идеология акыр замандын эң чоң фитнасы болгондуктан, кыска убакыт ичинде жасалма бир ийгиликке жетип, тарыхтагы эң чоң массалык жалганчылык катары тарых беттеринен орун алды.

Бирок албетте башка чоң фитналар сыяктуу,  дажжалдын бул чоң фитнасы да **кулап жок болуу алдында.** Акыр замандын куттуу доору Алтын кылым дажжалдын фитнасы токтоп, согуштар жана уруштар бүткөн, адамзатка чоң балээлерди алып келген динсиз идеологиялар тарыхтын караңгылыктарына көмүлгөн жана дүйнө молчулук, берекет жана адилеттикке толуп ташкан бир доор болот. Бул доордо Ислам ахлагы бүт дүйнөгө жайылып, адамдар топ топ болуп Аллах ишенимине багытталышат. **Мына ушул куттуу доор абдан жакындады.** Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистери боюнча, **Аз. Мехди (а.с.) чыкты.** Адамдар аны тааный турган убакыт да абдан жакын. Ошондой эле хадистерден көрүнүп тургандай, **Аз. Иса (а.с.)дын түшүшү да абдан жакынкы убакта болот.** Дүйнө жүзүндө дажжал системасынын эң чоң фитнасы болгон дарвинизм болсо тарыхында эң чоң жеңилүүгө дуушар болду. **Дажжал эми өлдү.** Абдан жакын калган Алтын кылымдын береке жана молчулугу, бейпилдик жана тынчтыгы Аллахтын буйругу менен бүт адамзатка жайылып, бүт дүйнөнү каптайт. Улуу Раббибиз бир аятында мындайча буюрат:

**Аллах жазып койгон: «Ант болсун, Мен жеңишке жетишем жана элчилерим да.» Чындыгында, Аллах – эң улук күч-кубат ээси, күчтүү жана баарынан жогору. (Мүжаделе Сүрөсү, 21)**

# 1-БӨЛҮМ

# АКЫР ЗАМАНДЫН ЭҢ ЧОҢ ФИТНАСЫ ДАЖЖАЛ

Бул дүйнө жашоосу жакшылар менен жамандар, жакшылыктар менен жамандыктар болуп турчу, адамдар кылгандары менен сыналчу, ыйман келтиргендер менен келтирбегендер сыналчу убактылуу бир мекен. Бүт баарын жана бул сыноо чөйрөсүн жараткан Улуу Аллах сыноонун бир шарты катары ар доордо ыйман келтиргендерге каршы каапыр, кылмышкер-күнөөкөр бир душман жараткан. Ар доордо пайгамбарларга жана ыйман келтиргендерге каршы чыккан мындай каапыр, Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистери боюнча, Аз. Иса (а.с.)дын кайра дүйнөгө келиши күтүлгөн, Аз. Мехди (а.с.)дын болсо чыгаар убактысында, б.а. акыр заманда келе турган «дажжал» болот.

Дажжал арап тилиндеги бир сөз, «дежл» сөзүнөн келип чыккан. Сөздүктөрдөгү мааниси боюнча, дажжал «калпычы, тузакчы, акылдарды, көңүлдөрдү, жакшы менен жаманды, акыйкат менен жалганды аралаштырган, бир нерсени кооздоп чыныгы жүзүн жашырган, кадам кадам бүт тарапты кыдырган мүфсид (бөлүүчү, бузуучу, жаман кылуучу) жана меълун (наалат алган, куулган)» бир жандык.

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде дажжал акыр заманда (дүйнөнүн акыркы доорлорунда) чыга турган эң чоң терс күч катары кабар берилген. Акыр замандай кереметтүү окуялар болуп жаткан бир доордо Аллахтын буйругу менен абдан жакында чыга турган Аз. Иса (а.с.) жана Аз. Мехди (а.с.)га душмандык кылып бүт дүйнөгө шайтандын системасын жайууга аракет кыла турган дажжал балким тарыхтын эң күчтүү каапырларынан бири чыгаар. Пайгамбарыбыз (сав) дажжалдын фитнасынын чоңдугун мындайча сүрөттөгөн:

Адам жаратылгандан кыяматка чейин өткөн убакыт ичинде дажжалдан чоңураак бир окуя жок.[1]

Дажжал, риваяттар боюнча, туураны туура эмес, туура эмести туура; жакшыны жаман, жаманды жакшы көрсөткөн бир бузуку. «Шексиз жанында бир бейиш жана бир тозок (деп атаган эки дарыя) болушу да анын фитнасы. Чынында тозогу бир бейиш, бейиши болсо бир тозок...»[2] хадисинде да айтылгандай, ал жакшы, туура деп чакыргандарынын баары адамга балээ алып келе турган жамандыктар. Адамдарга жамандай көрсөткөн баалуулуктар болсо чынында адамдарга жакшылык жана алардын пайдасына. Бирок кээ бир адамдар окуяларды Куран ахлагына жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүнө жараша баалабагандыктан, дажжал чакырган нерселерге алданып аны ээрчишет жана чыныгы моюн сунушу керек болгон Аллахтын табиятынан капылеттик менен жүз бурушат. Мунун канчалык чоң жаңылыштык экенин болсо

дажжал түзгөн зулумдук чөйрөсүнөн улам түшүнүшөт. Ушул себептен, Пайгамбарыбыз (сав) адамдарды эскерткен жана дажжал жаман деп көрсөткөн нерсенин жакшы экенин билүү керек деген:

Дажжал чыгат. Жанында суу менен от бар. Адамдарга суу көрүнгөнү күйгүзүүчү бир от. Адамдарга от көрүнгөнү болсо муздак жана даамдуу бир суу. Силерден ким муну көрсө отту тандасын; өзүн отко таштасын. Чынында ал даамдуу жана сонун бир суу.[3]

Биз жашап жаткан доор хадистерде кабар берилген абдан көп алааматтардан көрүнүп тургандай, «акыр заман». Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринен түшүнгөнүбүздөй, акыр заман азыр болуп жатат жана Аз. Иса (а.с.)дын жер бетине келиши жана Аз. Мехди (а.с.)дын чыгышы Аллахтын каалоосу менен, ушул доордо күтүлүүдө. Ошондой эле, хадистерде кабар берилгендей, учурда өкүм сүрүп жаткан акыр заман ичинде дажжалдын фитнасы да сезилип, сүйүүсүздүк, баш көтөрүүчүлүк, жамандык, бөлүнүүчүлүк, уруштар жана бузукулук дүйнөнүн бүт тарабына жайылууда. Адамдардын өтө көпчүлүгү дажжалдын фитнасын ээрчип, сонун ахлактан алысташып, жер бетинде каапырчылыкка таянган шайтандык бир системаны кабыл алышкан.

Дажжалдын учурдагы акыр заманда идеологиялык тараптан эң чоң фитнасы болсо дарвинизм болгон. 19-кылымдын эң чоң жомогу болгон дарвинисттик идеология башында терс реакцияга кабылса да, 20-кылымда калк арасында жайылып, массаларды ээрчитип, көптөгөн тараптарларга ээ болуп, мектеп китептерине, илимий адабиятка кирди. Чоң бир калп болгонуна, илимге жамынып, бирок илимий бир дагы далил тарабынан колдоо таппаганына карабастан, дажжалдын таасири менен бүт дүйнөнү алдай алды. Хадистерде билдирилгендей, дажжалдын таасири менен адамдар жок бир нерсени бардай кабыл алып, илим менен эч байланышы жок бир теорияны «жашоонун келип чыгышынын бир түшүндүрмөсү» катары кабыл алышты. Жаш балдар башталгыч класстардан баштап мектептерде Дарвиндин эволюция теориясын окуп баштап, эң көп көрүүчүсү бар дарвинизм тараптары телевизор каналдары эволюция жөнүндө жалган сценарийлерди «илимий эмгек» катары жарыялап, университет профессорлору бул көз бойомочулукту болгон күчү менен жактай турган абалга келишти. Бул батыл (жалган) бир ишеним системасы. Дарвинизм батыл (жалган, далилсиз) бир дин катары пайда болгон; адамдар болсо бул батыл динге эч далилсиз ишендирилүүгө аракет кылынып, ишенбегендер четке түртүлүп, ооздору жаптырылган. Эволюция теориясын колдой турган бир дагы илимий далил жок. Болушу да мүмкүн эмес. Бирок дарвинизм жалган бир ишеним системасы болгондуктан, эволюция теориясы үчүн тынымсыз жасалма далилдер чыгарылып, эволюцияны кыйраткан чыныгы илимий далилдер болсо жаап-жашырылууда. Бул көз бойомочулуктун масштабы чындап эле абдан чоң. Дарвинизм Аллахты жокко чыгарууга таянган, адашкан, жалган бир ишеним системасы болушу жагынан дажжалдын белгилүү жана хадистер боюнча акыр заманда күтүлгөн чоң оюну.

Жандыктар кокустан пайда болгон деп жактаган, адамдын маймыл аталары болгон деген, адамды жер бетинде жоопкерчиликсиз, ээн баш бир айбансың деп ишендирүүгө аракеттенген, күчтүүнүн алсызды эзиши сыяктуу бузуку бир пикирге таянып массаларды

өлтүргөн, согуштарды баштаган, адамдарды майда жана төмөн көргөн бул жалган ишеним системасы – дажжалдын эң чоң оюндарынын бири дарвинизм. Бирок 150 жылдан бери уланып келе жаткан бул оюн 21-кылымдын баштары менен эми кыйрады. Дажжалдын оюну бүттү. Дажжал эми өлдү. Массалык алдамчылык бүттү. Батыл (жалган) бир дин катары кабыл алынган бул идеология Аллахтын акыйкат дини алдында жер менен жексен болду. Аллах албетте Өз динин жогору кылуучу. Улуу Раббибиз бир аятында мындайча буюрат:

**Аллах, кылмышкер-күнөөкөрлөр каалабаса да, акыйкатты (чындап) Өз сөздөрү менен ишке ашырат. (Йунус Сүрөсү, 82)**

## Кылымдын эң бузуку дажжалдык системасы: дарвинизм

Учурдагы жер бетинде динге каршы эң чоң фитналардын бири – бул материализм жана материализмден чыккан ар түрдүү бузуку идеологиялар менен агымдар. Бүт бул агымдарды камтыган, баарынын «илимий» таянычы жана чыгуу чекити болгон көз-караш болсо – бул дарвинизм. Дарвинизм чыккандан бери материалист жана динге каршы идеология, агымдардын негизине айланып, бул идеологияларды жактагандар тарабынан дээрлик бир динге айлантылган. Дарвинизмдин акыр заманда дажжалдын динине айлантылаарына улуу Ислам аалымы Бедиүззаман Саид Нурси азрети мындайча көңүл бурган:

Табиятчылык (дарвинизм) жана материализм философиясынан чыккан немрудане (баш көтөрүүчү) бир агым акыр заманда философия аркылуу барган сайын таркап күчтөнүп, өзүн кудай жарыялай турган бир даражага чыгат.[4] (Аллахты аруулайбыз)

Бедиүззаман «табиятчылык (дарвинизм) жана материализм философиясынын чыккан немрудане (баш көтөрүүчү) бир агым» деп айткандай, дарвинизм – бул табиятка өз алдынча бир күч таңуулаган, бүт жандыктар сокур кокустуктардын натыйжасы, алар жаратылган эмес деген (Аллахты аруулайбыз), адамдарды Аллахка ыймандан алыстатууга аракеттенген бир окуу. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистери чогултулган жана хадис түшүндүрмөлөрү орун алган *Kütüb-i Sitte Muhtasarı Tercüme ve şerhi (Күтүби Ситте Мухтасары котормо жана түшүндүрмөсү)* аттуу китепте болсо бул мындайча жоромолдонгон:

Дажжал жол ачкан акыр заман фитнасынын эң ачык жана эң негизги өзгөчөлүгү – бул динге каршы болушу. Акыр заманда чыга турган бир катар гуманисттик көз-караштар менен баалуулуктар диндин ордун ээлегенге аракет кылат. Бул жаңы дин адамдардагы Кудайга болгон ар түрдүү моюн сунуучулукту жок кылуу үчүн Аллахты жокко чыгарууну өзүнө негиз алат... Түпкү кудайы зат менен адам болгон динден тышкары бир дин.[5] (Аллахты аруулайбыз.)

Дарвинисттер эволюция теориясын дайыма жалган далилдер менен илимий көрсөтүүгө аракет кылышкан. Жандуулардын жансыз заттардан пайда болгонун жана

эволюциялашып өнүккөнүн, бүт жандык түрлөрүнүн бир-биринен баскыч баскыч келип чыкканын айтышат. Бирок дарвинизм бул пикиринин бир баскычын дагы далилдей албаган, ошого карабастан илимий катары сиңирилиши улантылган бузуку бир ишеним системасы. Дарвинизм пикири боюнча, мындай ойдон чыгарылган өнүгүүнүн эң чоң механизми – бул «кокустуктар». Кокустуктар дарвинизмдин жалган кудайы. Дарвинисттердин ою боюнча, бул жалган кудай мүмкүн эмес нерселерди жасоо күчүнө ээ. Дарвинисттердин ою боюнча, бул жалган кудай бир ылай суудан жандуу клетка пайда кылат, балыкты кабыланга айлантат, аюулардан киттерди пайда кылып аларда жок жерден өпкөлөрдү жасайт. Дарвинисттердин ою боюнча, бул жалган кудай адамды маймылдан чыккан бир жандык деп кабыл алып, адамга акыл, эс тутум, жөндөмдүүлүк сыяктуу мүмкүнчүлүктөрдү берип, жер бетинде эч тууроо мүмкүн болбогон адам аң-сезимин жоктон пайда кылат. Болгондо да, кокустуктар булардын баарын «жасап жатканда» кандай болсо да, пландуу, көзөмөлдүү, акылдуу кыймыл-аракет кылып, ката кетирбейт, ал тургай, керектүү учурларда ыкчам чара көрөт. Дарвиндин эволюция теориясы боюнча кокустуктар акылы жана көзөмөлдөө күчү бар бир жалган жаратуучу болуп саналат. (Аллахты аруулайбыз.)

Кокустуктарды кудай тутунган бул бузуку теория ушундай акылга жана логикага сыйбас пикирлери менен ар кандай демагогия жана көз бойомочулуктар аркылуу массаларды алдады. Мунун себеби болсо дажжал. Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде бул алдамчылыктын булагынын дажжал экени билдирилген. Дажжалды баяндаган көп хадистерде көптөгөн окшотуулар менен сүрөттөлгөн өзгөчөлүктөр бир идеологиянын өзгөчөлүктөрү катары каралганда, абал андан да айкын болуп калат. Бул боюнча, логикасыз жана негизсиз пикирлер менен пайда болгон, адамдарды каапырдыкка түрткөн, дин ахлагынан алыстаткан, адамдар арасында фитна жана каргаша чыгышына шарт түзгөн ар түрдүү идеология жана пикир системасы дажжалды көрсөтөт. Дарвинизм хадистерде айтылган ушул дажжалдык системага туура келген эң башкы идеология. Улуу Раббибиз Аллах бир аятында дажжалдын бузуку системасын ээрчигендерди мындайча сүрөттөйт:

**Эч күмөнсүз, кылмышкер-күнөөкөрлөр бир адашуучулукта жана акылдан азуу ичинде. (Камер Сүрөсү, 47)**

Дарвинизм дүйнөнү алдоого, адамдарды Аллах ишениминен алыстатууга таянган бир идеология болгондуктан, дажжалдын тараптарлары үчүн кандай гана болбосун бул жалган динди сактап калуу маанилүү. Мына ушул себептен дажжалдын колтугуна жашынган бир катар кишилер бул идеологияны сактап калуу үчүн бүт ыкмаларды колдонушууда. Бир дагы илимий далили болбосо да, эволюция теориясын бүт дүйнөгө далилденген бир теория сымал пропаганда кылышты. Жок далилдерди бардай көрсөтүшүп, фоссилдерди өз теорияларына ылайыкташтыруу үчүн көз бойомочулуктан тартынышкан эмес. Бир дагы ортоңку форма мисалы болбосо да, ойдон чыгарылган

ортоңку формаларды жасашып, көз бойомочулук кылышып, аларды окуу китептеринде илимий далил катары окутушкан. Эволюцияга каршы табылган сансыз далилди четке коюп, атайылап жашырышып, көрмөксөн болушуп, адамдардан жашырышкан. Теорияларын колдой турган бир далил болбогондуктан, жасалма фоссилдерди жасашып, аларды дүйнөнүн эң атактуу музейлеринде ондогон жыл бою көргөзмөгө коюшкан. Көз бойомочулуктары билинип калганда уялуунун ордуна, алдамай ыкмаларын улантышып, жаңы көз бойомочулуктарды чыгаруудан жана аларды жактоодон тартынышкан эмес. Бир даана протеиндин да кокустан пайда боло албашы илимий далилденсе да, жашоо башында бир ылай сууда кокустан башталган деген пикирин өжөрдүк менен улантышкан. (Ишке жарай турган бир даана протеиндин кокустан пайда болуу ыктымалдыгы $10^{950}$дөн бир, б.а. нөл. Бирок эң негизгиси бир протеин ал жерде башка протеиндер бар болмоюнча пайда боло албайт.) Жасалма далилдерди гезиттерде, илимий журналдарда, телевизорлордо жарыялоодон тартынышпай, аны сабак катары жылдар бою окуучуларга түшүндүрүүдөн уялышкан эмес. Дарвинизм – көз бойомочулук, алдамчылык жана калпка таянган бир ишеним системасы. Дарвинизм илим эмес. Дарвиндин эволюция теориясы чыккан алгачкы күнүнөн баштап илгерки путпарасттардын кызматын аткарып, адамдарды путпараст кылууга, Аллах ишениминен алыстатууга аракеттенген. 150 жыл бою адамдарды алдап, 150 жыл бою адамдарды бир жалганга ишендирүүгө аракет кылган. Дарвинизм – жок болбош үчүн көз бойомочулуктарга муктаж болгон, тараптарларды топтоо үчүн калп айткан, дарвинизмдин калп экенин айткандарды четке түртүп салууга аракет кылган адашкан бир дин.

Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Айткын: «Аллах Кабатында «анык бир жаза катары» мындан да жаманын кабар берейинби? Аллах ага каргыш айткан, ага ачууланган жана аларды маймылдар менен доңуздарга айланткандар менен тагутка сыйынгандар; мына ушулар мекендери жаманыраак жана түптүз жолдон көбүрөөк адашышкан.» (Маида Сүрөсү, 60)**

Кадимки шарттарда адамдардын мынчалык тантык бир идеологиянын артынан чуркашы, албетте, логикасыз. Бирок кээ бир адамдар дажжал курган тузакка түшүп, сезбестен, кандай болгонун түшүнбөстөн бул жалганга алданышкан. Себеби дажжал тымызын бир ыкма колдонгон. Дарвинизм дүйнөнү алдап жатканда, бир тараптан дажжалдын бул тымызын жана түрү суук кызматын аркалап, жасалма жана жалганчы ыкмалар менен адамдарга жеткен. Бирок, албетте, ар бир жалган диндеги сыяктуу бул динде да Аллахка каршы курулган бүт тымызын тузактар текке кетти. Аллах аяттарында бул чындыкты билдирет:

**Чынында алар бир тузак пландап жасашууда; Мен дагы бир план куруп**

**даярдап жатам. Сен каапырларга бир мөөнөт бер, аз бир убакыт бер. (Тарык Сүрөсү, 15-17)**

# 2-БӨЛҮМ

# ДАРВИНИСТТЕР КӨЗ БОЙОМОЧУЛУКТАР МЕНЕН ДҮЙНӨНҮ АЛДАШТЫ

Илимий бир теорияны, мисалы Биг Бенг (Big Bang – Чоң жарылуу) теориясын карайлы. Бул теория Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясына таянуу менен алгач бир күмөн же гипотеза катары айтылган. Андан соң бул чоң жарылуунун ишке ашканын көрсөтүшү керек болгон далилдер изделип башталды. Андай далилдер чындап эле бар эле. Ал жарылууну тастыктаган радиация аныкталып, ааламдын изотопиялык өзгөчөлүгү (бүт космостун –270ºС экени) табылган. Ааламдын барган сайын кеңейип баратканы да илимий далилденген. Бул ал теорияны далилдеген дагы бир маанилүү жана анык далил эле. Ошентип Биг Бенг теориясы көз-караштардын баары тест кылынып (текшерилип), тастыкталган жана натыйжада далилденген бир теорияга айланды.

Дарвиндин эволюция теориясы дагы «гипотеза» катары чыгарылган. (Негизи эволюция теориясынын чыгарылыш себеби толугу менен идеологиялык эле, бирок илимий бир теориядай адамдарга таанытылган.) Бул теория жарактуу болушу үчүн да, Биг Бенг сыяктуу теориянын көз-караштары далилдениши керек эле. Ал үчүн эң биринчиден ойдон чыгарылган эволюция механизмдеринин эволюция кылып кылбашы каралышы керек эле. 20-кылым илиминин өнүгүшү Дарвиндин ойдон чыгарылган эволюция механизми «табигый тандалуунун» эволюциялоочу эч бир ролу жок экенин далилдеген. Генетика илими болсо ойдон чыгарылган бир эволюция механизми болгон табигый тандалуудан үмүтүн үзгөн жана мунун ордуна мутацияларды бир эволюция механизми катары көрсөтүүгө аракеттенген жаңы дарвинисттерди кыйратты. Мутациялардын да эволюциялоочу бир таасиринин жок экени аныкталган соң кезек Дарвиндин жана дарвинисттердин эң чоң күтүүсү болгон фоссил калдыктарына келген эле. Фоссил калдыктары алып келген жыйынтык болсо дарвинисттер үчүн чындап зор бир шок эле! Жылдар бою изделип келген ортоңку форма фоссилдери дүйнө жүзүнүн эч жеринде жок эле. Изилдөөлөрдүн тереңдеши да бул жыйынтыкты өзгөрткөн жок. Бүгүнкү күнгө чейин жасалган бүт изилдөөлөр натыйжасында бир даана дагы фоссил мисалы табыла алган жок.

Өздөрүнүн жалган дининен баш тарткысы келбеген дарвинисттердин дарвинизмге далил табуу күтүүсү көп жылдарга созулду. Бирок күтүлгөн кыялдагы далилдер эч качан табылган жок. Бирок ошого карабастан, дарвинисттик калптар токтогон жок, дарвинизмди жактаган демагогия өжөрлүк менен улантылды. Эң кызыгы, арадан 150 жыл өткөнүнө, бир дагы далил табылбаганына жана ал тургай, фоссил калдыктары менен генетика илими ортого койгон жыйынтыктар жаратылууну (Жаратуучу жаратканын) далилдегенине карабастан, дарвинисттер бул жалган динди сактап кала алабыз деп

ойлошкон. Албетте, бул алардын чоң жаңылыштыгы эле. Негизи теориянын жактоочулары дагы жандыктардын тарыхында бир эволюция болбогонун билишет. Муну сансыз илимий далилдер натыйжасында апачык көрүшкөн.

Ушулардын баарына карабастан, эволюция теориясы бир идеология жана жактоочулары тарабынан сөзсүз сактап калынышы керек болгон жалган бир дин болгондуктан, дарвинисттер жалган илимди жамынган ролун улантышы керек экенине ишенишүүдө. Дарвинисттердин бул жалган динди сактап калуу үчүн 150 жылдан бери көз бойомочулуктарга, спекуляцияларга жана сансыз пропаганда ыкмасына баруууларынын себеби мына ушул. Дарвинисттер өздөрүнүн жалган дининин талабы катары адамдарга эволюция теориясы «туура» деген пикирди берүү үчүн башка жол таба алышпайт. Себеби теориянын туура экенин көрсөткөн бир дагы илимий далил жок. Ушул себептен дарвинизм дини боюнча адамдарга «илимий далил бар» деген ойду берүүгө аракеттенишет.

Миссури университетинен доктор Николас Комнинеллис (Nicholas Comninellis) *Creative Defense* аттуу китебинде бул чоң калптын келечекте кабыла турган абалы жөнүндө мындай деген:

Философиялык жактан эволюция догмасы бир түш. Кыпындай далили жок бир теория. Элүү жыл ичинде мектептердеги балдар абдан популярдуу болгон калптарды окушат жана ал (эволюция теориясы) жөнүндө эң акылга сыйбас пикирлердин бири катары сөз кылынат. Көпчүлүгү он тогузунчу кылым илими менен байланыштуу акылсыздыктарды бир-бирине айтып шылдың кылып, күлүшөт.[32]

Комнинеллистин айткандары туура. Эволюция теориясын калпка таянган бир көз-караш түзөт жана бул теориянын тарыхы сансыз көз бойомочулук мисалдарына толо. Эволюция чыгарган көз-караштардын баары, далилдердин баары көз бойомочулук натыйжасы, бир жасалма. Бул көз бойомочулуктардын чыныгы жүзү ачыкка чыкты. Бирок алар дарвинизм дининин тараптарлары тарабынан жаап жашырылууга, адамдарга унуттурулууга аракет кылынды. Бирок канчалык жан талашпасын, дарвинист пропаганданын абдан чирик негиздерге таянганын бүт дүйнө түшүнүп баштады. Комнинеллис да айткандай, келечек урпактар бул чоң калптын дүйнөлүк масштабдагы таасирин, бул чоң калптын дүйнөгө таанымал профессорлор менен илимпоздор тарабынан жакталганын таң калуу менен тосуп алышат жана бул чоң акылсыздыкты көп жылдар бою шылдыңдашат.

Дажжал ушундай жалган ыкмалар менен адамдарды Аллах дининен алыстатууга аракеттенген. Бирок учурда эми пландары жер менен жексен болду. Ал колдонгон ыкма – б.а. дарвинизм – учурда адамдардын, ал тургай жаш балдардын шылдыңына айлана баштады. Дүйнө жүзү жакынкы бир келечекте дарвинизм тантыгын уялуу менен эстейт. Албетте, бул Аллахка баш көтөргөндөргө Улуу Раббибиздин бир тузагы, бир жазасы. Аллах бир аятында мындайча билдирет:

**Ошентип кылган жамандыктары алардын башына келди жана шылдың**

**кылган нерсеси аларды ороп-курчады. (Нахл Сүрөсү, 34)**

## 1. «Ылай суу ичинде алгачкы клетка пайда болду» деген сөз бир көз бойомочулук

Дарвиндин эволюция теориясы боюнча, жансыз заттардын кокустан биригиши менен пайда болгон ойдон чыгарылган бир «алгачкы клетка» бар. Дарвинизм боюнча, бүт баары ушул «алгачкы клетка» менен башталат. Бүт жашоонун, көпөлөктөрдүн, куштардын, арстандардын, бүркүттөрдүн, киттердин, койондордун, кийиктердин жана технологиялар өндүргөн, маданияттар курган, профессорлорду окуткан, космоско чыккан, лабораторияларда өз клеткаларын изилдеген адамдын да булагы дарвинизм боюнча ушул ойдон чыгарылган «алгачкы клетка».

Дарвинизм боюнча бул ойдон чыгарылган алгачкы клетканын булагы болсо белгилүү көлөмдө ылай суу, убакыт жана кокустуктар! Дарвинизм дини боюнча бул үч сыйкырдуу (!) жана акылдуу (!) күч биригип, Нобель сыйлыгын алган илимпоздор 21-кылым технологиясы менен жабдылган лабораторияларда да өндүрө албаган, детальдарын түшүнүү үчүн адамдар жарым кылым ашуундан бери изилдөөлөр жасаган, өтө комплекстүү жана кемчиликсиз механизмдери, органеллдери жана төмөндөтүүгө (кемитүүгө) мүмкүн эмес комплекстүүлүккө ээ «клетканы» кандай болсо да пайда кылышкан! Ал тургай, бул үч кереметтүү (!) күч биригип азыр биз жер бетинде көргөн кемчиликсиз жашоону да пайда кылышкан. Дарвинизм дини адамдарды мына ушул тантык пикирге ишендирүүгө аракет кылат.

Чынында болсо бул чоң бир көз бойомочулук, чоң бир калп.

Негизи Дарвин чыгарган ылай сууда пайда болгон бул алгачкы клетка фантазиясы Дарвин доорунун абдан артта калган илим менен технологиясына туура келет. Дарвиндин клетканы ичи суу толо бир шар элестеткени эске алынса, бул балдар жомогу да ошол доордун маалымат жана илим түшүнүгүнөн күтүлгөн бир нерсе. Ал доордо адамдар клетканын эмнеге окшошоорун билбегендиктен, бул калпка оңой ишенишкен. Бирок генетика илими натыйжасында чыккан жыйынтыктар дарвинизмдин чоң бир калп экенин дагы бир жолу далилдеди. Учурдагы маалыматтар негизинде клетка ээ болгон сансыз протеиндин бир даанасы дагы эволюция теориясын кыйратууда. Протеиндер жогорку комплекстүүлүктөгү түзүлүштөр жана кокустан пайда болушу мүмкүн эмес. Лабораторияларда пландуу, көзөмөлдөнгөн шарттарда жасоо дагы 21-кылым технологиясы менен мүмкүн болгон жок. Мындай бир түзүлүштүн кокустан ылай сууда пайда болгон деп айтуу илим жагынан күлкүмүштүү, ал тургай, акылга тескери бир сөз. Америкалык илим философу Стивен К. Мейер (Stephen C. Meyer) бир даана протеиндин да кокустан пайда болушунун ыктымалсыздыгын мындайча айткан:

100 аминокислота узундугундагы кыска бир протеин молекуласын эле жасоо үчүн өтүү керек болгон ыктымалдык тоскоолдуктарын ойлоп көрүңүз. Протеин чынжырында башка аминокислоталар менен биригиши үчүн аминокислоталар эң биринчиден пептиддик байланыш деп аталган химиялык байланыштарды курушу керек. Бирок

табиятта аминокислоталар арасында башка көптөгөн түрдө химиялык байланыш бар. **Бүт байланыштар пептиддик байланыштардан турган 100 аминокислоталык бир чынжыр пайда кылуу ыктымалдыгы болжол менен $10^{30}$дан бир ыктымалдык.**

Экинчиден, табиятта ар бир аминокислотанын өзүнө тиешелүү күзгүдөн чагылышын элестеткен бир жубу бар. Бири сол-колдуу L-формасында, экинчиси болсо оң-колдуу D-формасында. Бул бир-биринин чагылышы болгон формалар «оптикалык изомерлер» деп аталат. Ишке жарай турган протеиндер сол-колдуу аминокислоталарды гана кабыл алат, бирок оң-колдуу жана соң-колдуу изомерлер табиятта дээрлик бирдей санда кездешет. Бул биологиялык жактан ишке жарай турган бир протеин алуунун ыктымалсыздыгын андан да көбөйтөт. **100 аминокислотадан турган кыялдагы бир пептид чынжырында кокустуктар натыйжасында сол-колдуу аминокислоталарды гана колдонуу ыктымалдыгы $(1/2)^{100}$ же кайра эле болжол менен $10^{30}$дан бир ыктымал.**

Үчүнчү жана эң негизгиси болсо ишке жарай турган протеиндер белгилүү бир тизмекте тизилип, бир-бирине туташкан аминокислоталарга ээ болушу керек, мааниси бар бир сүйлөмдөгү тамгалар сыяктуу. Биологиялык жактан 20 аминокислота болгондуктан, белгилүү бир аминокислотаны алуу ыктымалдыгы 1/20. Бул тизмекте кээ бир аймактар бир канча аминокислотага уруксат берээрин эске алсак [MIT'ден (Massachusetts Institude of Technology) биохимик Роберт Сауер тарабынан аныкталган вариацияларды колдонуу менен], **бирден көп ишке жарактуу протеинде функционалдык бир аминокислота тизмегин туш келди ала алуу ыктымалдыгынын $10^{65}$тен бир ыктымал, «жок дегенчелик аз» экенин көрө алабыз.** Бул жүз аминокислота узундугундагы гана бир протеин үчүн астрономиялык чоңдуктагы бир сан. (Негизи бул ыктымалдык андан да аз, себеби табиятта бул эсептөөлөрдө орун албаган жана протеиндерде орун албаган башка көптөгөн аминокислота бар.)

**Эгер ылайыктуу байланыштардын жана оптикалык изомерлердин камсыз кылынышы ыктымалдыгы да бул эсептөөгө кошулса, абдан кичинекей жана ишке жарактуу бир протеинди туш келди алуу ыктымалдыгы ушунчалык аз болот; миллиарддаган жыл жаштагы бир ааламда да бул чындап нөл саналат ($10^{125}$тен бир ыктымал).** Болгондо да, ишке жарактуу бир ДНКнын кокустан пайда болушунда ушул сымал олуттуу кыйынчылыктар бар экенин да эске алуу керек. Мындан тышкары, эң астыңкы деңгээлде комплекстүү бир клеткада 1 эмес, жок дегенде 100 комплекстүү протеин (жана ДНК менен РНК сыяктуу башка био-молекулярдык компоненттер) болушу керек жана булар тыгыз координация ичинде болушат. Ушул себептен клеткадагы татаалдыкты сандык жактан баалоо 1960-жылдардын ортолорунан бери биологиянын жашоонун келип чыгышы тармагындагы бир көз-караш күчөттү: **кокустук биологиялык татаалдыктын жана спецификалуулуктун келип чыгышын түшүндүрүү үчүн жетиштүү бир түшүндүрмө эмес.**[33]

Андан да эң негизги бир жагдай бар: протеиндер пайда боло алуу үчүн сөзсүз башка протеиндерге муктаж. Бир протеин пайда болушу үчүн 100дөй протеин кызмат

кылышы керек. Бүт бул протеиндер бир учурда, бир жерде жана бүт органеллдери менен бирге толук бир клетканын ичинде болушу керек. Ошондуктан протеиндер болушу үчүн протеиндер, ДНК жана клетканын өзү керек. Бул чындык эң башынан дарвинисттердин сөздөрүн жокко чыгарат. Дарвинисттер бир даана протеиндин пайда болушун түшүндүрө алышпоодо.

Бүт бул өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эмес комплекстүү түзүлүштөр кокустан болду деп кабыл алсак дагы, дарвинисттер ДНК сыяктуу кереметтүү бир молекуланын ичинде бир миллион энциклопедия бетин толтура турган маалыматтын кантип кокустан пайда боло алаарын түшүндүрүшү керек. Бирок клетка жана жашоонун келип чыгышы менен байланыштуу башка темалардагы сыяктуу бул темада да дарвинисттердин жообу жок. Бузуку дарвинисттик логика боюнча, ылай суунун ичинде кокустан пайда болгон бир клетканын ичиндеги кереметтүү маалымат дагы ар кандай тышкы факторлор натыйжасында кокустан пайда болгон болушу керек. Албетте бул мүмкүн эмес. ДНКнын ичиндеги маалымат ДНК менен бирге жаратылган кереметтүү бир маалымат.

Дарвинисттердин «ылай сууда кокустан клетка пайда болду» деген пикири – клетканы ичи сууга толгон бир шар элестеткен Дарвин доорунан калган чирик бир ишеним. Бирок 19-кылымга тиешелүү бул жомоктор илим менен технология абдан өнүккөн бүгүнкү күндө эми бүтүндөй жараксыз. Бир жандыктын денесинде түшүндүрүү керек болгон сансыз комплекстүү түзүлүш турганда, дарвинизм бир даана протеиндин пайда болушун да түшүндүрө албоодо. Бирок дарвинисттер муну билбегендей мамиле кылышат. Дагы эле эволюционист журнал, китептерде ылай суудагы бул ыктымалсыз пайда болуу бир жомок китебиндеги окуялардай баяндалат. Максат – бул илимден алыс, логикасыз, ошол эле учурда далилсиз сөздөр менен массаларды алдай алуу. Бул жалган диндин тараптарлары боюнча, бул жомокко канча көп адам ишенсе, ошончо адам дарвинизм сыйкырынын таасирине кирет.

Бирок эми дарвинисттердин жалган жомокторуна адамдар ишенбей калышты. Жаратылгандардын баары ааламды жана ичиндегилерди кемчиликсиз жараткан Улуу Раббибиздин улуу күч-кудуретин көрсөтүүдө. Улуу Аллах Куранда клетканын жана адамдын чебер жаратылышын мындайча кабар берген:

**Ант болсун, Биз адамды сүзмө (тандалган) бир ылайдан жараттык. Кийин аны бир суу тамчысы катары бекем корголгон бир жерге жайгаштырдык. Кийин ал суу тамчысын бир алак (эмбрион) кылып жараттык; анан ал алакты бир тиштем эт кылып жараттык; андан соң ал бир тиштем этти сөөк кылып жараттык; ошентип сөөктөргө эт кийгиздик; андан соң башка бир келбетте аны жасадык. Жаратуучулардын эң сонуну болгон Аллах кандай Улук. (Мүминун Сүрөсү, 12-14)**

Курандан тышкары жооп издегендер жер бетиндеги кереметке канчалык жөнөкөй бир жооп табууга аракет кылышпасын, Аллах жараткан бул эмгектин өтө жогору жана укмуштуу экени чындык. Бул улуу жаратылуу алдында эволюция жашай албайт. Улуу

Аллах бир аятында жараткан нерселеринин улуулугун мындайча кабар берет:

**Албетте, асмандардын жана жердин жаратылышы адамдардын жаратылышынан жогорураак (татаалыраак). Бирок көп адамдар билишпейт. (Момун Сүрөсү, 57)**

## 2. «Табигый тандалуу эволюциялаштырат» деген сөз бир көз бойомочулук

Дарвин 1800-жылдары «эволюция механизми» катары бир түшүнүктү айткан: табигый тандалуу.

Табигый тандалуу күчтүү жана жашап жаткан табигый шарттарына ыңгайлуу жандыктар жашайт деген пикирге таянат. Мисалы арстандардан качкан зебра үйүрүндө ылдамыраак чуркай алган зебралар тирүү калат.

Табигый тандалуу чындап эле табияттагы жандыктар арасында байкоого мүмкүн болгон бир механизм. Бирок эч качан эволюционисттер кыялдангандай, жандыктарга жаңы өзгөчөлүктөрдү кошуу жана жаңы бир түрдү пайда кылуу жөндөмүнө ээ эмес.

Муну төмөнкүдөй бир мисал менен түшүндүрүүгө болот: бир географиялык аймакта бирөөсү жүндүүрөөк, экинчиси болсо салыштырмалуу кыскараак жүндүү эки бирдей ит түрү жашайт дейли. Эгер бул аймакта аба температурасы экологиялык бир өзгөрүү себебинен маанилүү деңгээлде төмөндөсө, узун жүндүү иттер кыска жүндүү иттерге караганда суукка чыдамкайыраак болот. Натыйжада узун жүндүү иттер артыкчылыкка ээ болот, б.а. көбүрөөк жашап, көбүрөөк көбөйөт жана оңойураак азыктанат. Белгилүү мөөнөттөн соң кыска жүндүү иттердин саны бир топ азайышы мүмкүн же алар ысык аймактарга көчүшү мүмкүн же бүтүндөй тукум курут болушу мүмкүн. Б.а. узун жүндүү иттер табигый тандалуу менен тандалып, башка түргө салыштырмалуу артыкчылыкка ээ болгон болот.

Бирок көңүл бурулган болсо бул процесс жаңы бир ит түрүн пайда кылбайт. Табигый тандалуу аркылуу буга чейин бар болгон эки түрдүн бири артыкчылыкка гана ээ болгон болот. Эч узун жүндүү иттер жок абалдан табигый тандалуу натыйжасында узун жүндүү иттер пайда болгон болбойт. Бул иттердин убакыттын өтүшү менен башка жандык түрүнө айланышы болсо ансыз деле эч мүмкүн эмес.

Кыскасы табигый тандалуу жаңы түрлөрдү, жаңы өзгөчөлүктөрдү пайда кылбайт, болгону буга чейин бар болгон түрлөрдүн жашоо мүмкүнчүлүктөрү өсөт. Жаңы бир түр жана жаңы бир өзгөчөлүк пайда болбогондуктан, эволюционисттер айткан «эволюциялашуунун» болгонунан сөз кылуу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, табигый тандалуу эч кандай «эволюция» жасабайт. Дарвин өзү да бул чындыкты мойнуна алган:

Табигый тандалуу пайдалуу түзүлүштөрдүн башталгыч баскычтарынын пайда болушу үчүн жетишсиз.[34]

Белгилүү эволюционист палеонтолог, англис Колин Паттерсондун мойнуна алуусу болсо мындай:

Эч ким табигый тандалуу механизмдери менен жаңы бир түр чыгара алган эмес. Эч ким мындай нерсеге жакындай да алган эмес. Учурда нео-дарвинизмдин эң көп талкууланган темасы да ушул.[35]

Табигый тандалуу – жаңылык алып келип аны менен түрлөрдү өзгөртүүчү, мисалы бир сойлоочунун акырындап канаттууга айланышын камсыз кылуучу кереметтерди жасоочу бир механизм эмес. Таанымал биолог Д'Арси Вентворт Томпсон (D'Arcy Wentworth Thompson) айткандай; «табигый тандалууда бизге көрүнгөн нерсе – жаратуу эмес, жок кылуу, кыскартуу жана отко түртүү.»[36]

Ошондуктан дарвинисттер табигый тандалууну адамдарга бир эволюция механизми катары көрсөтүүгө аракет кылуу менен калп айтышууда. Табигый тандалуунун эволюция кылбаганын өздөрү да билип туруп, апачык бул көз бойомочулукту адамдарга сиңирүүгө аракет кылышууда. Дарвинден калган мураска ээ чыгуу каалоосу жана ойдон чыгарылган сценарийлерине жаңы бир механизм чыгара албашы аларды бул чирик көз-карашка, бул чоң калпка көз-каранды кылган. Бүгүнкү күндө дагы эле бул чоң калпты коргоого аракет кылган дарвинист илимпоздор бар. Бул калпты сактоо мүмкүн эмес экенин көргөндөр болсо башка бир калп менен чыгышкан. Бул калп «мутациялар эволюциялаштырат» пикири.

## 3. «Мутациялар эволюциялаштырат» деген көз бойомочулук

Мутациялар – бул жандык клеткасынын ядросунда жайгашкан жана бир адамга тиешелүү бүт генетикалык маалыматтарды алып жүргөн ДНК молекуласында радиация жана химиялык таасирлер натыйжасында пайда болгон орун алмашуулар, үзүлүүлөр жана бузулуулар. ДНКдагы маалыматтар A, T, C жана G тамгалары менен белгиленген 4 нуклеотиддин катары менен өзгөчө жана маани бере турган бир катарда тизилишинен пайда болот. Бирок бул катарда бир тамга катасы да ал түзүлүштү бүтүндөй бузат. Мисалы жаш балдарда кездешчү кан рагы оорусу ДНКдагы тамгалардын бирөөсүнүн туура эмес болушу себебинен келип чыгат. Чернобльдагы радиация жана Хиросимага ташталган атом бомбасы натыйжасында кийинки урпактардын майып болуп калышынын же рак сыяктуу оорулардын чыгышынын себеби да мутациялардын денеге болгон ушул сыяктуу зыяндуу таасирлери болгон.

Дээрлик бүт мутациялар зыяндуу жана көбүнчө жандыктын өлүмүнө алып келет. Зыян бербеген мутация мисалдары болсо көбүнчө организмге эч кандай пайда берген эмес, эң жакшы мисалда таасирсиз болушкан. Илимпоздор изилденген бүт мутациялар арасында бир даанасынын да апачык бир жандыктын жашоо процессине оң таасир бере албаганын аныкташты.[37]

Бирок эволюция теориясы «жаңы» жандыктарды чыгарган, кереметтерди жасаган бул кыялдагы мутацияларга таянат. Дарвинисттер түрлөр кыялдагы жана пайдалуу сансыз мутация пайда кылган кемчиликсиз түзүлүш менен органдар аркылуу бир-биринен келип чыккан дешет. Дарвинисттерди жүзү кара кылган бул пикир мутациялардын бир организмге сөзсүз зыян берээрин билген дарвинист илимпоздор

тарабынан айтылууда. Ал тургай, дарвинисттер мутациялардын мындай зыяндуу таасирлерин абдан жакшы билип туруп, бул пикирине лабораторияда мутацияга туш кылынган төрт канаттуу бир мутант мөмө чымынын мисал келтиришет. Кылдаттык менен жасалган мутациялар натыйжасында мөмө чымынында алынган кошумча эки канат дарвинисттер тарабынан мутациялар эволюциялаштыра алат деген пикирдин эң чоң далили катары сунулган. Бирок чынында бул эки канат жандыкка пайда эмес зыян берип, жандыктын учуу жөндөмүн жоготушуна алып келген. Калифорния университетинен молекулярдык биолог Джонатан Уэллс (Jonathan Wells) муну мындайча айткан:

1970-жылдары Калифорния технология институтунан генетик Эдвард Б. Льюис үч мутант түрүн кылдаттык менен жупташтырып, стабилизаторлор кадыресе көрүнүштөгү экинчи бир жуп канатка айланган бир мөмө чымынын чыгара алды.

Бир караганда Кэрроллдун эксперименти жөнгө салуучу ДНКдагы кичинекей алдын көздөй өзгөрүүлөр көрүнүштө чоң эволюциялык өзгөрүштөрдү чыгара алат деген пикирге далил берип жаткандай көрүнүшү мүмкүн. Бирок мөмө чымыны дагы эле мөмө чымыны бойдон. Ал тургай, экинчи жуп канат кадимкидей көрүнгөнү менен учуу булчуңдары жок. Төрт канаттуу бир мөмө чымыны куйругунда пайдасыз асылып турган бир жуп канаты бар бир учак сымал. Жандык учканда жана жупташканда абдан кыйналат, ошондуктан лабораторияда гана жашай алат. Эволюцияга далил катары сунулган төрт канаттуу мөмө чымыны цирк шоулорундагы эки баштуу уйдан айырмасыз.[38]

Джонатан Уэллс сөзүн мындайча улантат:

Ашыкча канаттуу же кем буттуу майып мөмө чымындары өрчүү генетикасы жөнүндө бизге бир нерселерди үйрөттү, бирок эволюция жөнүндө эч нерсе үйрөткөн жок. Бүт далилдер бир гана жыйынтыкты көрсөтүүдө: бир мөмө чымыны эмбрионуна эмне кылсак дагы, үч гана ыктымалдуу натыйжа бар – кадимки бир мөмө чымыны, майып бир мөмө чымыны же өлүк бир мөмө чымыны. Ат мындай турсун, ат чымыны дагы эмес.[39]

Көрүнүп тургандай, дарвинисттер өздөрүнүн бузуку көз-карашына жалгыз далил катары көрсөтүүгө аракеттенген төрт канаттуу мөмө чымыны дагы майып бир мөмө чымыны гана. Мутациялар бир жандыкка канчалык натыйжалуу таасир бербесин, ал жандык түрүнө башка бир жандыкка тиешелүү өзгөчөлүк кошуу сыяктуу кереметтүү бир жөндөмгө ээ эмес. Бирок дарвинисттер жандыкта мутациялар натыйжасында кереметтер пайда болот деген калпка ишенгилери келет.

Эң кызыгы бул мөмө чымынынын майып экенин дарвинист илимпоздор билип турушса да, бул мутант дагы эле окуу китептеринде мутация аркылуу эволюциянын эң чоң далили катары көрсөтүлүүгө аракет кылынууда. Молекулярдык биолог Джонатан Уэллс бул жөнүндө мындай деп жазган:

Питер Равен менен Джордж Джонсондун 1999-жылы чыккан окуу китеби *Biology* (Биология) боюнча, «эволюция генетикалык кабардагы өзгөрүүлөр менен башталган...

Мутация жана кайрадан биригүү (колдогу гендердин кайрадан түзүлүшү) аркылуу ишке ашкан генетикалык өзгөрүү эволюцияга чийки зат чыгарат.» Китептин ушул эле бетинде төрт канаттуу мөмө чымынынын сүрөтү орун алган жана ал «өнүгүүнүн критикалык этабын түзгөн бир ген *Ultrabithorax*'тагы өзгөрүүлөрдөн улам бир мутант» деп сыпатталууда, ошондой эле эки көкүрөк бөлүгүнө жана натыйжада эки жуп канатка ээ экенин да кошушкан.

Жогорудагы окуу китеби окурманда, чаташтык менен бирге, кошумча канаттар бир түзүлүш (орган) кошту дегендей маанай жаратат. Бирок чынында төрт канаттуу мөмө чымыны учуу үчүн керектүү түзүлүштөргө ээ эмес. Тең салмакка салуучулары жоголгон жана алардын ордун жаңы бир нерсе эмес, башка жакта ансыз да бар түзүлүштөрдүн копиялары ээлеген. Төрт канаттуу мөмө чымыны сүрөттөрү мутациялар жаңы бир нерсе кошту дегендей сезим берсе дагы, мунун тескериси чындыкка жакыныраак.[40]

Дарвинизм айткандай жашоонун башталышын көрсөткөн жана кокустан пайда болушу мүмкүн эмес болгон ошол «кыялдагы алгачкы клетка» өзүнөн-өзү пайда болду деп кабыл алсак дагы, комплекстүү түзүлүшү менен бир адам пайда болгонго чейин ишке ашышы керек болгон кыялдагы эволюция процессинин эң кичинекей баскычында да укмуштуу санда генетикалык маалымат чыгарылып, сансыз мутация ишке ашышы керек. Бул мутациялардын саны көп болуу менен бирге, ошол эле учурда алардын «баары» жандыкка бир пайда же бир «жаңылык» алып келе турган өзгөчөлүктө болушу шарт. Себеби өнүгүп жаткан бул кыялдагы жаңы организмде келип чыккан бир ката дагы системанын бүтүндөй бузулуп кыйрашына себеп болот. Мутациялардын 99% деңгээлинде зыяндуу жана 1% таасирсиз экени эске алынганда, эволюция теориясы боюнча болушу керек болгон бул миллиарддаган мутациянын баарынын бүтүндөй пайдалуу экенин айтуу, албетте, акыл менен илимге туура келбейт.

Ошондуктан бир жандыкта мурда жок болгон жапжаңы бир мүчөнүн же бир өзгөчөлүктүн мутациялар натыйжасында пайда болушу эч мүмкүн эмес. Мутациялардын бир жандыкка ага тиешелүү эмес жаңы бир маалыматты кошуу жана аны башка бир жандыкка айлантуу күчү жок. Мутация пикири дарвинизм калпынын, дарвинизм логикасыздыгынын эң чоң көрсөткүчү. Себеби эволюция пикири түпкүрүндө, чындыгында болбогон, ушул кыялдагы «пайдалуу мутацияларга» таянат.

## Гипотеза кылынган пайдалуу мутациялар үчүн талап кылынган чексиз убакыт

Чындап пайдалуу мутациялар ишке ашышы мүмкүн деп кабыл алсак дагы, мутация пикири эволюция теориясына туура келбейт. MIT (Massachusetts Institue of Technology - Массачусетс технология институту) Электр инженериясы факультети профессору Мюррей Иден (Murray Eden) «Нео-дарвинисттик эволюциянын илимий теория катары жетишсиздиги» аттуу макаласында адаптация максатындагы бир өзгөрүүнү пайда кылуу үчүн алты мутация керек болсо, мунун кокустан бир миллиард жылда бир жолу гана болоорун, эгер эки дюжина ген кошула турган болсо, анда дүйнөнүн өмүрүнөн көбүрөөк

бир убакыт, т.а. 10,000,000,000 жыл талап кылынаарын айткан.[41] Математиктер бирден көп мутациянын бир учурда ишке ашышы талап кылынган комплекстүү түзүлүш менен органдарда «мутациялар пайдалуу жана натыйжалуу» деп кабыл алынган күндө да, дарвинисттерде бир убакыт көйгөйү бар экенин апачык айтышат. Эң күчтүү дарвинисттерден палеонтология профессору Джордж Г. Симпсон жагы беш мутациянын бир учурда ишке ашышынын чексиз убакытка созулаарын апачык айткан.[42] Чексиз убакыт мындай ыктымалдык жок деген мааниге келет. Жана бул ошол эле учурда жандуу организмдердин бүт түзүлүш жана органдарына тиешелүү бир ыктымалдык. Демек учурда биз көргөн кереметтүү түрдөгү жандыктардын мутациялар менен пайда болуу ыктымалдыгынын жок экени анык.

Эволюционист Джордж Г. Симпсон мутация жөнүндөгү бул пикири менен байланыштуу дагы бир эсептөө жасаган жана күн сайын жаңы бир урпак (генерация) пайда кыла алат деп кабыл алынган 100 миллион индивидден турган бир коом ичинде мутациялардан алуу мүмкүн болгон оң бир натыйжанын 274 миллиард жылда бир болоорун моюнга алган. Бул сан 4,5 миллиард жыл деп болжолдонгон дүйнөнүн жашынан жүздөгөн эсе жогору.[43] Албетте булардын баары мутациялардын оң таасири бар же жаңы урпактарды пайда кыла алат деп кабыл алганыбызда келип чыккан эсептөөлөр. Бирок чыныгы дүйнөдө бул гипотеза жараксыз.

## «Эволюциялашкан» жандык денеси эмне үчүн мутациялардан коргонот?

Бүт эволюционист илимпоздор бир жандыктын ДНКсында себепсиз эле бир копиялоо катасынын болуу ыктымалдыгынын абдан төмөн экенин билишет. Изилдөөлөр клеткаларда генетикалык каталардын кетишине тоскоол боло турган коргоо элементтери бар экенин аныктады. ДНК маалыматы бир-бирин каталарга карата текшерип туруучу ар түрдүү сансыз энзим болмоюнча копиялана албайт. Булар туура аминокислотанын туура tRNA'га туташканын көзөмөлдөөчү жуп электүү энзимдерди камтыйт. Бир элек ашыкча чоң аминокислоталарды артка кайтарса, экинчиси ашыкча кичинекейлерди артка кайтарат. Бул абдан кылдан жана акылдуу бир система. Бул акылдуу системада ката кетиши ыктымалдыгына карата акыркы текшерүүнү жасоочу энзимдер да бар. Илимпоздор өз акылдарынын чегинде ДНКнын бүтүндүгүн коргоого багытталган мындан жакшыраак бир клеткалык көзөмөл жана коргоо системасын элестете албайбыз деген жыйынтыкка барышкан.[44]

30 жыл бою Сорбонна эволюция кафедра башчылыгын аркалаган Пьер Поль Грассе (Pierre Paul Grassé) бул жөнүндө мындай деп жазган:

Шамал учурган чаңдардын Дюрердин «Меланхолиясын» пайда кылуу ыктымалдыгы көздү түзгөн ДНК молекулаларында болчу бир копиялоо катасы ыктымалдыгынан бир топ төмөн.[45]

Дарвинисттер ДНКдагы бул кереметтүү системаны көрмөксөн болуп, муну терең изилдеп жооп берүүдөн качынышат. Бирок бир тараптан болсо ишке алуу ыктымалдыгы

дээрлик мүмкүн эмес болгон копиялоо каталарына таянып бир жашоо тарыхы сценарийин жазышат. Бул дарвинисттик логиканын кыйроосун дагы бир жолу көрсөтүүдө.

Дарвин айткан табигый тандалуу пикиринин эволюция үчүн эч түшүндүрмө боло албашы аныкталып, генетика мыйзамдары дарвинизмге бир сокку катары алдыңкы планга чыккан соң, нео-дарвинизмдин эң чоң куралы катары чыгарылган «мутациялардын эволюциялоочу таасири» пикири, көрүнүп тургандай, бир алдамчылык гана. Жандуу организмди бузуучу, өлтүрүүчү, жок кылуучу, кээде андан кийинки бүт урпактарга зыян тийгизүүчү мутация сыяктуу бир механизмди жапжаңы жандыктарды пайда кылат деп айтуу албетте чоң бир тантырактык. Бирок массалар көп жылдар бою бул калпка алданышты. Албетте дарвинист илимпоздор дагы мутациялардын мындай кереметтүү бир күчү жок экенин билишет. Учурдагы эң жалындуу дарвинисттердин алдыңкыларынын бири Ричард Доукинс (Richard Dawkins) дагы «*Мутациялардын көпчүлүгү зыяндуу, каалабаган бир кошумча таасир жаратуу ыктымалдыгы абдан жогору*»[46] деп бул чындыкты мойнуна алган. Дарвинисттердин дагы эле бул чирик пикирди эволюциянын бир механизми катары сунууга аракеттениши жана мында дагы эле өжөрдөнүшү алардын жалган дарвинизм динине моюн сунганы себептүү.

## 4. «Ортоңку форма фоссили табылды» деген көз бойомочулук

Дарвин убагында ортоңку форма фоссилдеринин жок болушу чечиле турган бир көйгөйдөй кабыл алынган. Дарвин жер жүзүнүн катмарларында теориясын тастыктай турган бир дагы ортоңку форма фоссили (калдык) табылбаганына таң калган, бирок ошентсе да булар «келечекте табылат» деп ишенген. *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу бөлүмүндө бул жөнүндө мындай деп жазган:

Эгер чындап түрлөр башка түрлөрдөн акырын өзгөрүүлөр менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл формага кездешпей жатабыз? Эмне үчүн бүт табият бир башаламан абалда эмес, толук аныкталган жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл форма болушу керек эле, бирок эмне үчүн жер жүзүнүн санап бүткүс көп катмарында көмүлгөн абалда таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай байламталарга толо эмес?[47]

Дарвиндин күтүүсүн жокко чыгарган жана болжол менен 150 жылдан бери бир даана да табылбаган ортоңку форма фоссилдери Дарвиндин теориясын жер менен жексен кылды. Казуу иштеринен 350 миллиондон ашык фоссил чыгарылды. Бул фоссилдер дарвинизмдин укмуштуу жеңилишин толук жарыялады. Бул фоссилдердин баары толук жана кемчиликсиз жандыктарга тиешелүү. Көп бөлүгү бүгүн да жашап жаткан жандыктардын миллиондогон жыл мурдакы мисалдары эле. 350 миллион фоссил арасында болсо **бир даана дагы ортоңку форма фоссили жок эле.**

Ортоңку форма фоссилинин болбошу дарвинизмдин өлүмү дегенди билдирет жана жалган дарвинизм дининин жактоочулары кабыл ала албаган бир жагдай эле. Мына

ушул себептен дарвинисттер көнүмүш ыкмасын колдонушту жана өз ойлорунан ортоңку фоссилдерди чыгарып башташты. Учурда дарвинист булактуу журналдарды, бул теманы колго алган жогорку класс жана университет китептерин караганыбызда ортоңку форма деп аталып, орун алган бүт жандык фоссилдеринин чындыгында бир көз бойомочулук натыйжасы экенин көрөбүз. Кээде тукум курут болгон жандыктар, кээде ойдон чыгарылган сүрөттөр, кээде бир даана тиш фоссили, кээде болсо бир лабораторияда алдамчылык менен даярдалган баш сөөктөрү колдонулуп жасалган мындай ойдон чыгарылган далилдер – ортоңку фоссил жок экендигинин жана дарвинизмдин бир алдамчылык экендигинин маанилүү бир далили.

Математика профессору Вольфганг Смит (Wolfgang Smith) ортоңку форма фоссили жок экенин ачык мойнуна алган илимпоздордон:

«Ортоңку форма фоссилинин жок экени жана жетишпеген звенонун чындап болбогону эң түпкүрүндө, апачык жана толук аныкталды.»[48]

Эволюционист палеонтолог Стивен Стэнли (Stephen Stanley) болсо ортоңку форма фоссилинин жок экени жөнүндө мындай дейт:

Белгилүү фоссил калдыктары чоң бир морфологиялык өтүүнү ишке ашырган бир даана филетикалык (расага тиешелүү) эволюция мисалын да көрсөтө алган жок, ушул себептен баскычтуу модельдин тууралыгы жөнүндө бир далил да бербөөдө.[49]

Канзас университетинен геолог Рональд Р. Уесттин (Ronald R. West) болсо бул жөнүндөгү жоромолу мындай:

Эгер эволюция туура болсо, фоссил калдыктары төмөнкүлөрдү көрсөтүшү керек:

1. Жашоо жөнүндө далилдер бар эң байыркы таштарда фоссилизацияга кире турган эң байыркы башталгыч жашоо формалары кездешиши керек,

2. Жашыраак таштар комплекстүүрөөк жашоо формаларынын фоссилдеринин далилдерин көрсөтүшү керек,

3. Жашоо формаларында жөнөкөйдөн татаалды көздөй баскычтуу бир өтүү болушу керек,

4. Абдан көп санда ортоңку өткөөл форма фоссилдери болушу зарыл.

Чынында болсо, көп илимпоздордун жазганынын тескерисинче, фоссил калдыктары Дарвиндин эволюция теориясын колдобойт.[50]

Дарвинисттер ушул күнгө чейин бир дагы чыныгы ортоңку өткөөл форма мисалын көрсөтө алышкан жок. Жер бетинин катмарларынан бир даана дагы ортоңку форма фоссили табылган жок. Эволюция музейлеринде көргөзмөдө турган бир дагы чыныгы ортоңку форма мисалы жок. 350 миллион фоссилдин баары эволюцияны жокко чыгарды. Булардын баары же бүгүнкү күндө жашап жаткан же болбосо тукум курут болгон жандыктардын толук, кемчиликсиз фоссил мисалдары.

Ортоңку форманын жок экенин эми дарвинисттер дагы жокко чыгара албай калышты. Кээде дарвинисттер ар кандай мажбур калган учурларда муну апачык айтышат. Мунун бир мисалы эволюционист палеонтолог Колин Паттерсондун сөздөрү:

Эволюциялык өтүүлөр менен байланыштуу китебимдеги (Evolution) түздөн-түз

мисалдын жок экени жөнүндөгү жоромолдоруңузга толугу менен кошулам. Эгер мен билген бир даана фоссил же жандык болгондо, сөзсүз китебиме кошмокмун... Ачыгын айтсам фоссил калдыктарында бирөө бекем бир аргумент айта турган бир дагы ортоңку өткөөл форма жок.[51]

Ортоңку форманын болбошу, дарвинисттердин көпчүлүгү кылгандай, сөз арасына кыстарып койо турган же маанисиз бир темадай кабыл алына турган бир жагдай дагы эмес. Ортоңку форманын жок болушу эволюциянын жоктугу деген мааниге келет. Эволюция теориясы жарактуу болушу үчүн бир даана фоссил жетиштүү эмес, бир канча фоссил дагы жетиштүү эмес. Миллиондогон мындай фоссилдер болушу зарыл. Бирок иш жүзүндө бир даана дагы ортоңку фоссил жок. Ошондуктан ушул чындыктын өзү дагы – б.а. 2000-жылдардын башында табылган фоссил калдыктары болжол менен 100%га жеткен учурда миллиарддаган санда кездешиши керек болгон ортоңку фоссилдердин бир даана да жок болушу – эволюциянын бир калп экендигинин абдан күчтүү жана так бир далили.

Оксфорд университети зоология бөлүмүнөн Марк Ридлей (Mark Ridley) фоссил калдыктарынын эволюцияга бир дарвинист калпты ачыкка чыгаруудан башка эч нерсе алып келбегенин айткан:

Баскычтуу эволюцияны жактаса да, секирүүчү эволюцияны жактаса да, эч бир чыныгы эволюционист фоссил калдыктарын атайын жаратылууга каршы эволюцияны жактоо үчүн колдонбойт...[52]

Эң кызыгы, дарвинисттер –ушул чындыкка карабастан- кийинчерээк мисалдары көрүлө тургандай, кемчиликсиз, толук формадагы фоссилдерди дагы эле ортоңку фоссил катары сунушууда же ортоңку форма фоссилдерин өздөрү чыгарышууда. Көз бойомочулукка барышынын себеби – албетте, алардын илимий чыныгы бир далил бере албашы, чарасыз калышы. Ансыз да дарвинизмди жасалма бир калп кылган эң негизги жагдай бул жалган диндин жактоочуларынын калпка, алдамчылыкка мажбур болушу. Бул жалган динди жактагандар биз илимди жактоодобуз дешет, чынында болсо илим алып келген жыйынтыктар эволюция теориясын апачык калпка чыгарууда. Дарвинисттер боюнча, жалган дарвинизм дининин сакталып калышы сансыз жалгандар аркылуу гана мүмкүн. Ушул себептен дарвинисттердин «ортоңку форма табылды» деген пропагандасы да чоң бир көз бойомочулук.

## 5. Дарвинисттердин жашап жаткан фоссилдерди жаап-жашырууга аракет кылышы бир алдамчылык

Дарвин изилдөөлөрү учурунда гингко (ginkgo) дарагынын жалбырагынын фоссилин тапканда абдан таң калган. Учурда жашап жаткан бир жандыктын дал өзүндөйү миллиондогон жыл мурдакы катмарларда бүгүнкү формасында бар эле. Теориясынын жараксыздыгын далилдөөгө жетиштүү болгон жана Дарвинди чындап тынчсыздандырган бул фоссил Дарвиндин өзү тарабынан «жашап жаткан фоссил» деп аталган.

Дарвин эгер азыр жашап жаткан болгондо, албетте бул жөнүндөгү тынчсызданууcу абдан чоң болмок. Себеби гингко бүгүнкү күнгө чейин келген жалгыз жашап жаткан фоссил эмес. Дүйнө жүзүнүн катмарларынан чыгарылган 350 миллиондон ашык фоссилдин кээ бирлерин толук жана кемчиликсиз тукум курут болгон жандыктар, көп бөлүгүн болсо жашап жаткан фоссилдер түзүүдө. Азыр бар болгон түрлөрдүн көп бөлүгүнүн миллиондогон жылдык фоссилдери табылып, көргөзмөсү жасалды (тереңирээк маалымат үчүн караңыз: http://www.yaratilismuzesi.com/fosiller/ жана http://www.yaratilisatlasi.com/). Бүгүн жашап жаткан аттар, жирафтар, балыктар, иттер, канаттуулар, сойлоочулар азыркы абалы жана көрүнүштөрү менен миллиондогон жылдык из калтырышкан. *Yaratılış Atlası (Жаратылуу атласы)* аттуу эмгектин бүт томдорунда Түркияда уюштурулган ар кандай көргөзмөлөрдө жана Жаратылуу музейи аттуу интернет сайтында көргөзүлүп жаткан фоссилдер аталган мисалдардын бир бөлүгү гана. Бул мисалдар ушунчалык көп; дээрлик учурдагы ар бир жандыктын миллиондогон жылдык түрдөшү табылды. Жана бул фоссилдер бүгүнкү жандыктарга толук дал келүүдө. **Миллиондогон жыл мурдакы фоссилдер менен учурдагы жандыктар арасында эч айырма жок. Жандыктар өзгөргөн эмес. Алгач кандай жаратылса, ошол бойдон келатат.**

Америка табият тарыхый музейинин мүдүрү, таанымал эволюционист палеонтолог Найлс Элдридж (Niles Eldredge) эволюциянын эң чоң туюктарынын бири болгон жашап жаткан фоссилдер алдындагы алсыздыгын мындайча айткан:

Жашап жаткан бир организм менен анын алыскы геологиялык өтмүштөгү фоссилдешкен аталары арасында салыштырууга мүмкүн болгон кандайдыр бир бөлүгүндө дээрлик эч кандай өзгөрүү жок сымал көрүнүүдө. Жашап жаткан фоссилдер эволюциялык туруктуулук пикиринин эң жогорку даражадагы анык мисалдары... Жашап жаткан фоссилдердин сырын толугу менен түшүнө албадык.[53]

Канчалык Найлс Элдридж дарвинисттердин чарасыздыгын өзүнчө жашырууга аракет кылып, «эволюциялык туруктуулук» сөзүн колдонуп, «өтмүштө эволюциялык бир процесс болуп, бирок туруктуулукка кабылгандай» бир көрүнүш жаратууга аракеттенсе да, чындык мындай: фоссил калдыктары тарыхтын эч бир доорунда эволюциялык бир процесс болбогонун далилдөөдө. Бүт жандык түрлөрү бүгүнкү өзгөчөлүктөрү менен бир заматта пайда болгон жана он миллиондогон жылдар бою кичинекей бир өзгөрүүгө дагы кабылган эмес. Балыктар дайыма балык, сойлоочулар дайыма сойлоочу, сүт эмүүчүлөр дайыма сүт эмүүчү, адам болсо дайыма адам болуп келген. Дарвиндин эң чоң күтүүсү болгон фоссил калдыктары Дарвиндин теориясын кыйраткан эң күчтүү далил болду.

Албетте, бул абал бир даана ортоңку фоссил менен да колдоо таппаган эволюция теориясы үчүн чоң бир кыйроо. Мына ушул себептен, бар экенин дарвинисттик илим чөйрөлөрү абдан жакшы билип туруп, жашап жаткан фоссилдерди эч качан сөз кылышпайт, жаап-жашырышат. Эволюционист булактарды караган бир адам бир канча даана гана жашап жаткан фоссил бар деген ойдо калат. Себеби дарвинисттер тарабынан алдыңкы планга чыгарылган бир канча гана жашап жаткан фоссил бар. Ошол эле

булактарда «бул бир канча фоссил кереметтүү абалда өзгөрбөстөн калган» жана «сансыз эволюция далили ичинде бир «өзгөчө көрүнүш»» деген пикир жаратылууга аракет кылынат.

Чынында болсо бул бир алдамчылык.

Америкалык палеонтолог С.М. Стэнли (S.M. Stanley) фоссил калдыктары көрсөткөн чындыктын илим дүйнөсүн башкарган дарвинист диктаторлук тарабынан кандайча жаап-жашырылганын мындайча баяндайт:

Белгилүү фоссил калдыктары баскычтуу эволюцияга туура келбейт жана эч качан туура келген дагы эмес. Кызыгы – бир катар тарыхый шарттар аркылуу бул темадагы карама-каршылыктын жашырылышы... Көп палеонтолог колундагы далилдердин Дарвиндин кичинекей, жай жана баскычтуу өзгөрүүлөр жаңы түр пайда кылган деген пикирине карама-каршы келгенин сезген... Бирок алардын мындай пикиринин оозу жап кылынган.[54]

Канчалык оозун жабууга аракет кылынса да, чындыкты эми жашыруу мүмкүн болбой калды: миллиондогон жашап жаткан фоссилдер бар. Учурда Дарвиндин эволюция теориясы фоссил калдыктары көрсөткөн жыйынтыктан толук жеңилген абалда. Илимий табылгалар дарвинизмди кыйратты. Дарвинисттер эми жаратылууну далилдеген бул фоссилдерди жашыра албай калышты. Чындык ачыкка чыгып, дарвинизмдин кыйрашы дарвинисттердин эң чоң таянычы болгон фоссил калдыктары тарабынан жарыяланды.

Дарвинисттик тузак бузулду. Дарвинизм боюнча теорияны колдоору күтүлгөн фоссилдер, Аллахтын буйругу менен, дарвинизмди жок кылды. Адамдар бүт жан-жаныбарды Аллахтын жоктон жаратканын мунун урматында толук көрүштү. Бул далилди адамдар көргөн соң ага карама-каршы пикирлерди айтып чыгуунун эч кандай мааниси да, натыйжасы да жок. Улуу Аллах тагдырда дажжалдын системасын башынан кыйраган, жок болгон абалда жараткан. Бул чындыкты бүт адамдар апачык, эч талашсыз көрүшүүдө. Улуу Раббибиз бүт баарын жоктон жаратканын аяттарында мындайча кабар берүүдө:

**Силер кантип Аллахты жокко чыгаруудасыңар? Ал силерди өлүк кезиңерде тирилтти; кийин силерди кайра өлтүрөт, кайра тирилтет жана кийин Ага кайтарыласыңар. Силер үчүн жердегилердин баарын Ал жаратты. Анан асманды максат кылып аларды жети асман кылып Ал жасады. Жана Ал баарын билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 28-29)**

## 6. Кембрий фоссилдеринин 70 жыл жашырылышы бир алдамчылык

Жашоо тарыхынын эң байыркы доорлорунун бири кембрий доору 543-490 миллион жыл мурданы көрсөтөт. Бул доордон мурда бир клеткалуу жаныбарлар жана бир канча көп клеткалуу түрү болуп келип, анан кокустан толук жана кемчиликсиз

көрүнүшү менен кереметтүү көп түрдөгү жандыктар пайда болгон. Бул жандыктардын баары мурдакы жандыктардан абдан айырмаланып, учурдагы жандыктарга тиешелүү укмуш комплекстүү өзгөчөлүктөргө ээ. Бул өзгөчөлүгү менен кембрий доору эволюция теориясына чоң бир сокку.

Кембрий дооруна тиешелүү фоссилдери бар жандыктар, бүгүн жашап жаткандар да кошо, 55 типтин мисалын берүүдө. (Тип: жандыктарды негизги дене түзүлүшүнө жараша класстарга бөлүү үчүн колдонулган «ааламдан» кийинки эң чоң категория). Башкача айтканда, учурдагы жандыктардын, ал тургай, андан да көбүнүн негизги дене түзүлүштөрү мындан болжол менен 540 миллион жыл мурда кемчиликсиз, толук абалда бар. (Учурда жалпы 35 тип бар.) Кембрий жандыктары кемчиликсиз комплекстүү учурдагы жандыктардан айырмасыз. Бул Дарвиндин ойдон чыгарылган эволюция дарагына карама-каршы келип, кыялдагы эволюция процесси үчүн жасалган жасалма өнүгүүнү астын-үстүн кылууда. Дарвиндин эволюция теориясы боюнча, «кокустан» пайда болгон алгачкы клеткадан соң бир клеткалуулар жер бетинде жашашы керек, анан жөнөкөй түзүлүштөгү көп клеткалуулар менен башталган кыймылдуу жашоо сууда жашоочу бир тип менен уланышы зарыл. Типтердин саны акырындап көбөйүп, ушуга жараша түрлөр да көбөйүшү керек. Бирок кембрий табылгалары көрсөткөн чындык мындай болгон жок. Дарвиндин эволюция дарагы бүтүндөй тескериге айланып, бүгүнкүдөн бир топ көп санда жандык түрлөрү жашоо тарыхынын эң башында, бир клеткалуулардын артынан эле пайда болгон. (Терең маалымат үчүн караңыз: *Darwin'in Anlayamadığı Kambriyen (Дарвин түшүнө албаган кембрий)*, Harun Yahya).

Дарвинисттик идеологияга абдан жабышкан, фанат бир дарвинист үчүн муну түшүнүү чоң бир кыйроо, албетте. АКШнын эң таанымал музейлеринен Smithsonian Institution'да (Смитсон музейи) башчы жана палеонтолог Чарльз Дулиттл Уолкотт (Charles Doolittle Walcott) дагы бул адашкан диндин эң бекем мүчөлөрүнөн болгондуктан, эң биринчи 1909-жылы таап баштаган кембрий фоссилдеринин көп түрдүүлүгүнөн катуу корккон эле. 1917-жылга чейин уланган изилдөөсүндө жалпысынан 65000 фоссил мисалын чогулткан. Булардын баары кембрий доорунун комплекстүү жандыктарына тиешелүү эле.

Дарвинист көз бойомочулуктар эске алынганда, дарвинизмдин кыйрашынын бир кабарчысы болгон бул фоссилдердин бир дарвинист тарабынан табылышы жана андан соң ушул эле дарвинист тарабынан жашырылышы да сюрприз эмес, албетте. Уолкотт тутунган жалган динин дээрлик жок кылган, ишенимине карама-каршы келгени үчүн аны паникага салган ал фоссилдерди жашырууну чечти. Тарткан сүрөттөрү менен далилдерди Смитсон музейиндеги ящиктерге кулптады. Бул өзгөчө жана маанилүү фоссилдер 70 жылдан соң гана ачыкка чыккан.

Израильдик илимпоз Джеральд Шредер (Gerald Schroeder) бул жөнүндө мындай дейт:

Эгер Уолкотт каалаганда, фоссилдерди изилдөө үчүн бир армия окуучуну милдеттендирмек. Бирок эволюция кемесин чөктүрбөөнү тандады. Учурда кембрий

доорунун фоссилдери Кытайда, Африкада, Англия аралдарында, Швецияда, ошондой эле Гренландияда да табылды. (Кембрий доорундагы) Жарылуу дүйнө жүзүндө болгон бир окуя. Бирок бул кереметтүү жарылуунун табиятын талкуулоо мүмкүн боло электе маалымат жашырылган.[55]

Уолкотт табылгаларын тапкан Burgess Shale'деги кембрий фоссилдери Уолкотт өлгөндөн он жылдар өткөн соң кайрадан изилденди. «Кембридж тобу» деп эскерилген жана Виттингтон, Бриггс жана Морристен (Harry Blackmore Whittington, Derek Briggs, Simon Conway Morris) турган адистер тобу 1980-жылдары фоссилдерди терең анализ кылышкан. Жана фаунанын Уолкотт аныктагандан бир топ көп түрдүү жана укмуштуу экенин аныкташкан. Фоссилдердин бир бөлүгүн бүгүн белгилүү болгон жандык категорияларына кошуу мүмкүн эмес, ошондуктан бүгүнкүдөн башка тип мисалдарын көрсөтүүдө деген көз-карашты айтышкан. Жандыктар 543-490 миллион жыл мурда болгон кембрий доорунда кемчиликсиз жана комплекстүү формалары менен бир заматта пайда болушкан эле.

Алынган жыйынтык дарвинисттер үчүн ушунчалык күтүүсүз болгондуктан, илимпоздор бул заматтык кыймылды бир «жарылуу» деп аташкан. «Кембрий жарылуусу» илим тарыхынын эң теңдешсиз, эволюционист илимпоздор жагынан болсо эң жоопсуз окуялардын алдыңкыларынан эле. Эч нерсеге жооп бере албаган эволюция теоретиктери бул табылгалар натыйжасында пропаганда максатында чыгарган жомокторун токтотушу жана «жашоонун келип чыгышын түшүндүрүү көйгөйүнө» кайра кайтышы керек эле. (Албетте бул жашоонун келип чыгышы жөнүндө акылдуу жана илимий жообу жок дарвинисттер үчүн бир көйгөй. Акылдуу, илимге жана логикага таянгандар ааламдын жана жашоонун Улуу Аллах жаратканын апачык көрүшүүдө.) Дарвиндин эволюция дарагы тескерисинче болуп калган эле жана бул эволюция теориясынын негизги логикасына бүтүндөй карама-каршы келет эле.

Жогорку жашоо формаларын, Аллахтын кереметтүү жаратуусун көрсөткөн кембрий жарылуусу жөнүндө дарвинисттер дагы эле унчукпай жүрүшөт. Дарвинисттер табылган бул кереметтүү табылгалар алдында талкан жутуп алгансып, бул табылгалар эч жоктой кымпыйып жүрүшөт. Жашоонун тарыхы жөнүндө кыялынан чыгарган сансыз алдамчы сценарийди илимий журналдарда биринин артынан экинчисин чыгарып жатып, 540 миллион жыл мурдакы бул чоң окуяны эстетпөөгө, мунун эволюция теориясын бүтүндөй жок кылаарын сездирбөөгө аракет кылышууда. Муну апачык жасаган жана бүт фоссилдерди жашырып койгон Чарльз Дулиттл Уолкотт дарвинизм алдамчылыгынын канчалык масштабга жетиши мүмкүн экендигинин эң чоң далил, мисалдарынын бири.

Эгер дарвинизм чындап илимий болгондо, дарвинизмди жактагандар да чындап илимпоз болгондо, албетте илимий жактан мынчалык баалуу табылгалар чоң бир ачылыш катары алдыңкы планга чыгарылмак жана илимий сайт, китеп, макалалардан ылдам орун алмак. Мунун бүтүндөй тескерисинче болуп, анык илимий табылгалардын жакшылап жашырылышынын себеби – дарвинизмдин илим эмес болушу, дажжалдын бир оюну катары пайда болгон жасалма бир дин болушу. Калптын үстүнө курулган бул

теория көз бойомочулуктар менен жашоого аракет кылууда. Кембрий фоссилдеринин жашырылышы дарвинизм үчүн жасалган илимий көз бойомочулуктардын бирөөсү гана.

## 7. «*Археоптерикс*» канаттуулардын атасы деген көз бойомочулук

1860-жылы Германияда табылган археоптерикс деп ат коюлган канаттуу фоссили бүгүнкү канаттуулардан айырмаланган кээ бир өзгөчөлүктөргө ээ эле. Оозундагы тиштер, канаттарындагы тырмактар жана узун куйругу дарвинисттер тарабынан спекуляция материалы катары колдонулду жана канаттуу, эч кандай илимий таянычы жок туруп, шашылыш түрдө сойлоочуларга окшотулуп, сойлоочу-канаттуу ортоңку формасы деп жарыяланды.

Чынында болсо бул сөздө чоң бир алдамчылык бар эле.

*Археоптерикс* дарвинисттер тарабынан жасалма бир ортоңку форма катары жомокко айлантылгандан бир аз убакыт өткөн соң фоссил сөөктөрү тереңирээк изилденди жана бул жандыктын сойлоочудан канаттууга «өтүүнү» көрсөткөн «примитивдүү бир канаттуу» эмес экени, тескерисинче скелет менен түк түзүлүшүнүн учууга абдан ыңгайлуу экени, сойлоочуларга окшотулган өзгөчөлүктөрдүн тарыхта жашаган жана ал тургай бүгүн да жашап жаткан башка кээ бир канаттууларда да бар экени аныкталды. Дарвинизм тараптары *Science* журналы бул чындыкты апачык айткан:

*Археоптерикс* алгачкы канаттуулар менен байланыштуу түктөрдүн жана учуунун эң алгачкы келип чыгышы жөнүндө көп нерсе айта албайт көрүнөт, себеби *археоптерикс* заманбап мааниде бир канаттуу.[56]

*Археоптерикс* ар башка жандык түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн алып жүрүүчү мозаикалык бир жандык. Мозаикалык жандыктарга илимпоздор комплекстүү түзүлүштөрү менен көңүл бурган жана бир канча түрдүн ар башка өзгөчөлүктөрүн өзүндө алып жүргөн жандыктар деп аныктама беришкен. Дарвинисттердин *археоптерикс* аркылуу жасаган алдамчылыгы дагы бул фоссилдин бир мозаикалык жандыкка тиешелүү болушу себептүү эле. Чынында болсо мозаикалык жандыктар дагы, башка бүт учурдагы жандыктар сыяктуу, комплекстүү өзгөчөлүктөргө ээ жаратылуу мисалдары. Француз биофизик эволюционист Пьер Леконт дю Нуи (Pierre Lecomte du Nouy) бул жөнүндө минтип мойнуна алган:

Өзгөчө бир көрүнүш болгон *археоптериксти* чыныгы бир ортоңку форма катары баалоого акыбыз жок. Ортоңку форма деп сойлоочулар менен канаттуулар сыяктуу класстар же кичинерээк топтор арасындагы керектүү өтүү баскычтарын айтабыз. Эки башка топко тиешелүү өзгөчөлүктөрдү көрсөткөн бир жаныбарды, эгер анда өтүү баскычтары аныкталбаса жана өтүү механизмдери дагы эле белгисиз болсо, чыныгы бир ортоңку форма деп кабыл алуу мүмкүн эмес.[57]

Дарвинист чөйрөлөрдө муну мойнуна алгандардын саны негизи абдан көп. Секирүүчү эволюция калпын чыгарып атагы чыккан, 20-кылымдын эң таанымал дарвинисттеринен Стивен Джей Гоулд менен Найлс Элдридж да *археоптериксти* бир

ортоңку форма катары кабыл алуу мүмкүн эмес деген пикирде.58 Джонатан Уеллс «дүйнөнүн эң кооз фоссили Эрнст Майр «сойлоочулар менен канаттуулар арасында дээрлик эң мыкты байланыш» деген өрнөк унчукпастан бир четке ташталды. Жана кайып ортоңку формаларды (тогоо) изилдөө, *археоптерикс* эч табылбагандай, уланууда.»[59] деп бул фоссилдин эволюцияга далил эмес экенин илим чөйрөлөрүнүн да апачык кабыл алаарын айтууда. Бирок кызыгы, дарвинист илимпоздор тарабынан апачык моюнга алынса да, дарвинист макала, китептерде *археоптерикс* фоссили дагы эле бир ортоңку форма катары көрсөтүлүүдө. Джонатан Уеллс муну мындайча баяндайт:

Кээ бир биология окуу китептери *археоптериксти* кайып байланыштын классикалык бир мисалы катары көрсөтүүнү улантууда. Мадердин 1998-жылы чыккан *Biology (Биология)* аттуу китеби аны «сойлоочулар менен канаттуулар арасындагы өтүү байланышы» деп сыпаттаган. Уильям Шраер менен Герберт Столдзенин *Biology: The Study of Life (Биология: жашоонун изилдениши)* аттуу китебинин 1999-жылкы чыгарылышы дагы окуучуларга «көп илимпоздор анын сойлоочулар менен канаттуулар арасындагы эволюциялык байланышты көрсөтөөрүнө ишенет» деп айтууда.[60]

Албетте, бул абал бул чоң көз бойомочулукту дагы эле улантууну аракет кылуудан келип чыгууда. Колдорунда эч ортоңку форма болбогону үчүн дарвинисттер теорияларынан баш тарта албагандыктан, өздөрү чыгарган жасалма ортоңку формаларды коргоо аракетин кылышууда. *Археоптерикстин* болгон мүмкүнчүлүк менен жана көз бойомочулук менен дагы эле актуалдуу кармоо үчүн жасалган аракеттин себеби мына ушунда.

## 8. «*Целакант* суудан кургактыкка чыгуунун мисалы» деген көз бойомочулук

Негизи жашап жаткан бир динозавр табылганда, бул бир топ азыраак таң калыштуу болмок. Себеби фоссилдер *целаканттын* динозаврлар пайда болгондон 150-200 миллион жыл мурда бар экенин көрсөтүүдө. Көп илимпоздор кургактык омурткалууларынын атасы деп көрсөткөн, жок дегенде 70 миллион жыл мурда жок болгон деп элестетилген балык тирүү табылган эле![61]

*Focus* журналынын 2003-ж. апрель санындагы төмөнкү сөздөр көп жылдар бою бир ортоңку форма деп айтылып келген *целаканттын* (*Latimera chalumnae* - *латимерия*) тирүүсүнүн учурдагы деңиздерден табылышына болгон таң калууну бир дарвинист оозунан айткан. Дарвинисттер 1938-жылдан мурда *целакант* фоссили жөнүндө сансыз пикирлерди айтышып, жандыктын сүзгүч канаттарын «басууга даярданган буттар», фоссилдешкен май көңдөйүн болсо «примитивдүү бир өпкө» дешкен. Фоссил жөнүндө көп спекуляцияларды жасап, кайып бир тогоону таптык дешкен.

Мына ушундай бир учурда тирүүсү табылган *целакант* дарвинисттерди чоң кайгыга салды. Бул жана –эң акыркысы 2007-жылы майда табылган кийинкилер-учурдагы деңиздерден кезиккен 200дөн ашуун тирүү *целакант* фоссилдерге жасалган дарвинисттик спекуляцияларды толугу менен жок кылды. *Целаканттын* болжол менен

150 см узундуктагы, абдан өнүккөн бир түзүлүшкө ээ, абдан комплекстүү бир суу түбүндө жашаган балык экени аныкталды. Болгондо да, жандык 450 миллион жылдык тарыхында эч өзгөргөн эмес эле. Башкача айтканда, бүгүнкү андагы комплекстүүлүк 450 миллион жыл мурда да дал ушул бойдон бар эле.

Булардын баары илимий аныкталган соң *целакант* жашап жаткан фоссилдер арасынан орун алды жана ортоңку форма деген бүт сөздөр артка алынды. Дарвинисттер спекуляция жасап жаткан дагы бир фоссилди жоготушкан эле. Эгер бул жандык бүгүн деңиздерден табылбаганда, *археоптерикстеги* сыяктуу бул фоссил аркылуу жасалган дарвинисттик спекуляциялар да токтомок эмес. Бул жандык суудан кургактыкка чыгуунун эң чоң өкүлү катары көрсөтүлө бермек жана **талашсыз эң жакшы ортоңку форма имиш сыяктуу** ал аркылуу миңдеген спекуляциялар жасалмак. Бул жандыктын бир ортоңку форма эмес, кемчиликсиз бир деңиз жандыгы экени жөнүндөгү чындыкты айткандар болсо дарвинисттер тарабынан болгон мүмкүнчүлүк менен оозу жап кылынмак. Азыркы башка ортоңку форма деп аталган жандыктарда жасалгандай.

Бирок эч кандай далилге таянбастан адамдарды алдагысы келгендер эч натыйжа ала алышпайт. Раббибиз бир аятында мындайча буюрат:

**Кабарыңар болсун; күмөнсүз асмандардагы, жердегилердин баары Аллахтыкы. Аллахтан башкага сыйынгандар да шерик кошкон нерселерди жана күчтөрдү (чынында) ээрчишпейт. Алар болгону күмөндөрүн ээрчишет жана алар болгону «күмөн жана болжоо менен жалган сүйлөшүүдө.» (Йунус Сүрөсү, 66)**

## 9. Дарвинизмге далил катары көрсөтүлүүгө аракет кылынган бүт баш сөөгү фоссилдери жасалма

Дарвинизм чыныгы илимий негиздерге жана чыныгы илимий далилдерге таянбагандыктан, жасалма далилдерди чыгарып адамдарды ишендирүүгө аракет кылат. Бул үчүн болсо дарвинисттердин колунда спекуляция жасай турган материал гана болсо болду. Дарвинисттер спекуляция жасоо мүмкүн көрүнгөн тукум курут болгон жандык фоссилдерин алып, ар кандай өзгөртүшөт жана аларды идеологияларына бир материал катары колдонушат. Көп жылдар бою тукум курут болгону үчүн суудан кургактыкка «өтүүнүн» эң белгилүү мисалы катары көрсөтүлүүгө аракет кылынган, бирок тирүүсү деңиздерден табылган *целакант* – бул көз бойомочулукту көрсөткөн эң маанилүү далил. Дарвинисттер ушул эле тактиканы башка жандыктар менен адам үчүн да колдонууга аракеттенишет. Алынган бүт фоссилдерди көрүнүшүнө карап категорияга бөлүшөт жана өз оюнан чыгарып, өздөрү каалагандай «ортоңку форма» деп аташат. Чынында болсо алар ортоңку форма деп атаган фоссилдердин баары, *целакант* сыяктуу, кемчиликсиз жана толук жандыктарга тиешелүү.

Ортоңку өткөөл форма катары пропаганда кылууга аракет кылынган бүт фоссилдердин жараксыздыгы тастыкталып, алардын тукум курут болгон комплекстүү жандыктарга тиешелүү экени илимий далилденди. Адамдын «эволюциясы» жөнүндө сөз

болгондо болсо, спекуляция материалы катары көбүнчө тукум курут болгон маймылдар же илгери жашаган кээ бир элдер колдонулат. Бүгүнкү күнгө чейин айтылган бүт ортоңку форма пикирлери ушул спекуляция ыкмасына таянат. Мисалы, дарвинисттер адамдын «эволюциясына» мисал катары көрсөтүүгө аракет кылган сансыз баш сөөгүнүн тукум курут болгон маймыл же адам расаларына тиешелүү экени толук илимий далилденген жана ал баш сөөктөр илимий булактардан чыгарылган:

- 1891-жылы табылган жана Ява адамы (Java Man) деп аталган фоссил менен 1923-жылы табылган жана Пекин адамы деп аталган фоссилдин жасалма бир ортоңку өткөөл форма экени 1939-жылы түшүнүктүү болгон.

- 1922-жылы бир ортоңку форма деп эң чоң далил катары көрсөтүлгөн жана Небраска адамы деп аталган бир даана тиш фоссилинин 1927-жылы бир жапайы доңузга тиешелүү экени түшүнүктүү болгон.

- 1959-жылы табылган жана Зинджантроп деп аталган фоссилдин катардагы бир маймыл экени аныкталган жана фоссил 1970-жылы илимий адабияттардан алып салынган.

- 1930-жылдары табылган жана 50 жыл бою ортоңку форма катары көрсөтүлгөн рамапитек 1981-жылы катардагы бир бабуин түрү экени түшүнүктүү болгон соң алып салынган.

- 1974-жылы Африкада табылган Люсинин 1999-2000-жылдардагы изилдөөлөр натыйжасында жараксыз экени түшүнүктүү болгон жана бул фоссил илимий адабияттардан алып салынган.

- 1924-жылы табылган жана Таунг баласы деп аталган баш сөөгү фоссилинин жаш бир гориллага тиешелүү экени түшүнүктүү болгон соң, бул фоссил дагы 1954-жылы алып салынган.

- 1984-жылы табылган жана *хомо эректус* түрүнө тиешелүү деп көрсөтүлүүгө аракет кылынган Туркана баласы фоссилинин 12 жаштагы бир балага тиешелүү экени жана чоңойгондо болжол менен 1,83 метр бойдо болоору аныкталган. Фоссилдин тик скелет түзүлүшү азыркы адамдан айырмасыз. Фоссил жөнүндөгү бүт спекуляциялардын жасалма экени түшүнүктүү болгон.

Reading университети геология бөлүмүнөн эволюционист Л. Б. Халстед (L. B. Halstead) *Nature* журналында айткан бир сөзүндө бүгүнкү күнгө чейин «адамдын эволюциясына» далил катары көрсөтүлүүгө аракет кылынган фоссилдердин эч качан адамдын эволюциясына далил эмес экенин жана бул багытта дарвинисттердин колунда эч кандай табылга жок экенин мындайча моюнга алган:

Бул жагдай элге алгачкы жолу төмөнкү чындыкты көрсөтөт: адамдын түздөн-түз атасы болгон чыныгы бир фоссил жок. ... Бул жаратылууга ишенгендер көп жылдар бою жактап келген нерсе.[62]

Биолог Лайалл Уотсон (Lyall Watson) дарвинисттердин колунда адамдын «эволюциясын» далилдей турган бир даана дагы фоссил далили жок экенин төмөнкүчө айткан:

Бүгүнкү маймылдар, мисалы, эч жоктон пайда болгон сыяктуу. Кечээси, фоссил калдыктары жок. Жана тик туруп баскан, түксүз, курал-жарак жасай алган жана чоң мээлүү жандыктар катары азыркы адамдардын да чыныгы тамыры, эгер өзүбүздү алдабасак, ошол сыяктуу эле табышмактуу маселе.[63]

Лайалл Уотсон канчалык чындыктарды апачык айтуудан тартынып, адамдын тамырын өзүнчө «табышмактуу бир маселе» деп айтса дагы, адамдын тамыры толук апачык: бүт жандыктар сыяктуу адамды да Аллах жараткан жана бүт конкреттүү илимий табылгалар дагы бул чындыкты тастыктоодо. Мындан тышкары, дарвинисттер табылган жаңы фоссилдер алдында дайыма убакыт белгилөө көйгөйүнө кабылышууда. «Эволюция» үчүн белгилеген даталары тынымсыз «артка кетүүдө», фоссилдердин эволюцияны жокко чыгарганын көргөн сайын дайыма пикирлерин өзгөртүүгө мажбур болушууда. Мисалы, жер катмарларынан табылган 200 миллион жылдык адам буту издеринен тышкары, бор (144-65 миллион жыл) дооруна тиешелүү катмарлардан табылган адам сөөктөрү адамдын 100 миллиондогон жылдык бир тарыхы бар экенин көрсөтүүдө.[64] Бул жылдар азыркы адам үчүн эволюционисттер тарабынан белгиленген болгону 50.000 жылдык убакыт эске алынганда, албетте, абдан чоң бир айырмага ишарат кылууда. 2007-жылдын август айында жарыяланган жаңы фоссилдер болсо дарвинисттер тарабынан *хомо эректус* жана *хомо хабилис* деп аталган жандыктардын жанаша, бир доордо жашаганын көрсөткөн. Убакыт белгилөө көйгөйү – адамдын «эволюциясы» темасында дарвинисттерди туюкка такаган маанилүү жагдайлардын дагы бирөөсү.

Бүт бул чындыктарга карабастан, дарвинисттер бул жалган фоссилдерди илимий далил катары көрсөтүүнү улантышып, адамдын эволюциясы жомогун өз ойлорунда чындыкка айлантууга аракеттенишет. Илимий жактан жараксыздыгы далилденсе да, бул фоссилдерди дагы эле илимий булактарда жана окуу китептеринде колдонууну улантышып, адамдарды алдашат. Жазуучу Хэнк Ханеграаф (Hank Hanegraaff) бул алдамчы ыкманы мындайча айткан:

Ява адамынын Эжен Дюбуа аттуу голландиялык тарабынан 1891-жылы Ява аралдарынын биринен табылганын жалпысынан баары билет. Көп белгилүү болбогон нерсе болсо – бул Ява адамынын бир баш сөөгү бөлүгү, бир жамбаш сөөгү, үч тиш жана абдан масштабдуу бир кыялдардан турааары. Мындан да кыйыны – бул жамбаш сөөгүнүн баш сөөгү бөлүгүнөн 50 фут (15 км) алыстан жана бир жылдан соң табылышы...

...Жалпысынан Селенка экспедициясы катары белгилүү болгон жана фоссил изилдөөлөрү жасалган процесс Ява адамы жөнүндөгү гипотезалардын тууралыгын көрсөтүүгө чечкиндүү 19 эволюционисттен турган эле. Бирок ал эволюционисттер даярдаган 342 беттик илимий бир отчетто Ява адамынын эч күмөнсүз адам эволюциясында эч бир роль ойнобогону апачык айтылган.

Ошого карабастан, *Times* журналы таң калыштуу абалда Ява адамынан уялбастан адамдын эволюциялык атасындай сөз кылган "How Man Began" темалуу макаланы жарыялаган.[65]

Дарвинист калптар мына ушундайча дарвинист алдамчылыктын бир бөлүгүнө

айланышат. Таанымал профессорлор менен илимпоздор жазган дарвинист китептер дагы, чыныгы илимий далилдердин ордуна, толугу менен алдамчылыкка таянган ушундай жалган сценарийлерди кайталайт. Китептерден чыгарылып салган, жараксыздыгы илимий жактан далилденген баш сөөктөрүнүн эволюцияга далил имиштей дагы эле актуалдуу сакталышынын себеби – бул алдамчылыкты уланта алуу. Эволюционист зоолог Роберт Мартин бул жөнүндө *New Scientist* журналында мындай деген:

Акыркы жылдары көп жазуучулар адамдын келип чыгышы жөнүндө популярдуу китептерди жазышты. Алардын баары чындыктар менен объективдүүлүктүн ордуна, фантазиялар менен субъективдүүлүккө таянган.[66]

Азыр дарвинисттер «адам эволюциясына» далил катары көрсөтө ала турган бир дагы баш сөөгү, бир сөөк бөлүгү дагы жок. Бул чындыкты жокко чыгара албаган дарвинисттердин чирик ыкмасы болсо – жасалма ортоңку форма фоссилдерин сунуу менен алдамчылыкты улантуу.

## 10. «*Австралопитектер* адамдын атасы» деген көз бойомочулук

Дарвинисттер үчүн адамдын эволюциясы темасы өтө маанилүү. Көп жылдардан бери адамдардын аң-сезимине «адам эволюциялашкан бир айбан» деген калпты сиңирүүгө аракеттенишүүдө. Бул калпты сактап калуу үчүн болгон күчү менен аракет кылып, эч тынымсыз тиешесиз темаларда да «адамдын айбан аталары бар» деген пикирди отургузууга аракет кылышат. Бул багытта колдонгон алдамчылыктары болсо таң калыштуу. Көбүнчө эч тиешесиз фоссил табылгаларды дагы формаларын өзгөртүп адам сымал бир жандыктай көрсөтүүгө аракет кылышат. Дарвинисттер кийинчерээк бир жапайы доңузга тиешелүү экени түшүнүктүү болгон **бир даана тиш фоссилинен** небраска адамын пайда кылып, бул кыялдагы адам сымалдын үй-бүлөсү менен бирге коомдук жашоосунун сүрөтүн тартуудан да тартынышкан эмес. Мындай таң калыштуу жан алакеттин эң маанилүү мисалдарынын бирөөсү – бул көп жылдардан бери улантылып келген *австралопитектер* адамдардын маймыл сымал атасы деген сөздөр.

*Австралопитектер* – бул тукум курут болгон маймыл түрлөрү. «Түштүк маймылы» маанисине келген бул жандыктар дарвинисттер тарабынан адамдардын «алгачкы маймыл сымал аталары» катары кабыл алдырууга аракет кылынат. Тукум курут болгондуктан, бүт башка мисалдардагы сыяктуу бул маймыл түрү дагы эволюционисттер тарабынан бир спекуляция материалы катары колдонулган. Бирок дарвинисттер *австралопитектер* жөнүндө чыгарган сценарийлер, башка бүт мисалдардагы сыяктуу, кайра эле алдамчылыкка таянат.

*Австралопитектер* алгач Африкада 4 миллион жыл мурда пайда болгон жана 1 миллион жыл мурдага чейин жашап келген деп саналууда. Бул жерде айта кетчү чындык мындай: *австралопитектердин* баары учурдагы түрдөштөрүнө окшогон тукум курут болгон маймылдар. Баарынын мээсинин көлөмдөрү азыркы шимпанзелердики менен бирдей же алардыкынан кичирээк. Төрт буттап басышат. Колдорунда жана буттарында

азыркы маймылдардагы сыяктуу дарактарга жабышууга керектүү дөмпөкчөлөр бар жана буттары бутактарга кармануу үчүн кармоо өзгөчөлүгүнө ээ. Бойлору кыска (эң көп 130 см) жана дал азыркы маймылдардагы сыяктуу эркек *австралопитек* ургаачысынан бир топ чоң. Баш сөөктөрүндөгү жүздөгөн деталь, бир-бирине жакын көздөр, сүйрү курч тиштери, ээк түзүлүшү, узун колдор, кыска буттар сыяктуу көптөгөн өзгөчөлүк – бул жандыктардын азыркы маймылдардан айырмалуу эмес экенин көрсөткөн далилдер.

*Австралопитектер* апачык бир маймыл түрү болгонуна карабастан, дарвинисттер тарабынан эки буттап баса алган жандыктар деп айтылууда. Бул бир алдамчылык, себеби *австралопитектер* менен байланыштуу колдогу фоссилдерден бул кыялдагы сценарийди тастыктай турган бир дагы мисал табылган эмес. Ошондуктан бул жандыктар жөнүндөгү эволюция сценарийи илимий бир дагы далилге таянбайт.

Дарвинисттер боюнча, *австралопитектин* ар кандай түрлөрү табылса да, *австралопитек афаренсис* гана (1974-жылы табылганда дүйнөгө «адам эволюциясынын» далили катары көрсөтүлгөн «Люси» тиешелүү болгон түр) адамдын түздөн-түз атасы деп кабыл алынат. Бирок бул жандыкты адамдын атасы деп кабыл алуу мүмкүн эместигин дарвинисттер да кабыл алышкан. Белгилүү француз дарвинисттик илимий журналы *Science et Vie* 1999-жыл май айындагы санында муну тышкы бетинин темасы кылган. *Австралопитек афаренсис* түрүнүн эң негизги фоссил мисалы деп саналган Люсини колго алган журнал "Adieu Lucy" (Кош бол Люси) темасын колдонуу менен *австралопитек* түрүндөгү маймылдардын адамзаттын атасы эмес экенин жана бул жандыктардын санжыра дарагынан чыгарылышы керек экенин жазган.[67]

Дүйнөгө таанымал эволюционист палеоантрополог Ричард Лики (Richard Leakey) дагы Люсинин эволюция далили катары эч жараксыз экенин мындайча айткан:

Люсинин (*Australopithecus afarensis*) бир карлик шимпанзе аралашмасы гана экендигинин ыктымалы абдан анык жана каршы чыга алгыстай күчтүү. Маймылдан адамга өтүү жөнүндөгү гипотезалар ынандырарлыктан көп алыс.[68]

Бүт булардан тышкары, *австралопитектер* жөнүндө жасалган изилдөөлөр натыйжасында эволюционист Лорд Цукерман (Lord Zuckerma) да *австралопитектер* катардагы маймыл түрү гана жана эч тик туруп баскан эмес деген жыйынтыкка барган.[69]

Бул темадагы изилдөөлөрү менен белгилүү болгон башка эволюционист анатомист Чарльз Е. Окснард (Charles E. Oxnard) да *австралопитектердин* скелет түзүлүшү азыркы орангутандардыкына окшош деген.[70]

1994-жылы Англиядагы Ливерпуль университетинен Фред Спур (Fred Spoor) менен командасы *австралопитектин* скелети жөнүндө так бир жыйынтыкка баруу үчүн терең изилдөө жасаган. Скелеттерде дененин жерге карата абалын аныктоочу «үлүл» аттуу бир органга изилдөөлөр жасалган. Спур *австралопитек* адамдардыкына окшош басуу формасына ээ эмес деген жыйынтыкка барган.[71]

2000-жылы Ричмонд жана Стрейт (B.G Richmond ve D.S Strait) аттуу илимпоздор жасаган жана *Nature* журналында жарык көргөн бир изилдөөдө болсо *австралопитектердин* алдыңкы кол сөөгү изилденген. Салыштырмалуу анатомиялык

изилдөөлөр бул түрдүн азыр жашаган жана 4 буттап баскан маймылдар менен бирдей алдыңкы кол анатомиясына ээ экенин көрсөткөн.[72]

Бул далилдердин баары *австралопитектердин* маймыл түрү гана экенин апачык көрсөтүүдө. «Люси» фоссилин тапкан эволюционист палеоантрополог Дональд Йохансон менен Т.Д. Уайт (Donald Johanson, T. D. White) *Science* журналында мындай дешкен:

*Австралопитек* фоссилдери абдан терең изилденди: басышы, кулак түзүлүшү, тиш өрчүү мисалдары, узун жана күчтүү алдыңкы колдор, кыска арткы буттар, буттарынан формасы, кичинекей мээлери, маймылга абдан окшош баш сөөктөрү, ээктери жана беттери. Булардын баары *австралопитектердин* маймыл экенин жана адам менен эч байланышы жок экенин көрсөтүүдө. Люсини ачкан Дональд Йохансон өзү да белгилүү мөөнөттөн соң *австралопитек африканус* (Люси)нин адамдар менен эч байланышы жок деген жыйынтыкка барган.[73]

Кыскасы, илимий изилдөөлөр *австралопитектер* адамдын «атасы» деген сөздөрдүн баарын жалганга чыгарган. *Австралопитектер* бир маймыл түрү жана адамдын атасы деген таңуулоо дарвинисттердин кыялындагы жана жалган теориялары үчүн колдонууга аракет кылган бир сценарий.

## 11. «Неандерталецтер адамдын маймыл сымал атасы» деген көз бойомочулук

Дарвинисттер *австралопитектер* үчүн колдонгон ошол эле ыкманы бир адам урпагы болгон неандерталецтер үчүн да колдонушкан.

Неандертал адамы 1856-жылы Германиянын Дюссельдорф шаарына жакын жердеги Неандер өрөөнүнөн табылган фоссилдер менен илимий адаиятка кирген. Баш сөөгү жана денесиндеги сөөктөрдөгү бүктөлүштөр фоссилдердин эволюционисттер тарабынан «примитивдүү бир адам түрү» катары бааланышына жол ачкан.

1908-жылы эми Франциянын La Chapelle-aux-Saints аймагында неандертал адамына тиешелүү делген, дээрлик кемчиликсиз бир скелет табылган. Сөөктөр ошол учурдун атактуу палеонтолог жана геологу Марселин Буль (Marcellin Boule) тарабынан бириктирилген.

Бул бириктирүү натыйжасында келип чыккан неандертал адамы бүкүрөйүп туруп, алдын көздөй чыккан бир башы бар эле. Мындан тышкары, буттары да ашыктарында кулптанып, толук түз тура албайт эле.

Бул көрүнүш аркылуу неандертал адамы адамдардын аң-сезиминде примитивдүү бир жандык катары орун алды. Неандерталецтер жасалма сүрөттөрдө дагы примитивдүү маймыл адамдар катары көрсөтүлүштү.

Неандерталец жөнүндөгү бул туура эмес түшүнүк 100 жылдай созулду. Бирок 1950-жылдары Ла Шапель скелетине жасалган анализдер скелеттин ээси болгон неандерталец адамынын ашыгында бир инфекциясы бар экенин аныктаган. Чындап ден-соолугу жайындагы индивиддер кадимки адамдай тик туруп баса алат эле.

1985-жылы ушул эле скелет бул жолу Эрик Тринкаус (Erik Trinkaus) аттуу антрополог тарабынан изилденген. Бул изилдөө неандерталецтердин тик басканын тастыктагандан тышкары, ошол кезге чейин жашырылган бир чындыкты да ачыкка чыгарган: Марселин Буль неандерталецти атайылап бүкүрү көрсөткөн эле.[74] 1950-жылдары аныкталган ашык оорусу бул жандыктын тик туруп басышына тоскоол эмес эле. Дарвинист Бульдун неандерталецтин чыныгы бир адам сыяктуу тик басканын кабыл алгысы келбегени түшүнүктүү болгон.

Э. Тринкаус менен В.В. Ховеллс *Scientific American* журналындагы бир сөзүндө мындай дешкен:

Азыр көп илимпоз неандерталец адамынын толугу менен тик турганына жана бир оору жок учурларда өзгөчөлүктөрүнүн азыркы адамдан эч айырмасы жок экенине кошулат.[75]

Ошондой эле, неандерталецтердин баш сөөгүнүн көлөмү дагы эволюционисттерди парадоксалдуу абалга салган. Мунун себеби – неандерталецтердин башынын чоңдугунун 1700 cc тегерегинде болушу эле. Бул азыркы адамдыкынан 200 cc чоңураак. *Хомо сапиенстен* башы чоңураак болгон неандерталецтердин эволюциялык жактан «примитивдүү» бир түр болушу теорияга абдан карама-каршы келет.

Неандерталец адиси Эрик Тринкаус бул түр жөнүндөгү чындыкты мындайча мойнуна алган:

Неандерталецтердин анатомиясында же кыймыл, шайман колдонуу, мээ деңгээли жана сүйлөө жөндөмү сыяктуу өзгөчөлүктөрүндө азыркы адамдан төмөн саноого мүмкүн болгон эч нерсе жок.[76]

Албетте, неандерталецтер бир адам расасы болгондуктан, азыркы расалар менен бирдей өзгөчөлүктөргө ээ. Неандерталец адамы жөндөмдүү бир шайман устасы жана ийгиликтүү бир аңчы эле. Ал тургай, музыка жана искуство менен алектенчү. Азыркы коомдор сыяктуу маданий жана социалдык түзүлүшкө ээ эле, диний ишенимдери бар эле.[77] Ошондуктан неандерталецтер түзгөн маданият азыркы маданияттардан көп айырмалуу эмес эле.

Неандерталецтер менен байланыштуу дарвинисттерди туюкка такаган башка бир жагдай – бул убакыт белгилөө көйгөйү. Табылган фоссилдер неандерталецтер менен азыркы адамдардын бир учурда жашаганын, ал тургай кээ бир учурларда **кийин да жашаганын** көрсөтүүдө. Калифорния университетинен эволюционист биолог Франциско Ж. Аяла (Francisco J. Ayala) муну мындайча сүрөттөйт:

Неандерталецтер анатомиялык жактан заманбап адамдардын атасы деп кабыл алынчу, бирок эми заманбап адамдардын эң аз 100.000 жыл мурда пайда болгонун билебиз, неандерталец фоссилдери жоголушунан бир топ мурда. Ортоңку чыгыштагы үңкүрлөрдө анатомиялык жактан заманбап адамдардын фоссилдеринин неандерталецтерден мурда да, кийин да чыгышы таң калыштуу. Бул үңкүрлөрдөгү кээ бир заманбап адамдар 120.000-100.000 жыл мурдага тиешелүү, неандерталецтер болсо 60.000-70.000 жылдык; заманбап адамдардан 40.000 жылдан кийин келет. Эки форма

башка аймактардан көчүп кайра кайра бир-биринин ордуна келгени же чогуу жашаганы же болбосо генетикалык булгануу болгону белгисиз.[78]

Ошондуктан адамдын «маймыл сымал атасы» катары көрсөтүлүүгө аракет кылынган неандерталецтер – тукум курут болгон бир адам расасы. Учурда адамдардын өз расасына тиешелүү ар кандай өзгөчөлүктөрдө болушу сыяктуу, бул түр дагы бир расанын өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул өзгөчөлүктөрдүн эволюцияга бир далил катары колдонулушу чоң бир көз бойомочулук. Неандерталец адамы фоссили 1978-жылы илимий булактардан чыгарылган. Бирок неандерталецтер дагы эле эволюциянын эң чоң далилиндей дарвинисттик булактарда орун алып келатат.

Учурда неандерталец адамы менен байланыштуу спекуляциялардын дагы эле кээ бир эволюционист булактарда улантылышындагы максат – неандерталецтер менен байланыштуу чындыктарды билбеген, бул жасалма ортоңку форманын илимий жактан жокко чыкканын билбеген адамдарды алдоо. Мына ушул себептен *австралопитектер* менен неандерталецтер жөнүндөгү чындыктарды ар мүмкүнчүлүктө айтып, дарвинисттик алдамчылыкты токтотуу чоң мааниге ээ.

## 12. Пилтдаун адамы бир көз бойомочулук

Таанымал бир доктор жана үйрөнчүк бир палеонтолог Чарльз Доусон (Charles Dawson) 1912-жылы Англияда Пилтдаунга жакын бир чуңкурда бир ээк сөөгү менен бир баш сөөгүнүн бөлүгүн таптым деп айтып чыккан. Ээк сөөгү маймыл ээгине окшосо, тиштер менен башы адамдардыкына окшош эле. Алынган фоссилдер «Пилтдаун адамы» деп аталды, 500 миң жылдык бир убакыт бычылды жана фоссил адамдын «эволюциясына» эң маанилүү далил катары Англиядагы British Museum'да көргөзүлүп баштады. 40 жылдан ашуун бир убакыт бою ал жөнүндө көптөгөн илимий макалалар жазылды, жоромолдор жасалып, сүрөттөр тартылды. Дүйнөнүн ар кайсы университетинен 500дөн ашуун илимпоз Пилтдаун адамы жөнүндө доктордук диссертация жазды.[79]

Таанымал америкалык палеоантрополог Х.Ф. Осборн 1935-жылы British Museum'ду зыярат кылганда, «табият сюрприздерге толо; бул адамзаттын тарыхтан мурдакы доорлору жөнүндө маанилүү бир табылга» деген.[80]

Бирок Пилтдаун адамы **чоң бир көз бойомочулук,** атайылап жасалган **чоң бир тузак эле**.

1949-жылы болсо British Museum'дун палеонтология бөлүмүнөн Кеннет Окли (Kenneth Oakley) жаңы бир жаш аныктоо ыкмасы болгон «фтор тести» ыкмасы менен кээ бир эски фоссилдерди текшерип көргүсү келди. Бул ыкма менен Пилтдоун адамы фоссилине бир эксперимент жасалды. Жасалган тестте Пилтдоун адамынын ээк сөөгүнүн эч фтор камтыбаганы аныкталды. Бул ээк сөөгүнүн топурактын астында **бир канча жылдан көп турбаганын** көрсөтөт эле. Аз санда фтор камтыган баш сөөгү болсо болгону бир канча миң жылдык гана болушу керек эле.

Фтор ыкмасына таянып жасалган кийинки хронологиялык изилдөөлөр баш

сөөгүнүн бир канча миң жылдык гана экенин аныктады. Ээк сөөгүндөгү тиштердин **жасалма жол менен эскиртилгени,** фоссилдердин жанынан табылган примитивдүү шаймандардын болсо болот аспаптар менен жонулган **кадимки бир жасалма** экени түшүнүктүү болду.[81]

Вайнер жасаган терең анализдер менен бул көз бойомочулук 1953-жылы толук ишенимдүүлүк менен жарыяланды. Баш сөөгү 500 жылдык бир адамга, ээк сөөгү болсо жаңы өлгөн бир орангутанга тиешелүү эле! Тиштер адамдын тишиндей көрүнүшү үчүн кийин атайылап салынып, тизилип, уланган жерлери тууралангaн эле. Андан соң бүт бөлүктөр эски көрүнүшү үчүн калий-дихромат менен бойолгон эле. Бул бойоктор сөөктөр кислотага салынганда жоголуп кеткен. Көз бойомочулукту ачыкка чыгарган топтон Ле Грос Кларк «тиштерди эскиргендей көрсөтүү үчүн жасалма өзгөртүүлөр жасалганы ушунчалык апачык; кантип бул белгилер байкалбай калды экен?» деп таң калуусун жашыра алган эмес.[82]

Бул таң калыштуу чындыкты илимпоз Хэнк Ханеграаф мындайча айткан:

Марвин Любеновдун айтуусу боюнча: «астыңкы ээктеги орангутан тиштеринин бетиндеги жылмалоо издери апачык көрүнүп турган. Азуу тиштер туура эмес тизилген эле жана эки башка бурчтан жылмаланган эле. Иттин тиши да эки башка бурчтан жылмаланган эле. Иттин тиши ушунчалык терең жылмалангандыктан, пульпанын көңдөйү ачылып калып, кийин ичи толтурулган эле.»[83]

Эволюционист биолог Кейт Стюарт Томсон пилтдаун адамы менен байланыштуу бул чоң калпты «1912-жылкы пилтдаун адамы көз бойомочулугу бүт илимий көз бойомочулуктардын эң ийгиликтүү жана эң арамзаларынын бири.»[84] деп жоромолдогон.

Бул таң калыштуу жана дарвинисттерди уялта турган ачылыштан соң пилтдаун адамы 40 жылдан ашуун убакыттан бери көргөзмөдө турган British Museum'дан шашылыш түрдө алынып салынды. Дарвинист көз бойомочулук ушунчалык чоң масштабда эле; 40 жыл бою колдо жасалган бир фоссил бүт илим чөйрөлөрүн жана бүт адамзатты алдаган эле. Албетте, бул эволюция тарыхынын эң чоң кара тактарынын бири катары өз ордун табат эле. Эволюционист антропология профессору Пэт Шипман бул чоң алдамчылыктын таасирин мындайча сүрөттөгөн:

Табылышы 1912-жылы жарыяланган пилтдаун фоссилдери бул калдыктардын арамзалык менен жайгаштырылган, өзгөртүлгөн бир көз бойомочулук экени аныкталганга, б.а. 1953-жылга чейин палеоантропологиянын эң чоң мээлеринин көпчүлүгүн алдады.[85]

Журналист, жазуучу жана философ Малькольм Маггеридж (Malcolm Muggeridge) болсо пилтдаун адамы фоссили сыяктуу көз бойомочулуктар менен сактап калууга аракет кылынган дарвинизмдин бүт адамзатты салган абалын мындайча баяндаган:

Эволюция теориясынын, өзгөчө ал иш жүзүнө ашырылган тармактардын келечекте тарых китептериндеги эң чоң тамаша темаларынын бири болооруна көзүм жетти. Келечек урпактар абдан күчсүз жана күмөндүү гипотезанын таң калыштуу бир аңкоолук менен кабыл алынганын таңыркоо менен тосуп алат...[86]

Пилтдаун көз бойомочулугу өз ойлорунда жаратылуу ишенимин адамдардын ойунан өчүрө алуу, «адам кокустан, өзүнөн-өзү, эч кимдин алдында жоопкерчиликсиз пайда болду» деген калпка адамдарды ишендире алуу үчүн жасалган, дажжалдык система болгон атеист масондуктун бир оюну. Бирок Аллахтын кереметтүү жаратуусу жана теңдешсиз жараткан нерселери ушунчалык ачык көрүнүп тургандыктан, учурдагы илим менен жеткен чекте аларды көрбөй койуу мүмкүн эмес. Дажжалдын дүйнөлүк масштабдагы мындай пайдасыз аракеттери аны менен аны ээрчигендерди уят кылып, дарвинизм калпынын чоң бир ийгиликсиздик экенин апачык көрсөтүүдө. Улуу Раббибиз Аллах адамды кандайча жаратканын аяттарында кабар берген жана ааламдагы бүт далилдер бул улуу жаратууну апачык көрсөтүүдө:

**Ал жараткан бүт нерсесин эң кооз кылган жана адамды жаратууну бир ылайдан баштаган. Кийин анын урпагын бир маңыздан (сүлаледен), болгону бир суудан жасаган. Кийин аны «түздөп бир калыпка салды» жана ага рухунан үйлөдү. Силер үчүн кулак, көздөр жана көңүлдөр жаратты. Канчалык аз шүгүр кылуудасыңар? (Сажда Сүрөсү, 7-9)**

## 13. Небраска адамы бир көз бойомочулук

1922-жылы Америка табият тарыхы музейинин мүдүрү Генри Фэрфилд Осборн (Henry Fairfield Osborn) Батыш Небраскадагы Жылан дарыясына жакын жерден плиоцен дооруна тиешелүү бир азуу тиштин фоссилин тапканын айткан. Бул тиш, анын айтуусу боюнча, адам менен маймылдардын орток өзгөчөлүктөрүнө ээ эле. Көп өтпөстөн бул жөнүндө илимий талкуулар башталган. Кээ бирлери бул тиштин ээсин *питекантроп эректус* деп жоромолдосо, кээ бирлери бул адамга көбүрөөк жакын дешкен. Чоң талкууларды жараткан бул тиш фоссили «Небраска адамы» деп аталган. «Илимий» аты да көп өтпөстөн пайда болду: *Hesperopithecus haroldcooki*.

Бул жалгыз тишке таянып Небраска адамынын баш сөөгү жана денесинин реконструкциялары жасалды. Ал тургай, андан да алга кетип, Небраска адамынын бүлөсүнүн табият шарттарындагы сүрөттөрү жарыяланды. Бул сценарийлердин баары бир даана тиштен чыгарылган эле. Эволюционист чөйрөлөр бул «кыялдагы адамды» ушунчалык жакын кабыл алышкандыктан, Уильям Брайан аттуу бир изилдөөчү бир даана азуу тишке таянып мынчалык алдын-ала чечим чыгарууга каршы чыкканда, бүт соккуларды жеген.

Бирок 1927-жылы скелеттин башка бөлүктөрү да табылган. Табылган жаңы бөлүктөргө караганда бул тиш маймылга да, адамга да тиешелүү эмес эле. Тиштин *Prosthennops* деп аталган Америка жапайы каманынын тукум курут болгон бир түрүнө тиешелүү экени түшүнүктүү болду. Уильям Грегори бул жаңылыштыкты угузган Science журналындагы макаласына мындай тема койгон эле: «*Hesperopithecus* маймыл да, адам да эмес көрүнөт.»[87]

Илимпоз Хэнк Ханеграаф бул жөнүндөгү окуяларды мындайча баяндайт:

1922-жылы Небраскада бир тиш табылды. Бир аз кыялдануу күчү менен бул тиш мифологиялык бир ээк сөөгүнө, ээк сөөгү бир башка, баш бир скелетке жайгаштырылды. Жана скелетке бир жүз, өзгөчөлүктөр жана түктөр кошулду. Бул аңгеме Лондон гезиттерин урганда «Небраска адамынын» эле сүрөтү эмес, ошол эле учурда «Небраска аялынын» да сүрөтү бар эле. Булардын баары бир даана тиштен пайда болгон эле. Бир скелет табылганда, эмнелер болоорун сиз ойлоп көрүңүз. Балким бир жылдык жарыяланмак.

Бул ачылыштан бир аз убакыттан соң ушуга окшош бир тиш геолог Гарольд Кук (Harold Cook) тарабынан табылды. Анан тиш чыныгы башына жайгаштырылды жана баш болсо бир жапайы камандын скелетине жайгаштырылды. Ошентип «илимий» *Hesperopithecus haroldcookii* деп аталган Небраска адамынын бир миф катары маскасы ачылды.[88]

Бул окуя натыйжасында *Hesperopithecus haroldcooki* менен «үй-бүлөсүнүн» бүт сүрөттөрү шашылыш түрдө китептерден алынып салынды. Небраска адамы негизи дарвинисттердин бир даана тишти шылтоо кылып кандайча кыялдан бир эволюция сценарийи чыгара алаарынын маанилүү бир көрсөткүчү. Тиш фоссили жандыктын жалпы анатомиясы жөнүндө дээрлик эч кандай маалымат бербегенине карабастан, бир жапайы камандын тишине таянуу менен Небраска адамынын жана үй-бүлөсүнүн сүрөттөрүнүн тартылышы жана бул көз бойомочулуктун ачыкка чыкканга чейин илим катары жайылтууга аракет кылынышы чоң бир логикасыздык, дарвинизм үчүн чоң бир уят. Бирок бул мисал дарвинисттик көз бойомочулуктарды токтотпой, дарвинисттик калптар пландуу түрдө улантылган.

## 14. Өнөр-жай көпөлөктөрү пикири бир көз бойомочулук

19-кылымдын ортолорунда Англияда өнөр-жай төңкөрүшү башталган кездерде өнөр-жай жыш аймактардагы дарактардын кабыктары ачык түстө болгон. Ушул себептен бул дарактардын үстүнө конгон *Biston betularia* түрүндөгү көпөлөктөрдүн карараак түстүү варианттары (меланикалык көпөлөктөр) ал жерде азыктанган канаттуулар тарабынан оңой байкалып, азыкка айланган. Бирок элүү жылдан соң өнөр-жай түтүндөрү натыйжасында дарактарды орогон бир мох түрү болгон эңилчектер өлүп, дарак сырттары карарат. Эми болсо ачык түстүү көпөлөктөр дарак үстүндө жакшыраак көрүнгөндүктөн, канаттууларга көбүрөөк азык болуп башташат. Натыйжада ачык түстүү көпөлөктөрдүн саны азайып, карараак түстүү меланикалык көпөлөктөр жем болбогон үчүн көбөйүшөт.

Эволюционисттер буга табигый тандалуу менен эволюция пикирине маанилүү бир далил деп бекем жабышышты. Андан соң кадимки көз бойомочулук ыкмасын колдонуп, ачык түстүү көпөлөктөр акырындап эволюциялашып карараак түстүү көпөлөктөргө айланат деген бир көз бойомочулукка киришишти. Бул пикир «иштеги эволюция» (evolution in action) аты менен бүт дүйнөгө жарыяланды. Чынында болсо чындык такыр башкача эле, ал көпөлөктөр эч кандай эволюциялык бир өзгөрүүгө дуушар болбостон, чоң дарвинисттик алдамчылык жасалып жаткан эле.

Дарвинист бир медицина доктору жана үйрөнчүк биолог Кеттлвелл (H.B.D. Kettlewell) 1953-жылы бир катар эксперимент жасап, бул кубулушка байкоо жүргүзүүнү чечти. Англиянын кырларында бул көпөлөктөр жашаган жерлерде байкоо жана эксперименттерди жасады. Кеттлвелл эксперименттери натыйжасында ачык түстүү эңилчектер бар дарактардын үстүндө карараак түстүү көпөлөктөрдүн көбүрөөк жем болгонун аныктады. Жана муну дарвинизм үчүн чоң бир табылгадай *Scientific American* журналында "Darwin's Missing Evidence" (Дарвиндин кайып далили) темасы менен жар салды. 1960-жылга келгенде Кеттлвеллдин аңгемеси бүт окуу китептеринде орун алган эле.

Бул пикир айтылгандан дээрлик бир жылдан соң, 1985-жылы болсо бул жердеги кызыктай жагдайлар байкалып баштады. Крейг Холдридж (Craig Holdrege) аттуу жаш бир америкалык биология мугалими жасаган изилдөөлөрү натыйжасында Кеттлвеллдин жакын досу жана анын эксперименттерине катышкан Сэр Кирилл Кларктын (Sir Cyril Clarke) жазгандарынан кызыктуу бир сөздөрүн көрдү. Кларк мындай деген эле:

Биз байкаган жалгыз нерсе көпөлөктөрдүн күнүн каерде өткөрбөгөнү гана болду. 25 жыл ичинде, дарактардын үстүнөн же биз курган тузактардын жанындагы дубалдардан эки даана *Betularia* гана таба алдык.[89]

Холдридж көп убакыттан бери окуучуларына дарактардын үстүнө конгон көпөлөктөрдүн сүрөттөрүн көрсөтүп, канаттуулардын жакшыраак көрүнгөндөрүн тандап кармаганын айтып келген эле. Бирок эми бул көпөлөктү 25 жыл бою изилдеген бирөө буларды дарактарга конгон абалда эки жолу гана көргөнүн айтып жаткан эле. Көп өтпөстөн бул аңгеме күчтүү бир илимий талаш-тартышка айланды. Аягында жасалган илимий изилдөөлөр төмөнкүдөй жыйынтык чыгарган эле:

Кеттлвеллдин эксперименттеринен кийин жасалган көп изилдөө бул көпөлөктөрдүн бир тибинин гана дарак үстүнө коноорун, башка бүт типтердин туурасынан кеткен бутактардын астыңкы тараптарын тандаарын аныктады. 1980-жылдардан баштап көпөлөктөрдүн дарактарга абдан сейрек коноорун бүт баары кабыл алды. Бул темада 25 жыл эмгектенген Cyril Clarke жана Rory Howlett, Michael Majerus, Tony Liebert, Paul Brakefield сыяктуу көп илимпоздор «Кеттлвеллдин экспериментинде көпөлөктөрдүн табигый эмес кыймыл-аракетке мажбурланганын, эксперимент натыйжаларын ушул себептен илимий кабыл алуу мүмкүн эместигин» айтышкан.

Кеттлвеллдин экспериментин анализдеген изилдөөчүлөр мындан да так бир жыйынтыкка келишкен: Англиянын булганбаган аймактарында ачык түстүү көпөлөктөрдүн көбүрөөк болушу күтүлгөнү менен, карараактардын катышы ачык түстүүлөрдөн төрт эсе көп эле. **Б.а. Кеттлвелл айткандай жана дээрлик бүт эволюционист булакта кайталангандай, көпөлөк санындагы катыш менен дарак кабыктары арасында бир байланыш жок эле.**

Америкалык лепидоптерист (көпөлөктөр жөнүндө илимий изилдөө жасаган киши) Тед Сарджент (Ted Sargent) жана башка изилдөөчүлөр бул көпөлөктөр дарак кабыктарына конбойт, дарактардын бийик бутактарынын астына жашынат деген

чындыкка көңүлдөрдү бурду. Бул мындай турсун, ал көпөлөктөр күндүз уктап, түнкүсүн учушат эле. Б.а. канаттуулар уктап жатканда![90] Мунун негизи изилденген сайын скандал андан да чоңойду: Кеттлвелл тарабынан сүрөткө тартылып алынган «дарак кабыгындагы көпөлөктөр» чынында **өлүү көпөлөктөр эле**. Чынында көпөлөктөр дарактын үстүнө эмес, бутактардын асты жагына конгондуктан, мындай сүрөткө тартып алуу кыйын эле. Ошондуктан Кеттлвелл бул өлүк жандыктарды ийне жана клей менен даракка карматып, сүрөткө тартып алган эле.[91]

Дарвинисттер болжол менен бир кылым бою мактанып, илимий бир далилдей көрсөткөн көпөлөктөрдүн алдамчылык гана экени аныкталган соң *New York Times* мындай жоромол жасаган:

Иштеги эволюциянын эң белгилүү мисалы эми эң чоң шылдыңга айланды болуш керек.[92]

Чикаго университетинин эволюция биологу Джерри Койн (Jerry Coyne) бул чоң алдамчылыкты 1998-жылы билгенде, көп жылдар бою окуучуларына окуткан өнөр-жай көпөлөктөрү аңгемесинин бир алдамчылык экенинен улам «уялганын» жазып, мындай деген: «бул 6 жашымда жаңы жыл алдында белектерди аяз ата эмес, атам алып келээрин түшүнгөндөгү өкүнүчүм сыяктуу эле.[93]

Бүт бул чындыктардын ортого чыгышы менен бирге «Дарвиндин кайып далили» деп көрсөтүлгөн өнөр-жай төңкөрүшү көпөлөктөрү аңгемесинин ири бир алдамчылык гана экени түшүнүктүү болду. Он жылдар бою дүйнөнүн төрт тарабында жүз миллиондогон адам дарак кабыктарына ийнеленген бир канча өлүк көпөлөктүн сүрөтү жана тынымсыз кайталанган эски бир аңгеме менен жалган маалымат алышты. Чыныгы чындык мындай: Дарвин муктаж болгон далилдер жок жана алар бир күнү табылбайт дагы. Себеби **жандыктар эволюциялашкан эмес**.

Кызыгы, өнөр-жай доору көпөлөктөрү дагы эле кээ бир окуу китептеринде бир эволюция далили катары көрсөтүлүп келатат. Дарвинисттер ушундайча мунун бир алдамчылык экенин билбеген жаш мээлерди алдоону максат кылышууда. Бирок апачык белгилүү болуп турса дагы бир алдамчылыкты дагы эле далил катары көрсөтүүгө аракет кылуу – дарвинизмдин чарасыздыгынын, далилсиздигинин жана идеологиялык бир алдамчылык гана экендигинин далили. Жаратылуунун чындык экени апачык. Бул апачык чындыктан качкан дарвинисттер калп менен көз бойомочулук бир чара болот деп ойлошууда. Чынында болсо Аллах тузакты, жалган жана жасалма динди сөзсүз жок кылат.

**Айткын: «Чындык келди, батыл (жалган) жок болду. Эч шексиз, батыл жок болуучу.» (Исра Сүрөсү, 81)**

## 15. Геккельдин эмбрион сүрөттөрү бир көз бойомочулук

Эрнст Геккель (Ernst Haeckel) 1868-жылы жазган *Natürliche Schöpfungsgeschichte* (Табигый жаратылыш тарыхы) аттуу китебинде адам, маймыл жана ит эмбриондорун

колдонуп кээ бир салыштырууларды жасаганын айткан. Тарткан сүрөттөрү бир-бири менен дээрлик бирдей жандык эмбриондорунан турган эле. Геккель бул сүрөткө таянуу менен бул жандыктар орток бир тамырдан келип чыккан деген.

Бирок чынында абал башкача эле. Геккель бир даана эмбрион сүрөтүн тартып, андан соң муну атайылап кичине кичине өзгөртүп, адам, маймыл, ит эмбриону деп тизип койгон эле. Б.а. апачык көз бойомочулук жасаган эле.

Дарвин *Адамдын келип чыгышы* китебине булак катары көрсөткөн «илимий эмгек» (!) мына ушул эле. Негизи Дарвин бул китепти жазаардан мурда Геккельдин сүрөттөрүнүн бир бурмалоо экенин байкаган кишилер болгон эле. Ал тургай, Геккель өзү дагы калпычылыгы аныкталган соң жасаган бул илимий алдамчылыгын мойнуна алган эле:

Бул кылган алдамчылыгымды мойнума алган соң өзүмдү күнөөкөр жана айыптуу сезишим керек. Бирок мени сооротокон жагдай мындай; айыптуу абалдагы жүздөгөн курдаш, көптөгөн ишенимдүү байкоочу жана белгилүү биолог бар, алар чыгарган эң жакшы биология китептеринде, гипотезаларында жана журналдарында мендей даражада жасалган алдамчылыктар, так эмес маалыматтар, аз көп бузулган, схемага салынып кайрадан жасалган сүрөттөр бар.[94]

Бирок дарвинисттер боюнча, дарвинизм догмасы сакталып калынышы үчүн колдогу анча-мынча жасалма далилдердин бирөөсү тигил же бул жол менен адамдарга «эволюция далили» катары жарыяланышы керек эле. Алар жасаган алдамчылык же анын башка дарвинисттер тарабынан байкалышы маанисиз эле; дарвинисттер боюнча, эң негизгиси жасалма болсо дагы адамдарга бир эволюция далилин сунуу керек эле.

Мына ушул себептен алдамчылык экени көрүнүп турса дагы, Дарвин менен аны колдогон биологдор Геккельдин сүрөттөрүн булак катары кабыл алууну улантышты. Бул болсо Геккельге дем берди. Геккель кийинки жылдары дагы бир катар салыштырмалуу эмбрион сүрөттөрүн жасады. Балык, саламандр, бака, тоок, койон жана адам эмбриондорун катар көрсөткөн схемаларды даярдады. Бул схемаларда көңүл бурган жагдай – башка башка жандыктардын эмбриондорунун башында бир-бирине абдан окшошушу, өрчүү учурунда акырындап өзгөчөлөнүшү эле. Өзгөчө адам эмбрионунун балык эмбрионуна болгон окшоштугу абдан даана эле. Адам эмбриону сүрөттөрүндө дал балыктагы сыяктуу «бакалоорлор» да көрүнүп турган. Геккель бул сүрөттөр берген «илимийлик» көрүнүшү менен «рекапутиляция теориясын» жарыялады: «онтогенез филогенезди кайталайт» (индивиддин пайда болушу урпактын пайда болушун кайталайт). Бул слогандын мааниси мындай: Геккельдин ою боюнча, ар жандык жумурткасында же энесинин жатынында өткөргөн өрчүү учурунда өз түрүнүн «эволюция тарыхын» кайталайт эле. Бул жалганчы теория боюнча, адам эмбриону эне курсагында башында балыкка окшошот, кийинки жумаларда саламандр, сойлоочу, сүт эмүүчү сыяктуу этаптардан өткөн соң адамга «эволюциялашат» эле.

Чынында болсо бул чоң бир көз бойомочулук эле.

1990-жылдары англиялык эмбриолог Майкл Ричардсон (Michael Richardson)

омурткалуулардын эмбриондорун микроскоп менен изилдеди жана алардын Геккельдин сүрөттөрүнө эч окшобогонун аныктады. Ричардсон менен анын командасы изилдөөлөрүнөн соң 1997-жылы августта *Anatomy and Embryology* журналында эмбриондордун чыныгы сүрөттөрүн жарыялады. Натыйжада Геккельдин тарткан сүрөттөрүндө ар кандай калып дизайндарды колдонуп, эмбриондор бир-бирине окшошу үчүн ар кандай жасалмалыктарды жасаганы белгилүү болгон. Эмбриондорго өз оюнан органдарды кошуп, кээ бирлеринен органдарды алып салып, чоңдугу ар башка эмбриондорду бирдей чоңдукта көрсөткөн эле. Геккель адам эмбрионунда «бакалоор» деп көрсөткөн жарыктардын болсо бакалоорлорго эч тиешеси жок эле: булар чынында адамдын ортоңку кулак каналынын, паратироиддердин жана тимус бездеринин башталгычтары эле. Эмбриондор чынында бир-бирине такыр окшошпойт эле. Геккель өз сүрөттөрүндө мүмкүн болгон бүт жасалмалыкты жасаган эле.

Көп убакыт бою жасалма бир эволюция далили катары актуалдуу сакталган Геккельдин сүрөттөрү 1997-жылы 5-сентябрьда *Science* журналында «Геккельдин эмбриондору: көз бойомочулук кайрадан аныкталды» деген тема менен жарыяланганда, көз бойомочулук бар экенин бүт илим дүйнөсү кабыл алган. Бул макалада төмөнкү маалыматтар орун алган:

Ричардсон менен командасынын айтуусу боюнча, Геккель органдарды кошуп же алып салуу менен эле тим болбостон, ар башка түрлөрдү бир-бирине окшош көрсөтө алуу үчүн масштабдарын өзгөртүп, кээде эмбриондорду чыныгы көлөмүнөн он эсе башкача көрсөткөн. Ал тургай, Геккель айырмачылыктарды жашыруу үчүн түрлөрдүн ысымын айтуудан качынып, бир даана түрдү бүт бир айбан тобунун өкүлүндөй көрсөткөн. Ричардсон менен командасынын айтышы боюнча, чынында бир-бирине абдан окшош болгон балык түрлөрүнүн эмбриондорунда дагы көрүнүшү жана өрчүү баскычтары жагынан абдан чоң айырмачылыктар бар. Ричардсон «(Геккельдин сүрөттөрү) биологиядагы эч чоң көз бойомочулуктардын бириндей көрүнөт» дейт.[95]

2000-жылы мартта Гарвард университетинен эволюционист палеонтолог Стивен Джей Гоулд болсо бул көз бойомочулукту көптөн бери билгенин айткан. Бирок дажжал системасынын бир талабы катары унчукпоо жолун тандаган.[96] Сүрөттөрдүн бир көз бойомочулук экенин коомчулук билген соң Гоулд бул сүрөттөрдү дагы эле колдонуунун илимий жактан кылмыш экенин айтып, мындай деген:

Менимче, заманбап окуу китептеринин көпчүлүгүндө болбосо да көп бөлүгүндө бул сүрөттөрдүн дагы эле орун алышына мүмкүнчүлүк берген акылсыз бир артка кайтуу доорунан улам таң калышыбыз да керек, уялышыбыз да керек.[97]

Геккельдин көз бойомочулугу ушунчалык ачык жана ушунчалык чоң болгондуктан, Геккель беш профессор тарабынан көз бойомочулук жасады деп айыпталган жана Йенадагы университет соту тарабынан кылмышкер деп табылган.[98]

Англия табият тарыхы музейинен Сэр Гевин де Беер болсо бул чоң илимий уятка мындайча токтолгон:

Оңой, тартиптүү жана ынандырарлык, сын-пикирдик бир изилдөө жасалбастан,

көп массалар тарабынан кабыл алынган Геккельдин «рекапитуляция теориясы» сыяктуу абдан сейрек пикир илимге мынчалык чоң зыян берген эмес.[99]

Геккельдин бул жасалма сүрөттөрү негизи дарвинисттер жагынан максатына жеткен. Бул сүрөттөрдүн бир илим көз бойомочулугу экени айтылса да, көп адамдар бул жасалма сүрөттөрдү чындык деп ойлоп терс таасирленип, илимий жараксыздыгына карабастан мектептердеги билим берүү адамдын жандыктарга болгон жалпы көз-карашын терс тарапка өзгөрткөн. Creation Research Society (Жаратылууну изилдөө уюму) жана Institute of Creation Research (Жаратылууну изилдөө институту) уюмдарынын куруучусу Генри М. Моррис (Henry M. Morris) муну мындайча баалаган:

Дарвинден – жана өзгөчө Фрейдден – баштап психологдор адамды эволюциялашкан бир айбан деп ойлошкон жана кыймыл-аракет проблемаларын айбандык бир негизде баалашкан. Адам проблемаларын карап жатканда, маймылдарга жана башка айбандарга (ал тургай курт-кумурскаларга) жасалган эксперименттер жол көрсөткүч катары колдонулган.

Бир топ мурда илимий жактан жараксыздыгы далилденгенине карабастан, рекапитуляция теориясынын ачуу мөмөлөрү коомдун көп тармактарында жайылып баштады...[100]

Илимий мааниде бир уят деп сыпатталган, кээ бир эволюционисттер тарабынан да бир далил катары көрсөтүлүшү таң калуу менен кабыл алынган Геккельдин жасалма сүрөттөрү таң калыштуу абалда ар кайсы окуу китептеринде ордун сактап келатат. Бул таң калыштуу көрүнүш дарвинизм алдамчылыгынын кандай масштабга жеткенин көрсөтөт. Калифорния университетинен молекулярдык биолог Джонатан Уеллс бул жөнүндө мындай дейт:

Көптөгөн окуу китеби Геккельдин сүрөттөрүнүн бир аз башкачараак жаңы версияларын колдонууда. Мунун бир мисалы Peter Raven менен George Johnson'дун Biology аттуу китебинин 1999-ж. басылмасы...

Башка бир мисал Cecie Starr менен Ralph Taggart'тын 1998-жылы чыккан The Unity and Diversity of Life (Жашоонун бирдейлиги жана көп түрдүүлүгү) аттуу китеби. ... James Gould менен William Keeton'дун Biological Science (Биология илими) аттуу китебинин акыркы басылмасында болсо мындай сүйлөм орун алган: «Дарвинди эволюция пикирине алып барган эмбриологиялык бир чындык – бул көпчүлүк омурткалуунун алгачкы этаптагы эмбриондорунун бир-бирине окшошушу.» Burton Guttman'дын 1999-жылы чыккан Biology окуу китеби болсо Геккельдин эмбрион сүрөттөрүнүн кайра сызылган жаңы версиясын мындай аталыш менен берген: «Бир жаныбардын эмбриологиялык өрчүшү анын аталарынын түзүлүшү жөнүндө ишарат берет.»[101]

Геккельдин жасалма сүрөттөрүнүн дагы эле биология окуу китептеринде эволюцияга бир далилдей колдонулушу, албетте, жөнөкөй бир жаңылыштык эмес. Жасалма болгонуна карабастан бул сүрөттөргө окуу китептеринен атайын орун берилүүдө. Мунун, албетте, эң негизги себеби – бул жасалма сүрөттөрдүн дарвинизмдин

негизги пикирине, б.а. «адам жоопкерчиликсиз бир айбан» деген калпка маанилүү бир жасалма далил болушунда. Джонатан Уеллс дарвинист илимпоздор атайылап жактоосун уланткан бул калп жөнүндө мындай дейт:

Геккельдин эмбриондору Дарвин теоремасына ушундай күчтүү бир «далил» сунгандыктан, ал эмбриондордун бир версиясы дээрлик эволюция жөнүндөгү ар бир окуу китебинде бар. Бирок, биологдор Геккельдин сүрөттөрдү оюнан чыгарганын бир кылымдан ашуун убакыттан бери билишет; омурткалуулардын эмбриондору ал көрсөткөндөй окшош көрүнбөйт эч качан. Ал тургай, Геккель «алгачкы» деп атаган этап чынында өрчүүнүн ортосу; ал апырткан окшоштуктардан мурдакы өрчүү этаптарында күчтүү айырмачылыктар байкалат. Төмөнкүнү биология китептеринен үйрөнө албайсыз: Дарвиндин «эң күчтүү биринчи класс далили» - далилдин бир теорияга туура келиши үчүн кандайча бурмаланышы мүмкүн экендигинин классикалык бир мисалы.[102]

Дажжал пландаган бир калптын бузуку бир теорияга жасалма далил катары сунулушу жана натыйжалуу болушу дарвинисттерди кыска убакытка «кубантса» дагы, негизи бул дарвинисттер үчүн бир кыйроонун кабарчысы. Геккель сызган сүрөттөр менен адамдар даражалуу бир илимпоздун дарвинизм үчүн канчалык чоң көз бойомочулуктар жасаарын көрүштү. Бул мисал менен дарвинизмдин дайыма бир калпка муктаж экени дагы бир жолу далилденди. Эволюционист илимпоздордун көз бойомочулукту кантип көрмөксөн болушу мүмкүн экени апачык көрүлдү. Геккельдин көз бойомочулугу жаратылуу алдында эволюция теориясынын, дажжал системасынын жок болгондугунун дагы бир маанилүү далили. 20-кылымда бул көз бойомочулуктун ачыкка чыгышы үн-сөзсүз тосуп алынган болушу мүмкүн. Бирок 21-кылым ушул жана ушул сыяктуу көз бойомочулуктар апачык ортого коюла турган жана чыныгы илимий далилдер көрсөтүлө турган кылым. Көз бойомочулуктар ачыкка чыгарылган сайын жана чыныгы илимий далилдер келген сайын дарвинизмдин кыйрашы дагы, албетте, даанараак көрүнүүдө.

## 16. Аттын эволюциялык катары бир көз бойомочулук

1879-жылы ошол учурдун таанымал эволюционисттери арасынан эки ысым «аттын эволюциясы» сценарийине далил катары көрсөтүүгө аракет кылынган жандыктар менен байланыштуу изилдөөлөрдү алга жылдырып, дарвинисттер көп жылдар бою жарыялай турган ат катарын түзүштү. Америкалык фоссил изилдөөчү Гофониил Чарльз Марш менен Томас Гексли (Дарвиндин бульдогу деп да эскерилет) кээ бир туяктуу фоссилдерди арткы жана алдыңкы буттарындагы тырмактарынын санына жана тиш түзүлүшүнө карап тизүү менен бир схема түзүштү. Мурдараак Сэр Ричард Оуэн тарабынан 1841-жылы *Hyracotherium* деп аталган кичинекей бир сүт эмүүчү фоссили эволюцияны эске сала турган абалда кайрадан аталып, «таңкы ат» маанисине келген *Eohippus* деген атка ээ болгон эле. Пикирлерин схемалары менен бирге *American Journal of Science* аттуу журналда жарыялаган бул экөө бир кылым бою музей жана окуу китептеринде *Eohippus*'тан азыркы аттарды көздөй катарга тизилген –«эволюциянын»

далили катары көрсөтүлө турган- катардын негизин түзүшкөн. Бул «катардын» этаптары катары көрсөтүлгөн маанилүү категориялар *Eohippus, Orohippus, Miohippus, Hipparion* жана аягында азыркы ат *Equus* эле.

Бул ойдон чыгарылган катар кийинки кылым бою аттын «эволюциясына» эң чоң далил катары көрсөтүлдү. Тырмак санынын азайышы, көлөмү боюнча болсо кичинеден чоңду көздөй кетүүчү тартиптүү өсүш эволюционисттерди ынандыруу үчүн жетиштүү болгон.

Кыска убакыттан соң ат катарынын ичинде парадокстор чыгып баштады. Жасалган казуулардан чыккан жана жасалма ат катарына кошууга аракет кылынган жаңы фоссилдер маселе жаратты. Себеби фоссилдердин орду, жашы, тырмак саны сыяктуу өзгөчөлүктөр бир-бирине карама-каршы абалды пайда кылып, катарды бузуп баштаган. Ат катары бул жаңы табылгалар тарабынан логикасыз жана маанисиз бир фоссил жыйындысына айланды.

Убакыттын өтүшү менен көп дарвинист аттын эволюциясы сценарийинин чыныгы далилдерге таянбаганын кабыл алууга мажбур болду. 1980-жылы ноябрьда Чикаго табият тарыхы музейинде 150 эволюционист катышкан, төрт күнгө созулган жана баскычтуу эволюция теориясынын маселелери талкууланган бир конференция жасалган. Конференцияда сөз сүйлөгөн эволюционист Бойс Ренсбергер (Boyce Rensberger) аттын эволюциясы сценарийинин фоссил калдыктарында эч таянычы жок экенин жана аттын баскычтуу эволюцияланышы сыяктуу бир процесстин эч болбогонун мындайча айткан:

Болжол менен 50 миллион жыл мурда жашаган төрт тырмактуу, түлкүдөй чоңдуктагы жандыктардан азыркы чоң, бир тырмактуу атты көздөй бир катар баскычтуу өзгөрүү болгонун айткан белгилүү аттын эволюциясы мисалынын жараксыз экени көптөн бери белгилүү. Баскычтуу өзгөрүү ордуна, ар бир түрдүн фоссилдери бүтүндөй айырмалуу абалда пайда болуп, өзгөрбөй турууда жана кийин тукум курут болууда. Ортоңку формалар белгисиз.[103]

Аттын «эволюциясы» жана бул жасалма аттын эволюциясы схемасындагы башка бир логикасыздык болсо убакыт белгилөө проблемасы. Доктор Николас Комninеллис бул жөнүндө мындай дейт:

Аттын эволюциясы долбоорундагы башка бир тоскоолдук болсо – бул убакыт белгилөө логикасыздыгы. Эволюция теориясы бир түр ошол абалдагы жашоого жакшыраак адаптация болгону үчүн башка бир түргө эволюциялашууга тенденциялуу болот деген түшүнүккө таянат. Бул баштапкы түрдүн жок болушуна алып келет. Аттар мисалында 3 туяктуу түр бир туяктуу түрдөй ден-соолукта болбошу керек эле. Эволюция түрлөр арасындагы өтүүнүн ишке ашышы үчүн миллиондогон жылды талап кылат; баштапкы түрдүн жоголушу үчүн көп убакыт болот.

Бирок биз азыр жалгыз туяктуу жана үч туяктуу түрлөрдүн Түндүк Америкада чогуу жашаганын билебиз. **Ат түрлөрүнүн бир учурда бар болгону эволюция теориясынын түшүндүрмөсүнө бүтүндөй карама-каршы. Буга кошумча *Hyracotherium, Miohippus* менен *Equus* арасындагы кайып ортоңку**

**звенолор эч табыла алган эмес.** Эволюцияга колдоо болуу мындай турсун, аттын тарыхы көбүрөөк атайын жаратылууга туура келет – азыркы кемчиликсиз жандыктар бир учурда жаратылышкан.[104]

Аттын эволюциясы сценарийинин жараксыздыгы апачык белгилүү болгонуна жана мунун дарвинисттер тарабынан да кабыл алынганына карабастан, бул ойдон чыгарылган катар башка дарвинисттик көз бойомочулуктар сыяктуу дагы эле кээ бир дарвинист китеп жана окуу китептеринде колдонулууда. Бул катар чындыктай сунулууда, ал тургай дүйнөгө таанымал палеонтологдор жана илимпоздор башкарган табият тарыхы музейлеринде апачык көргөзүлүүдө. Дүйнөнүн эң белгилүү музейлеринин бири Америка табият тарыхы музейинин мүдүрү эволюционист палеонтолог Др. Найлс Элдридж өз музейинде көргөзмөдө турган ат катары жөнүндөгү эволюционист пикирлердин ойдон гана чыгарылганын болжол менен 20 жыл мурда кабыл алган эле. Элдридж бул спекуляциялык катардын окуу китептерине кире турган абалда илимий бир чындыктай көрсөтүлүшүн да сындаган:

Окуу китептерине тынчсыздандыра турган санда көп нерсенин чындыктай көрсөтүлүп киргенин мойнума алам. Мисалы, мунун эң белгилүү мисалы 50 жыл мурда даярдалган жана дагы эле ылдыйкы кабатта көргөзмөдө турган аттын эволюциясы катары. Бул сансыз окуу китебинде талашсыз чындыктай көрсөтүлгөн. Мен бүгүн муну өкүнүчтүү деп ойлойм, себеби мындай аңгемелерди чыгарган адамдар булардын [фоссилдердин] бир бөлүгүнүн спекуляциялык табиятынан түздөн-түз кабардар деп ойлойм.[105]

Дарвинист Элдриджин сөзү абдан туура. Атайылап бурмалоолор дажжалияттын маңызы болгондуктан, бул системаны кармангандар дагы алдамчылыкты колдонушууда. Жогорудагы бүт мисалдар дарвинизм алдамчылыгынын бүтүндөй ашкере болгон, жасалмалыгы дарвинист илимпоздор тарабынан да мажбурлуу түрдө кабыл алынган чоң мисалдар. Бул мисалдар дажжалият системасынын ички тарабын көрсөтүү үчүн жетиштүү. Бирок негизи төмөнкүнү эске салуу пайдалуу: эволюция теориясы, б.а. дарвинизм идеологиясы Аллахты жокко чыгаруу максатын көздөгөн бир калпты негиз тутат. Ошондуктан дарвинизм айткан ар бир пикир, ар бир сунуш, ар бир далил калп. Бүгүнкү күнгө чейин сиз уккан бардык «эволюцияга далил табылды» сөздөрүнүн, «жандыктар эволюциялашты», «адамдын шимпанзе менен орток аталары» сыяктуу сөздөрдүн бардыгы калп. Дарвинисттер бир калпты жакташат. Мунун себеби алардын дажжал системасына болгон логикасыз моюн сунуу жана жакындыгы, Аллах ишеними менен күрөшүү үчүн гана жалган дарвинизм динине болгон эч далилсиз бекем жакындыгы.

Бирок чынында алар жалган бир ишенимдин, чоң бир жаңылыштыктын ичинде. Бүт нерсенин Ээси жана Жаратуучусу Улуу Аллах аяттарында мындайча буюрат:

**Ким Исламдан башка бир дин издесе, эч качан андан кабыл кылынбайт. Ал акыретте да утулгандардан. (Али Имран Сүрөсү, 85)**

**Кабарыңар болсун; күмөнсүз асмандардагы, жердегилердин баары Аллахтыкы. Аллахтан башкага сыйынгандар да шерик кошкон нерселерди жана күчтөрдү (чынында) ээрчишпейт. Алар болгону күмөндөрүн ээрчишет жана алар болгону «күмөн жана болжоо менен жалган сүйлөшүүдө.» (Йунус Сүрөсү, 66)**

# ЖАЛГАН БИР ДИН: ДАРВИНИЗМ

Дарвинизмдин тарыхын изилдегенде абдан анык чындыктарды көрөбүз:

- дарвинизм илимий далилденген эмес, тескерисинче илимий далилдер тарабынан калпка чыгарылган.

- мына ушул себептен дарвинизм көз бойомочулуктар менен сактап калууга аракет кылынган.

- дарвинисттик көз бойомочулуктарды дарвинист илимпоздор көрмөксөн болушкан.

- жасалма фоссилдер жасалма экени бети ачылган соң дагы көп жылдар бою музейлерде эволюция далили катары көргөзмөдө турган.

- дарвинист илимпоздор, көз бойомочулуктардын чыныгы жүзүн билип туруп, окуучуларына алардын баарын эволюцияны далилдеген илимий далилдей окутушкан.

- дарвинизмди калпка чыгарган, жаратылууну далилдеген илимий чындыктар дарвинист илимпоздор тарабынан жашырууга аракет кылынган. Фоссилдердин жашырылышы мунун эң чоң далили.

- дарвинизм адамдарга «адам бир айбан гана» деген пикирди берүүгө аракет кылып, бул үчүн жасалма эмбрион сүрөттөрүн тартууга да кол узаткан.

- дарвинизм жандыктарды жогорку бир Жаратуучу жаратканын жокко чыгаруу үчүн кокустуктардын «кереметтерди» жасаарына адамдарды ишендирүүгө аракеттенген. (Аллахты аруулайбыз.)

Көз бойомочулукка чейин барган мындай таң калыштуу аракеттин себеби эмнеде? Дарвинисттер илимий чындыктар берген тууралaрды кабыл алуу жана дарвинизмден баш тартуунун ордуна эмне үчүн мындай кыйын бир жолго киришти экен? Илимий жактан эволюция теориясын далилдөө мүмкүн эмес экени анык бир чындык болгонуна карабастан, эмне үчүн бул теорияны тастыкталгандай көрсөтүүгө аракет кылышып, эмне үчүн пропаганда, көз бойомочулук жана алдамчылыктарга мынча көп убакыт, эмгек коротушууда? Дарвинист илимпоздор уят болушаарын, көз бойомочу аталышаарын билип туруп, эмне үчүн өжөрдүк менен эволюция үчүн калптарды чыгарып, буларды мектеп, университеттерде окутушту экен?

Булардын баарынын бир гана жообу бар: дарвинизм илим эмес. Дарвинизм бузуку бир дин. Бош жана жалган бир ишеним системасы. Көз бойомочулукту негиз туткан бир идеология. Дарвинисттердин бүт мындай аракеттеринин себеби – бул алардын бул

бузуку динге болгон сокур жакындыгы жана жалган ишенимин болгон күчү менен сактап калуу каалоосу. Дарвинисттердин ою боюнча, бул үчүн колдон келгендин баарын кылуу керек. Эгер бул жалган дин ташталса, дарвинисттер бүт жандыктарды Аллах жаратканын кабыл алышат жана жалган диндерин таштаган болушат. Муну бузуку дарвинист мээлер эч кабыл ала албайт. Чынында болсо Аллахтын бар экенине жана жалгыздыгына ишенүү жана Аллах сүйүүсү адамдарга чоң кубаныч берет. Аллахка ыйман (ишенүү) адамдын акылын жана түшүнүү күчүн эсе эсе көбөйтүүчү, рухун абдан тереңдетүүчү чоң бир жакшылык. Дарвинисттердин өздөрүнүн төмөн акылдары менен Аллахтын бар экенин жокко чыгаруу үчүн колдонгон ыкмалары болсо аларды бир гана байкуштукка, максатсыздыкка, көз бойомочулукка жана логикасыздыкка түртүүдө.

150 жылдан бери дарвинизм үчүн уланып келе жаткан калптардын, жасалма фоссилдердин, жасалма сүрөттөрдүн, клейленген көпөлөк сүрөттөрүнүн, жасалма эмбрион схемаларынын, илимий баркы жок жасалма реконструкциялардын, 70 жыл бою жашырылган кембрий жандыктарынын, 40 жыл бою көргөзмөдө турган жасалма баштардын, кээ бир окуу китептеринде дагы эле орун алып келе жаткан көз бойомочулуктардын себеби мына ушунда. Жалган эволюция динин тутунгандар бул жалган динди сактап калуу үчүн илимди эмес, алдамчылыкты колдонууну тандашат. Дарвинист илимпоздор арасында үн-сөзсүз, бирок бир ооздон бул көз бойомочулук уланууда. Француз биолог дарвинист Пьер-Поль Грассе бул чындыкты мындайча мойнуна алган:

Бул алдамчылык кээде билбестен жасалат, бирок дайыма эмес. Себеби кээ бир адамдар жамаатчылыгынан улам атайылап чындыктарды байкамаксан болушат жана өз ишениминин жетишсиз жана туура эмес экенин кабыл алышпайт.[106]

Дарвинист Пьер-Поль Грассенин бул моюнга алуусу дарвинист чөйрөлөр арасындагы бир жашыруун келишимди көрсөтөт. Дажжал системасы боюнча, дарвинизмди эч качан жокко чыгаруу мүмкүн болбогондуктан, көз бойомочулуктар, алдамчылыктар жана калптар байкамаксан болунушу керек.

Дарвинисттер кээде дарвинизмди дин катары кабыл алышканын да моюнга алышат. Мунун кээ бир мисалдары төмөнкүдөй (Аллахты арууулайбыз):

**«Бир киши ал көз-караш атеизмден айырмасыз болсо гана, эволюцияга туура келген бир диний көз-карашта боло алат.»**[107] Эволюция биологу жана генетик атеист Уилл Провайн.

**«Эволюция ... атеисттердин өздөрүн коргошуна көмөкчү болот жана алардын жаратуучусуз бир эволюция «динине» туура келет.»**108 Эволюция биологу атеист Ричард Доукинс.

**«Негизи эволюция бир жагынан караганда илимий динге айланды. Дээрлик бүт илимпоздор муну кабыл алышат жана алардын көпчүлүгү өз байкоолорун ага туура келтирүү «тенденциясы» ичинде болууга даяр.»**[109] Манчестер университети физика профессору дарвинист Х.С. Липсон.

**«Менин 40 жылдан ашуун убакыттан бери уланган эволюцияны эксперимент**

**аркылуу көрсөтүү аракеттерим бүтүндөй ийгиликсиз болду... Эволюция пикири ишенимге гана таянууда!»**110 Бүт карьерасын жандыктар арасында жасалма бир «эволюция» кыла алуу үчүн короткон Лунд университетинен белгилүү илимпоз Хериберт Нильссон.

**«Табигый тандалуу мыйзамдары, менимче, илим эмес. Бул бир идеология, болгондо да жаман бир идеология жана биздин жашоонун тарыхын ачык түшүнө алуу жөндөмүбүзгө тоскоол болот. Бир-бирибизге толеранттуулук менен кароо жөндөмүбүзгө тоскоол болгон сыяктуу.»**111 Швейцария Федералдык технология институтунан геофизика адиси дарвинист Кеннет Хсу.

**«Мени мунун күбөсү, бул теманын адвокатындай көрүшсө жана менден мындай деп сурашса «Др. Доукинс, эволюцияга болгон ишенимиңиз, эволюция жөнүндөгү изилдөөлөрүңүз сизди атеизмге айланттыбы?» Буга «ооба» дешке мажбурмун. ... Мен сыяктуу адамдар эволюция лоббиси үчүн жаман кабар сыяктуу. Бирок мен бул темада, бул багытта сүйлөгөн адамдардын баарынан бир топ ачык сүйлөймүн.»**[112] Ричард Доукинс.

Дүйнөгө белгилүү дарвинисттердин бул моюнга алуулары, албетте, маанилүү бир чындыкка ишарат кылууда. Дарвинисттер жактаган идеологиясынын бир калп экенин билип туруп, орток, үн-сөзсүз бир тил колдонушуп, бул көз бойомочулукту чогуулай улантышууда. Кээ-кээде жасаган моюнга алуулары болсо жалган дарвинизм динине болгон жакындыгы жагынан эч нерсе өзгөртпөй, бул система 150 жылдан бери кандай болсо ошол бойдон уланып келатат. Атайылап жасалган көз бойомочулуктар түгөнбөй, жалган дарвинизм динин сактап калууну көздөгөн бул калптар токтобоодо.

1998-жылы өлгөн жана бүт өмүрүн бул жалган теорияга тараптар болуу менен өткөргөн Англия Табият тарых музейинин даражалуу палеонтологу Колин Паттерсондун төмөнкү моюнга алуусу дарвинисттердин алдамчылыгын көрүү жагынан маанилүү.

Он жылдан ашуун бир убакыттан бери эволюция жөнүндө изилдөө жасадым деп ойлодум... (Бирок) Бул жөнүндө бир нерсе дагы билбейт элем... Акыркы бир канча жумадан бери ар кайсы адамдарга жана ар кайсы топторго жөнөкөй бир суроо узатып көрдүм. Суроо мындай эле: «Эволюция жөнүндө сиз туура деп билген бир нерсе, кандайдыр бир нерсе айта аласызбы?» Бул суроону Field табият тарых музейинин геология кызматкерине да узаттым жана алган жалгыз жообум терең бир жымжырттык эле. Ушул эле суроону эволюциянын эң престиждүү бөлүгү болгон Чикаго университети Evolutionary Morphology Seminar'дын (Эволюциялык морфология семинары) мүчөлөрүнө да узаттым жана алган жообум кайра эле узун бир жымжырттык эле. Аягында араларынан бирөө төмөнкү жоопту берди: «Ооба мен бир нерсе билем – бул мектептерде окутулбашы керек.»[113]

Колин Паттерсондун бул моюнга алуусу дарвинисттердин апачык билген бир чындыкты өмүр бою жашырып, бейкапар гана бир калпты жактап жүрүшкөнүн апачык көрсөтүүдө. Эволюция теориясынын калп экенин негизи бүт илим чөйрөлөрү билишүүдө. Эволюциянын «мээлерди чайкоо» максатында мектептерде окутулуп

жатканын, эволюция жөнүндө чыккан кабарлардын алдамчылык экенин, жасалган конференциялардын, чыккан китептердин, эволюция тараптары сансыз журналдын негизи пропаганда максатын көздөгөнүн баары билишет. Дарвинисттердин баары табият тарыхы музейлеринде көргөзмөдө турган фоссилдердин эволюцияга эч далил болбошун билишет. «Эволюцияга жаңы бир далил табылды» кабарларынын ойдон чыгарылган, журналдарда жана гезиттерде чыккан эволюция сүрөттөрүнүн болсо жасалма экенин билип турушат. Бирок булардын баарын билмексен болушат. Бир-бирине бул көз бойомочулуктарды баяндап жатканда илимий сүйлөп жаткандай көрүнгөнгө аракет кылышат. Бирок негизи баары ойдон чыгарылган жана жасалма бир идеологияны колдоп жатышканын билишет.

Бүт булардын себеби – эволюциянын бир ишеним системасы, бузуку бир дин болушу. Эволюциянын илим менен эч байланышы жок. Дарвинизм дажжал согушунун бир талабы катары жакталууда. Дарвинизмди жактаган бүт илимпоздор негизи байкабастан дажжалдын башкаруусу астында жүрүшөт.

Флорида штаты университетинен философия профессору дарвинист Майкл Руз (Michael Ruse) жалган дарвинизм динине мындайча аныктама берет:

Эволюция жактоочулары тарабынан бир илимден бир топ аркы бир нерсе катары колдоого алынды. Эволюция бир идеология, секулярдык бир дин катары жарыяланды – маани жана адеп-ахлак жагынан Христиандыкка альтернатива болгон оппозиционер бир дин катары... Эволюция бир дин. Бул башындагы эволюцияда да ушундай жана азыркы эволюцияда да дагы эле ушундай.[114]

Америкалык астроном, физик жана космолог Роберт Джастроу (Robert Jastrow) болсо дарвинисттердин сокурдук менен дарвинизмге жабышышы жөнүндө мындай дейт:

Балким жер бетиндеги жашоонун пайда болушу бир кереметтир. Илимпоздор бул көз-карашты кабыл алгылары келет, бирок альтернативалары чектүү. Же жашоо илимий түшүнүктүн сыртындагы бир заттын каалоосу менен жер бетинде жаратылган же болбосо биздин планетабыздагы жансыз заттарда пайда болгон химиялык реакциялар аркылуу өзүнөн-өзү пайда болгон.

Биринчи көз-караш жашоонун келип чыгышы темасын илимий изилдөөлөрдүн аркы жагына багыттайт. Бул илим мыйзамдарынан көз-карандысыз Улуу Заттын күчүнө болгон ишенимди билдирет. Экинчи теория дагы бир ишеним кыймылы. Бул ишеним кыймылы болсо жашоонун келип чыгышынын илимий көз-карашы туура дегенге таянат. Бирок бул ишенимди колдой турган бир дагы конкреттүү далил болбостон.[115]

Роберт Джастроу бул саптарда айткандай, дарвинизм бир ишеним катары кабыл алынууда, бирок бул жалган бир ишеним жана илимий эч бир табылга муну колдобойт. Дарвинизмди илимий көз-караш ортого койгон жалгыз альтернатива, жаратылууну болсо илимден аркы бир ишеним катары көрүү болсо материалисттик ой жүгүртүүнүн бир жаңылыштыгы жана калпы. Илим көрсөткөн чындык – бул жаратылуу. Жандыктарды жогорку жана кудуреттүү бир Акылдын, б.а. Улуу Аллахтын жаратканы илимий ачылыштар менен дагы бир жолу тастыкталды. Дарвинизмдин пикирлери болсо илимдин

бүт тармактары тарабынан калпка чыгарылды. Ошондуктан илимге ишенген бир адам дарвинизмди жакташы керек деген көз-караш чындыкка жатпаган олуттуу бир жаңылыштык.

Дарвинизмдин бир илим эмес, жалган бир дин экенин билүү жана түшүнүү, албетте, абдан маанилүү. Ушундайча эң башта дарвинизмдин дүйнөнү алдашынын идеологиялык бир себеби бар экени түшүнүктүү болот. Теория чыккандан бери дарвинизм үчүн жасалган ар эмгек, бул багытта жасалган ар бир кадам, алданган ар бир адам дарвинизм идеологиясынын бир бөлүгү болгон. Дарвинизмдин окуу китептеринен орун алышы, бүт дүйнөгө жайылышы, дээрлик бүт илимий журнал, гезит жана телевизор программаларынын жалгыз темасы болушу катардагы бир окуя эмес. Бул негизи абдан коопту. Адамдар бул жалган диндин таасири менен бир-бирин айбандай көрүшүп, күчтүүнүн алсызды эзишин кадыресе кабыл алышып, адамды Аллах алдында эч жоопкерчилиги жок, кокустан пайда болгон бир жандыктай көрүп башташууда. Жалган дарвинизм дининин натыйжасында келип чыккан согуштар, басып алуулар, уруштар; коммунизм, капитализм, фашизм сыяктуу бузуку идеологиялар; дүйнөнүн көп өлкөсүндө дагы эле уланып жаткан анархия менен террор бул коркунучтун масштабын апачык көрсөтүүдө.

Дарвинизмдин дайыма пропагандаланышы жана бүт дүйнөгө жайылтууга аракет кылынышынын Аллах ишенимине каршы жүргүзүлгөн бир күрөш экенин унутпаш керек. Бул бузуку идеология адамды Аллах алдындагы жоопкерчилигинен алыстатуу жана акыретти унуттуруу максатын көздөйт. Өзүн Аллах алдында жоопкерчиликсиз сезген жана акыретке ишенбеген бир адамдын болсо, албетте, башкаларына зулумдук кылышы, башкаларды таш боордук менен эзиши, күчтүү болуш үчүн ар түрдүү жамандыкты кадыресе көрүшү, өзүмчүл болушу, урушту өнүгүүнүн жолу катары көргөндүктөн согуш каалашы, массаларды жок кылышы, башка этникалык топторго геноцид жасашы таң калыштуу эмес. Бүгүн жогорку класста окуган өспүрүмдөр дагы колдоруна курал алып, мектептерге кол салып, ондогон адамды аткан соң, дарвинисттик логиканын мээлерин кантип уулаганын ачык айтышууда. Башкаларды «элениши» керек болгон бир айбан катары көргөнүн жашырышпоодо. Жалган дарвинизм дини мына ушундай коркунучтуу жана бузуку бир ишеним.

Ошондуктан жалган дарвинизм динин жана дарвинизмдин дүйнөнү алдашын карап жатканда, бул чындыктарды унутпаш керек. Дарвинисттер дүйнөнү алдап жатканда колдонгон тымызын ыкмалардын илим менен, далилдениши керек болгон кандайдыр бир илимий теория менен байланышы жок экенин эске алыш керек. Жалган дарвинизм дининин калкты пландоо үчүн ачарчылык, оору жана согуштар керек деген Мальтустун пикирлеринен таасирленип калыптанганын, бүт оорулуу менен майыптар өлтүрүлүшү керек деген евгеника пикиринин негизи экенин, массаларды өлүмгө түрткөн фашист жана коммунист диктаторлордун түпкү таянычын түзгөнүн, биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарда он миллиондогон адамдын өлүмүнө себеп болгонун жана учурда бүт дүйнөдө жана өзгөчө өлкөбүздө уланып жаткан террор балээсинин жалгыз булагы

экенин унутпаш керек. Учурда дүйнөдөгү бүт каргашалардын, дин ахлагына каршы жасалган иш-аракеттердин, коммунист жана фашист агымдардын, кол салуу, киши өлтүрүү жана террор окуяларынын да себебинин ушул логика экенин дайыма эсте тутуу зарыл. Дарвинизм илим үчүн пайда болгон күнөөсүз бир теория эмес; массаларды бузулууга, атеизмге, жоопкерчиликсиздикке, согуштарга, кекенүү жана зомбулукка түрткөн заманыбыздын эң чоң балээлеринин бири.

Жалган дарвинизм дининин жактоочулары канчалык көз бойомочулук менен бир жайылуу саясатын жүргүзүшсө дагы, Аллахтын улуу кудуретине каршы күрөшкөндөрдүн баары сөзсүз ачыкка чыгат жана жеңилүүгө дуушар болот. Учурда дарвинисттер дарвинизмдин ушул тарыхый кыйрашына күбө болуп, муну уялуу менен карап турушат. Дарвинисттер бүт күчтүн Аллахка тиешелүү экенин, бүт тузактардын сөзсүз бузулуп жок боловрун толугу менен түшүнгөн эмес болушу мүмкүн, бирок Хакка каршы курулган ар бир жалган тузак сөзсүз жер менен жексен болот. Улуу Раббибиз аятында бул чындыкты мындайча билдирет:

**Алар (ишенбегендер) бир план курушту. Аллах да (буга каршы) бир план курду. Аллах план куруучулардын эң жакшысы. (Али Имран Сүрөсү, 54)**

# 3-БӨЛҮМ

# ДАРВИНИСТТЕРДИН ДҮЙНӨНҮ АЛДОО ЫКМАЛАРЫ

Дарвинисттик алдоо ыкмасынын эң ачык аныктамасын өзү дагы бир дарвинист болгон жана киши өлтүрүүлөрүн дарвинизмден илхам алып жасаган 20-кылымдын эң заалым диктатору Адольф Гитлердин пропаганда министри Йозеф Геббельстин (Joseph Goebbels) төмөнкү сөздөрүнөн түшүнө алабыз:

Эгер бир калпты болушунча көпкө, болушунча бийик үн менен жана болушунча кайра кайра айтсаңыз адамдар ишенет. Адамдарды бир калпка ишендирүүнүн сыры калпты тынымсыз кайталоодо. Болгону кайра кайра, кайра кайра жана кайра кайра айтыңыз.[116]

Дарвинизмдин адамдарды алдоодо колдонгон ыкмасы мына ушул. Дарвинизм калпы ушунчалык бийик үн менен, ушунчалык көп, ушунчалык догматикалык бир ишеним менен айтылгандыктан, дүйнөдө көп адамдар изилдеп сураштырбастан эволюция теориясын туура деп ойлогон. Болгондо да бул темада массаларды алдоо апачык, белгилүү ыкмалар менен жасалганына карабастан, эч ким бул калпты жактаган илимпоздордон, бул калптын илимий журналдарга киришинен, окуу программасына киргизилип мектептерде окутулушунан күмөн санаган эмес. Бул илимпоздор «протеиндер кокустан ылай сууда пайда болду» деген калпты чыгарып, муну бийик үн менен, тараптарлары менен бирге, илимий сөздөрдү колдонуу менен кайра кайра илимий бир чындыктай айтышкан. Бир даана протеиндин пайда болуу ыктымалдыгынын нөл экенин билбеген адамдарга бул жомокту өжөрдүк менен кайталап, бир сыйкыр таасириндей таасир берип, аларды алдашкан. «Сансыз ортоңку форма фоссили бар» калпын жактаган дарвинист илимпоздор фоссил калдыктарынан кабарсыз адамдарга ушундай пропаганда жасагандыктан, адамдар көп жылдар бою сансыз фоссил тарабынан эволюция тастыкталган деп ойлошкон. Ал тургай, адамдар бул кызыктай пропаганданын таасирине киришип, маймылдан келгенбиз деген калпка ишенип, мектептерде муну окушкан жана аталарын кызыктай көрүнүштөгү, түктүү, маймылга окшош жандыктар болгон деп ойлошкон. Мунун эң негизги себептеринин бири мындай: дарвинизм калпы ачыкка чыкканга чейин адамдар «илимпоз чындыкты айтат» «биз илимий темаларды түшүнө албайбыз, илимпоздор эмне десе ага ишениш керек» деген жаңылыштыкта болушкан, ал тургай, алардын айткандарына ыйман келтиришип, бузуку бир ишеним системасын курушкан. Пайда болгон система бул туура эмес негизги отурган соң, эволюциянын жараксыздыгын талкуулоо да мүмкүн эмес бир даражага келген.

Бул маанилүү жана таң калыштуу бир чындык: дарвинист илимпоздор Дарвинден бери адамдарды алдашууда. «Илимпоз чындыкты айтат, анын айтканын талашпаш

керек» жаңылыштыгына таянган бул система адамдарды бир калпка ишенүүгө, ал тургай бүт жашоосун бул калпка жараша жашашына багыттаган. Ушундай чоң масштабдуу бир оюн ойнолгондуктан, илимий чындыктар адамдардан жашырылып, анын ордуна калп менен жасалмалар колдонулуп, алынган маалыматтар бурмаланып эволюция калпына тууралоого аракет кылынган. Эгер маалыматтар эволюция калпына туура келбесе же жашылырган же болбосо жок кылынган. Адамдар көп жылдар бою апачык жана заалымдык менен алданып, дарвинист илимпоздордон алган маалыматтарды чындык деп ойлошкон.

Дарвинизмдин тамырында материалисттик философияга болгон шартсыз көз-карандылык бар. Материализм жашоонун келип чыгышы жана ааламдын пайда болуу максаты менен байланыштуу заттан тышкаркы бүт жоопторду, эч бир илимий ачылышка таянбастан жокко чыгаргандыктан жана эволюция теориясы дагы жашоонун келип чыгышына жасалма бир түшүндүрмө сунгандыктан, материализм менен дарвинизм арасында тамырынан бир байланыш бар. Дарвинист илимпоздор ошол эле учурда материалист жана дарвинизмге көрсөтүлгөн колдоо негизи материализмди сактап калуу аракети. Мына ушул себептен дарвинисттердин оюу боюнча, эволюция теориясын кандай болсо дагы жактоо керек. Эволюция эгер болушунча күчтүү жакталбаса, эволюциянын калптары бүт мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп жашырылбаса, дарвинизмге каршы чыккандардын басым жана коркутуу ыкмалары менен оозу жабылбаса, дарвинизмдин жараксыздыгын көрсөткөн илимий далилдер тыкандык менен жаап-жашырылбаса, жалгыз жана абсолюттук чындык болгон «бүт нерсени, жан-жаныбарды Аллах жаратканы жөнүндөгү чындык» бүт адамзатка жайылып, материализм жок болот. Дарвинисттердин көп жылдардан бери эволюция калпын бийик үн менен жана өжөрдүк менен жакташынын себеби мына ушунда. Джонатан Уеллс бул жөнүндө мындай дейт:

... Дарвинизмди чындыктай көрсөткөн нерсе далил эмес, материалисттик философия. 1997-жылы Гарвард генетиктеринен Ричард Левонтин өзүнүн жана Карл Сагандын бир жолу дарвинизмди бир талкууда кантип жактаганын айтып берген эле: «чыгарган пикирлеринин кээ бир ашкере тантыктарына карабастан илимди жактадык ... Себеби эң башта бир жоопкерчилигибиз бар эле, материализм үчүн жоопкерчилигибиз.»[117]

Көңүл бурулган болсо, Левонтиндин сөздөрүндө маанилүү бир дарвинисттик адашуу дагы бир жолу көрүнүүдө. Левонтин «илим тараптары болгон үчүн эволюцияны жактоого мажбурбуз» деп айтууда. Чынында болсо, чын ниеттүү жана стереотипсиз бир көз-караш менен илимий табылгалар бааланганда, илим тараптарымын деген бир адамдын дарвинизмди жакташы мүмкүн эмес. Дарвинисттер көнүмүш адаты менен, «илим – бул дарвинизм» деген калпты жана догманы карманып, сөздөр аркылуу адамдардын аң-сезимине бул калпты сиңиришүүдө.

Дарвинисттер бул алдамчылык дайыма уланат деп ойлошкон. Бирок учурдагы абал көп деле алар ойлогондой жана алар күткөндөй эмес. Материалисттик философия кыйрап баратат. Дарвинисттердин оюндары бир-бирден белгилүү болду. Адамдар кантип

бир калпка, жасалма бир динге сокурдук менен ыйман келтирүүгө мажбурланышканын түшүнө башташты.

Швециялык эмбриолог Soren Lovtrup дарвинизм калпын мындайча айткан:

Бир күнү Дарвин мифинин илим тарыхындагы эң чоң алдамчылык катары өз ордун алаарына ишенем. Бул болгон күнү көп адамдар төмөнкү суроону узатат: «мындай нерсе кантип болду?»[118]

Адамдар чындап эле учурда дарвинисттер тарабынан алданып калуунун шогун сезип башташты. Дүйнөлүк масштабдагы бир оюндун бөлүгүнө айланышканын күн өткөн сайын жакшыраак түшүнүшүүдө. Жакынкы бир келечекте жалган дарвинизм дининин чыныгы жүзүн бүт дүйнө толук түшүнөт жана адамдар чындап алданганын таң калуу менен кабыл алышат. Бир калптан кутулган соң дарвинизм кирдеткен акыл менен абийирлери тазаланып, бүт нерселердин Аллахтын кереметтүү чыгармалары экенин түшүнүшөт. Дажжал системасы илимий-пикирдик жактан толук жок кылынат. Аллах аяттарында мындайча буюрат:

**Асмандардын жана жердин мүлкү Аллахка тиешелүү. Аллах бүт нерсеге кудуреттүү. Эч күмөнсүз, асмандардын жана жердин жаратылышында, түн менен күндүздүн алмашышында таза акыл ээлери үчүн чындыгында аяттар (белгилер) бар. (Али Имран Сүрөсү, 189-190)**

Дажжал системасы болгон атеист масондуктун кир оюну дарвинизмдин 1,5 кылымдан бери адамдарды алдаган тымызын ыкмалары кайсы? Дарвинисттер тымызындык менен, биргелешип кандай жасалма система менен бүт адамдарга колу жетип, бир калпты чындыктай көрсөтүшкөн? Дажжалдын сыйкыры кантип адамдарга мынчалык таасир берди? Бул сыйкырды натыйжалуу кылган көз бойомочу дарвинисттик тактикалардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

## 1. Дарвинизм менен материализм бүт жашоону «жөнөкөйдөй» көрсөткөнгө аракет кылат

Дарвинизм «сыйкыры» адамдарды ойлонуудан тосууга таянган. Дарвинисттер мына ушул себептен көзгө жана кулакка багытталган күчтүү пропаганда менен адамдарды алаксытууга аракет кылышат. Адамдарды сыйкырлоо менен аларды чындыктардан алыстатууну көздөшөт. Дарвинизмдин бул күчтүү сыйкыр пропагандалары натыйжасында көп адамдар ойлонуудан, изилдөөдөн, анализ кылуудан баш тартат жана алдына коюлган калп «илимий» түшүндүрмөлөргө кааласа, каалабаса баш ийет.

Бирок кызыгы адамдарды алаксыткан жана ойлонуудан тоскон кооздолгон пропагандалар негизи түпкүрүндө абдан жөнөкөй жана акылга сыйгыс бир логиканы камтыйт. Дарвинисттик китеп, журналдар бир клетканын пайда болушун сансыз илимий терминдерди колдонуп жүздөгөн бет толо түшүндүрүшү мүмкүн. Бирок кыскача алардын

айткысы келгени мындай: ылай суу + кокустуктар + убакыт = жашоо (жандыктар)! Коздолгон сөздөр, түшүнүү кыйын болгон оор латынча аныктамалар, татаал терминдер дарвинисттик пропаганданы жасоо үчүн мындай китеп, журналдарга атайылап кошулат. Бирок чынында дарвинисттик түшүндүрмөлөрдүн артында татаал, комплекстүү, түшүнүү кыйын болгон бир логика же түшүндүрмө эч жок.

PBS Nova TV каналынын "The Miracles of Life" даректүү тасмасынан бир бөлүм буга жакшы бир мисал болот:

Төрт жарым миллиард жыл мурда жаңы пайда болгон дүйнө космостук чаң жана бөлүкчөлөр жыйындысынан турат эле. Башында суулар тарабынан дээрлик толук көмүлгөн абалда эле. Күчтүү шамалдар атмосферадан **туш келди молекулаларды** чогултту. Булардын кээ бирлери сууларда топтолду. **Океандагы куюлуштар менен агымдар молекулаларды бир жерге чогултту. Жана бул илгерки океандын бир жерлеринде жашоо кереметти ишке ашты...** Алгачкы жашоонун алгачкы уюшкан формасы кичинекей бир протозоан эле (бир клеткалуу бир жандык). Миллиондогон протозоан илгерки сууларда бир жерге чогулушту. Бул алгачкы организмдер океан суусунан турган дүйнөлөрү ичинде өздөрүнө өздөрү жетиштүү эле. **Суудан турган бул чөйрөдө бактерия жана башка организмдер менен азыктанып жашашкан...** Бул бир клеткалуу жандыктардан жер бетиндеги жандыктар эволюциялашты.[119]

Бул кызыктай түшүндүрмөлөрдү көргөн көп адамдар клетканы түзгөн бир даана протеиндин кокустан пайда болуу ыктымалдыгынын $10^{950}$дөн 1, б.а. ыктымалсыз экенин билбей болуш керек, албетте. Бул кишилер биз жашап жаткан кереметтүү тең салмактуулук жана идеалдуулукка ээ планетада тең салмактуулукка таасир бере турган кандайдыр бир өзгөрүүнүн же пайда болуунун туш келди болуу ыктымалдыгынын $10^{1000}$ден жогору экенин, б.а. канчалык убакыт берилбесин эч мындай бир өзгөрүүнүн **болушу мүмкүн эмес экендигин** да билбейт болуш керек.[120] Бул көрүүчү жогоруда айтылган «жашоо кереметинин» болушу үчүн бир топ жогору ыктымалдыктардын ишке ашышы керек экенин жана мунун бир топ жогору ыктымалсыздыкта экенин да билбейт болуш керек. Мына ушул себептен бул ойдон чыгарылган сценарийди көрүү жана ага ишенүү бул жөнүндө маалыматы жок адамдар үчүн көп кыйын болбойт.

Бул PBS даректүү тасмасында дүйнөнүн пайда болушу, алгачкы клетканын пайда болушунун ойдон чыгарылган жомогу жана бул кыялдагы алгачкы клетка баштаган жандык түрлөрү ушунчалык жөнөкөй бир окуядай баяндалгандыктан, бүт булар бул жөнүндө көп ойлонгусу келбеген бир адамды ынандырууга жетиштүү болот. Бул адамдын алдына даяр бир маалымат келген. Бул киши кандай болсо дагы:

- бир протеиндин кокустан пайда боло албашын,
- андан соң экинчи, үчүнчү, төртүнчү, аягында бир миллионунчу протеиндин да ошол сыяктуу кокустан пайда болушунун ыктымалсыз экенин,
- ыктымалсыз болгонуна карабастан, кокустан пайда болду деп кабыл алсак дагы дүйнөнүн бир учунда «пайда болгон» алгачкы протеиндин башка учунда «пайда болгон» экинчи протеин менен биригишинин да ыктымалсыз экенин билбейт.

Бул баскычка чейин бүт нерсе оңой гана ишке ашкан деп ойлогон бул киши;

- ыктымалдык эсептөөлөрү боюнча кокустан пайда болушу мүмкүн эмес болгон клетка органеллдеринин пайда болушун,

- бул «кереметтүү» абалда пайда болгон органеллдердин клетка пайда болгонго чейин жок болбостон чогуу турушун,

- андан соң кемчиликсиз тандалма өткөрүүчү кабыкчасы жана укмуштуу системасы менен лабораторияларда илимпоздордун көзөмөлүндө да жасала албаган, илимпоздор тарабынан «бир галактикадан да комплекстүүрөөк» деп айтылган клетка ылай суу ичинде кокустан пайда болгон деген жомокту кадыресе кабыл алат.

Себеби бул көрүүчүгө сунулган маалыматтарды ойлонбостон оңой гана кабыл ала турган бир адам үчүн абдан жөнөкөй бир түшүндүрмө сунулууда. Болгондо да бул түшүндүрмөнү бир илимпоз таанымал бир даректүү тасма каналында жасап жатат. Эми анын берилген маалыматты сындашына, изилдеп анализ кылышына, протеиндин кереметтүү системасы жөнүндө ойлонушуна кажет жок. Бул даректүү тасманы көргөн адамга клетка жөнөкөй бир көбүкчө деген пикир сиңирилүүдө. Бул илимге сыйбас жөнөкөй логика боюнча, көп убакыт бою ачык турган бир мөмө ширесинин бетинде көк дат пайда болгон сыяктуу, көрүүчүгө да клетканын ылай суунун ичинде пайда болушу оңой жана мүмкүн деген ой калтырууга аракет кылынат. Чынында болсо көк даттар – бир клеткалуу жаныбарлар, жана мөмө ширесинин бетинде сырттан келген бир клетканын көбөйүшү натыйжасында пайда болушат. Ошондуктан алар дагы мөмө ширесинин бетинде өзүнөн-өзү, сокур кокустуктар натыйжасында жоктон пайда болушпайт. Ошол эле учурда бул даректүү тасмада кыялдагы алгачкы клетканын пайда болушунан тышкары, дүйнөнүн пайда болушу, алгачкы атмосферанын кыялдагы алгачкы клетканы заматта жок кылуу күчү, протозоандардын кантип көп клеткалуу жандыктарга айланганы жана **азыр дагы бактериялар бар кезде протозоандын кантип бул кыялдагы алгачкы жашоонун «алгачкы жандыктары»** экени сыяктуу өтө маанилүү темалар дарвинисттер тарабынан түшүндүрүлгөн эмес. Булар бул илимге сыйбас жөнөкөй түшүндүрмө ичинде «майда-барат» темалар катары кабыл алынууда. Бирок бул майда-бараттардын ар бири эволюция теориясынын логикасы менен эч түшүндүрүүгө мүмкүн эмес нерселер жана дарвинизмди жок кылган негизги тема болгон «жашоонун келип чыгышы» темасы. Түрлөрдүн кантип пайда болгону, маймыл сымал жандыктардын адамга кантип «айланганы» жөнүндө китептер толо жомокторду баяндаган дарвинисттер али жашоонун келип чыгышы суроосуна жооп бере алыша элек.

Кээ бир адамдар майда-бараттарга кирбестен, тууранын изилдебестен, уккандарын гана кабыл ала беришет. Дарвинисттер бул адамдардын ушул алсыздыгын колдонушат. Көп адамдар дарвинисттердин бул алдамчы тузагына түшүп, логикасыз сезилсе дагы, илимий бир далил көрүшпөсө дагы, түздөн-түз дарвинизмди кабыл ала беришет. Ушул себептен дарвинисттердин жөнөкөй жана логикасыз түшүндүрмөлөрү 150 жылдан бери белгилүү бир катмарга таасир берип, адамдар алданышкан.

Буга башка бир мисал болсо балдар үчүн жазылган *Wonderful Egg* (Керемет

журмутка) китебиндеги сөздөр. Китепте такыр логикасыз бир сценарий жомогу баяндалган. Бул жомок боюнча, эне динозавр жумуртка таштайт жана кызыктай бир абалда бул жумуртканын ичинен «алгачкы канаттуу» чыгат. Динозавр энеден туулган «канаттуу» акырындап өсүп, чоңойот жана кереметтүү абалда кемчиликсиз канаттарга жана түктөргө ээ болот. Анан узун бир дарактын бутактарын көздөй бактылуу учуп баштайт. Бул жерде эң кызыгы жана балким дарвинисттер жагынан окуянын эң трагедиялуу тарабы – бул таң калыштуу тантык китептин American Association for the Advancement of Science (Америка илимий өнүгүү уюму), the American Council on Education (Америка билим берүү кеңеши) жана Association for Childhood Education International (Эл аралык балдарга билим берүү уюму) тарабынан колдоого алынып, сунушталышы.[121]

Мындай китептер ушул сыяктуу пикирлер менен жарык көрүү менен же муну колдоо менен абдан уят болушууда. Албетте, бир сойлоочунун жумурткасынан толугу менен башка анатомиялык түзүлүшкө, учуу сыяктуу бир жөндөмгө, ага ылайыктуу мүчөлөргө, түк, канат, жылуу кандуулук, өзгөчө өпкө системасы сыяктуу бүтүндөй башкача физиологиялык түзүлүштөргө ээ бир канаттуунун чыга албашын биринчи класстын окуучусу дагы оңой гана биле алат. Бирок ушуга карабастан, дарвинисттик идеологиянын жактоочулары, уят болоорун билип турушуп, бул логикасыз пикирди жактоодон тартынышпайт.

Илимий редактор дарвинист Гордон Тейлор Рэттрейдин (Gordon Rattray Taylor) моюнга алуусу дарвинизм сунган жөнөкөй логиканын туура эместигин абдан туура түшүндүрүүдө:

Эволюция тарыхы ушул сыяктуу өзгөрүүлөргө толо, ал тургай ушулардан гана турат деп айтууга болот. Жалтырактар түктөргө айланат. Буттар канат болот. Ашказандар аба каптарына айланат. Ал тургай биохимия процесстери деңгээлинде өзгөртүүлөр жана жөнгө салуулар ишке ашат. Дарвинизм бул кереметтер жөнүндө «булардын баары кокустуктар натыйжасы» дегенди гана айтат.[122]

Миссури университетинен доктор Николас Комнинеллистин китебинде орун алган бир гезит макаласында болсо төмөнкү сөздөр айтылган:

Эволюция теориясы өспүрүмдөр үчүн бир фея жомогу. Бул теория илимдин өнүгүшүнө эч салым кошкон эмес. Ишке жарабас бир теория.[123]

## Көз бойомочулуктарга унчукпаган дарвинист илимпоздор

Дарвинизм сыйкыры адамдарга таасирдүү болушу үчүн жасалган дарвинист илимпоздор арасындагы жашыруун биримдик дагы абдан кызыктуу. Бир канча акырын үндөн тышкары дээрлик эч ким эволюция теориясын жактоо максатында чыгарылган, илимге туура келбеген, жаш баладай, логикасыз, акылсыз түшүндүрмөлөргө унчугушпоодо.

Бирок кээде чыгарылган эволюционист пикирлер дарвинист илимпоздор үчүн дагы

ушунчалык чоң жана ачык бир уялууга себеп болгондуктан, айланадагылардын реакциясынан тартынган үчүн аларга каршы чыгууга мажбур сезишет өздөрүн. Мисалы, Дарвиндин өзү айткан «Түндүк Америкада күрөң аюу оозун чоң ачып суудагы курт-кумурскаларды тутушу натыйжасында китке айланган» же «каккан сүзгүч канаттарынын жардамы менен көтөрүлгөн, айланган, абада бир топко зымыраган балык кемчиликсиз канаттары бар айбандарга айланган» деген пикирлер дагы деле консервативдүү дарвинисттер тарабынан жакталса дагы, көп дарвинист тарабынан уялта турган пикирлер деп кабыл алынууда.[124] Акыркы жолу 2009-жылы «адамдын (кыялдагы) эволюциясынын эң чоң далили», «табыла албаган кайып звено» деп гезиттердин башкы кабарларынан жумалар бою орун алган, дарвинисттерди уялта турган пропаганда жасалган лемур фоссили *Ида* жана катардагы бир Бонобо маймылынын фоссили Арди дагы кээ бир дарвинист илимпоздор тарабынан сын-пикирге кабылган. Кээ бир дарвинист илимпоздор Ида шерменделигин «цирк», кээ бирлери «маскаралык» дешсе, кээ бирлери кайып звено пикирине эч байланышы жок фоссил жөнүндө баштатылган убаракерчиликтен улам канчалык уялганын апачык айтышкан.[125] Арди болсо майдаланган скелеттин жасалма жол менен чогултулушу аркылуу адамга окшотууга аракет кылынган жана бул апачык көрүнүш ошол замат кээ бир дарвинисттерден сын-пикир алган. Ардинин тик туруп басуу менен же адамдын атасы деген пикирлер менен эч байланышы жок экени, катардагы бир маймыл өзгөчөлүктөрүнө ээ экени эң белгилүү дарвинист булактарда да моюнга алынган жана дарвинисттер дагы бир көз бойомочу сөзүнөн артка кайтууга мажбур болушкан. (Katherine Harmon, How Humanlike Was "Ardi"?, Scientific American, 19 November 2009, http://www.scientificamerican.com/article.cfm?id=how-humanlike-was-ardi)

Бирок ошентсе дагы бул уялта турган жагдайды билген дарвинисттердин реакциясы анча болбойт. Себеби алардын идеологиясы боюнча, дарвинизмдин жөнөкөй дүйнөсүн –логикасыз болсо да- аягына чейин жактоого мажбур. Эволюция, Дарвиндин ою боюнча, абада учкан бир балык сыяктуу илимий жактан эч жараксыз жандыктарды чыгарган. Аны ээрчиген дарвинисттер дагы бул пикирди жактоого мажбур сезишет өздөрүн.

Бристол университетинин органикалык эмес химия бөлүмүнөн D. T. Rosevear дарвинизмдин бул жөнөкөй логикасын жана илимпоздордун билип туруп бул оюнга инструмент болгонун мындайча айтат:

Эволюция эч бир далилге таянбаган бир гипотеза жана чындыктарга сыйбайт. Бул классикалык эволюция теориялары өтө комплекстүү жана кыйыр бир чындык жыйындысын болушунча жөнөкөйгө төмөндөтүүдө. Жана муну көп убакыттан бери, бир дагы каршы чыккан кобуроосуз, болушунча көп сандагы илимпоз тарабынан сындалбастан жана каршы чыкпастан кабыл алынганына таң калам.[126]

Дарвинисттер жашоого (жандыктарга) өз ойлорунда «жөнөкөй» сыпатын тагууга канчалык аракет кылышпасын, жандыктар ааламынын кереметтүү жана таң калыштуу бир комплекстүүлүккө экени алар да жокко чыгара албаган анык бир чындык. Дүйнө

бир-биринен айырмалуу миллиондогон жаныбар жана өсүмдүк түрүн камтыйт. Булардын ар бири ээ болгон кичинекей бир түзүлүш дагы укмуштуу бир комплекстүүлүккө ээ. Учурда жандыктар ээ болгон түзүлүш менен органдардын функцияларын бир аз эле «түшүнө алуу», лабораторияларда муну изилдеп ача алуу бир ийгилик деп саналууда. Акылдуу бир жандык болгон адам өз клеткасынын эмнеге окшошоорун өткөн кылымда гана жалпысынан түшүнө алды. Болгондо да, бул клетка мындай турсун, бул клетканын жүз миңдеген протеининен бир даанасын да дагы эле жасай ала элек. Дарвинисттер тарабынан эң «жөнөкөй» жандык катары көрсөтүлүүгө аракет кылынган бактерия өзүнүн органеллдери, ДНК жана клетка кабыкчасы, антибиотиктерге каршы укмуштуу чыдамкайлыгы жана жогорку өзгөчөлүктөрү менен кереметтүү бир комплекстүүлүк мисалы. Англис зоолог Сэр Джеймс Грей (Sir James Gray) айткандай, бир бактерия бир лабораториянын иш-аракеттеринен бир топ көбүн жасайт.[127] Эволюционист Джеймс А. Шапиро (James A. Shapiro) болсо бактериянын мындай өзгөчөлүктөрүнөн улам абдан комплекстүү бир жандык экенин төмөнкүчө мойнуна алууда:

Бактериялар абдан кичинекей болсо дагы, илимий аныктамадан бир топ жогорку биохимиялык, түзүлүштүк жана кыймыл-аракеттик комплекстүүлүккө ээ. Учурдагы микроэлектрондук төңкөрүшкө ылайык, бактериялардын чоңдугун жөнөкөйлүккө эмес, комплекстүүлүккө теңөө туурараак болушу мүмкүн... Бактериялар болбосо жер бетиндеги жашоо азыркы абалында боло алмак эмес.[128]

Демек, жашоо жөнүндө «жөнөкөйлүктөн» сөз кылуу, албетте, мүмкүн эмес. Жандыктардын денеси жогорку бир Жаратуучунун, бүт нерсени башкарган Улуу бир Күчтүн бар экенин жана жогорулугун көрсөтүүдө. Ал Жаратуучу – жандыктарга жан берген, алардын ар абалын билген, бүт нерсени жоктон жараткан, жаратуучулардын эң жакшысы Аллах. Аллахтын теңдешсиз жаратуусу Раббибиздин бир гана «Бол» буйругу менен ишке ашат. Улуу Аллах үчүн эң керемettүү жандыктарды каалаганда, каалагандай жаратуу, албетте, абдан оңой. Ал бүт нерсенин ээси, бүт нерсенин башкаруучусу. Раббибиз аяттарында мындайча буюрат:

**Асмандар менен жердин мүлкү Аныкы. Тирилтет жана өлтүрөт. Ал бүт нерсеге кудуреттүү. Ал – Авваль, Ахир, Захир, Батын. Ал – бүт нерсени билүүчү. Ал асмандарды жана жерди алты күндө жаратып, кийин Арштан Бийик болду (Аршка истива кылды). Ал жерге кирген жана жерден чыккан, асмандан түшкөн жана ага көтөрүлүп жаткандын баарын билет. Силер кайда болсоңор да, Ал силер менен бирге, Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. Асмандар менен жердин мүлкү Аныкы. (Аягында бүт) иштер Аллахка кайтарылат. (Хадид Сүрөсү, 2-5)**

## 2. Дарвинисттер кокустуктарды керемettерди жасаган жасалма бир кудайдай көрсөтүүгө аракет кылышат (Аллахты аруулайбыз)

Кокустуктар – дарвинисттердин бүт нерсени «жасаган», керемettерди «пайда

кылган» жалган кудайы. Дарвинисттердин жөнөкөй дүйнөсү боюнча, убакыт менен кокустуктар биригип бүт нерсени «жасай алышат». Бул акылга сыйбас ишеним боюнча, кокустуктар адамдар жасай албаганды жасап, кандайдыр бир жол менен лабораториядан жана илимпоздордон жогорку маалымат, жөндөм жана илимий мүмкүнчүлүккө ээ боло алышат. Дарвинизм боюнча, кокустуктар – бүт нерсени кемчиликсиз комплекстүүлүктө жана кемчиликсиз абалда пайда кылган, катасыз, пландуу, чараларды көргөн адистер. Дарвинисттердин жашоо жөнүндөгү түшүндүрмөлөрүнүн артындагы ойдон чыгарылган каарман дарвинист жомоктор боюнча дайыма аң-сезимсиз, акылсыз кокустуктар болгон.

Дарвинисттердин муну адамдарга кабыл алдыруунун ар түрдүү ыкмалары бар. Албетте акылы жайында эч ким бир сойлоочунун анатомиясынын бүтүндөй өзгөрүп кемчиликсиз көрүнүштөгү, созулуп учкан бир канаттууга айланаарына кадимки шарттарда ишенбейт. Адамдарды мындай логикага терс бир жомокко ишендирүү үчүн бир сыйкыр (гипноз) системасын иштеп чыгуу зарыл. Мына ушул себептен дарвинисттер тарабынан кокустук путунун (идол) «жөндөмдөрү» ар кандай илимий терминдерди камтыган бир жомок формасында адамдардын аң-сезимине сиңирилет. Бул жомок боюнча бир жандыктын пайда болушундагы ар бир баскыч сокур кокустуктардын натыйжасы жана кокустуктар муну кереметтер менен жасаган. Бир дарвинисттен «алгачкы жандуу клетка кантип пайда болду» деп сурасаңыз, «бир ылай жыйындысы ичинде кереметтүү абалда өзүнөн-өзү» деген жоопту аласыз. Көз кантип пайда болду деп сурасаңыз, «керемет» жообун алат болушуңуз керек. «Канаттар кантип пайда болду, канаттуулардагы кемчиликсиз түктөр кантип пайда болду» десеңиз, «бир күнү кандайдыр бир себеп менен бир керемет болду» деген сымал сөздөрдү айтат. Дарвинисттердин акыл менен илимге сыйбас сөздөрүндө бул «процессти» башкарган эч кандай аң-сезим, эч бир акыл жок. Чынында болсо аалам абдан кылдат тең салмактуулуктар менен курулган. Жер жүзү кемчиликсиз бир тартипке ээ. Бул тартиптеги кичинекей эле өзгөрүү бүт системанын бүтүндөй жок болушу дегенди билдирет. Ар бир жандык түрү дагы абдан комплекстүү түзүлүштөргө жана таң калыштуу өзгөчөлүктөргө ээ. Бүт бул детальдардын баары – жогорку күч-кудурет ээси бир акылдын, б.а. Улуу Аллахтын чыгармасы.

Дарвинист жомоктордо болсо бул кемчиликсиз тең салмактуулук жана таң калыштуу комплекстүүлүк билмексен болунат. Илимий терминдер менен кооздолуп түшүнүксүз абалга алып келинген эволюция жомогунун ичинде бүт бул тантык пикирлер сыйкыр кылып жаткандай атайын жана тынымсыз сиңирилет жана көп адамдардын эч көңүлүн бурбайт.

Теолог R. C. Sproul бул жөнүндө мындай деген:

Илимпоздор кокустукка бир күч таңуулашканда физиканын тармагын сыйкырга таштаган. (Дарвинисттердин ою боюнча) Кокустук бир эле койондорду эмес, бүт ааламдын жоктон пайда болушун камсыздаган сыйкырдуу бир таяк.[129]

Дарвинисттер канчалык бул пропаганданы таасирдүү кармоого аракет кылышпасын, түпкүрүндө алар керемет таңуулаган күч – акылсыз, аң-сезимсиз, сокур

кокустуктар. Кокустуктар – бул артында эч кандай аң-сезимдүү фактор жок, эч бир акылдуу, багыттоочу, пландоочу бир күч болбостон, ишке ашуучу туш келди окуялар. Кокустан болгон бир окуянын жасап көрүү-жаңылуу аркылуу эң тууранЫ таба алышы, келечекте боло турган окуяларды болжолдоп, ошого жараша чаралар көрүшү, бир оргaндын эмнеге окшошоорун алдын ала долбоорлошу, башкалар үчүн жан аябастык кылышы, туруктуулук жана сүйүүнү билиши, албетте, мүмкүн эмес. Бир ийнени да пайда кыла албай турган кыялдагы бир күчтү дүйнөдөгү кереметтүү көп түрдүү жандыктарды пайда кылган деп айтуу акылга, логикага, илимге туура келбейт.

Бул жердеги «бир ийнени да пайда кыла албайт» сөзү дарвинист пикирлерге бир жооп ирээтинде жана бул пикирлердин мүмкүн эместигине басым жасоо үчүн колдонулган. Негизи кокустуктарды кандайдыр бир нерсени «пайда кылды» деп айтуу олуттуу бир логика бузуктугуна жана кем акылдыкка ишарат кылат. Бирок дарвинисттер ушул бузук логиканы колдонуу менен бүт дүйнөнү алдай алышкан. Дарвинисттердин кызыктай логикасы боюнча, жетиштүү убакыт берилгенде, кокустуктар жасабай турган эч нерсе жок.

Нобель сыйлыгынын ээси эволюционист биолог Джордж Вальддын (George Wald) төмөнкү сөздөрү дарвинисттердин кокустук + убакыт формуласына бир сыйкырдуу формуладай ишенээрин апачык көрсөтүүдө:

Күтүү гана керек: убакыт кереметтерди жасайт. Көп убакыт берилгенде, мүмкүн эмес нерсе мүмкүн, мүмкүн нерсе ыктымал жана ыктымал нерсе виртуалдуу катары анык абалга келет.[130]

Албетте, бүт бул логикасыз сөздөрдүн максаты дарвинисттердин жашоого –өз ойлорунда- жаратылуудан тышкары бир жооп таба алуу аракети болуп саналат. Албетте, убакыт менен кокустуктардын биригип, бир ылай жыйындысынан гүлдөрдү, мышыктарды, балыктарды, канаттууларды, сойлоочуларды, адамдарды пайда кылганын кабыл алууга болбошун дарвинисттер да билишет. Бирок алар чындыкты кабыл алуунун ордуна, логикасыз нерсени логикалуу көрсөтүү аракетинде.

Көрүнүп тургандай, дарвинисттердин бүт сөздөрү бир алдамчылыкка таянат. Дарвинисттердин кооз сөздөрүн, латынча аныктамаларын, түшүнүксүз илимий сөздөрүн алып салганыбызда, «бүт жандыктар туш келди окуялар натыйжасында, аңкоолук менен, сокур кокустуктардын натыйжасында, эч бир көзөмөл, эч бир чара, эч кандай аң-сезимдүү кийлигишүү болбостон өзүнөн-өзү пайда болду» деген калп гана калат. Дарвинисттердин адамдарды ишендирүүгө аракет кылган түпкү калпы мына ушул.

Учурдагы эң жалындуу дарвинисттердин бири атеист эволюция биологу Ричард Доукинстин төмөндөгү сөздөрү дарвинисттик логиканын канчалык туюкта экенин көрүүгө жетиштүү:

... Жаныбарлар шашкалактык менен чогултулган, өтмүштөн жамалып келген, одоно жасалып килейген күлкүмүштүү монстрлар болушу керек эле. Бирок аңчылык кылынып жаткан бир гепарддын абдан кооз кыймылдарын, тоо карлыгачынын аэродинамикалык кооздугун же жалбырак көрүнүшүндөгү курт-кумурсканын (камуфляж

аркылуу жасаган) көздү жаңылтуучу детальдарына болгон кызыгууга толгон көңүлүбүздү бул күтүүлөрүбүз менен кантип байланыштыра алабыз?[131]

Аллах дажжалды ушундай чоң бир тузакка түшүргөндүктөн, аягында дажжал тараптарлары өз ойлорунда Аллахка каршы күрөшүү үчүн «кокустук» деген логикасыз, акылга сыйбас жана биринчи класстын балдарын да күлдүрө турган бир жомокту башпаанек кылууга мажбур болушкан. Кокустук ушунчалык адашкан жана ушунчалык акылсыз бир сөз; «курт-кумурскалар жогорку жөндөмдөрүн колдонуп технологиялык шаймандарды жасады» деп айтуу дагы анын жанында логикалуураак болот. Бирок дажжалдын сыйкыры кээ бир адамдарды бул тантык пикирге ишене турган абалга салып, бул тантык пикир мектеп, университеттерде окутула турган абалга келген. Бирок адамдар кокустуктардын эч логикасыз кудайлаштырылганын жана аларга жаратуучу сыпаты берилгенин (Аллахты аруулайбыз) көрүп түшүнгөн сайын, дажжалдын акыр замандагы эң чоң оюну болгон дарвинизм аянычтуу абалга келди.

Аллах аяттарында мындайча буюрат:

**Эми алардан сурачы: аларды жаратуу кыйыныраакпы, же Биздин жаратkandарыбыздыбы? Чынында Биз аларды жабышчаак бир ылайдан жараттык. Жок, сен (бул кереметтүү жаратууга жана алардын каапырдыгына) таң калып калдың; алар болсо шылдыңдаганын улантышууда. Аларга насаат айтылганда, насаат албай жатышат. Бир аят (керемет) көргөндө да (аны) шылдыңдап күлүшүүдө. «Бул апачык бир сыйкыр гана» дешти. «Биз өлүп, топурак менен сөөк болгондо, чындап биз тирилтилет бекенбиз?» «Же мурдакы аталарыбыз дагыбы?» Айткын: «Ооба, болгондо да мойнуңар бүгүлгөн абалда (тирилтилесиңер).» (Саффат Сүрөсү, 11-18)**

## 3. Дарвинисттер эволюциянын негизги туюктарын көрмөксөн болушат

Дарвинизм калпы жөнүндө билүү керек болгон абдан маанилүү бир чындык бар: дарвинизм алигече жашоонун келип чыгышына, б.а. жашоо алгач кантип пайда болгон деген суроого акылга сыярлык жана илимий бир жооп айта алышкан жок. Дарвинисттер бүт нерсенин башталышы деп атаган ошол кыялдагы «алгачкы клетканын», ал тургай анын алгачкы протеининин дагы кантип пайда болгону белгисиз. Эволюция теориясы кантип пайда болгонун түшүндүрө албаган бир даана протеин тарабынан эң башынан эле толук кыйрайт.

Бул чындыкты бүт дарвинисттер билишет. Ушул себептен сиз окуй турган ар бир дарвинист журнал, китепте, көрө турган ар дарвинист программада бул темадан шашкалактык менен өтүп кетишет жана унуттурууга аракет кылышат. Дарвинизм пропагандасы жасалган эч жерде бир протеиндин кокустан пайда болуу ыктымалдыгынын жок экенин, илим тарыхы бою лабораторияларда жасалган сансыз эксперименттин клетканын бир даана протеинин, бир даана органеллин да жасай

албаганын, клетканын кокустан пайда болбой турганчалык кемчиликсиз жана төмөндөтүүгө мүмкүн эмес комплекстүүлүктөгү бир түзүлүш экенин уга албайсыз. Себеби бул чындыктар жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү илимге сыйбас жөнөкөй дарвинисттик түшүндүрмөнү жер менен жексен кылат. Кокустуктардын бир протеиндин ичиндеги амино-кислоталарды дагы түшүндүрө албашын эске алганда, эволюция теориясынын кыялдагы «убакыт + кокустуктар + ылай суу» формуласы башталгыч класстар үчүн даярдалган жомок китептерди эске салат.

Ансыз да жогоруда айтып кеткендей, бир протеин пайда болушу үчүн башка протеиндер керек. Ошондуктан бул дарвинисттер үчүн бир чыкпас айлампа жана чоң бир туюк. Бир даана протеиндин пайда болушун түшүндүрүү үчүн 100дөй ар түрдүү протеиндин, ДНКнын жана ал тургай, бир бүтүн клетканын пайда болушун түшүндүрүүлөрү керек. Дарвинизм бул темада толук жеңилип, кыйрады.

Бирок булардын баары ишке ашты, дарвинизмдин сыйкырдуу формуласы ишке жарады жана кыялдагы алгачкы клетка пайда болду деп кабыл алсак дагы (негизи бул илимий жактан мүмкүн эмес), дарвинисттер баары бир абдан чоң туюктарга кабылышат. Дарвинисттер бир клетканын органеллдеринин ар биринин аткарган кызматтарын, бир энзимдин денедеги кызматтарын, боор, өт, ашказан, өпкө, мээ сыяктуу комплекстүү оргадардын пайда болушун жана иштешин, эң негизгиси өздөрү айткандай булардын баарынын башка жандыктардан айлануу (эволюция) аркылуу кемчиликсиз абалда кереметтүү пайда болушун түшүндүрүшү зарыл. Бирок дарвинисттер эч түшүндүрө албаган бул темалардын жакынына да жолошпойт.

Себеби чоң-кичине организмдердин баарындагы укмуш комплекстүүлүктү ойдон чыгарылган дарвинист механизмдер менен түшүндүрүү мүмкүн эмес. Бүт дарвинисттер негизи жер бетинде, асманда, бүт жандыктардын жана адамдын жаратылуусунда апачык бир керемет бар экенин билишет. Уруктанган бир клетканын бөлүнүп 100 триллион клеткадан турган кемчиликсиз бир адам денесин пайда кылышын, булардын 30 триллионунун адам мээсин пайда кылуу үчүн өзгөчөлөнүп бөлүнүшүн, алардын ичинде 120 триллион байланыш түзгөн 12 миллиард мээ клеткасынын кемчиликсиз иштеп башташын жана булардын натыйжасында ойлоно алган, өзүнүн бар экенин аңдап-түшүнө алган кемчиликсиз бир жандыктын келип чыгышын дарвинисттик алдамчы ыкмалар менен түшүндүрө албашын өздөрү да билишет.

Илимпоз жана журналист Фред Хирен (Fred Heeren) дарвинисттер да билген бул чындыкты мындайча айтат:

Апачык чындык болушунча түшүнүктүү. Логикалык жыйынтык – биз көргөн нерселердин баарынын абдан чоң, табияттан жогорку бир себепти талап кылган бир *натыйжа* экендиги. Күн жана жылдыздар, ай жана бул дүйнө бир нерселерден өзүнөн-өзү пайда болушкан эмес. Бул логикага сыйбайт – Батыш логикасы эле эмес, бүт адамзат логикасы жактан логикасыз. Ааламдагы ар бир кубулушту ага себеп болгон нерсе менен байланыштуу түшүндүрүүгө болот. Бирок ааламдын өзү кантип пайда болду деген кубулуш каралганда, мунун ааламдын ичинде бир жообу жок. Бул жерде табиятка

тиешелүү бир жооп жок.[134]

Эч күмөнсүз, ааламдын баарын, жер жана асманды, бүт жандыктарды башкарган, алардын баарын жараткан Улуу Аллах. Аллах бир даана клеткада жараткан укмуштуу аалам ичинде ушундай комплекстүү бир тартип пайда кылган; муну кокустуктар мындай турсун, адамдын жөндөмү, акылы менен да түшүндүрүү мүмкүн эмес.

Дарвинизмдин эң чоң туюктуранын бири мына ушул. Дарвинисттер бир темада жооп таппай калышканда, көбүнчө «өтүп кетүү» саясатын колдонушкан. Эволюция теориясынын ойдон чыгарылган механизмдерин санашат, бирок булардын кантип бир «эволюция» жасаганы жөнүндө илимий эч нерсе айта алышпайт. Эволюция теориясы өз жооптору ичинде кыйраган, бирок окурманга муну байкатпоого аракет кылышат. Чынында болсо эволюционист биолог атеист Ричард Доукинстин төмөндөгү моюнга алууларынан да көрүнүп тургандай, эволюциянын негизги туюктарын дарвинисттер да абдан жакшы билишет:

Табият терс таасир бергенине карабастан бир катар мутацияны чогултуп, бир жандык урпагы үчүн жалпысынан эң идеалдуу өзгөрүүгө жете турган жолду аныктоо планын жасай албайт.[135]

Кургактыктан сууга өткөн бир урпактын кыймыл системасы менен бирге, дем алуу системасында да өзгөрүүлөргө муктаж болоору ыктымал, бирок булардын арасында табиятынан улам бир байланыш бар деп ойлоо үчүн акылга сыярлык бир себеп жок. Басуу мүчөлөрүн сүзгүч канаттарга айлантуучу процесс эмне үчүн кычкылтек алуу үчүн өпкөлөрдүн натыйжалуулугун өстүрө турган тенденциялар менен байланыштуу болушу керек? Албетте, бир учурда адаптациясы ишке ашкан бул тенденциялар эмбриологиялык механизмдердин кокус бир натыйжасы катары байланыштуу абалга келиши ыктымал, бирок бул байланыштын терстин ордуна, оң натыйжа бериши көп мүмкүн эмес.[136]

Учурдагы эң белгилүү атеисттердин бири Ричард Доукинс дагы болгон күчү менен жактаган эволюциянын эч бир механизминин «эволюцияга» далил болбошун апачык мойнуна алууда. Доукинс бул сөздөрү менен мутациялардын эч бир пайдалуу натыйжа бербешин жана бир жандыктын суудан кургактыкка өтүшү үчүн керектүү өзгөрүүлөрдүн болушунун мүмкүн эмес экенин айтууга мажбур болгон. Доукинстин бул моюнга алуулары илимий бир дагы далили жок бузуку дарвинизм дининин кантип сокурдук менен жакталганын тастыктайт.

Доукинс, мындан тышкары, китебинде Нобель сыйлыгынын ээси иммунолог профессор Сэр Питер Медавардын (Sir Peter Medawar) бул жөнүндөгү төмөнкү сөзүн алган:

«... колубузда эволюциялык өнүгүү менен байланыштуу ынандырарлык бир жооп жок...»[137]

Негизги туюктардын көрмөксөн болунушу, албетте, бул жөнүндө маалыматы жок адамдарды жаңылтышы мүмкүн. Бирок адамдардын эволюция теориясы жөнүндө маалыматы көбөйгөн сайын, сөз болбогон кээ бир чындыктар, атайылап аттап кетилген детальдар жана жаап-жашырууга аракет кылынган негизги темалар жөнүндө суроолор

сурап башташат. Учурда кээ бир өлкөлөрдүн окуу жайларында, АКШнын ар кайсы штаттарында жана Европада болуп жаткан көрүнүштөр мына ушул. Окуучулар сокурдук менен билим алуудан баш тартышып, бул негизги туюктар жөнүндө мугалимдери менен талашуудан тартынышпоодо. Дажжал адамдарды алдаган доор бүттү. Дарвинизмдин негизги туюктары адамдардын көңүлүн буруп, бүт булар үчүн бир жооп талап кылышууда. Дарвинисттердин бул жөнүндөгү көпкө уланган жымжырттыгы дарвинизм тараптарын дагы күмөнгө салып, адамдар дарвинизмден башка бир жооп издеп башташты. Албетте дарвинизм сыйкырынан кутулган ар бир адам акыл менен аң-сезимди көрсөткөн, кереметтүү комплекстүүлүктөгү жандыктардын жаратылганын апачык көрүүдө.

Дарвинизм туюкта, себеби жандыктар эволюциялашкан эмес, жаратылышкан. Адамдар эми муну апачык көрүшүп, акылдары жана абийирлери менен бул чындыкты кабыл алышууда. Аллах улуу кудурети менен бүт нерсеге кудуреттүү экенин жана дарвинизмдин жалган кудайларынын эч бир күчү жок экенин аяттарында мындайча билдирет:

**Эй адамдар, (силерге) бир мисал келтирилди; эми аны уккула. Силердин Аллахтан башка сыйынып жаткандарыңар, баары ушул үчүн бириксе да, чындыгында бир чымынды да жарата алышпайт. Эгер чымын алардан бир нерсе тартып алса, муну да андан кайра ала алышпайт. Талап кылган да алсыз, талап кылынган да. Алар Аллахтын кудуретин жакшы түшүнө алышкан жок. Шексиз, Аллах кудуреттүү, Азиз (Улуу). (Хаж Сүрөсү, 73-74)**

## 4. Дарвинисттер ортоңку форма фоссили бар деген пропаганда жасашат

150 жыл бою бир калпты туурадай көрсөтүүнү максат кылган, эволюция теориясынын сансыз көз бойомочулугун бир чындыктай адамдарга сунган, жасалма фоссилдерди ондогон жыл көргөзмөгө койгон жана бул калпты мектеп, университет программасына киргизип бир чындыктай окуткан дарвинисттер үчүн дарвинизм ортоңку форма фоссилдери менен тастыкталган деген бир калпка дагы адамдарды ишендирүү оор эмес. Дарвинден бери улантылган бул алдамчылык Дарвиндин келечекте ортоңку форма фоссилдери табылат деген бош убадалары менен башталган. Негизи Дарвин мындан 150 жыл мурда абдан маанилүү бир көз ачыктык кылып, бул болжолу туура чыккан.

Эгер чындап түрлөр башка түрлөрдөн акырын өзгөрүүлөр менен чыккан болсо, **эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл форманы кездештирбей жатабыз?** Эмне үчүн табият бир **башаламан абалда эмес, толук аныкталган жана орду ордунда?** Сансыз ортоңку өткөөл форма болуш керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп кабатынан **көмүлүү абалда таба албай жатабыз?..** Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар **мындай байланыштарга толо эмес?** Геология жакшы даражаландырылган бир процесс көрсөтпөй жатат жана балким **бул менин теорияма каршы айтыла турган**

**эң чоң сын-пикир болот.**[138]

Дарвиндин болжолу туура чыкты. Анын убагында табылбаган ортоңку форма фоссилдери кийин да табылган жок жана бул чындык Дарвиндин теориясын толук кыйратты. Дарвинисттер болсо бул процессте 150 жыл мурда болбогон кыялдагы ортоңку форма фоссилдери сөзсүз бир күн табылат деген ишенимин адамдарга сиңирүүгө аракет кылышты. Технология менен өнүккөн илим ортоңку форма фоссилдеринин болушун мажбур кылганда болсо көз бойомочулукту чара катары көрүштү. Учурда эволюция теориясы окутулган бүт биология окуу китептери, бүт дарвинисттик китеп, журналдар, дарвинизмди колдогон гезиттер эволюция теориясы үчүн өтө маанилүү болгон ортоңку форма фоссили жомогун айтып жатканда ушул жасалма далилдерди көрсөтүшүүдө. Бул китеп, журналдар дагы эле *археоптериксти, целакантты*, Геккельдин жасалма эмбрион сүрөттөрүн, даракка жабыштырылган өнөр-жай көпөлөктөрүн, адамдын башына орангутандын ээги жабыштырылган Пилтдаун адамын, бир жапайы доңуздун азуу тишине таянып үй-бүлөсү менен бирге сүрөттөрү тартылган Небраска адамын, маймыл-адам деп сүрөтү тартылган, бирок бир адам расасы экени аныкталган Неандертал адамын, бир маймыл экени илимий далилденген Люсини жана көз бойомочулук экени белгилүү болгону үчүн китептерден чыгарып салынган баш сөөктөрүн далил катары көрсөтүшүүдө. Дарвинизмдин 21-кылымдагы байкуш кейпи мына ушундай.

Көбүнчө дарвинисттик булактарда төмөнкү сүйлөмдү көп көрөсүз: «эволюцияны далилдеген ортоңку форма фоссилдери ушунчалык көп...» Бул сүйлөм абдан чоң бир калп. Окурмандардын аң-сезимине сиңирүү максатын гана көздөйт. Башкача айтканда, кадимки дарвинисттик ыкма колдонулууда жана бир жалган адамдарды ынандыруу үчүн бийик үн менен жана өжөрдүк менен, кайра кайра айтылууда.

Чынында болсо эволюция теориясын далилдеген **бир даана дагы ортоңку форма фоссили жок.** Дарвинист илимпоздор, албетте, илим көрсөткөн бул анык чындыкты абдан жакшы билишет. Ортоңку форма фоссили болбогондуктан, эволюция теориясынын туюкта экенин да билишет. Бирок догматикалык көз-караш кандай гана болбосун эволюция теориясын сактоо мажбурдугун алып келет дарвинисттерге.

Дарвинисттерге жакында эле бул жөнүндө жарыя жасалып, колдорундагы бир даана ортоңку форма фоссилин дүйнөнүн эң белгилүү жерлеринде көргөзмөгө койушу талап кылынды. Бирок мунун жообу көнүмүш унчукпоо болду. Чынында эгер айтканы туура болсо, эгер жандык түрлөрү бир-биринен акырын акырын өзгөрүү менен кокус этаптар аркылуу миллиондогон жылдык бир процесс натыйжасында эволюциялашкан болсо, анда дарвинисттердин колунда бир даана эмес, миллиондогон, ал тургай, триллиондогон ортоңку форма фоссили болушу керек эле. Бирок дарвинисттер «бир даана ортоңку форма фоссилин алып келгиле» деген чакырыкка да жооп бере албай жатышат. Себеби колдорунда эч ортоңку форма фоссили жок. Дарвинисттердин шымаланып заматта бир даана болсо дагы ортоңку форма фоссилин көрсөтө албашынын себеби мына ушул.

Эволюционист палеонтолог Марк Чарнецки (Mark Czarnecki) бул жөнүндө мындай дейт:

Теорияны (эволюцияны) далилдөөнүн алдындагы чоң бир тоскоолдук дайыма фоссил калдыктары болгон... Бул калдыктар эч качан Дарвин гипотеза кылган ортоңку формалардын издерин көрсөткөн эмес. Түрлөр заматта пайда болушат жана кайра заматта жок болушат. Жана бул күтүлбөгөн жагдай түрлөрдү Аллахтын жаратканын жактаган көз-карашка колдоо көрсөттү.[139]

Эволюционист геолог Карлтон Е. Бреттин (Carlton E. Brett) моюнга алуусу болсо мындай:

Жер бетинде жашоо убакыттын өтүшү менен, акырындап жана баскыч баскыч пайда болдубу? Фоссил калдыктарынын бул суроого жообу – «жок».[140]

Дарвинизм сыйкыры 150 жыл бою ушунчалык системалуу түрдө адамдарга таасир бергендиктен, адамдар жок нерсенин бар экенине ишенишкен. Эч ким «миллиондогон ортоңку форма фоссили болуш керек, алар каякта?» деп сураган эмес. Эч ким «казуулардан чыккан 350 миллиондон ашуун фоссилдин баары кемчиликсиз көрүнүштөгү толук өрчүгөн жандыктарга тиешелүү, алардын бир даанасы дагы ортоңку форма фоссили эмес» деген эмес. Эч ким эмне үчүн ортоңку форма фоссили деген көрүнүштө дайыма белгилүү бир канча жандыктын сүрөтүн көрөөрүн, эң белгилүү илимпоздордун да бул жасалма фоссилдерден башка көрсөтө турган нерсеси жок экенин, доктордук диссертациялар үчүн даярдалган китептерде дагы эмне үчүн ушулардын гана каралганын изилдеген эмес. Ошондой эле, эч ким алдыңкы планга чыгарылган бул бир канча фоссилдин да ортоңку форма өзгөчөлүгүнө ээ эмес экенин жана мунун илимий жактан далилденгенин билишпейт. Кыскасы, дарвинизм сыйкырына кабылган дээрлик эч ким дарвинизмди колдогон бир даана дагы далил жок экенин билбейт. Себеби бул чындык бул сыйкырдын куруучусу болгон дарвинисттер тарабынан усталык менен жана тымызын жашырууга аракет кылынган.

Бирок «ортоңку форма фоссили бар» деген калп канчалык көпкө жана канчалык өжөрлүк менен айтылбасын, эгер адамдар табылган чыныгы фоссилдердин бар экенинен кабардар болушса, алардын азыр жашап жаткан жандыктардан эч айырмасы жок экенин түшүнүшсө, анда жалганды кайталоонун эч мааниси калбайт, албетте. Азыр жагдай дажжалдын оюну дарвинизм үчүн ушундай. Дарвинисттер адамдарды ортоңку форма фоссили бар деген алдамчылыкка ишендирүү үчүн жандалбастап жатканда, толук жана кемчиликсиз көрүнүштөгү миллиондогон жылдык жандыктарды көрсөткөн фоссилдер адамдарга ачык ачык көрсөтүлүп, фоссил көргөзмөлөрү интернет жана *Yaratılış Atlası (Жаратылуу атласы)* аркылуу көргөзүлүүдө. Адамдар көзү менен көргөнгө ишенип, жылдар бою алган дарвинист пропагандадан шектенишүүдө. Эми дарвинисттердин «ортоңку форма фоссили бар» деген өжөрлүктөрү эч бир ишке жарабоодо. Дажжалдын оюнуна кирген дарвинисттердин адамдарды алдаганы эми бүт дүйнө жүзүндө апачык түшүнүктүү болду. Бул алдамчылыкты эми улантуу мүмкүн эмес. Улуу Раббибиз бир аятында мындайча буюрат:

**Жок, Биз чындыкты батылдын үстүнө таштайбыз, ал (чындык) анын (батылдын) мээсин талкалайт. Бир карасаң, ал жок болуп кеткен болот. (Аллахка карата) Мындай сыпаттаганыңар үчүн силерге азап болсун. (Анбия Сүрөсү, 18)**

## 5. Дарвинисттер эволюция теориясын жокко чыгарууга мүмкүн эместей көрсөтүшөт

Илимий бир теорияда демейде теория чыгарылат; илимий жактан туура же туура эмес деп табылат. Илимий жактан кабыл алынат же жокко чыгарылат. Big Bang (Чоң жарылуу) теориясы илимий бир теория жана тастыкталган. Бул теорияны колдогон далилдерге каршы айтылган сөздөрдүн жараксыз экени анык. Эч ким башка ыктымалдыктарды далилдөө керек деп санабайт. Себеби колдо конкреттүү илимий далилдер бар. Конкреттүү далилдер башка ыктымалдыктарга каршы бул илимий теорияны тастыктады.

Эволюция теориясы болсо илимди жамынып чыгарылган бир теория жана теориянын бир тантырак пикир экени сансыз далил менен далилденген. Теорияны тастыктай турган бир дагы далил жок. Илимий бүт табылгалар теориянын бир гипотеза катары чыгарылганын жана такыр жараксыз экенин күн сайын кайра кайра далилдөөдө. Кадимки шарттарда бул теория качан эле тарыхта калышы керек эле. Бирок эмнегедир мындай болгон эмес. Тескерисинче эволюция теориясы жасалма далилдери менен илимий бир теория көрүнүшүндө окуу китептерине кирип, телевизор каналдарында, даректүү тасмаларда, басмаканаларда жактала турган абалга келген. Ал тургай, Европа Кеңеши болгон күчү менен бул теорияны коргоого аракет кылып, бул теориянын илимий эмес экенин далилдеген далилдердин көрсөтүлүшү үчүн жасалган сунуштарды паника жана коркуу менен кабыл алды. Көп өлкөлөрдүн соттору эволюцияга каршы алып келинген жана окуу программасында орун алган сунуштарды болгон күчү менен четке кагууда. Мындан кыска убакыт мурда федералдык бир сот мамлекеттик окуу жайларда дарвинизмге сын-пикир айтуу конституцияга карама-каршы келет деп айтууга чейин барган.[141] Дарвин өз китебинде да айткан «эволюциянын кыйынчылыктарынын» окуу программасына кошулушу жөнүндөгү пикир дарвинист чөйрөлөрдү паникага салды. Кыскасы, дарвинизм дээрлик бүт мамлекеттер тарабынан корголгон, көбүнчө мамлекеттик колдоо менен сактап калууга аракет кылынган калп «илимий» бир теория. Бул чөйрөлөр, жаратылуу чындыгынын окуу жайларда окутулушу эволюция алдамчылыгын көрсөткөндүктөн, болгон аракети менен ага да тоскоол болууга аракет кылышууда. Себеби дарвинизмди бул жалган диндин мыйзамдары боюнча «жокко чыгарууга болбойт». Ошол сыяктуу дарвинизм бүт дүйнөдө фашист бир дарвинист диктаторлуктун коргоосунда.

Жазуучу Анн Коултер (Ann Coulter) бул чындыкты мындайча айтат:

Эволюция теориясын талкуулоодон качынуу үчүн дарвинизм жиндилери дайыма (өз ойлорунда) керексиз чындыктарды бир кошумча бөлүк сыяктуу талкуунун сыртына

түртүшөт. Эволюцияны жокко чыгарууну күндүн чыгыштан чыгышын жокко чыгаруу сыяктуу бир нерседей көрсөтүшөт.[142]

Дарвинисттик система боюнча дарвинизмди жокко чыгаруу бир кылмыш сыяктуу. Дарвинизм бир жалган дин катары кабыл алынган жана кабыл алдырууга аракет кылынган өлкөлөрдө бул мекенге чыккынчылык кылуудай көрүнүүдө. Эч ким илимий далилдердин теорияны жараксыз кылганын, теориянын эми такыр жараксыз экенин ачык ачык айта албас абалга келген. Дарвинизмди талашсыз бир чындыктай кабыл алуу бир шарт болуп калган. Математика профессору Вольфганг Смит (Wolfgang Smith) бир эволюционист катары бул абалды мындайча баяндаган:

Бизге догматикалык түрдө эволюция кабыл алынган бир чындык деп айтылууда. Бирок муну кимдин, кандай жолдор менен кабыл алганы эч качан айтылбайт. Бизге көп көп бул доктрина далилге таянган деп айтылат жана бул далил «мындан кийин жасала турган бүт тастыктоолордон жогору жана ошондой эле эксперименттер менен алынган кийинки бүт жокко чыгаруулардан тышкары» деп белгиленет. Бирок биз бул далил чындап каерде деген маанилүү суроо алдында толугу менен караңгыда ташталуудабыз.[143]

Дарвинизмди жокко чыгарууга бөгөт болунууда, себеби антпесе жалган дарвинизм дининин жактоочуларынын эч бир таянычы жок бул теорияны сактап калууга бир дагы жолу калбаган болот. Жалган бийик үн менен айтылууда жана мунун жалган экенин айтуу кылмыш деп саналууда. Илимди жамынып чыгарылган теория илимден бүтүндөй алыс, расмий жана ачык жокко чыгаруу мүмкүн эмес бир жалган, догматикалык ишенимге айлантылган. Эң негизгиси бул баарынын көз алдында, эч тартынбастан жасалууда.

Бул ушундай бир деңгээлге жеткен; Папа өз үйүндө дарвинизмди жактаган конференцияларды берүүгө мажбурланган. Чиркөөлөр Дарвинден кечирим суроого мажбурланышкан. Университет профессорлору эволюцияны сындаган макалаларынан улам иштеринен айдалып, адистигинен алыстатылышкан. Бул чоң таңуулоо көп өлкөдө олуттуу ийгиликке жетип, өзгөчө жогорку жактарда эволюция эч талкууланбас абалга алып келинген.

Дарвинизмдин жокко чыгарылгыс абалга келишин камсыз кылуу үчүн дарвинисттер керектүү ар кандай жолду колдонушат. Эволюция теориясын жокко чыгарган далилдерди жашырып, эволюциянын жараксыздыгын далилдеген далилдерди каалагандай бурмалап жана адамдарды апачык алдап, эволюциянын далилиндей көрсөтүшөт. Чарльз Дулиттл Уолкоттун 70 жыл бою кембрий фоссилдерин жашырышы сыяктуу.

Дарвинисттик стереотип дарвинисттерди такыр логикасыз нерселерди жактоого жана бул логикасыздыктарды кээ-кээде айтууга мажбурлоодо. Жогорудагы сөзүндө эволюционист биолог илимий далилдер, логикалуу далилдер болбосо дагы, эволюциянын туура экенинен эч күмөн санабашын апачык айтууда. Бул дагы эволюция теориясынын жакталышынын себебинин илимий маалымат жана табылгалар эмес экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө. Демек кабыл алуу керек болгон анык бир чындык бар:

эволюция адашкан, жасалма, алдамчы бир дин.

Математик жана философ Уильям А. Дембски (William A. Dembski) дарвинисттердин эволюцияны жокко чыгарууга мүмкүн эмес көрсөтүшүн мындайча айтат:

Дарвинист фанатизмден күмөн саноону сталинисттик бир режимдин партия пикирлерине каршы чыгууга салыштырууга болот. Сталиндин Россиясында болгонуңузда жана Лысенконун туура эмес экенин айткыңыз келсе, эмне кылмак элеңиз? Лысенконун генетикалык теориясындагы парадоксторду жана туура эместерди айта алмаксыз, бирок Лысенко бүтүндөй туура эмес деп айта албайсыз же Лысенкого ачык карама-каршы келген бир альтернативаны сунуштай албайсыз. Азыркы биздин жагдайыбыз мына ушундай.[144]

Дарвинисттик диктатуранын басымы менен дарвинизмдин жокко чыгарыла албашы кээ бир адамдардын акылында дарвинизм туура жана кабыл алынган бир теория деген пикир пайда кылган. Себебе адамдардын көпчүлүгү илимпоздор бир тантык пикирди жактай албайт, телевизор жана гезиттер бир алдамчылыкты колдой алышпайт деп ойлоп жаңылышат. Эгер бул бир алдамчылык болгон болсо, сөзсүз муну аныктап жарыялай турган бирөөлөр болушу керек деп ойлошот. Чынында болсо жарыялоого аракет кылган ар бир үн ар кандай басым ыкмалары менен басып коюлган.

20-кылымда басым жана мажбурлоолор менен уланган диктатура салты учурда да дал ошондой уланууда. Дагы эле көп илимпоз жумушумдан айдалам деп коркуп эволюция теориясына каршы эч нерсе айтпай, үй-бүлөлөр балдарынын эволюция таалимин алышына каршы чыкканда сөзсүз басым жана коркутууларга туш болууда. Бирок эволюция теориясы каалашынча окуу жайларда окутулбасын, каалашынча эволюцияга каршы чыккан илимпоздордун оозу жабылбасын, эволюциянын калп экенин көргөн акылдардагы жарыкты эч бир дарвинисттик мажбурлоо жана басым өзгөртө албайт. Учурда Европа Кеңеши балдардын мектептерде эволюция таалимин алышын мажбурлуу кылып койду. АКШнын көп штаттарында окуу программасында эволюцияга туура келбеген жоромолдорго орун берүүгө тыюу салынган. Кытайда, Россияда, дээрлик бүт Азия өлкөлөрүндө, ал тургай, кээ бир Мусулман өлкөлөрдө дагы эволюция теориясы окуу программасынын бөлүнбөс бир бөлүгү болуп саналат.

Муну да айта кетүү керек: бул жерде дарвинисттердин кысымчы жана тыймай көз-карашы сындалууда. Мектептерде жаштарга бир тарых сабагы катары эволюция жөнүндө маалымат берилиши мүмкүн, бирок муну менен бирге эволюция теориясынын жараксыз экенин далилдеген жүздөгөн далилди да жаштарга үйрөтүү илимий жана акылдуу мамиле болмокчу. Жаштар мажбурлуу түрдө, бир тараптуу, кысымчы бир таалим албашы керек, алардын алдына илимий табылгалар эч бир тарапка тартпастан объективдүү коюлушу зарыл жана алар туураны өз акылдары, абийирлери менен көрүү, үйрөнүү укугуна ээ болушу керек.

Бирок дагы бир нерсени айта кетүү туура болот; мындай зордукчул мамиле дарвинисттер тарабынан өз ойлорунда канчалык чоң бир жеңиштей сезилсе дагы,

чынында коркуу менен паниканын бир көрсөткүчү. Европа Кеңеши сыяктуу дарвинисттик көз-карашка ээ бир уюм дарвинизмдин кыйрашынан биринчи жолу мынчалык катуу тынчсызданып жатат. Европада көп жылдардан бери жаратылууну баяндаган, эволюциянын жараксыздыгын айткан ар кандай эмгектер жарыяланып, конференциялар уюштурулуп, ар кандай иш-чаралар жасалып келүүдө. Бирок бирөөсү да Харун Яхьянын ири эмгеги *Yaratılış Atlası*' (Жаратылуу атласы)нын Европага жетиши менен пайда болгон маанилүү натыйжаны жарата алган эмес. Мындай натыйжанын себеби *Атласта* көрсөтүлгөн илимий табылгалардын эволюциянын жараксыз экенин толугу менен көз алдыга тартуулашында. Эми Европадагы бүт окуучулар эволюция теориясынын 350 миллиондон ашык фоссил тарабынан кыйратылганын билет. Оңой гана кире ала турган бир даана интернет бетинен миллиондогон жыл мурдага тиешелүү сансыз жандыктын фоссил сүрөттөрүн көрүп, жандыктардын эволюциялашпаганына ынанышууда. Сансыз эмгектер натыйжасында дарвинисттик көз бойомочулуктарды жана эволюция теориясынын бир дагы жарактуу илимий далили жок экенин түшүнүштү. Дарвинизм жөнүндөгү чындыктарга оңой гана жете алышат. Дарвинисттер мындан жүз жыл мурдакы натыйжаны кайра ала алабыз деген үмүт менен ошол эле чирик тактикаларды колдонушууда. Бирок дажжалдын оюнунун чыныгы жүзүнүн ачыкка чыкканын унутушууда. Улуу Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Же жамандыктарды кылгандар Бизден (ашып) өтө алабыз деп ойлоштубу? Кандай жаман өкүм беришүүдө? (Анкебут Сүрөсү, 4)**

## 6. Дарвинисттер эволюцияга каршы чыккандардын оозун жабууга аракет кылышат

Дарвинизмди жокко чыгаруунун мүмкүн эместигинин бир шарты катары дарвинисттер адамдарга таасирдүү ар бир эволюцияга каршы чыккан адамдын оозун жабууга аракеттенишет. Бүт дүйнөгө жайылган жалган дарвинизм дини менен анын жактоочулары бул багытта ушунчалык кысымчыл жана зомбулукчу бир саясат жүргүзүп жаткандыктан, эволюция жөнүндө тигиндей же мындай түрдө бир күмөндүү сөз айтуу дагы ал кишиге кыйынчылыктарды алып келүүдө. Бул фашисттик мажбурлоо боюнча, эволюция жөнүндө күмөн саноо кылмыш. Аны айтуу кылмыш. Эволюциянын далилденбеген бир теория экенин, ал тургай, бир теория экенин эле айтуу кылмыш. Дарвинизмге каршы бир илимпоздун кандайдыр бир университеттин биология бөлүмүндө сабак бериши дээрлик такыр мүмкүн эмес. Дарвинизмди колдогон бир гезиттин беттеринде эволюцияны кыйратуучу бир фоссилдин сүрөтүн көрүү мүмкүн эмес. Бир жогорку класс мугалиминин жаңылыштык менен болсо дагы эволюция теориясы жөнүндө кээ бир күмөндөрү бар экенин айтышы чоң катачылык. Мындай мугалим кыска убакыт ичинде жумушунан айрылат болуш керек.

Мисалы, биология профессору Каролин Крокер (Caroline Crocker) *Expelled "No Intelligence Allowed"* даректүү тасмасында эволюцияга күмөндүү пикирлер айтканы үчүн

George Mason университетинен айдалганын айткан:

Башчым мени бөлмөсүнө чакырды жана «Жаратылууну окутканың үчүн сага жаза беришим керек» деди. ... Ошол семестрдин аягында жумушумдан айрылдым.[145]

Каролин Крокер 2006-ж. 5-февральда *Washington Post*'ко болсо мындай деген:

Эволюциядагы проблемаларды окутканым үчүн George Mason университетиндеги жумушумдан айрылдым. Көп илимпоздор эволюцияны сындашат, бирок айтышкан болсо жумушунан айрылышат.[146]

Каролин Крокер жумушунан айрылган соң кара тизмекке киргизилген жана дарвинист диктаторлук тарабынан эч жерден жумуш табышына мүмкүндүк берилген эмес.[147]

Др. Рихард фон Штейнберг (Richard von Steinberg) болсо эволюцияны сындаганы жана эволюцияга каршы авторлордун сөздөрүнө орун бергени үчүн National History Museum'дагы (Табигый тарых музейи) жумушунан айрылган. Штейнберг мындай дейт:

(Жаратылуу жөнүндө сөз болгондо) адамдар ачууланчу. Ал тургай, алардын физикалык реакция көрсөткөнүн көрө алат элеңиз. Бөлүм шефи болсо муну (Жаратылуу туурараактай көрүнөт дегеним үчүн) мени интеллектуалдык бир террорист деп атоо аркылуу көрсөткөн.[148]

Мээ хирургу Майкл Эгнор (Michael Egnor) болсо адамдар докторлук кесипке ээ болуу үчүн эволюция теориясын окууга муктаж эмес деп айткан соң ага көрсөтүлгөн реакцияны мындайча баяндайт:

Бир топ блогдон бир топ адам мага оозго алынгыс аттарды коюшту. Жагымсыз абдан көп жоромол алдым. Иштеген университетимден жана башка жерлерден адамдар мага чалышты жана мага пенсияга чык деп кеңеш беришти. Дарвинисттик теорияны сындаганда байкаган нерсем жана мени чындап таң калтырган нерсе – бул багыттагы заалымдык, агрессия жана уятсыздык эле.[149]

Ошол сыяктуу профессор Роберт Маркс дагы дарвинизмди сындаганы үчүн Baylor университетиндеги изилдөө сайты жабылган жана изилдөөлөрү үчүн ага берилген акчалар кайра талап кылынган.

Ал даректүү тасмада атынын айтылышын каалаган же каалабаган көптөгөн анти-дарвинист илимпоздун башынан өткөн окуяларга орун берилген жана бул адамдар дарвинизмди жокко чыгарганынан улам илимий карьерасынын бүтүндөй жок кылынганын өздөрү айтып беришкен.

Журналист Ларри Уитхем (Larry Witham) болсо дарвинизмдин маңызын жана дарвинист диктаторлуктун ыкмаларын мындайча айтып берет:

Эгер жакшы баалар алгыңыз келсе, жогорку кызматтарга дайындалгыңыз келсе жана эгер элге багытталган билим берүү системасынын колдоочусу катары ар кандай сыйлыктарды алгыңыз келсе, (эволюция) моделин сындай албайсыз.

Ондогон, ондогон илимпоз менен маек курдум. Өз араларында же ишенимдүү журналист менен маектешкенде, «бул төмөндөтүүгө мүмкүн эмес комплекстүүлүктө» же «молекулярдык биология кризис ичинде» сыяктуу сөздөрдү айтышат, бирок муну эл

арасында ачык айта алышпайт.[150]

Журналист Памела Винник (Pamela Winnick) болсо жаратылуу темасында бир макала жазган соң журналисттик жумушунан айрылганын айтып, мындай деген:

Эгер бул темага (жаратылуу) кандайдыр бир жол менен бир аз болсо да ишеним көрсөтсөңүз, бул үчүн бул темада бир нерселер жазышыңыз эле жетиштүү, анда бир журналист катары толугу менен жоголосуз.[151]

Философ Стивен Мейер (Stephen Meyer) ДНКдагы маалыматты кокустук менен түшүндүрүүнүн мүмкүн эместигин, мунун жогорку бир акылдын чыгармасы экенин айткан пикирин далилдери менен бирге биология журналында жарыялаганда, дарвинисттер журналдын редакторунун карьерасын бүтүргүлөрү келген.[152] ACLU (American Civil Liberties Union – Америка адамдык эркиндиктер биримдиги) Джорджия штатында жайгашкан Кобб шаарындагы мектептерди окуу китептеринин бетиндеги «ачык акыл менен, жакшылап анализдеп жана сын-пикир менен баалап» эволюцияны окуп-үйрөнүүшүн эскерткен этикеткалардан улам сотко берген. Калифорния штаты Лебекте Americans United for Separation of Church and State (Чиркөө менен мамлекеттин бөлүнүшү үчүн бириккен америкалыктар) уюмунун өкүлү үй-бүлөлөр мектептерди эволюция менен жаратылуу темасында тандоо берүү керек деп сунуштаганы үчүн эле сотко берген. Пенсильвания штаты Дуврда ACLU жана Americans United for Separation of Church and State тарабынан колдоо алган кичинекей бир топ тогузунчу класс биология сабактарында жаратылуу чындыгын талкуулоого тоскоол болуу үчүн сот ишин козготкон. Сот бул үй-бүлөлөр пайдасына чечим чыгарган жана мектепке сотко бергендин мыйзамдык укугу болгон белгилүү көлөмдө акчалай айып төлөткөн. Бул акча бир миллион доллардан ашат болуш керек.[153]

Жазуучу Анн Коултер бул окуяларды мындайча баалайт:

Дувр окуясынан соң ACLU козгогон иштер менен банкрот болуу рискине киргиси келбеген эч бир мектеп жаратылуу сөзүн оозго алууга да батына албады. Дарвинисттер храмдарынын, б.а. мамлекеттик мектептеринин секулярдык ыйыктыгын сактап калышкан эле. Илимде, ынандырууда жана далилде ута алышкан эмес эле. Либералисттер дайыма уткан ыкма менен утушкан эле: аларга каалаганынын баарын күмүш бир табакта алып келген сотту табуу аркылуу.

Бул илим эмес.[154]

Дарвинисттер колдонгон мындай зордукчул ыкмалар көп адамдар үчүн абдан натыйжалуу ыкмалар болуп саналат. Бир миллион доллардай акчалай айыпка туш болгон бир мектеп чоң бир кысымга кабылгандыктан, басынып тымтырс болот. Буга батынган окутуучу жумушунан айрылуу рискине туш болот. Бул система Уильям А. Дембски айткандай, бир диктаторлук режимине окшошот. Эч ким диктаторго каршы оозун да ача албайт.

Эволюционист физика профессору Х. С. Липсон бир илимпоз катары илимдин жаратылууну көрсөткөнүн айтат, бирок бул чындыкты кабыл алуунун дарвинисттик диктаторлуктун кысымынан улам канчалык кыйын экенин мындайча баяндайт:

Эгер жандуу бир зат атомдордун өз ара таасирлери, табигый окуялар, радиация таасири менен пайда болбогон болсо, анда кантип пайда болгон? ... Мен ойлойм, биз ... жалгыз акылга сыярлык жооптун жаратылуу экенин моюнга алышыбыз керек. **Мунун физиктердин четке түртүлүшү маанисине келээрин билем,** бул мага да тиешелүү, бирок эгер эксперименттик далилдер муну колдоп жатса, көңүлүбүзгө жакпаган бир маалыматты жокко чыгара албайбыз.[155]

Липсон айткан дарвинисттик четке түртүлүүгө бир топ илимпоз, мугалим жана окутуучу бат бат туш болууда. Мисалы, 1999-жылы Детройтто бир жогорку мектептин мүдүрү китепканага дарвинизмди сындаган кээ бир китептерди койойун дегенде, NCSE (National Center for Science – Улуттук билим берүү борбору) буга, ар түрдүү тоскоолдук ыкмаларын колдонуу менен, абдан катуу каршы чыккан.[156]

Джонатан Уеллс мындай тоскоолдук саясаты жөнүндө мындай дейт:

NCSE мектеп башчыларына «эволюциянын илимий жактан талкууланбас экенин, ошондуктан ага каршы айтылган пикирлердин илимий окуу программасына илимий болбогон диний көз-караштарды киргизүү аракетинин натыйжасы экенин» айтууда. Америка соттору калк мектептеринде диний билим берүүнүн туура эмес экенин жарыялагандыктан, бул мектеп башчылыгынын мыйзамга каршы бир нерсени кылууну пландаганын айткан бир эскертүү маанисине келүүдө. Эгер эскертүүнү угушпаса, NCSE ACLU'га кайрылат, колдоо алуу үчүн. ACLU болсо мектеп башчылыгына бир жазуу жөнөтүү менен кымбат бир соттук иш менен коркутат. Өлкөдөгү бүт мектеп башчылыгы акчалай жактан жеңил жагдайда болбогондуктан, NCSE менен ACLU'нун коркутуусу дарвинист эволюциянын мектептерде сындалышынын алдын алууда абдан ишке жараган.[157]

Мектептерде жаратылуунун окутулбашы жөнүндө укмуш бир күрөш жүргөн Американын Канзас штатында эволюционист биологияны окутууну алып салууга багытталган иш-чаралардан соң Канзастын билим берүү системасы абдан кеңири масштабдуу бир кысымчылык менен мажбурлоого туш болгон. The National Research Council'дин (Улуттук изилдөө кеңеши) башчысы Герберт Лин (Herbert Lin) *Science* журналына жөнөткөн бир макаласында Американын колледж менен университеттери Канзаста окутулган бүт жогорку класстардын биологиялык сабактары илимий саналбайт деген бүтүм чыгарышы зарыл деп айткан. Кийинки айда *Scientific American* журналынын редактору Джон Ренни (John Rennie) болсо университеттин кабыл алуу комиссияларынын Канзас мектептеринин башчылыгына «Канзас штатынан аларга келечекте тапшыра турган окуучулардын өзгөчөлүктөрүн абдан кылдат текшеришээрин» билдиришин жана «Канзастагы үй-бүлөлөргө болсо бул жаман чечимдин балдарынын келечеги үчүн жаман натыйжалар алып келээрин билдирген ачык бир жазуу» жөнөтүшүн талап кылган.[158] Мындай коркутуунун мааниси белгилүү. Эволюция теориясына каршы чыгуу кылмыш жана бул кылмышты жасагандар ылдам жаза алышы керек.

Жакынкы убактарда сөз болгон бир соттук иште болсо Woods Hole Oceanographic Institution уюмунан Натаниэль Абрахам (Nathaniel Abraham) аттуу бир изилдөөчү

эволюция теориясын кабыл албашын айткан соң жумушунан айдалганын билдирген. 2004-жылы Абрахамга Woods Hole жооптуусу бир илимпоз тарабынан жазылган катта «иштеген уюм илимпоздорунун анализдеринде жана тексттеринде эволюция принциптерин колдонушу керек деген апачык шарт коюлганына карабастан, Абрахамдын National Institutes of Health'дин (Улуттук ден-соолук институттары) «эволюцияны жактаган» иштөө формасын кабыл албаганын айтканы» үчүн жумуштан айдалганы айтылган.[159] Б.а. бир илимпоз эволюция теориясына каршы чыкканы үчүн расмий түрдө четке чыгарылган. Мунун 2007-жылы Натаниэль Абрахамдын сотко бериши натыйжасында коомчулукка угулушу, күмөнсүз, эми адамдардын дарвинизм диктаторлугуна баш көтөрүүгө эрдемсий баштаганынын бир көрсөткүчү.

Беркли университетинен укук профессору Филипп Э. Джонсон 1981-жылы Англия табият тарыхы музейинин эшигине асылган жазуулар менен байланыштуу дарвинисттик фанатизмди мындайча баяндайт:

Эшиктин кире беришиндеги бетте төмөнкүлөр жазылган: «эмне үчүн мынчалык көп түрдүү жандык бар деп кызыктыңыз беле? Бир көз-караш боюнча учурда биз көргөн бүт жандыктар баскычтуу өзгөрүүлөр менен алыскы бир атадан келип чыгышкан. Эволюция кантип пайда болгон? Түрлөр кантип бир-биринен өзгөрүшкөн? Бул салондогу көргөзмө мунун ыктымалдуу бир жообуна көз таштайт – Чарльз Дарвиндин айткандарына.»

Жанындагы бетте болсо мындай деп жазылган: «башка бир көз-караш болсо бүт жандыктарды кемчиликсиз жана өзгөрбөс абалда Аллах жараткан деген көз-караш.» Тиркемедеги брошюрада болсо төмөнкү моюнга алуу орун алган: «табигый тандалуу менен эволюция түшүнүгү эч кандай илимий эмес.»

Илим комитетинин буга берген жообу өтө күлкүмүштүү эле. *Nature* журналындагы бир башка макалада төмөнкү суроо орун алган: «дарвинизмдин эң жакын мунарасы болгон бул музейдин мүдүрлөрү эрдиктерин жоготуштубу, же, ал тургай, акылдарынбы? ... Эч ким буга каршы чыкпайт, илим элге сунулганда, керек болгондо, талкуу темаларынын күмөндүү экенин айтуу туура болот. Анда, эволюция теориясы таанымал биологдор арасында дагы эле бир күмөнбү? Эгер андай эмес болсо, анда жалпысынан баш айландыргандан башка, бул күмөндүү сөздөр эмнеге кызмат кылат?»

... Бул басымдын натыйжасында музей моюн сунду жана бул (калп) «агрессивдүү» сөздөрдү алып салууга мажбур болду.[160]

Дарвинист диктатуранын ыкмасы мына ушундай. Эволюцияга каршы айтылган сөздөргө «агрессивдүү» сөздөр катары баа берилет жана дарвинист илимпоздордун реакциясы менен, дүйнөгө таанымал илимий журналдардын басымы менен керектүү чара ошол замат алдырылат. Дарвинист диктатуранын басымы менен бүт анти-дарвинист сөздөрдүн ыкчам оозу жабылат.

Мындай деспоттук мамиле, албетте, бир гана максатка кызмат кылууда. Эволюция теориясынын далилденген бир теориядай көрсөтүлүшү жана ушундайча бүт дүйнөгө жайылышы дарвинисттер үчүн бир мажбурлук. Алар жаратылуу чындыгын өз ойлорунда

адамдардан алыс тутуп, бүт жандыктарды Аллах жаратканын айтпастан, бир гана эволюция пропагандасын жасоо аркылуу муну камсыздай алабыз деп ойлошууда. Бирок дарвинисттердин оюна келбеген бир чындык бар. Жандыктардын жаратылганын түшүнө алуу жана көрө алуу үчүн адамдарга билим берүүнүн зарылдыгы жок. Акылын бир аз колдонгон ар бир адам жандыктарда бир кереметтин, бир кемчиликсиздиктин, акылдын, аң-сезимдин, чеберчиликтин, кооздуктун бар экенин оңой гана байкай алат. Жана булардын баарынын аң-сезимсиз, акылсыз, ойлонуу, акыл жүгүртүү, сындоо, туура менен туура эмести айырмалоо өзгөчөлүгүнө ээ эмес сокур кокустуктардын натыйжасында пайда боло албашын оңой гана түшүнө алат. Бир канча секунда эле чын көңүлдөн ойлонгон бир адам үчүн да муну түшүнүү эч кыйын эмес. Аллах акылын колдонгон адамдар үчүн жараткан кереметтеринин апачык экенин аяттарында кабар берген:

**Күмөнсүз, ыймандуулар үчүн асмандарда жана жерде аяттар (далилдер) бар. Силердин жаратылууңарда жана көбөйтүп-жайган жандууларда так илим менен ишенген бир коом үчүн аяттар бар. Түн менен күндүздүн кезек менен келишинде, Аллахтын асмандан ырыскы түшүрүп өлүмүнөн соң жер бетин тирилтишинде жана шамалдарды (белгилүү бир тартип менен) башкаруусунда акылын колдонгон бир коом үчүн аяттар (далилдер) бар. (Жасия Сүрөсү, 3-5)**

Дарвинисттер көргөн чараларынын текке кеткенин көрө башташты, негизи. Мурдакы кысымчыл ыкмалар менен, жасалма далилдер менен жасалган пропаганда азыркы баарынан кабардар адамдарга эч таасир бербейт.

Джонатан Уеллс эми барган сайын көп санда илимпоздун дарвинизмден күмөн санап баштаганын жана үнүн угузуу үчүн кыймылдап баштаганын айтат:

Чынында, таң калыштуу санда биолог дарвинизмдин чоң кээ бир гипотезаларынан тымызын күмөн саноодо же аларды жокко чыгарууда. Бирок –жок дегенде Америкада- алар оозун жабууга мажбур, антпесе, сын-пикирге, бөлүнүүгө жана аягында илимий жамааттан чыгарып салынууга кабылышат. Бул бат бат болуп турбаса дагы, мындай бир рисктин бар экенин баарынын эсине сала турган санда. Дарвинисттердин карама-каршы көз-караштарга жасаган цензурасынын таасири менен көздөрү ачылган биологдордон турган жана сандары барган сайын көбөйгөн бир жер-асты жамаат пайда болот деп үмүттөнөм. Изоляцияланган каршы чыккандар канча кесиптешинин ал сыяктуу ойлонгонун байкап баштаганда, алардын саны барган сайын көбөйөт жана үндөрү катуураак чыгып баштайт.[161]

## 7. Дарвинисттер илимди колдонуп, илимий көрүнүшөт

Илим – дарвинизм колдонгон эң чоң жамынчы. Дарвинизм «илимди» жамынып чыккан. Дарвинисттер болсо «илимпоздорбуз» деп чыгышкан. Дарвинизмге каршы ар бир реакция «илим менен күрөшүү» катары көрсөтүлгөн. Эволюция теориясы жөнүндөгү

ар кандай күмөн бир «артта калуучулук же илим душмандыгы» деп көрсөтүлгөн. Дарвинисттердин ар кандай жасалма далили адамдарга илимий бир табылгадай таанытылган. Башкача айтканда, дарвинизм 150 жыл бою илимди колдонду.

Дарвинизм илимби?

Дарвинизм бир алдамчылык. Илим менен эч кандай байланышы жок. Дарвинизм адамдарды бир калпка көндүрүү жана ага ишендирүү үчүн иштеп чыгылган жасалма бир аракет. Илим дарвинизмдин башпаанеги. Дарвинизм илимди колдонуп кол тийбестикке ээ болот. Көз бойомочулуктарды илим деп жактайт. Жасалма далилдерди чыгарган, балдар жомогун айткан дарвинисттерди илимпоз катары таанытат. Дарвинизмдин бир алдамчылык экенин байкаган жана ага каршы күрөшкөн кишилерди болсо илимге кыянаттык кылды деп айыпташат. Дарвинизмдин эң чоң куралы – бул илим. Азыркыга чейин адамдарды илим маскасына жашынып алдап келди. Илимди колдонуп жасалган бул алдамчылык дагы эле уланууда. Дарвинист илимий журналдардын, дарвинист даректүү тасма каналдарынын, дарвинист илимпоздордун муну колдонушунун себеби ушул.

Англис палеонтолог эволюционист Дерек В. Аджер (Derek V. Ager) бул жөнүндө мындай дейт:

Баарыбыз билгендей, көп эволюционист аракеттер белгилүү палеонтологдор тарабынан жасалган мээ чабуулдары гана. Китепканадагы бир таксономист (жандыктардын биологиялык классификациясы менен алектенген киши) миллиондогон жылдык генетикалык мутациядан көбүрөөгүн жасай алат.[162]

Бул сөз абдан туура. Окуу китептеринде, гезиттерде, журналдарда, телевизорлордо айтылган «примитивдик дүйнө», «мутациялар менен жана табигый тандалуу менен пайда болгон жандык түрлөрү», ойдон чыгарылган «орток ата», «өрчүп бүтпөгөн кызыктай жандыктар» сыяктуу эволюция жомоктору – дарвинист илимпоздордун кыялдарындагы гана окулар. Табигый тандалуу менен көп жылдар бою айтып келген эч бир жыйынтыкты ала алышкан эмес. Дерек Аджер да айткандай, генетикалык мутациялар да аларга андай жыйынтыкты берген эмес. Бирок бул илимий чындыктарды жокко чыгарып, ошол эле жалган пикирлерин жактоону улантуу дарвинизм калпынын дүйнөгө жайылуу ыктымалын күчтөндүрүүдө, алардын оюнда. Мына ушул себептен дарвинисттер илимий сөздөрдү дарвинисттик калпка илимий көрүнүш берүү үчүн колдонушат. Натыйжаланган жана эволюция пайдасына жыйынтык берген илимий бир эксперимент же илимий бир далил жок. Көп көп колдонулган илимий сөздөр менен формулалар гана бар. Дарвинист кайсы бир автордун китебинен бул кызыктуу терминдерди же кызыктуу химиялык формулаларды көп көп кездештирүүгө болот. Бул тема жөнүндө маалыматы жок бир адам бул китепти караганда, чындап эле бир илимпоздун илимий бир китебин окуп жатам деп ойлошу мүмкүн. Чынында болсо бул көрүнүш бир алдамчылык. Бул китепте айтылган бир гана нерсе – бул «жандыктар сокур кокустуктар натыйжасында пайда болгон жана азыркы абалдарына сокур кокустуктар натыйжасында келген» деген жомок гана. Дарвинист автордун буга кошумча айта турган

жаңы бир нерсеси, бере турган илимий бир далили жок. Химиялык терминдер менен химиялык формулалар дарвинизм алдамчылыгын толуктоо, өз ойлорунда чындыкка жакын көрсөтө алуу үчүн гана колдонулат.

Дарвинисттердин илимди колдонуу ыкмаларына эволюционист палеонтолог С. М. Стенлинин төмөнкү сөздөрү мисал болот:

Эволюция кичинекей, жергиликтүү популяцияларда ылдам жүрөт; ушул себептен фоссил калдыктарынан эволюцияны көрө албайбыз.[163]

Мына ушул сөздөр бир алдамчылык. Жергиликтүү популяцияларда жүргөн бир эволюциядан сөз кылынууда, бирок бир далил жок. Ал тургай, далилди табуунун мүмкүн эместиги моюнга алынган, бирок бул дагы илимий көрсөтүлүүгө аракет кылынган. Негизи чындык мындай: фоссил калдыктарында эволюция көрүнбөйт, себеби эволюция эч качан болгон эмес.

National Center of Science Education - NCSE (Улуттук билим берүү борборунун) башкаруучусу Евгений С. Скотт (Eugene C. Scott) болсо бул жөнүндө мындай деген:

Көптөгөн жогорку класстардын окуу китеби (ал тургай, өкүнүчтүүсү кээ бир колледждер) теориялардын текшерилген гипотезалар катары окутушат, гипотезалар тастыкталган теориялар имиш сыяктуу; жана чыныгы маанидеги абдан жакшы бир теория алар үчүн мыйзамдашкан сыяктуу. Өкүнүчтүүсү, илимпоздор бул терминдерди мындай колдонушпайт, көп адамдар илимпоз эмес жана илимпоздор да бул сөздөрдүн маанисин окуучуларга жана элге жакшы түшүндүрө алган эмес.[164]

Бул шарттарда ага көрсөтүлгөн жана түшүндүрүлгөндөрдү гана көргөн бир адам, эгер ойлонуп стереотипсиз анализ кылуу күчү жок болсо, дарвинизмдин туура экенине оңой гана ыманышы мүмкүн. Себеби дарвинизм сунуштоо ыкмасы менен бул окурмандын күтүүсүнө бир жоопту берген. Жашоону «жөнөкөй» көрсөтүп түшүндүргөн жана муну «илимий» деген. «Сындап, анализдөөнүн кажети жок, ансыз да туура жана далилденген» деп айткан. «Илимпоздор муну колдошот» деген. «Илимдин жашоо жөнүндөгү жалгыз түшүндүрмөсү ушул, мындан башка жооптор илимий эмес» деген. «Муну бүт дүйнө кабыл алууда» деген. Жана бул жалгандар менен тарыхтын эң чоң алдамчылыктарынын бирин курган. Дарвинизмди эч билбеген, анын кандай бир алдамчылык экени жөнүндө эч пикири жок жана бул сөздөрдү гана окуган бир адам үчүн болсо бул үстүртөн түшүндүрмөлөр аны ынандырууга жетиштүү болот.

Чынында болсо бул киши ар этапта алданууда. Ансыз да дарвинизмди толук кыйраткан жана жаратылуу чындыгынын далили болгон 350 миллиондон ашык фоссил дарвинисттер тарабынан кылдаттык менен жашырылып; жашоонун курулуш материалы болгон протеиндердин бир даанасынын дагы кокустан пайда болушунун математикалык жактан мүмкүн эместиги адамдардан жаап-жашырылган. Ушул себептен бул алдамчылыктын чектерин түшүнүшү да мүмкүн болгон эмес. Алданган бул киши билбеген нерсе төмөнкүдөй: дарвинизм илимий эмес, илим эмес. Дарвинизм изилденген жана туура эмес экени, илимий далилдер тарабынан тастыкталбаганы апачык көрүлүп, далилденген. Дарвинизмди колдогон илимпоздор муну жалган бир дин, бир идеология

катары көргөн фанат жана догматик кишилер. Илимдин жашоо жөнүндөгү жалгыз жообу – бул жаратылуу. Бүт илимий табылгалар жандыктардын кемчиликсиз абалда бир заматта жаратылганын көрсөтүүдө. Дарвинизмдин бүт дүйнө тарабынан кабыл алынгандай көрүнүшүнүн түпкү себеби дагы – бул жасалма ыкмалар жана ушул алдамчы пропаганда ыкмалары. Ошондуктан окурман ынанган жерлер бир көз бойомочулукка гана таянууда. Кээде илимпоздор дагы бул калпка алданып калышууда. Англис палеонтолог эволюционист Колин Паттерсондун бул жөнүндөгү моюнга алуусу кызыктуу:

Кийин ойгондум жана өмүр бою дарвинизмди кандайдыр бир абалда далилденген бир чындык деп ойлоп алданганымды түшүндүм.

Систематикалык ичинде орток ата гипотезаларынын таасири жадатма эле эмес жана маалымат жетишсиздигинен келип чыккан эмес, бирок ошол эле учурда бул толугу менен илимге карама-каршы деп ойлойм.[165]

Башка бир мисалды болсо даректүү тасма продюсери Брайан Лейт берет:

Акыркы он жылда жаңы бир биология коому келип чыкты. Булар илимий мааниде урматтуу саналышат, бирок дарвинизм жөнүндө терең күмөндөрү бар.[166]

Америкалык экономист Джереми Рифкиндин «эволюция теориясы биздин билим берүү системабыздын эң маанилүү жерине жайгаштырылган жана муну керексиз кыянаттыктардан коргоо үчүн айланасына кооз дубалдар көтөрүлгөн.»[167] сөзүн тастыктай турган дагы бир маанилүү далил болсо – бул дарвинист илимпоздордун көз бойомочулуктарды байкамаксан болууну дагы илимди жамынып жасашы жана чындыктар ачыкка чыкса дагы мындан тартынып качышы. Максат кандай болсо дагы адамдарды алдай алуу болгондуктан, дүйнөнүн эң белгилүү илимпоздору, эч тартынбастан, көз көрүнөө бул алдамчылыкты коргошууда. Джонатан Уеллс буга мындай бир мисал берет:

Геккельдин жасалма эмбрион сүрөттөрүнөн көп жылдар бою кабардар болгон илим тарыхчысы Джей Гоулдга эмне деш керек? Бүт бул убакыт бою Гоулддун сабактарынан өткөн окуучулар Геккельдин эмбриондорун эволюциянын далили катары көрсөткөн окуу китептеринен биологияны окушту. Ошого карабастан, башка бир биолог 1999-жылы буга каршы чыкканга чейин, Гоулд эч нерсени оңдогон жок. Андан кийин дагы Гоулд окуу китеби авторлорун катага жоопкерчиликтүү кылды жана каршы чыгуу сыпатындагы шыбырды жайган креационистти (бир Leigh университетинин химиги) кызматтан алды. Бул жерде эң чоң жоопкерчилик кимге тиешелүү – жасалма сүрөттөрдү ойлонбостон кайра кайра колдонгон окуу китеби авторлорунабы, аларды арызданган адамдаргабы, же кесиптештери, өзү «илимий кылмыш» деп атаган окуяга билбестен орток болуп жатып, өзүнөн ишенген абалда четте туруп абалды тамаша кылган, дүйнөгө таанымал бир адискеби?

Геккельдин эмбриондору менен байланыштуу чындыкка салыштырмалуу, үлпүлдөк канаттуу күбөлөрдүн (өнөр-жай көпөлөктөрү) кемчиликтүү экени жакында гана белгилүү болгон, ошондуктан балким окуу китеби авторлору аны колдонууну

улантканы үчүн айыпталбаса да болот. Канткен менен үлпүлдөк канаттуу күбөлөрдү изилдеген бүт биологдор күбөлөрдүн даракка конбошун, окуу китеби сүрөттөрүнүн **отургузулуп** коюлганын он жылдан ашык убакыттан бери билишүүдө. Эгер илим өзүн оңдосо, эмне үчүн адистер окуу китептеринен ойдон чыгарылган сүрөттөрдү чыгарып салууга багытталган бир иш-чараны башташпайт?[168]

Дарвинисттердин илимди колдонушу, болгондо да бул максат үчүн илимди коргоо милдетин аркалагандай көрүнүшкө жамынышы, албетте, чоң бир көз бойомочулук. Негизи дарвинизм, тескерисинче, илимге каршы аракет жүргүзүүдө. Илимий далилдерди жаап-жашырууга аракет кылууда. Лабораторияларда жасалган эксперименттер берген жыйынтыктарга терс пикирлерди жактоодо. Алынган фоссил калдыктары ортоңку формалардын эч болбогонун далилдеп жатканда, жандыктар артында сансыз ортоңку форма калтырып бир-биринен эволюциялашкан деген калпты айтууда. Илим көз бойомочулугу дарвинизм менен бирге пайда болгон бир түшүнүк. Дарвинисттер илимий музейлерди, илимий эмгектерди колдонуу менен бул көз бойомочулуктарды билип туруп, эч тартынбастан адамдарга сунушат. Илимий китеп, журналдарды колдонушуп, эч качан болбогон бир эволюция тарыхы жомогун бул эмгектерде баяндашат. Эч качан жашабаган кызыктай бир жандыктын сүрөтүн тартып, аны «тарыхый өтмүшүңүздөй» көрсөтүүгө аракет кылышат. Илимге каршы бул дин илимди жамынып эң чоң калптардын бирин айтууда.

Мынчалык чоң бир калпты колдошунун себеби, албетте, дарвинисттердин дажжал системасына болгон сокурдук менен баш ийүүчүлүгү. Дажжал системасы адамдарды калпка багыттаган бузуку бир система.

## 8. Дарвинисттер массалык маалымат каражаттарын колдонушат

Массалык маалымат каражаттары (ММК) адамдарга эң көп таасир берген каражаттардын башында турат. Кээ бир адамдар илимпоздордун сөздөрүнүн баарына ыйман келтирген сыяктуу, илимий журналдардын авторлоруна, телевизор кабарларына да ошондой даражада ишенишет. Учурдагы таанымал дарвинист басмалардын кандайдыр бирөөсүндө чыккан дарвинизмди жактаган бир макала аны окуган көп адамдар үчүн жетиштүү бир булак болуп саналат. Адамдарда дарвинизмдин жасалма далилдерин жарыялаган бир илимий журнал сөзсүз чындыкты жазат деген ишеним бар. Көп адамдар ал журналдын дарвинизм дининин бекем мүчөлөрүнүн бири экенинен кабарсыз. Ошондой эле, дарвинизм динин жактаганда, акылдан, логикадан, тууралдан, илимден алысташканын да билишпейт.

Ушул тапта дарвинист диктаторлуктун таасири менен көп сандагы илимий журнал дарвинизм тараптары абалында. Дүйнөлүк масштабда дарвинизмге каршы эч бир макаланын алдыңкы планга чыгарылып, кабыл алынышына жол берилбейт. Мына ушул себептен дарвинисттер ээ чыккан, дарвинисттер жактап колдогон басмалар берген кабарлар, бул кабарлар дүйнөлүк масштабда кабыл алынгандыктан, көптөгөн окурман

менен көрарман тарабынан заматта кабыл алынат.

Чынында болсо бул чоң бир жаңылыштык.

Дарвинисттердин максаты пропаганда гана. Алар *New Scientist* же *National Geographic*'те чыккан алдамчы бир эволюция кабарынан окурмандардын көпчүлүгү күмөн санашпайт деген ойдо аларды даярдашат. Дүйнөгө таанымал илимпоздордун дүйнөгө таанымал макалалары жарык көргөн *Nature* сыяктуу бир илимий журналдын бир жалганды басып чыгарышы окуганы жөнүндө жакшылап ойлонбогон адамдар үчүн мүмкүн эмес көрүнүш болуп саналат. Ансыз да мындай абал дарвинист пропаганда жагынан ушунчалык пайдалуу болгондуктан, дарвинисттердин «ылай сууда кокустан алгачкы клетка пайда болгон» деген жомогу сыяктуу акылга сыйбас бир комедияга дагы көп адамды ишендириши кыйынга турбайт. Бул жомоктун татаал сүйлөмдөр менен жана бир илимпоздун колу менен дарвинизм тараптары *Nature* сыяктуу бир журналда жарык көрүшү жетиштүү болот.

Материалисттик көз-караштагы бир адам же бир уюм материализмди сактап калуу үчүн бүт баарына даяр болушу мүмкүн. Материализм тараптары басмалардын кылганы да ушул. Алар дарвинизмди актуалдаштыруу жана аны жактоо үчүн бүт баарын кылышып, көз көрүнөө илимди бир маска катары колдонушууда. Бул материалисттик көз-караашты *Nature* журналынын төмөнкү сөздөрү жакшы сүрөттөгөн:

Бүт маалыматтар бүт нерсени долбоорлогон бир затты көрсөтсө дагы, мындай бир гипотеза илимден тышта калмак, себеби натуралисттик эмес.[169]

Көрүнүп тургандай, материалисттер илимий бүт конкреттүү табылгалар жаратылууну тастыктаса дагы, аны кабыл албашка өздөрүн коддоп коюшкан. Демек, илимийликтен сөз кылуу албетте мүмкүн эмес. Материалисттердин дарвинизмге болгон туруктуулугу илимий эмес, догматикалык. Дарвинизм илимий жактан кыйратылганына карабастан жакталууда, жаратылуу болсо сансыз илимий табылга тарабынан тастыкталганына карабастан бул адамдар тарабынан караңгылык менен жокко чыгарылууда. Себеби материализм боюнча, заттан (материядан) тышкары бир түшүндүрмө кабыл алынбайт. Мына ушул себептен илимди жамынган бул журналдардын илим менен байланышы жок эволюция сыяктуу бир теорияны жактоодогу өжөрдүгү түшүнүктүү болот. Бул журналдар үчүн, кандай баага турса дагы, жандыктардын жаратылганы жөнүндөгү чындыкты көрсөткөн далилдерди кабыл алуу мүмкүн эмес. Ошол себептен дарвинисттер үчүн анын ордуна, бүт дүйнөгө жасалма ыкмалар менен жайылтылган бир алдамчылыкты жарактуу жана туура көрсөтүүгө аракет кылуу туура болуп саналат.

Бул басмалардын колдоочусу болгон илим борборлорунун Аллах ишенимине болгон көз-карашын караганыбызда бул абал андан да ачык көрүнөт. *Nature* журналында National Academy of Science (NAS) (Улуттук илимдер академиясы) мүчөлөрүнүн динге көз-карашы жөнүндө жасалган акыркы изилдөөдө чыккан жыйынтык мындай: биология жана физика илимдеринен 571 NAS мүчөсүнүн жарымынын берген жообу боюнча, бул илимпоздордун 72,2%ы атеист. 20,8%ы агностик, 7,0%ы гана Аллахтын бар экенине

ишенүүдө.[170] Нейробиолог эволюционист Роберт Провайн «азыр абдан аз чыныгы диндар биолог калды. Көпчүлүгү атеист жана көпчүлүгү бул абалга эволюция түшүнүгү жана башка илимдер себептүү келди» деген сөзү менен бул чындыкты ачык айтууда.[171] Бул чындыктарды караганда, илимдин жаратылуу чындыгын көрсөтүшүнүн атеист илимпоздор арасында чоң бир ачуулануу менен кабыл алынаарын түшүнүү оор болбойт, албетте. Дарвинисттердин ММКны колдонуу менен жасаган аракетинин түпкү себеби мына ушул.

Генри М. Моррис дарвинизм үчүн жасалган бул жалганчы пропаганданын чыккан жерин мындайча баяндайт:

Азыр кеңири тараган ишеним боюнча, Дарвин эволюция мыйзамын ачкан. Натыйжада Дарвин бүт учурлардын эң чоң илимпоздорунун бири катары алкыш алууда. Бирок чынында Дарвин болгону илгерки путпарасттыктын жанданышы үчүн катализатор кызматын аткарган. Болгондо да көптөгөн Батыш Европа өлкөсү бир кылымдан ашык убакыттан бери даярданган Аллахка баш көтөрүүнүн (Аллахты аруулайбыз) ишке ашкан учурунда.[172]

Кээ бир адамдардын «илимпоз калп айтпайт», «килейген бир илимий журнал калпты жазбайт» жаңылыштыктары аларды көп жыл бою жаңылтты. Бул адамдар өз араларында курган адашкан ыйман системасы дарвинисттердин андан пайдаланышына, илимди жаман жакка колдонушуна себеп болгон. Бирок анык чындык мындай: материалист бир илимпоз, эгер чындыктар анын кызыкчылыгына туура келбесе жана эгер чындыктар материализмди колдобосо, **адамдарды алдоодон эч тартынбайт**. Учурда дүйнөдөгү илимпоздордун көпчүлүгү дарвинизмди жактоо менен апачык адамдарды алдап жатат. Жаш балдар да ишенбей турган тантык жомокторду, илимий жактан мүмкүн эместигин билип туруп, адамдарга айтып жатышат. Бул – учурда болуп жаткан жана дүйнөдөгү бүт дарвинист илимпоздор тарабынан жасалып жаткан бир система. Башкача айтканда, дарвинист бир илимпоз, бүт өмүрүн илимдин арасында өткөргөнүнө карабастан, илимди жамынып эч тартынбастан адамдарды алдап, бүт өмүрүн бир калпка арноодо.

ДНКны ачып Нобель сыйлыгын алган, бүт өмүрүн эволюция калпын жактоо менен өткөргөн жана 2004-жылы «адам бир нейрон жыйындысы» деген каршылык алган сөздөрү менен, рухтун бар экенин жокко чыгарып өлгөн физика жана биология профессору Фрэнсис Крик (Francis Crick) мунун эң ачык мисалы. Атеист физик, молекулярдык биолог жана нейробиолог катары, Аллахтын жогорку чеберчилигинин сансыз далилин көргөнүнө жана буларды өзү ачканына карабастан, алардын керемет катары атайын бир жаратылууга ишарат кылганын адамдардан жашыруу үчүн өмүр бою алпурушкан. Ал тургай, Аллахтын бар экенин кабыл албаш үчүн (Аллахты аруулайбыз) жашоо башка планеталыктар (инопланетяндар) тарабынан алып келинген деп айтканга чейин барган.[173] Натуралист, дарвинист көз-караштын бир илимпозго алып келчү жыйынтыгы – ушундай уят кылуучу бир логикасыздык.

Буга башка бир мисал – палеонтология көрсөткөн бүт жаратылуу далилдерин өз

көзү менен көрүп изилдегенине карабастан, өмүр бою атеист жана натуралист бойдон калган дагы бир дарвинист илимпоз Гарвард палеонтологу Стивен Джей Гоулд. Стивен Джей Гоулд дагы дал Крик сыяктуу, бүт өмүрүн илим менен алпурушуп өткөргөн, Аллахтын бар экенин өз оюнда жокко чыгара алуу үчүн (Аллахты аруулайбыз) Секирүүчү (Үзгүлтүктүү) эволюция сыяктуу такыр логикасыз жана далилсиз бир теорияны өмүр бою жактоодон тартынган эмес.

Демек, дарвинист илимпоздордун кылгандарынын жана айткандарынын баары туура деген ишеним бир акылсыздык, аңкоолук. Өмүр бою каапырлык ичинде болгон бул адамдар билбеген жана түшүнө албаган бир чындык бар: ааламдардын Рабби Улуу Аллах өмүр бою дажжалиятты жайуу үчүн аракет кылган, бүт өмүрүн ушул күрөш менен өткөргөн адамдардын кылгандарынын текке кетээрин аяттарында кабар берген:

**Айткын: «Мамиле (амалдар) жагынан эң көп азапка туш боло тургандарды силерге кабар берейинби?» «Алардын дүйнө жашоосундагы бүт аракеттери текке кетти, (бирок) өздөрүн чынында жакшы иш кылып жатабыз деп ойлошууда.» (Кехф Сүрөсү, 103-104)**

Дажжалдын жардамчылары дүйнө жашоосунда Аллах ишенимине каршы жасаган аракетинин бир баркы болот, аны менен жеңебиз жана утабыз деп ойлошууда. Чынында болсо бул башынан чирик бир система. Акыйкат динге каршы болгон бүт системалар Аллахтын убадасына ылайык сөзсүз жеңилет. Улуу Аллах албетте бүт баарына кудуреттүү. Аллах аятында мындайча билдирет:

**Ким Аллахты, Анын Пайгамбарын жана ыймандуу адамдарды дос тутса, Албетте Аллахтын жамааты гана жеңүүчү. (Маида Сүрөсү, 56)**

Дарвинисттердин илимди идеологияларына курал катары колдонуудагы эң белгилүү тактикаларынын бири – бул алардын абдан өзүнө ишенген бир услуп колдонушу. Эволюция жөнүндө тууралыгы анык жана эч талкуулап да кереги жок «илимий» бир теориядай сөз кылышып, Дарвинди болсо дүйнөнүн эң маанилүү илимпозу деп жарыялашат. Бирок көптөгөн илим тарыхчысы менен авторлор апачык айткандай, Дарвин жаңы бир нерсе ачкан эмес, бир табылга тапкан эмес, акыл жана логика жүгүртүп же байкоо жүргүзүп бир теория чыгарган эмес. Бир мас моряктар тобу менен узун бир деңиз саякатын жасап, ал тургай бул сапарда топтогон көп жандык түрлөрүн изилдебестен бир четке таштаган, жана чоң атасынан уккан байыркы Египет менен Шумерден бери келген эволюция калпын кайрадан жандандырган. Албетте, дарвинисттер бул чындыкты эч качан айтышпайт, ал тургай, жакшылап жашырып, адамдарды алдай алуу үчүн Дарвинди чоң бир илимпоздой көрсөтүүгө аракет кылышат. Молекулярдык физик жана ошондой эле теология профессору Алистер Макграт (Alister McGrath) муну мындайча айтат:

19-кылымда Американын эң белгилүү атеист жазуучусуна айланган темир жолу адвокаты Роберт Грин Ингерсолл (1833-99) ... 1884-жылкы бир макаласында мындай деген: *«Бул кылым Дарвин кылымы деп аталат... Анын эволюция доктринасы, эң ылайыктуулардын жашашы доктринасы жана түрлөрдүн келип чыгышы доктринасы фанаттык христиандыктын акыркы калдыктарын бүт ойлонгон акылдардан алып салды.»*[174]

Бул дарвинист илимпоздордун макалалары орун алган илимий журналдарга да тиешелүү, күмөнсүз. Дүйнөнүн белгилүү илимий журналдарында дарвинизм пропагандасы гана жасалгандыктан, ал журналдарда дарвинист илимпоздордун гана макалаларына орун берилгендиктен жана бул илимпоздор болсо идеология катары эволюция калпын улантуу жана жактоого мажбур болгондуктан, илимий сөздөр менен кооздолгон макалалардын абсолюттук тууралыгына ишенүү акылсыздык болот. Адамдардагы мындай туура эмес ишенимди дарвинисттер көп жылдар бою колдонушту. Бирок эми мунун жоголушунун жана чыныгы илимий тууралары кабыл алуунун убагы келди. Дарвинизмдин эң негизги пропаганда куралы болгон массалык маалымат каражаттары адамдарды алдай албай калганда, дарвинист пропаганда жасоонун башка куралы калбай калган болот.

## 9. Дарвинисттер эволюцияга каршы ишенимдер логикага карама-каршы келет деген калпты сиңирүүгө аракеттенишет

Башкаларды күнөөлөө – балким эң жакшы белгилүү психологиялык согуш тактикасыдыр. Өзүнүн кемчиликтерин же айыпталган нерселерин башкага жүктөө аркылуу жүргүзүлгөн бир күрөштө бул тактиканы колдонгон тарап көбүнчө ким бул багытта күчтүүрөөк пропаганда жасаса, ошол утат деп ойлойт. Б.а. күнөөлүү тарап, эгер пропагандасын жакшы жасаган болсо, чындык анын тарабындадай жана ал жапа чеккендей көрүнөт жана өз оюнда бул күрөштү жеңген болот.

Бул белгилүү тактика дарвинисттер тарабынан көз көрүнөө жасалууда. Көз бойомочулук кылган, бир алдамчылыкты жактаган, акылга жана логикага карама-каршы келген, алдаган тарап дарвинисттер болгонуна карабастан, эволюцияны жокко чыгаргандар логикасыз пикирлерди жакташууда дегенге адамдарды ынандырууга аракет кылышат. Дарвинисттер адамдарды бул калпка ынандырса, адамдарды болушунча жакшы жана натыйжалуу багыттай алса, ийгиликке жетээрине ишенишет. Бул шайтандык тактика сөзсүз пайдабызга болот жана бүт жасаган көз бойомочулуктарыбыз билинбей калат деп ойлошот. Бирок алар унуткан маанилүү бир чындык бар: жалган эч качан жеңбейт. Бул Аллахтын мыйзамы. Улуу Раббибиз Аллахтын адилети сөзсүз ордун табат. Чынчыл менен алдамчыны билген Улуу Аллах сөзсүз жалганды жок кылат жана акыйкатты бекемдейт. Дарвинисттик тактикалар дажжалдын бир оюну жана бүт жандыктар сыяктуу дажжалды да жараткан Аллах анын бүт оюндарын жер менен жексен кылат. Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Мына силерге ушундай... Чынында Аллах каапырлардын тузактарын текке кетирүүчү. (Энфал Сүрөсү, 18)**

Жаратылуу чындыгына каршы чыгарылган бул жасалма ыкма натыйжалуу көрүнгөн жылдар бою дарвинисттер жаратылуу чындыгын айткандарды ар кандай жалаа жана дооматтар менен айыптоого барышкан. Негизи дарвинисттер ыйман келтиргендерге жасаган жалаалар тарых бою жасалган жана Куранда болоору кабар берилген окуялар. Асмандардын жана жердин башкаруучусу Улуу Аллах мындай жалаа жапкандардын абалын аятында төмөнкүчө кабар берген:

**Жана (кайра) аларга: «Адамдар ыйман келтирген сыяктуу силер да ыйман келтиргиле» деп айтылганда: «Акылы төмөндөр ыйман келтирген сыяктуу ыйман келтирелиби?» дешет. Билип койгула, чынында чыныгы акылы төмөндөр өздөрү; бирок билишпейт. (Бакара Сүрөсү, 13)**

Дарвинисттердин айыптоого өтүшүнүн себеби – жаратылуунун абсолюттук чындык экенин күмөнсүз билиши. Өз ойлорунда мындай шылдыңчыл мамиледе болушунун түпкү себеби – теорияларынын илимий табылга жана далилдер тарабынан тастыкталбаганын билиши жана ушул себептен адамдарды демагогия менен алдоого аракеттениши. Бул дажжал системасына ийгилик алып келет деп ишенишет. Беркли университетинен укук профессору Филипп Джонсон бул тактика жөнүндө мындай дейт:

...Окуучулар үлпүлдөк канаттуу күбө жомогундагы кемчиликтерди, Геккельдин эмбрион сүрөттөрүндөгү көз бойомочулукту, кембрий жарылуусунун сырын жана белгилүү дарвинчилердин дарвинизмдин диний маанилери жөнүндө чынында эмнеге ишенээрин да билиши зарыл. Мындай билим берүүдө көп өтпөстөн, башчылар бир көтөрүлүштүн башталганын көрүшөт. Дарвинчилер тактикасын өзгөртпөйт, себеби эволюция жөнүндө бериле турган туура бир билим берүү эволюцияны сактай албаган гипотезаларды апачык көрсөтөт.

Реалисттик бир аныктама боюнча, натурализм (жалган) бир дин жана ашыкча догматикалык. Бир ишеним менен жакталган акыркы реалдуулук жөнүндөгү жалпы бир көз-карашка таянат. Жана өзүнүн «маалымат» жана «акыл» аныктамалары бар. Маалымат сезимдерибизден келип чыгат жана татаал маалымат түрлөрү илимий изилдөөдөн келип чыгат дешет. Натуралисттик аныктама боюнча, табият-үстүнүн маалыматы деген нерсе жок. Теңир жөнүндөгү сунуштар же акылга сыйбас же акылга каршы деп сыпатталат.[175] (Аллахты аруулайбыз.)

Бирок чынында натурализм менен материализм өзү акылга сыйбайт. Бул адашкан жана жалган ишенимдегилер шанска, кокустукка, аң-сезимсиз окуяларга жаратуучулук сыпатын берген (Аллахты аруулайбыз), акылдуу ой жүгүртүү жөндөмү жок адамдар. Кокустукту жасалма кудай тутунган бузуку бир диндин жактоочулары «маалымат» деген нерсе дагы кайра эле кокустуктар бүт нерсени жоктон жараткан деген пикирге таянат.

Ошондуктан бул жерде айтылып жаткан нерсе акыл менен логикага сыйбас адашкан бир ишеним системасы гана. Мына ушул себептен, натурализм, материализм жана дарвинизм жөнүндө сөз болгондо, акыл же маалымат сыяктуу түшүнүктөрдөн сөз кылуунун мүмкүн эместигин түшүнүү да оорго турбайт.

Дарвинисттер апачык бир чындык болгон жаратылуу чындыгынын кеңири түшүндүрүлүп, адамдарды ынандырышынан абдан коркушат. Себеби жаратылуу чындыгын колдогон сансыз далил бар экенин билишет жана аларды көргөн бир адамдын эволюция калпына алдынышы андан соң мүмкүн болбой калат. Башка жагынан, дарвинизмди колдогон бир даана дагы далил жок. Бул чоң алдамчылыкты жактаган кишилердин өздөрүнүн төмөн акылдарында болгон күчү менен жаратылуу ишенимин сындашынын чыныгы себеби ушул. Нью-Йорк университетинин химия профессору эволюционист Роберт Шапиро жыйынтыктар эч качан эволюция теориясын колдобосо дагы сөзсүз аягына чейин дарвинизмди жактаарын төмөнкү акылсыз логика менен айтууда:

Келечекте бир күнү бүт логикалуу химиялык эксперименттер жашоонун ыктымалдуу тамырынын бүтүндөй туура эмес экенин көрсөтүшү мүмкүн. Ал тургай, жаңы геологиялык далилдер дүйнөдө жашоонун бир заматта пайда болгонун көрсөтүшү ыктымал. Эң аягында бүт ааламды ачып башка бир жерде бир жашоо изин же жашоого себеп боло турган бир процессти жолуктурбашыбыз мүмкүн. Мындай учурда бир катар илимпоздор жооп үчүн динге кайрылышы мүмкүн. Бирок мен да кошо башкалар, колдогу азыраак ыктымалдуу илимий түшүндүрмөлөрдү калгандардан ыктымалдуураак бирөөсүн тандай алуу максатында тазалоого аракеттенишет.[176]

Мына бул сөздөр дажжалдын караңгы системасын даана көрө алуу үчүн, албетте, жетиштүү.

## 10. Дарвинисттер маймылдын адамга болгон окшоштуктарын колдонууга аракеттенишет

Жогоруда дарвинизмдин өтө жөнөкөй бир логикага таянаарына жана жашоону өз оюнда үстүртөн жана жөнөкөй түшүндүрүүгө аракет кылаарына токтолгон элек. Дарвинисттер мунун бир талабы катары колдонгон эң маанилүү пропаганда материалдарынын бири – бул маймылдар. Маймыл ар кандай анатомиялык өзгөчөлүктөрүнөн улам чындап эле адамга окшош жаратылган бир жандык. Дарвинисттерди эң жаңылткан жана дарвинисттердин адамдарды эң көп алдашына себеп болгон нерсе ушул окшоштуктар.

Дарвинисттер маймыл-адам окшоштугун колдонуу үчүн бир маймылды алдыңкы планга чыгарат жана анын ар кандай кыймылдарын, шайман колдонуу, үйрөнүү жөндөмү сыяктуу өзгөчөлүктөрүн көрсөтө турган ар кандай көргөзмөлөрдү жасашат. Мунун максаты – адам маймылдан келген деген белгилүү дарвинисттик алдамчылыкты окурмандарга өз ойлорунда кадыресе көрсөтө алуу үчүн бир пикир жаратуу. Кээ бир адамдар бул пикирди алган соң жаныбарлар бакчасына барганда же маймылдар жөнүндө

бир даректүү тасма көргөндө белгилүү багытта пикирлери калыптана баштайт. Дарвинист алдамчылыктан ушунчалык таасирленгендиктен, көргөн маймылды «бир аз өрчүсө, кырынса, жакшы тамактанса» оңой гана адамга айланышы мүмкүн дегендей жөнөкөй логика жүргүзүп баштайшат. Бир канча окшоштук дарвинист пропаганданын ийгиликтүү болушуна негиз түзүүдө. Адамга окшош кээ бир примитивдик кыймылдарды үйрөнгөн маймылдар жөнүндөгү программалар кайра кайра дарвинист телевизор каналы жана интернет сайттарда жарыяланып алдыңкы планга чыгарылат. Бир маймыл үйрөтүлгөндө эмнелерди кыла алаарын көргөн жана дарвинизм жөнүндө көп маалыматы жок кээ бир көрармандар көргөндөрү жөнүндө берилген дарвинисттик пропагандадан улам бүтүндөй туура эмес бир көз-карашка ээ болушат. Маймыл көрсөткөн акылдуу кыймыл-аракеттер бул жандыктар адамдын байыркы аталары деген пропаганданы күчтөндүрүү үчүн кайра кайра көрсөтүлөт.

Чынында болсо бул дагы бир дарвинисттик алдамчылык.

Маймылдардын адамга окшогон өзгөчөлүктөрү бар экени ырас. Бирок бул адам менен маймылдын такыр башка жандыктар экенин өзгөртпөйт. Маймыл, Аллахтын буйругу менен, бул дүйнөдө жашап турган мөөнөт бою маймылдан башка бир жандыкка айланбайт, канчалык окутулса дагы адам сыяктуу ойлонуу, кабылдоо, жоромол жасоо, пландоо, акылдуу мамиле кылуу, сындоо, пландуу жана аң-сезимдүү мамиледе болуу, сүйлөө сыяктуу өзгөчөлүктөргө ээ боло албайт. Канчалык көп кайталоо жасаса дагы, бир маймыл эч качан учак долбоорлорун жасай албайт, бийик имараттарды кура албайт, ыр жаза албайт, лабораторияларда адамды изилдей албайт. Канча үйрөтүлсө дагы, бир нерсени долбоорлой албайт, ойлонуп пландап жогоруураак бир маданият деңгээлине жете албайт. Себеби маймыл – Аллах ага өзгөчө кылып берген анатомиялык өзгөчөлүктөргө ээ, сүйлөө жөндөмү жана эң негизгиси адамды адам кылган аң-сезим, акыл жана руху жок бир жандык. Анын бир канча жагдайда эле жөндөмдүү болушу адамдын атасы деген көз-караштын, албетте, эч качан далили боло албайт.

Дарвинисттерди бул пикирлерди айтып жатып, адам менен маймыл арасындагы эң негизги айырманы унуттурууга аракет кылышат. Адам – «менмин» деген, өзүнүн бар экенин түшүнгөн, эмне үчүн жаратылганын, эмне үчүн бар экенин ойлоно алган, сындоо жөндөмү бар бир жандык. Адам ушул себептен башка жандыктардын баарынан кереметтүү бир айырма менен айырмаланат. Анатомиялык өзгөчөлүктөр менен жөндөмдөр мунун алдында абдан кичинекей бир айырмалоочу мүнөзгө ээ. «Менмин» деген, бар экенин билген аң-сезимдүү жандыкты эч бир материалисттик түшүндүрмө менен түшүндүрүүгө болбойт. Эч кандай материалисттик түшүндүрмө өзүнүн бар экенин билбеген, аңкоо бир жандыктын руху бар жана бар экенин билген бир жандыкка айлануу жомогун түшүндүрө албайт. Дарвинисттер бул илимге сыйбас түшүндүрмөгө каалашынча жасалма фоссил далилдерди көрсөтүүгө аракет кылышпасын (көрсөтүлгөн бүт фоссилдердин жасалма экени аныкталды), адамдагы аң-сезим менен рухту эч качан түшүндүрө алышпайт. Адамдын жасалма эволюциясынан сөз кылып жатканда жана буга сансыз жасалма башты далил катары кабыл алдырууга аракет кылып жатканда,

дарвинисттердин эч токтолгусу келбеген жана аларды бүтүндөй чарасыздыкка салган нерсе мына ушул.

Мындан тышкары, дарвинисттер эң чоң далил деп ойлогон жөндөм көргөзмөсүндө маймылдан бир топ акылдуу өзгөчөлүктөрдү көрсөткөн жандыктар бар. Карга, аары, кемчет (бобр), термит сыяктуу жандыктар кээде маймылдардан бир топ акылдуу жана бир топ көбүрөөк жөндөм талап кылган кыймыл-аракеттерди жасашат. Ошондуктан жөндөмгө таянган окшоштук пикири толугу менен бир жаңылыштык.

Дарвинисттер эң биринчиден адамды адам кылган; көргөндөрүнөн, уккандарынан таасирленишин, алар жөнүндө ойлонушун, акыл көрсөтүшүн, урмат, сүйүү, туруктуулук сыяктуу түшүнүктөргө ээ болушун, сын-пикир жүргүзүшүн камсыз кылган «рухту» түшүндүрүшү керек. Заттын абсолюттук бар экенине ишенген, адам аң-сезимин бир нейрон жыйындысы катары гана көргөн бул көз-караш рух жөнүндө эч ооз ачпайт. Дарвинисттер көптөн бери аң-сезимдин тамыры жана ойдон чыгарылган эволюциясы жөнүндө изилдөөлөрдү жасап, тагыраак айтканда, бул темада пропаганда ыкмаларын чыгарууга аракет кылып жатышат. Бирок заттык эмес бир түшүнүктү зат менен түшүндүрүү, ал тургай буга альтернативдүү бир жоромол жасоо мүмкүн эмес болгондуктан, бул жөнүндө эч нерсе айта алышпоодо. Себеби аң-сезимдин тамыры, б.а. адамды адам кылган рух Аллахка тиешелүү. Аллах Өзүнүн берешендиги менен муну адамга тартуулаган жана аны башка жандыктардан өзгөчө ушул жагынан айырмалуу кылган. Дарвинист алдамчылык бул темада чарасыз жана үн-сөзсүз.

Аллах Куранда адамды Өз рухунан жаратканын мындайча билдирет:

**Ал жараткан бүт нерсесин эң кооз кылган жана адамды жаратууну бир ылайдан баштаган. Кийин анын урпагын бир маңыздан (сүлаледен), болгону бир суудан жасаган. Кийин аны «түздөп бир калыпка салды» жана <u>ага Рухунан үйлөдү</u>. Силер үчүн кулак, көздөр жана көңүлдөр жаратты. Канчалык аз шүгүр кылуудасыңар? (Сажда Сүрөсү, 7-9)**

## 11. Дарвинисттер визуалдык пропаганда менен жасаган сыйкырын жайууга аракеттенишет

Дарвинист басмалардын дээрлик баарында көргөн болушуңуз керек. Көп жылдар бою небраска адамы дээрлик эң негизги эволюция далили катары көрсөтүүгө аракет кылынды. Бул ойдон чыгарылган жандыкты сүрөттөгөн тексттин жанынан абдан таанымал бир сүрөт орун алат. Бир аз бүкүрөйүп баскан бир маймыл-адам, аялы, жашаган чөйрөсү, колунда аңчылык кыла турган бир куралы ж.б. Сүрөт ушунчалык детальдуу болгондуктан, бул ойдон чыгарылган жандык жөнүндө адамдардын оюнда жетиштүү көрүнүш пайда болгон болот. Көп изилдөө мүмкүнчүлүгү, бул тема жөнүндө маалыматы жок окурмандарга багытталган дарвинисттик максатка жетишилген болот. Дарвинист алдамчылыкты билбеген окурмандар үй-бүлөсү менен бирге примитивдик бир чөйрөдө жашаган бир маймыл-адамдын бар экенине оңой гана ынанган болот.

Бирок чындыгында бул бир жалган.

Небраска адамы катары адамдарга таанытылган бул ойдон чыгарылган жандык бир даана тиштен чыккан. Жогоруда терең каралгандай, бул тиш бир жапайы доңузга тиешелүү болгон. Б.а. адамдарда визуалдык пропагандалар менен жаратылууга аракет кылынган пикир бир жапайы доңуздун азуу тишине гана таянган. Кандайдыр бир жол менен ал доңуздун тишинен кыялдагы небраска адамынын үй-бүлөсүнүн сүрөттөрү жасалган. Башкача айтканда, абдан чоң бир тузак курулуп, адамдарга апачык калп айтылган.

Бул пропаганда ыкмасы дагы эле уланууда. Суудан кургактыкты көздөй бараткан, сүзгүч канаттары барган сайын колдорго айланып баштаган балык сүрөтү толугу менен ойдон чыгарылган бир сүрөт гана. Дарвинисттер эч кандай далили жок мындай бир «айланууга» адамдарды ынандыра алуу үчүн кайра эле ошол ыкманы колдонушат. Бир көз бойомочулукту колго алган илимий журнал же илимий сайтта ал кабардын жанында тема менен эч байланышы жок, барган сайын тик турган жана адамга айланган маймыл сүрөтүн коюу ал теманын эволюция менен байланышын камсыздоодо. Кандайдыр бир окурман бул кабарды визуалдык таасирлер натыйжасында эволюциянын бир бөлүгү, ал тургай, бир далили катары кабылдашы мүмкүн. Көбүнчө ал макалада жазылгандарды окубайт, бирок ал жердеги эволюцияны эске салган сүрөт эсинде калат. Ошол эле киши клондоо же геном долбоору жөнүндөгү кабарлардын жанына коюлган жана тема менен эч байланышсыз эволюция сүрөттөрүн да ошондой кабылдайт. Геном долбоорундагы кандайдыр бир илимий алга жылуу ал кишиде эволюция да илимий далилденгендей пикир калтырат.

Мына ушул жасалма визуалдык пропаганда – катардагы бир дарвинисттик пропаганда ыкмасы. Психологиялык пропаганда ыкмаларынын эң көп колдонулгандарынан. Чынында болсо бир баш сөөгү фоссили менен жасалган реконструкциялар ар кайсы сүрөтчүнүн ар түрдүү кыялдануу күчүн чагылткан искусство эмгектери гана. Небраска адамы мисалындагы сыяктуу.

Албетте, мунун илим менен эч байланышы жок. Булардын эволюция менен да эч кандай байланышы жок. Илимий далил коюунун ордуна, жасалма пропаганда ыкмасы гана колдонулууда, болгону ушул.

Джонатан Уеллс бул дарвинист көз бойомочулукка мындайча мисал берет:

1972-жылы Кениянын түндүгүндө табылган атактуу бир фоссилдин башы үстүңкү жаактын баштын калганына жайгаштыруу формасынан улам тынымсыз көрүнүш өзгөрткөн. Палеантрополог Алан Уокер, Майкл Дей менен Ричард Лики «1470 даталуу баштын» эки бөлүгүн изилдесе, Роджер Левин жасалган эмгектерди санаган. Левиндин ою боюнча, Уолкер мындай деген: «үстүңкү жаакты алга жылдырып, ага узун бир бет жайгаштыра аласың же анын ичине киргизип бетти кыскарта аласың... Кайсысын тандашың сенин божомолдоруңдан көз-каранды. Адамдардын аны менен эмнелерди кылганын көрүү абдан кызыктуу.» Левин Ликинин муну кайра эске салганын жазган: «ооба аны мындайча кармасаң ушундай көрүнөт, андай кармасаң башкача көрүнөт.»

Жакында эле *National Geographic* журналы 1470-жылкы баш менен ошол эле түргө тиешелүү деп болжолдонгон жети сөөк фоссили калыптарынан ургаачы бир фигураны кайрадан жасашы үчүн төрт сүрөтчүгө тапшырды. Сүрөтчүлөрдүн бирөө маңдайы жок, астыңкы жана үстүңкү жаагы чыгып турган бир динозаврдыкына окшогон бир жандыкты тартты. Башка сүрөтчү салыштырмалуу жакшыраак көрүнгөн бирок колдору кызыктай узун модерн бир африка-америкалык бир аялды тартты. Үчүнчү сүрөтчү бир горилланыкына окшогон колдору жана бир Голливуд бөрүсүнүкүнө окшогон жүзү менен арык бир ургаачыны тартты. Төртүнчү сүрөтчү болсо денесин түк каптаган, даракка чыккан жана горилланыкына окшош жоон каштарынын астынан айлананы караган, мончок көздүү бир фигураны тартты.

Бул сүрөттөр жыйындысы бир даана фоссил тобун ар кандай жолдор менен кантип кайрадан калыптандыруу мүмкүн экенин апачык көрсөтүүдө. Кээде маймыл-адам тизмегине кошула турган бир ортоңку форманы изденүүдө кайсы сүрөт эң ылайыктуу болсо ошол тандалышы мүмкүн.[177]

Дарвинисттердин бул көз бойомочулукту оңой гана жасашынын себеби – тукум курут болгон жандык фоссилдерин алып, аларды каалаган формага салып, каалагандай көрүнүш бере алышында. Дарвинисттер чыгарган бул реконструкцияларын ушунчалык көп колдонушат; том томдук бир эволюция китеби бир эле ушул жасалма сүрөттөрдөн турушу мүмкүн. Ал тургай, бир табият тарыхы музейинин материалдары ушундай реконструкциялар гана болушу мүмкүн. Адамдарга көп жылдар бою ушул жасалма сүрөттөр менен макеттерди көрсөтүп, булар чындап жашаган деген пикирди жаратууга аракеттенишет. Албетте, бул музейлерди зыярат кылган көп адамдар профессорлор менен илимпоздордун көзөмөлүндөгү, мамлекеттен колдоо алган мындай бир тарых музейи көрсөткөн бүт нерсе жалган жана жасалма болушу мүмкүн деп эч ойлобойт. Ал тургай, ушул себептен гана көргөндөрүнөн таасирленип, башы кичинекей, жаагы чоң, бүкүрөйүп баскан, денесин түк каптаган бул ойдон чыгарылган жандыкты тарыхта бир кездерде сөзсүз жашаган деп ойлоп калат. Ал жердеги көп адамдар көрсөтүлгөн бул жасалма айкел жана сүрөттөрдүн чынында эч качан жашабаганын, алардын баарынын жасалма экенин, аны тастыктаган бир даана дагы фоссил далили жок экенин, ал тургай, тескерисинче фоссил калдыктарынын бул көз-карашты бүтүндөй калпка чыгарганын билбейт, ал тургай, аны изилдебейт дагы. Алдындагы пропаганда ушунчалык күчтүү жана аны колдогон ушунчалык даражалуу кишилер бар болгондуктан, анын тууралыгын изилдөө аларга логикасыз да сезилиши мүмкүн. Бирок натыйжада тынымсыз алданып, тынымсыз бир калпка орток болушууда.

Табият тарыхы музейлерине барганда, ансыз да көбүнчө фоссилдердин ордуна ошол жасалма сүрөттөр же ойдон чыгарылган макет жандыктар адамдарга көргөзүлөт. Дарвинисттер фоссилдерди көрсөтө алышпайт, себеби фоссилдердин баары кемчиликсиз жандыктарга тиешелүү. Фоссилдердин баары жандыктардын миллиондогон жыл мурда да, толук жана кемчиликсиз жандыктар болгонун көрсөтүүдө. Андан дагы, фоссилдер азыркы жандыктардын миллиондогон жыл мурда да жашаганын жана эч өзгөрбөгөнүн да

көрсөтүүдө. Мына ушул жагдай палеонтология музейлеринин жалгыз булагы болушу керек болгон фоссилдердин көмүскөдө калышына себеп болгон. Фоссилдердин баары жаратылуу чындыгын далилдегендиктен, дарвинисттер толук 300 миллион фоссилди жашырышкан. Эч адамдарга көргөзүшкөн эмес.

Дарвинисттер көптөгөн илимий журналдарды да визуалдык пропаганда үчүн колдонушууда. Дарвинист журналдар илимий далил суна албагандыктан, пропагандага чыныгы басымды жасашууда. Пропаганданын эң негизги талабы катары көз бойомо бир бет дизайны, тышкы бет менен ички беттерде колдонулган түстөр, тышкы беттин дизайны, тандалма сүрөттөр менен услуп окурманга керектүү пикирди берүү үчүн жетиштүү көрүнөт. Бул көрүнүштүн астына жашынган сыйкыр журналды алып окуган адамдын визуалдык (көрүү) жактан журналдын көрүнүшүнөн жана ичиндеги сүрөттөрдөн таасирленишин жана мазмунундагы кызыктай латынча терминдердин таасиринде калышын камсыздоодо.

Жарнамалардан кино тасмаларга, музыка клиптеринен ырдын сөздөрүнө, мультфильмдерге, китептерге, макалаларга чейинки ар кандай мүмкүнчүлүк бул сыйкырдын бузулбашы үчүн колдонулат. Максат – адамдардын кээ бир сөздөрдү жана сүйлөм калыптарын жатташы жана сүрөттөргө көздөрүнүн көнүшү. Кыялдагы «маймылдан адамга өтүү этаптары», жалганчы ортоңку форма фоссили сүрөттөрү, жасалма «примитивдүү адам» сүрөттөрү жашоонун бүт тарабын каптаган. Гезит менен журналдарда чоң же кичине, бир сөз катары же кеңири масштабда, тынымсыз бул тема жөнүндө сөз болот. Ушундайча адамдардын үстүндөгү дарвинист сыйкырдын таасиринин бузулбашы максат кылынат.

Жаратылууга каршы чыгарылган атайын услуп, өз ойлорунда жасаган шылдыңчыл мамилелери да бул сыйкырдын таасирин толуктоо үчүн жасалат. Аллах ишенимине багытталган анекдот, текст, маек, карикатуралардын баарынын (Аллахты аруулайбыз) себеби адамдарды дарвинист пропагандага көндүрүү максатын көздөйт. Адамдардагы Аллах ишенимине болгон тенденцияны жок кылуу жана мээлерде дарвинизмди түптөндүрүү үчүн жасалган бул түрү суук иштер – дажжалдын оюнунун бир бөлүгү.

Бирок бул сыйкыр эми бузулду. Дажжалдын жардамчылары болсо туш болгон абалын толук түшүнө албай турушат. Дарвинизмдин туура эмес экенин көрсөткөн далилдерди бир эле жолу көргөн соң бир адам эволюция теориясына ишенбей калат. Ал үчүн, дарвинист пропаганда ыкмаларындагы сыяктуу, татаал сөздөрдүн, латынча терминдердин жана визуалдык пропагандалардын кажети жок. Чындыктардын бир эле жолу, жөнөкөй бир тил менен түшүндүрүлүшү, дарвинизмдин жараксыздыгын көрсөткөн далилдердин бир эле жолу көрсөтүлүшү жетиштүү болот. Өмүр бою дарвинизм пропагандасын алган бир адам дагы бул анык чындыктар алдында дарвинизм калпына ишенимин уланта албай калат. «Ишенем» десе дагы анысы калп, себеби эми чындыктарды билет. Бир адамдын капкараңгы бир бөлмөнүн ичинде парданын ары жагынан күндү бир секундага эле көрүшү жетиштүү. Отурган бөлмөсү канчалык караңгы болбосун, эми бул адамды сыртта түн деп ишендирүү мүмкүн болбой калат. Азыркы

абал да мына ушундай. Көп жылдардан бери абдан ийгиликтүү деп элестетилген дарвинисттик пропагандалар чындыктардын бир эле жолу, илимий далилдер менен түшүндүрүлүшүнөн соң кыйрап, бүт таасирин жоготту.

Раббибиз дажжалды ээрчигендердин абалын аятында мындайча кабар берген:

**Өздөрүн кыйроого кабылткандар мына ушулар жана жалгандан токуп чыгаргандары (ойлоп табылган теңирлери да) алардан алыстап-жоголду. (Худ Сүрөсү, 21)**

## 12. Дарвинисттер адамдарга «жоопкерчиликсиздик» пикирин сиңиришет

Тарых бою материализмдин эң чоң максаты адамдарды бир Жаратуучу бар деген ишенимден алыстатуу жана адамга бир затсың (денесиң) гана деген калпты сиңирүүгө аракет кылуу болгон. Андагы максат адамга жоопкерчиликсиздик (ээнбаштык) пикирин берүү жана аны «эволюциялашкан» бир айбан гана экенине ишендирүү. Дарвинизм материалисттик логиканын бир уландысы болгондуктан, аны сиңирүү адамдарды дарвинизмге көбүрөөк жакындатат. Себеби жоопкерчиликсиздик сезими Аллах ишеними жүрөгүнө толук жайгаша элек адамдарга жагышы мүмкүн. Жоопкерчиликсиздик аркылуу адамдар дүйнөнүн ырахаттарына оңойураак жете алабыз деп жаңылышат. Өмүр бою Аллах алдында аткарышы керек болгон жоопкерчиликтерин билмексен болуп жашашат. Аллахка ибадат кылуу, акыреттин бар экенин ойлонуп жашоо, напсинин жаман каалоолорунан сактануу жана дайыма сонун мүнөздүү болуу сыяктуу Куран ахлагы алып келген жоопкерчиликтерден алыстай алабыз жана ушундайча өз ойлорунда бейпил жашайбыз деп ойлошот. Чынында болсо бейпилдик деп ойлогон бул система тескерисинче чоң бир азаптын булагы. Сонун мүнөздөн качынып, бакубат жашайм деп ойлогон адам сонун мүнөздө жашабоонун натыйжасында келип чыккан руханий боштукта тынымсыз азап тартат. Өзүмчүл болсом күчтүү болом, адилетсиздик кылсам кызыкчылыкка жетем деп ойлогон киши дайыма бул жаман мамилелеринин азабын тартат. Кылган жаман мамилеси өзүнө кайтат. Эч ким эч кимди сүйбөгөн, эч ким эч кимге жан аябастык кылбаган, эч ким эч кимге туруктуу болбогон, эч ким эч кимди коргоп колдобогон, адилеттүүлүк, боорукердик, мээрим жок бир чөйрөдө жашоонун материалдык жана руханий жоготуулары менен өмүрүн коротот. Кыскасы, дарвинисттер берген жоопкерчиликсиздик пикири кээ бир адамдар ойлогондой, алардын жашоосун жеңилдеткен эмес, тескерисинче оордоштурган, жаман кылган, аларга материалдык жана руханий азап алып келген нерсеге айланат. Азыркы көптөгөн Батыш өлкөлөрүндөгү социалдык кыйроону караганыбызда, бул чындыкты жакшыраак түшүнөбүз.

Ошого карабастан, ойлонуудан качынган кээ бир адамдар дарвинизмге ишенүүгө жакыныраак болушу мүмкүн. Себеби кээ бир адамдар кээде жашоолорун «жөнөкөйлөштү» деп ойлоп бейпилдөө тенденциясында болушу мүмкүн. Көп адамга айбандан чыккан жоопкерчиликсиз бир жандыкмын деп ойлоо кадыреседей көрүнүүдө.

Дарвинизм мына ушуга шарт түзүп берет жана адамды бир курт-кумурска же бир чымынга теңейт.

Эволюционист палеонтолог Стивен Джей Гоулд бул логиканы мындайча баяндайт:

Адам жашоонун ири чытырманында кийин пайда болгон, көп өлчөмдө кокустук кичинекей бир сүргүндү гана көрсөтүүдө.[178]

Атеист Ричард Доукинс колдоо көрсөткөн көп өлкөлөрдө жасалган автобус афишалары бул түрү суук пропаганданын абдан ачык бир мисалы. Доукинс колдоо көрсөткөн автобус афишалары атеизм пропагандасын жасоодо жана ушундайча өз оюнда адамдарга «жоопкерчиликсиздик менен жашоодон ырахат алгыла» деген кеңешти берүүдө. Көп терең ойлонбогон бир адам бул чакырыкты абдан реалдуу көрүшү мүмкүн жана бул дарвинисттик пропаганда ыкчам берилген болот. Баары ушунчалык жөнөкөй сүйлөм менен берилгендиктен, адам кантип чоң бир жаңылыштыкка түшкөнүн, кантип алданганын байкабай да калат.

Чынында болсо бул афишалар чоң бир көз бойомочулук, олуттуу бир жаңылыштык гана. Бир адам ыйман келтирбесе дагы Аллахтын улуу затынын далилдерин тынымсыз көрүп, каалаcа да каалабаса да Аллах жараткан тагдырды жашап жатат. Ыйман далилдери – чындап көрө алган жана акыл жүгүртө алган адамдар үчүн – бүт тарапта. Адам ыйман жана Аллах сүйүүсү менен гана бакытка жете алат, өмүрүнөн ырахат ала алат. Дүйнөдөгү сонундарды адамга немат-жакшылык катары жараткан Аллах, албетте, Аны эң көп сүйгөнгө жана Ага эң жакын болгонго бул нематтардын сулуулугун жана ырахатын таттырат. Каапырлар нематты да, ырахатты да Аллахтын берээрин унуткандыктан, жоопкерчиликсиз жана чектелбей жашаганда бакытка жетебиз деп ойлошот. Бирок Аллахтан капылеттикте, чектелбестен жана жоопкерчиликсиз жашоо аларга дайыма зулумдук, азап жана кыйроо алып келген. Нематтар балээге айланып, алына турган ырахаттар дайыма кыйроо менен аяктаган. Ал адамдардын Аллахка жакын болуунун, Аллахка ыйман келтирүүнүн сонун тараптарына акылы жетпегендиктен, нематтын баарын Аллах берээрин түшүнө албагандыктан, ушундай жасалма пропаганда ыкмалары ийгиликтүү болот деп ойлошууда. Бирок өздөрү да жакшы, бакубат жашай алышпайт, айланадагы адамдарды да алдай алышайт. (Доукинс жактаган атеист автобус афишалары көп өлкөдө реакцияга кабылган, Финляндия сыяктуу кээ бир Европа өлкөлөрүндө ашыкча реакция болгондуктан, автобус айдоочулары бойкот кылышып, автобус фирмалары ал афишаларды колдонбоо чечимин алган, элдер тарабынан афишалар айрылган. Мунун натыйжасында көп жерде ал афишаларга тыюу салынган.[179])

Бул пикир эң көп сиңирилген дагы бир жер – бул мектептер. Бир жогорку мектептин окуу китеби болгон *Biology* окуучуларга «жашоонун табиятын» үйрөнүп жатканда төмөнкү пикирди эсинен чыгарбашы керек экенин үйрөтөт: «эволюция кокустан болот жана пландалган (жаратылган) эмес».[180] Университет окуу китеби *Life: The Science of Biology*'ни окуган окуучулар болсо төмөнкү сүйлөмдү көрүшөт: «Дарвинчи дүйнө көз-карашы бир эле эволюция процесстерин кабыл алуу эмес, ошол эле учурда эволюциялык өзгөрүү түпкү бир максат же абалды көздөп пландалбаган (жаратылбаган)

деген көз-карашты да кабыл алуу маанисине келет».[181] Адам кокустан пайда болгон деген калпты, сокур, аң-сезимсиз кокустуктардын натыйжасында пайда болгон деген алдамчылыкты окуткан бир билим берүү системасы, эч күмөнсүз, жаш мээлердин анархияны, урушту, киши өлтүрүүнү, эзүүнү, таш боордукту, өзүмчүлдүктү кадыресе кабыл алган абдан кооптуу пикирлер менен ууланышы дегенди билдирет жана бул пропагандаларды алган адамдарды каалагандай багыттоо да мүмкүн болуп калат. Мисалы, Дуглас Футуйманын (Douglas Futuyma) *Evolutionary Biology* аттуу окуу китеби окуучуларга окуткан жаңылыштык мындай:

Дарвиндин сокур, максатсыз табигый эленүү аркылуу иштеген кокус, максатсыз өзгөрүүлөр теоремасы эмне үчүн менен башталган дээрлик бүт суроолорго төңкөрүшчү жаңы бир жооп сунууда. Ар түрдүү организмдердин жана алардын өзгөчөлүктөрүнүн ушул толугу менен механикалык, материалисттик түшүндүрмөсүнүн терең жана тынчсыздандыруучу мааниси – бул адам кыймыл-аракетинен тышкары табияттын эч жеринде бир долбоор, максат бар экени жөнүндө эч бир далилди көрбөшүбүз, ансыз да буга муктаж эмеспиз.

Футуйма илимге сыйбас сөздөрүн мындайча улантат:

Эң биринчиден Дарвиндин эволюция теориясы, андан кийин Маркстын материалист тарых жана коом түшүнүгү (жетишсиз жана туура эмес болсо дагы) жана Фрейддин адам жүрүм-турумдары байланыштуу цитаталары мурдатан бери Батыш көз-карашынын негизги сахнасы болгон механизм жана материализм платформасына өтө маанилүү бир таяныч болду.»[182]

Бирок булардын баары чоң бир алдамчылык.

Адам бүт нерсени жөнөкөй жана аң-сезимсиз деп кабыл алуу менен жоопкерчиликтен кутулбайт. Жоопкерчиликтен кутулуу сезими да адамдарды бейпил, бактылуу кылбайт. Адам бул сезимди өзүнөн алып салса эле, бир заматта дүйнө ырахаттарына ээ болуп калбайт, бир заматта бүт кыйынчылыктарынан кутулуп калбайт. Атеист жана дарвинисттер билбеген же кабыл албаган маанилүү бир чындык бар: **бүт баарын Аллах жаратат. Дүйнөдөгү немат-жакшылыктарды да, ырахаттарды да жаратуучу Аллах. Ошондуктан адамга дүйнөдөгү сонун нерселерден ырахат алуу жана бактылуу жашоо сезимин бере турган да Аллах.** Аллах кааласа, бүт нематтар молчулук жана бейпилдик ичинде бир адамга эң терең бактысыздык, азаптарды бериши мүмкүн. Адам бүт ырахаттарды тойбостон жашоо үчүн канчалык аракет кылбасын, ага ырахат менен бакытты бере турган бир гана Аллах. Атеист менен дарвинисттердин эң чоң жаңылыштыгы ушул чындыкты байкабашында.

Жоопкерчиликсизмин деп ойлогон бир адам, башка адамдар сыяктуу, дайыма сүйүү, бейпилдик жана ишенимди издейт. Бирок өзү сыяктуу ойлонгон адамдардан турган бир коом ичинде булардын бирөөсүнө да жете албайт. Жоопкерчиликсиз адам өмүр бою бир күн сөзсүз өлөөрүн унутууга аракет кылат. Бирок дайыма өлүмдү көрүп турат. Айланасындагылардын өлүмүн көрөт, ооруларга, кырсыктарга дайыма күбө болот. Бир курт-кумурсканын өлүмү дагы качканга аракет кылган өлүмдү сөзсүз ага эстетет.

Өлүмдү канчалык жокко чыгарууга аракет кылбасын, өлүм коркуусу бүт денесин аягында ороп калат. Айланасындагы өлгөн жана анын ишеними боюнча жок болгон адамдар үчүн кайгы-муңга батат. Өз денесинин убакытка каршы тиреше албаганын, тынымсыз өлүмгө жакындап баратканын жокко чыгара албай баштайт. Өлүмдү жокко чыгаруу ага бейпилдик эмес, тескерисинче коркуу, тынчсыздануу жана азап алып келет.

Жоопкерчиликсиз жашоо адамга негизи бүт азап менен кыйынчылыктардын эшигин ачат. Бүт нерсени Аллахтын башкарып тураарын түшүнө албаган бир адам келечектен өлөрчө коркот. Бүт ырыскынын ээсинин Аллах экенин түшүнө албаган бир адам өмүр бою бир жерлерден акча табуу үчүн жандалбастайт жана дээрлик бүт өмүрү байлыкты кууп жүрүп түгөнөт. Аллахтын акыретте адам бүт сулуулук, жакшылыктарга ээ боло ала турган теңдешсиз бир жашоо жаратып койгонун билбеген бир адам дайыма өзү ишенген системасынын ичинде чыныгы сүйүүнүн, чыныгы достуктун, чыныгы туруктуулуктун болушун каалайт. Бирок чыныгы сүйүүгө бул дүйнөдө Аллах үчүн жашаганда гана ээ болот. Аллах үчүн жашамайынча эч качан ал каалоосуна жете албайт. Чыныгы сүйүү менен туруктуулукка жете албастан өмүрүнүн абдан бат өтүп баратканын түшүнөт. Эч артка кайтпайт. Келечекте боло тургандарды дайыма паника менен күтөт.

Өзүнүн ишеними боюнча, бул дүйнөдөгү бир канча он жылы гана бар. Акыретке ишенбегендиктен, бир канча он жылдан соң «жок болом» деп ойлойт. Жок боloорун билип туруп бир канча он жыл бул дүйнөдө жашоо адамга кантип бакыт, ырахат жана бейпилдик бере алсын? Албетте, бере албайт. Мына ушул себептен, эч бир атеист өзү айткандай жыргап жашай албайт, келечекте аны эмнелер күтүп жатканын тынчсыздануу жана коркуу менен күтөт.

Мындай адам өмүрүнүн аягына келгенде, бүт өмүрүнүн бош жана натыйжасыз күтүүлөр ичинде өткөнүн түшүнөт. Жоопкерчиликсиздиктин адамга бергендери мына ушулар. Бир адам эгер акыретти үмүт кылбаса, ээнбаш жана бүт баалуулуктарсыз жашагысы келсе, мунун коркунучтуу натыйжаларына эртеби-кечпи туш болот. Өзүн-өзү өлтүрүүлөр, уруштар, согуштар, кылмыштар, киши өлтүрүүлөр, уурулук, зордуктоо жана коррупциялар – ушул жоопкерчиликсиз жашоонун натыйжалары.

Чынында болсо, Аллах **«Адам «өз башымча жана жоопкерчиликсиз» калам деп ойлойбу?»** (Кыямат Сүрөсү, 36) аятында билдиргендей, адамды жоопкерчиликсиз жараткан эмес. Аллах коркуусу менен Аллах сүйүүсү гана адамга бейпилдик берет, адамды туура жана жакшы жашоого, тынчсызданып, коркуп жана азап тартпастан өмүр сүрүүгө багыттайт. Аллахтан корккон бир адам Аллахка сурак бераэрин билет, абийирине каршы чыгып жашай албайт. Аллахтан корккон бир адам башкага зыян тийгизе албайт, жаман мүнөздө боло албайт, адамдарды кокустан пайда болгон жандыктардай кабыл ала албайт. Аллахка ишенген бир адам аны жаратканды, жашатканды, ага ырыскы бергендин, ага ден-соолук жана күч бергендин Аллах экенин жана буларды Аллахтан гана сурай алаарын билет. Аллахтан корккон бир адам Аллах жараткан кайырлуу (жакшылыктуу) бир тагдырга моюн сунганын, бул дүйнөдө сыналып гана жатканын, чыныгы жашоонун акыретте Аллах жараткан түбөлүк бир жашоо экенин

билет. Мына ушул себептен бул дүйнөдө тынымсыз аракет кылат. Аллахтын алдында жоопкерчиликтүү экенин, Аллахка сурак берээрин, Аллахтын аны ээнбаш жана жоопкерчиликсиз жаратпаганын билет.

Немат-жакшылыктар аны кубантат, ыймандуулар гана нематтардын баркын билип, алардан ырахат алат. Адамдар ырахаттардын баарын чексиз алганда канааттанам деп ойлошот. Чынында болсо мындай чексиздик нематтардан тажоо, ал тургай, жийиркенүүгө алып барат адамды. Ырахат алам деп күткөн сонун нерселер адам үчүн бир заматта балээге, ыңгайсыздыкка айланат. Ал эми нематтарды Аллах үчүн сүйүү, Аллах жаратканы үчүн нематтардан ырахат алуу башка бир маанайды жаратат. Муну сезген бир адамдын алган ырахаты керемет. Жана ушундай сезим менен жашоонун сыйлыгы, Аллахтын каалоосу менен, дүйнөдө жана акыретте сонун жашоо. Аллах аяттарында мындайча билдирет:

**Кабарыңар болсун; Аллахтын велилери (достору), алар үчүн коркуу жок, кайгы да жок. Алар ыйман келтиргендер жана (Аллахтан тартынып күнөөдөн) сактангандар. Дүйнө жашоосунда жана акыретте сүйүнүчтүү кабар алар үчүн. Аллахтын сөздөрү эч өзгөрбөйт. Мына улуу кутулуу жана бактылуулук ушул. (Йунус Сүрөсү, 62-64)**

## 13. Дарвинисттер «дарвинизм менен Аллах ишеними карама-каршы келбейт» деген калпты пропаганда кылышат

Дарвинизмдин негизин материализм түзөт. Материализм жаңылыштыгы боюнча, зат түбөлүктүү жана заттын үстүндө эч кандай күч жок. Башкача айтканда, материализм бүт ааламды түзгөн заттын үстүндө аны башкарган, аны дайыма көзөмөлдөп турган жогорку бир Жаратуучунун бар экенин жокко чыгарат. (Аллахты аруулайбыз.) «Зат абсолюттук нерсе» деген ишеним менен чыгарылган дарвинизмди сактап калуу аракетинин, бул аракет үчүн бүт алдамчылыктар, көз бойомочулуктарга баруунун жалгыз себеби – бул бүт нерсени улуу жана кудуреттүү бир Жаратуучу жаратканын кабыл алууга тоскоол болуу аракети. Дарвинисттер акыркы 150 жыл бою ушул үчүн аракет кылышты, ушул үчүн күрөштү. Дарвинизмдин жасалма бир дин катары кабыл алынышынын эң чоң себеби мына ушул.

Бирок бул чындык адамдардан көбүнчө жашырылат, себеби бул көпчүлүктүн дарвинизмге жакшы көз менен карашына тоскоол болот. Өзгөчө Аллахка ыйман келтирип, Аны терең урматтаган, ыймандуу адамдарда терс бир маанай жаратат. Дарвинизмдин Аллах ишенимине каршы бир теория болушу Дарвин учурунда да диндар адамдардын тескери реакциясын жаратып, теория ошол учурдун адамдары тарабынан оңой кабыл алынган эмес. Кабыл алынып башташы дарвинист пропагандалар натыйжасында болгон. Азыр да мектептерде адамдын маймылдан келгенин, динозаврлардын канат кагып учуп баштаганын окуган адамдар эволюция теориясын зыянсыз илимий бир теория деп ойлошот, көбүнчө. Теориянын чыныгы жүзүнөн болсо

кабарсыз. Дүйнө жүзүндөгү атеизмдин, диктатор башкаруучулардын, согуштардын, кыргындардын, заалымдыктын, бузулуунун, террордун, өлкөбүздө жаш аскерлерибиздин шейит кылынышынын түпкү себебинин ушул илимден алыс, бузуку теория экенин билишпейт.

Дарвинисттер болсо жактаган догмасынын чыныгы жүзүн жашырууга аракет кылышат. Мына ушул себептен Аллахка ыйман келтирген адамдарды башкара алуу, дарвинизмди өз ойлорунда зыянсыз көрсөтө алуу жана алардын да колдоосун ала алуу үчүн дарвинизм динге карама-каршы келбейт деген калпты жайууга аракеттенишет. Ушундайча тараптар чогултабыз, эволюция теориясына каршы илимий-пикирдик күрөш алсыздайт деп ишенишүүдө. Ушул максатта чыгарылган «эволюциялык жаратылуу» калпы абдан логикасыз жана акылга сыйбас болгонуна карабастан, жашыруун колдоо көрүп, дарвинисттер тарабынан дайыма актуалдаштырылууда. Ал тургай, бул үчүн Дарвин өзү да динчил бир киши болчу деген калпты колдонушууда. Атеист жана дарвинист Ричард Доукинс бул багытта кызмат кылган бир дарвинист лоббинин бар экенин төмөнкүчө мойнуна алат:

Атайын түзүлгөн бир эволюцияны коргоо лоббиси бар. Булардын көпчүлүгүн атеисттер түзөт. Бирок бул кишилер болгон аракети менен орточо жана кабыл алаарлык динчилдер менен достошкулары келет. Жана буга жете алуунун жалгыз жолу – бул эволюция менен дин арасында эч кандай карама-каршылык жок экенин айтуу.[183]

Чынында болсо эволюция менен дин эч кандай шартта, эч качан бир-бирине туура келбейт. Дарвинисттер, өздөрү Аллахка ишенбей, кокустуктарды кудай тутунуп (Аллахты аруулайбыз), жаратылуу чындыгына бүтүндөй каршы чыгып, бул багытта күрөш жүргүзүп жатып, бир заматта Аллах ааламды эволюция менен жараткан деген алдамчылыктын эң чоң жактоочусуна айланышат. Бирок дарвинисттер, материализмге болгон моюн сунуучулугунан улам, Аллахка болгон ишенимди эч качан кабыл алышпайт. Дарвинист болуу Аллахка ишенимди жокко чыгарууну алып келет. Бир адамдын илимий эч бир далили жок, кокустуктарды кудайлаштырган бул путпараст диндин жактоочусу болушунун жалгыз себеби – бул Аллахтын бар экенин жокко чыгара алуу (Аллахты аруулайбыз). Жана дарвинисттердин адамдарды Аллахка ишенимден алыстата алуу үчүн кылбаган нерсеси жок.

**Мына ушул себептен бул калпка абдан этият болуш керек!**

Журналист Ларри Уитхем (Larry Witham) дарвинизмдин жасалма бир дин экени айтылган жана дарвинист диктаторлуктун басым жана мажбурлоолору баяндалган *Expelled "No Intelligence Allowed"* даректүү тасмасында бул жөнүндө мындай деген:

Эволюция теорияларынын баарында ачык айтылган нерсе – бул же Аллах жок (Аллахты аруулайбыз) же Аллах жараткан нерселерин эч башкарбайт (Аллахты аруулайбыз) деген пикир. Ушул себептен, албетте, көп эволюционист да айткандай, **эволюция атеизм үчүн эң күчтүү курал.**[184]

Дарвинисттер, Аллахка ишенимди ачык жокко чыгарып туруп, адамдарга ушул

начар оюнду ойношот. Бул начар алдамчылыкка ишенгендер төмөнкү чындыкты ойлоно алышпоодо: Улуу Аллах, күмөнсүз, бүт нерселерди ар кандай себептер менен жаратууга кудуреттүү. Раббибиз кааласа жандыктарды эволюцияны себеп кылып да жаратышы мүмкүн эле. Бирок антип жараткан эмес. Бүт жандыктар жер бетинде жоктон пайда болушкан, жоктон жаратылышкан.

Куранда эволюцияга ишарат кылган бир дагы аят жок. Куран боюнча, бүт аалам менен жандыктар Раббибиздин «Бол» буйругу менен жаратылган. Аллах түшүргөн бүт диндери аркылуу адамдарга бүт ааламды жоктон, бир гана буйрук менен жаратканын жана аны каалагандай калыпка салганын билдирген. Жер бетиндеги далилдерди караганыбызда да жаратылуунун Куранда сүрөттөлгөндөй болгонун көрөбүз. Табылган бүт жандык фоссилдери кемчиликсиз. Бир заматта, кемчиликсиз көрүнүштөрү менен пайда болгон жана эч өзгөрүшкөн эмес. Жандыктар миллиондогон жыл бою өзгөрүшкөн эмес. Жандуунун жансыздан пайда болуу ыктымалы жок. Бир даана протеиндин да кокустан пайда болушу мүмкүн эмес. Кереметтүү комплекстүүлүктөгү жандык түрлөрүн бир-биринен келип чыккан деп айлуу илимден өтө алыс. Бир жандыкка жапжаңы, пайдалуу бир маалымат кошо турган бир механизм жок. Илим бүт жандыктардын протеиндерине, ал тургай, атомдоруна чейин укмуш бир комплекстүүлүккө ээ экенин, бир заматта пайда болушканын жана бир-бирине айланбаганын күчтүү далилдер менен көрсөттү. Ошондуктан Аллах эволюция менен жараткан деп айтуу чоң бир калп, дарвинист алдамчылыктын бир бөлүгү. (Бул жөнүндө терең маалымат үчүн караңыз: Harun Yahya*, Kuran Darwinizm'i Yalanlıyor (Куран дарвинизмди калпка чыгарат)*)

Жаратылган нерселердин баары Аллахтын улуу кудуретинин бир далили. Куранда көптөгөн аятта Аллахтын мындай керемет жаратуусу кабар берилген:

**Асмандарды жана жерди (өрнөксүз) Жаратуучу. Ал бир иштин болушун кааласа, ага «Бол» деп гана айтат, ал ошол замат болуп калат. (Бакара Сүрөсү, 117)**

**Күмөнсүз, Аллах Кабатында Исанын абалы Адамдын абалы сыяктуу. Аны топурактан жаратты, анан ага «Бол» деши менен ал да ошол замат болуп калды. (Али Имран Сүрөсү, 59)**

**Ал асмандарды жана жерди акыйкат менен жараткан. Ал «Бол» деген күнү (баары) болуп калат, Анын сөзү акыйкат. Сур чалынган күнү мүлк Ага тиешелүү. Ал кайыпты жана көрүнөөнү билүүчү. Ал өкүмдар жана даанышман, кабардар. (Эньам Сүрөсү, 73)**

**Кандайдыр бир нерсени каалаганыбызда ага «Бол» деп гана айтабыз; ал ошол замат болуп калат. (Нахл Сүрөсү, 40)**

**Асмандарды жана жерди жараткан алардын окшошун жаратууга кудуреттүү**

**эмеспи? Албетте (кудуреттүү); Ал жаратуучу, билүүчү. Бир нерсени каалаганда, Анын буйругу бир гана: «Бол» деп айтуу; ал ошол замат болуп калат. (Йасин Сүрөсү, 81-82)**

Учурда илим материалист-эволюционист көз-караштын жараксыздыгын көрсөтүүдө. Эволюция теориясынын тескерисинче, айланабызда бизди курчаган ар бир жаратылуу далили ааламда кокустукка эч орун жок экенин адамдарга далилдеди. Эгер жер бетинде Аллах эволюцияны себепчи кылып жаратканына далилдер табылганда жана Аллах Куранда муну бизге билдирген болгондо, «Раббибиз эволюция менен жараткан» деген пикир, албетте, ыймандуулар тарабынан ылдам кабыл алынып, жакталмак. Бирок Аллах Куранда «Бол» буйругу менен жаратканын кабар берүүдө жана эволюция менен жаратууга бир дагы аят жок. Анын үстүнө, эволюцияга бир дагы илимий далил жок. Демек чындык көрүнүп турат. Асмандардын, жер бетинин жана бүт жандыктардын изилдениши менен аныкталган ар бир деталь Аллахтын улуу күч-кудуретинин далилдери. Бүт жандыктар улуу Раббибиз Аллахтын буйругу менен бир заматта, жоктон жаратылышкан. Эч күмөнсүз, жаратуу үчүн Аллах себептерге муктаж эмес. (Аллахты аруулайбыз.) Дарвинисттер ушул эң маанилүү нерсени түшүнүшү керек. Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Аллах мага мүлк берди деп Раббиси жөнүндө Ибрахим менен талашка киргенди көрбөдүңбү? Ибрахим: «Менин Раббим тирилтет жана өлтүрөт» деген эле; ал болсо: «Мен да өлтүрөм жана тирилтем» деген. (Анда) Ибрахим: «Шексиз, Аллах күндү чыгыштан чыгарат, (кана) сен болсо аны батыштан чыгарчы» дегенде, ал каапыр ошентип мукактанып калган эле. Аллах заалымдар коомун хидаятка (туура жолго) жеткирбейт. (Бакара Сүрөсү, 258)**

Аллах эволюция менен жараткан деген пикирди сиңирүүгө аракет кылгандар жиндер менен периштелердин кантип жаратылганын да түшүндүрүшү керек. Бул кишилер периштелер менен жиндердин жаратылышы жөнүндө сөз болгондо унчукпай калышат. Аллах жиндер менен периштелердин жаратылышын аяттарында билдирет::

**Ант болсун, адамды кургак бир ылайдан, калыпка салынган бир балчыктан жараттык. Жана жинди болсо андан мурда «кирип кетүүчү күйгүзүүчү» оттон жараткан элек. (Хижр Сүрөсү, 26-27)**

**Мактоолор асмандарды жана жерди жараткан, экиден, үчтөн жана төрттөн канаттуу периштелерди элчилер кылган Аллахка тиешелүү; Ал жаратууда каалаганын көбөйтөт. Шек жок, Аллах – бүт нерсеге Кудуреттүү. (Фатыр Сүрөсү, 1)**

Адам менен жандыктардын эволюция менен пайда болгонун айткандар нурдан

жаратылган периштелердин, оттон жаратылган жиндердин пайда болушун, албетте, эволюция менен түшүндүрө алышпайт. Аллахтын кудуретин түшүнө албаган, Аллахтын бүт себептерге муктаж эмес экенин байкай албаган жана Раббибиздин бүт нерсени «Бол» деген буйругу менен гана жаратканын кабыл ала албаган адамдар үчүн периштелер менен жиндердин болушу алардын бүт жасалма көз-караштарын жок кылат. Себеби жиндер менен периштелердин бар болушу төмөнкү чындыкты көрсөтөт: периштелер менен жиндер эволюция менен жаратылбаган сыяктуу, адам дагы эволюция менен жаратылган эмес.

Дарвинизмди сокурдук менен жактагандар Куранда айтылган Аз. Муса (а.с.)дын асасынын жыланга айланышын жана Аз. Иса (а.с.) ылайдан жасаган куштун жанданышын эч түшүндүрө алышпайт. Улуу Аллах Аз. Муса (а.с.)дын асасынын жыланга айланганын аяттарында мындайча кабар берет:

**Айтты: «Ал менин асам; ага таянам, аны менен малдарым үчүн дарактардан жалбырак күбүйм, анда мен үчүн башка дагы пайдалар бар.» Айтты: «Аны ташта, эй Муса.» <u>Ошентип аны таштады; (караса эле) ал ошол замат ылдам чуркаган (чоң) бир жылан (болуп калды).</u> (Таха Сүрөсү, 18-20)**

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштү эле, <u>ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда.</u> (Аьраф Сүрөсү, 117)**

Аз. Муса (а.с.) таянып, дарактан жалбырак күбүгөн асасы Аллахтын буйругу менен бир заматта жандуу, көбөйүүчү, тамактануучу, кемчиликсиз, толук кандуу бир жыланга айланган. Бир жыгач Аллахтын каалоосу менен бир заматта кемчиликсиз бир жыланга айланган. Бул далил Куранда эволюция теориясына далил бар деген сөздөрдү бүтүндөй жокко чыгарат. Раббибиз, буйругу менен, Аз. Иса ылайдан жасаган кушту жандуу бир кушка айлантканын аятында мындайча кабар берет:

**Аллах минтип айтат: «Эй, Мариям уулу Иса, сага жана энеңе болгон нематымды эстегин. Мен сени Рухул-Кудүс менен кубаттадым, бешикте (жаткан) кезиңде да, жетилген кезиңде да адамдар менен сүйлөшчү элең. Сага Китепти, хикматты, Тооротту жана Инжилди үйрөттүм. <u>Уруксатым менен ылайдан канаттуугa окшош (бир нерсени) жасап (кайра эле) уруксатым менен ага үйлөгөнүңдө бир канаттуугa айланган эле.</u> Тубаса көрдү, ала оорусун уруксатым менен айыктыргансың, (дагы) Менин уруксатым менен өлүктөрдү (жашоого) чыгарчусуң. Исраил урпактарына апачык далилдер менен келгениңде алардан каапырлыкка адашкандар «күмөнсүз, бул апачык бир сыйкыр» дешкен (эле), Исраил урпактарын сенден алыстатканмын.» (Маида Сүрөсү, 110)**

Аз. Иса (а.с.) ылайдан жасаган куш Аллахтын буйругу жана каалоосу менен бир заматта жандуу, кемчиликсиз, толук канат түзүлүшү менен уча алчу, көбөйө алчу, азыктана алчу кушка айланууда. Мына ушул жоктон жаратылуу дарвинисттер эч качан түшүндүрө албай турган чоң бир керемет. Жана жер бетиндеги бардык жандыктардын жоктон жаратылганына бир далил.

Булардын баары көрсөткөн анык бир жыйынтык бар. Эволюция менен Аллах ишеними карама-каршы келбейт деген дарвинисттер чынында динчил адамдарды чоң бир алдамчылыкка түртүүгө аракет кылышып, алардын ишенимин колдонуу үчүн алектенишүүдө. Учурда Аллахка болгон ишенимдин алдындагы эң чоң коркунучтардын жана эң чоң каршы чыккандардын бири – бул дарвинизм. Дарвинизм түздөн-түз Аллахка болгон ишенимге каршы күрөшкөн дажжалдын эң натыйжалуу жана эң кеңири масштабдуу оюну. Аллахка ишенген чын ыкластуу динчилдер бул коркунучту көрүп, ага каршы күчтүү бир илимий күрөш жүргүзүшү зарыл. Бул чоң коркунучту зыянсыз деп ойлоп, анын колдоочусу болуу коркунучту андан да чоңойтуп, Аллахка болгон ишенимге каршы күрөшүп жаткан кооптуу бир агымга колдоо болот. Бир нерсени унутпаш керек: дарвинизм жасалма жана бузуку бир путпараст дин жана анын жалгыз максаты адамдарды атеизмге түртүү.

# 4-БӨЛҮМ

# ДАРВИНИЗМ АЛДАМЧЫЛЫГЫ ЭМИ БҮТТҮ

Материализм кылымдардан бери Аллах ишенимине каршы, негизи башынан утулган психологиялык бир күрөш ичинде. Аллахтын жалганды сөзсүз жараксыз кылаарын түшүнө албаган материалисттер өз ойлорунда бул күрөштү болгон күчү менен улантышат. Ааламдын Биг Бенг (Big Bang) менен нөл көлөмдөн пайда болгону, б.а. жоктон жаратылганы жана Аллахтын аяттарында ишарат кылынгандай кеңейип баратканы далилденген, бирок материалисттер заттын башы жана аягы жок деген тантык көз-карашка адамдарды багыттай алуу үчүн логикасыз сөздөр менен бул чындыкка каршы күрөшүшкөн. Кванттык физика заттын жарык толкундарынан гана тураарын көрсөткөн, бирок материалисттер зат абсолюттук нерсе деп жактап заттан башка эч нерсени кабыл алышпагандыктан, бул чындыкты жокко чыгаруунун дайыма жолдорун издешкен. Сансыз илимий өнүгүү жана өзгөчө палеонтологияда алынган табылгалар эволюция теориясынын жараксыз экенин илимий далилдеген, бирок материалисттер ошондо да жандыктар эволюциялашкан деген калпты пропагандалап башынан жеңилген күрөштөрүн өз ойлорунда улантышкан. Илим материализмге сокку урган сайын, материалисттер каршы чыга беришкен. Материализм илимий далилдерге психологиялык күрөш менен жооп беришкен. Дарвинизм алдамчылыгы да дал ушуну көрсөтөт.

Бул ушундай бир нерсе; Нобель сыйлыгын алган профессорлорду, илимпоздорду, палеонтологдорду, микробиологдорду, зоологдорду бириктирип, «суунун ичинде молекулалар бар эле; ылай, кокустук жана убакыттан таасири менен клетка болду» деген акылга сыйбас бир алдамчылыкты эч уялбастан, эч тартынбастан жактала турган кылып койгон. Бул адамдар ушундай бир сыйкыр жасашкан; миллиондогон адам бул психологиялык күрөштүн таасири менен сууга түшкөн май бөлүкчөлөрүнүн клеткага айланышына, бир балыктын суудан басып сырткы чыгышына, тарыхтагы алгачкы канаттуунун динозаврдын жумурткасынан чыгып учуп баштаганына, маймылдардын убакыттын өтүшү менен кокустан өзгөрүп ачылыштарды жасаган, маданияттарды курган, технологияларды чыгарган, компьютер программаларын жазган, космоско рокета жиберген адамга айланганына ишенип баштайт.

Бир илимпоз ошол убакка чейин эч ким ача албаган клетканын кереметтүү түзүлүшүнүн «бир бөлүмүн гана» ачканы үчүн Нобель сыйлыгына татыктуу деп табылат. Бирок ошол эле илимпоз сыйлыгын алган соң окуучуларына «ал клетка бир ылай жыйындысынан кокустан пайда болгон» деген жомокту айтууну улантат. Ошол эле илимпоз, сансыз илимий эмгекти жазганына карабастан, окуучуларына чоң бир көз бойомочулук мисалы болгон Пилтдаун адамын, Геккельдин эмбрион сүрөттөрүн, өнөр-

жай көпөлөктөрүн эволюциянын эң чоң далилдери деп окутуудан тартынбайт.

Дажжал системасы болгон атеист масондук жасаган сыйкырдын таасири мына ушунчалык айоолуу абалга салат дарвинисттерди. Дажжал дарвинизм аркылуу дээрлик бүт мээлерге кирип, адамдарды көп убакыт бою алдап, калп айтып, көз бойомочулук кылды. Адамдардын көпчүлүгү сокурдук, аңкоолук менен, байкабастан бул калпка ишенип, көп жылдар бою өздөрүн айбан урпагынын бир бөлүгүндөй көрүшкөн, ал тургай, мунун натыйжасында жапайылашып, ээнбаш болуп, Аллахтын алдындагы жоопкерчиликтеринен алыстаган. Дажжал, б.а. атеист масондук дарвинизмди колдонуп дүйнөнүн эң чоң калптарынын бирин дүйнө жүзүнө жайган. Дажжалдын таасири менен дарвинизм тарыхтын эң чоң массалык алдамчылыгына айланган.

Бирок дажжал системасын жайган атеист масондордун бул багыттагы ийгилиги – жасалма бир ийгилик.

**Дарвинизм алдамчылыгы эми бүттү.**

Биз жашап жаткан 21-кылымда эми дарвинизмдин бүт көз бойомочулуктары анык болуп калды. Дарвинисттер 150 жылдан бери көрсөтүп келген бүт ортоңку форма мисалдарынын жасалма экени түшүнүктүү болду. Дүйнөнүн бүт тарабы казылып, 350 миллиондон ашык фоссил алып чыгылды, бирок булардын бир даанасынын да ортоңку өткөөл форма эмес экени апачык көрүлдү. Фоссилдердин баарынын кемчиликсиз жандыктарды көрсөтөөрү, көпчүлүгүнүн болсо азыркы жандыктарга тиешелүү экени түшүнүктүү болду. Адамдар бул далил менен жандыктардын азыркы көрүнүшү менен пайда болгонун жана эч өзгөрбөгөнүн түшүнүштү. Адамдар мына ушул чындык менен дарвинисттердин эмне үчүн фоссилдерди жашырышканын, эмне үчүн илимий далилдерди адамдардан жашырууга аракет кылышканын да түшүнүштү. Эволюция теориясынын микробиология, палеонтология, молекулярдык биология, генетика сыяктуу илимдер көрсөткөн жыйынтыктар алдында **ишке ашышы мүмкүн эмес бир теория** экени толук далилденди.

Ошондой эле, дарвинисттердин Аллахка болгон ишенимге жана жаратылууга каршы экени жана мунун себебинин болсо дарвинизмди адашкан бир дин катары кабыл алганы белгилүү болду. Ошентип дарвинисттердин адамдарды алдай алуу үчүн эмнеге ар түрдүү алдамчылык менен көз бойомочулукка барганы да түшүнүктүү болду. Адамдардын алдында эволюцияны жокко чыгарган абдан көп далил бар. Эми адамдар эволюциянын бир алдамчылык экенин апачык түшүнүп башташты. Эволюция теориясына бир дагы далил жок экенин эми билишет. Дарвинист алдамчылыкка алданышы эми, Аллахтын каалоосу менен, мүмкүн эмес.

Адамдар эволюция теориясынын жараксыздыгынын далилдерин көрсөткөн көргөзмөлөргө барып, жашап жаткан жандык фоссилдерин карап көрүштү. Фоссилдердин ар бирин өз колдору менен кармап, аларды өз көзү менен көрүштү. Жандыктардын миллиондогон жыл бою өзгөрбөстөн жашап келгенин, эч кандай эволюция болбогонун таң калуу менен түшүнүштү. *Yaratılış Atlası*'нын (Жаратылуу атласы) ар бир бетин жакшылап карап, учурда жашаган жандык түрлөрүнүн

миллиондогон жыл мурда да азыркыдай болгонуна өздөрү ишеништи. Жер бетинин изилденген сайын, дайыма жаратылуу (креационизм) чындыгын колдогон далилдер сунганын түшүнүштү. Дарвинисттерге дүйнөнүн эң белгилүү майдандарында жасалган «бир даана гана ортоңку форма фоссилин көрсөткүлө» деген чакырыкка терең бир жымжырттык жообу келгенин таң калуу менен көрүштү. Дарвинизм пропагандасынын бүт ыкмалары ачыкка чыгып, адамдарга бул алдамчылыктын колдоочусу болбошу керек экени китептер, DVD'лер, интернет, конференциялар жана телевизор интервьюлары аркылуу кеңири айтылды.

Алдамчылыктын далилдерин көргөн адамдар дүйнөлүк масштабда чоң бир илимий айдыңдыкка жетти жана ушунча жылдан бери алданганынан улам реакция көрсөтүп, мектептерде балдарыбызга дарвинизм тантырагын окутпагыла деп талап кылып, уюштурулушу пландалган эволюция көргөзмөлөрүнө, эволюция конференцияларына, б.а. дарвинисттик пропагандага каршы чыгып, дарвинисттер менен тирешип башташты. Окуучулар биология сабактарында дарвинизмди жактаган окутуучулары менен эволюция теориясынын илимий логикасыздыгы жана далилсиздиги жөнүндө талашка кириштi. Көп жылдар бою эволюция теориясынын чыныгы жүзүн билбегендиктен алданган адамдар чындыктарды түшүнүп, дарвинизмдин ички жүзүн көргөн соң, жылдар бою кантип алданганын таң калуу менен байкап, ага катуу каршы чыгышты. Эми дарвинисттер да дарвинизмдин дүйнөлүк масштабда өлгөнүн жана кайра бутка туруп ошол эле ыкмалары менен алдашынын, Аллахтын буйругу менен, мүмкүн эмес экенин билишет. Дүйнөлүк масштабдагы адамдардын мындай айдыңдыкка жеткенинин эң негизги көрсөткүчтөрүнүн бири – бул көптөгөн медиа уюмдары менен интернет сайттары тарабынан жасалган анкеталар. Мисалы, Associated Press агенттиги менен NBC жасаган улуттук анкетанын жыйынтыктары боюнча, америкалыктардын 86%ы жаратылуу чындыгы да мектептерде окутулушу керек дешет.[185] Германиянын *Süddeutsche Zeitung* гезитинин интернет сайтында 2007-жылдын 8-июлунда жасалган анкетанын жыйынтыктары боюнча, эволюцияны жокко чыгаргандардын үлүшү 87%. Германиянын *Die Welt* гезитинин интернет сайтынын 2008-ж. 17-апрелиндеги анкетасы боюнча бул көрсөткүч 86%. Швейцариянын *Blick* гезитинин интернет сайты 2007-ж. 4-майында жасаган анкетасы боюнча, жаратылуу чындыгына ишенгендердин үлүшү 85%. Франциянын *Science Actualités* гезитинин интернет сайтынын 2007-ж. 16-февральдагы анкетасы боюнча эволюцияга ишенбегендер 92%. 2009-ж. 2-февральда *Guardian* гезити жарыялаган бир кабар боюнча, Англияда жасалган бир анкета англиялыктардын 25%ынын гана Дарвиндин эволюция теориясына ишенгенин көрсөтүүдө. Ошондой эле, Франциянын *Nouvel Observateur* менен *Science et Avenir* орток интернет сайтында 06.07.2009 датасында жарыяланган бир кабар боюнча, Франция мектептеринде эволюция теориясына ишенген окуучулардын санында өтө күчтүү төмөндөө болгону аныкталган жана ал сайт бул абалды *Yaratılış Atlası*'нын (Жаратылуу атласы) Франциядагы натыйжалары менен байланыштырган. Дарвинист профессорлор дарвинизм алган бул чоң жаракатты абдан «олуттуу», «көңүл чөктүрөрлүк», дарвинизм үчүн «уялтуучу» деп

сыпатташкан.[186]

Швециялык эмбриолог Soren Lovtrup дарвинизм алдамчылыгынын учурда жеткен абалы жөнүндө мындай дейт:

Менимче, бүт баары илимдин бүт тармактарынын жасалма бир теориядан көз-каранды болушунун туура эмес экенин кабыл алат болуш керек. Бирок биологиядагы жагдай мындай: көп убакыттан бери адамдар эволюция маселелерин «Дарвин» сөздүгүнө ылайык талкуулашууда – «адаптация», «тандалуу басымы», «табигый тандалуу» ж.б. – ушундайча табигый окуяларды түшүндүрүүгө салым кошобуз деп ишенишүүдө. Бирок муну кыла алышпоодо...

Бир күнү Дарвин мифинин илим тарыхынын эң чоң алдамчылыгы катары өз ордун ээлешине ишенем.[187]

Учурда дарвинизмдин илим тарыхынын эң чоң алдамчылыгы экени өтө бат бүт дүйнөгө жайылууда. Жаратылуу чындыгына каршы Европа Кеңеши сыяктуу расмий уюмдар тарабынан жасалган бут тосуулар дарвинисттердин бул багыттагы күчтүү паникасын көрсөтөт. Тарыхта эч качан мамлекеттердин өкүлү болгон бир парламент бир алдамчылыкты жактап, бир көз бойомочулукту колдоо үчүн расмий бир чечим алган эмес. Дарвинист паника дарвинизм тараптарларын 21-кылымда салган жагдай мына ушундай. Дарвинисттер кысымчыл өкмөт чечимдери, эволюцияны сабактарга мажбурлуу түрдө кошуу, сотту бир тараптуу колдонуп жаратылуу чындыгын окуучулардан кылдаттык менен жашырууга аракет кылуу, бир тараптуу мажбурлоо бул алдамчылыкты сактап калат деп ойлошууда. Бирок дүйнөдөгү миллиарддаган адамдын дарвинизм алдамчылыгына каршы чын ыкластуу ишеними кысымчыл жана мажбурлуу жасалган бүт ыкмалардан жана андан алынган натыйжадан бир топ жогору.

Эч бир дарвинист тыюу салуучу бир мыйзам менен адамдардын акылы менен ишенген анык бир ишенимин өзгөртө албайт. Эч бир дарвинист сансыз далил менен калпка чыгарылган бир теорияга күч колдонуу менен, тынымсыз таңуулап адамдарды ишендире албайт. Бул мүмкүн эмес. Дарвинист оюн эми бүттү. Адамдар учурда 21-кылымда чындыктарга каалагандай, каалаган булактары аркылуу жете алышат. Ошондуктан тыюу салуу, жолтоо болуу жана кысым дарвинисттерге эч качан алар каалаган натыйжаны бербейт жана дарвинист алдамчылыкка каршы пикирдик реакция барган сайын өсүү менен уланат.

Ааламдардын Рабби Улуу Аллах бүт жандыктардын Башкаруучусу. Дажжалдын оюндары бул чындыкты адамдардан жашыра албайт. Аллах бир аятында мындайча буюрууда:

**Алар Аллахтын нурун оордору менен өчүргүсү келүүдө. Бирок Аллах Өз нурун толуктайт; каапырлар жактырбаса дагы. (Сафф Сүрөсү, 8)**

## Дажжал курган тузактар дагы Аллахтын башкаруусунда

Төмөнкү чындыкты эч качан унутпаш керек: бир жарым кылымдан бери адамдарды алдаган дарвинизм фитнасынын булагы болгон дажжал Аллахтын башкаруусундагы бир жандык. Дажжалияттын, б.а. атеист масондуктун фитнасы, чын ыкластан ыйман келтиргендерден тышкары, дээрлик бүт адамдарды ичине камтый турган масштабдагы бир фитна. Бирок атеист масондордун тузагы канчалык чоң болбосун, курулган бүт тузактарга эң сонун жоопту Улуу Аллах берээрин эстен чыгарбаш керек. Аллах адамдарды сыноо, ыкластуу Мусулмандарды аныктоо, аларды тарбиялоо жана дагы көптөгөн терең сыр менен шайтандын жер жүзүндөгү иш-аракеттерин жана натыйжада дажжалиятты да тагдырда жараткан жана дажжалият толук жеңиле турган абалда жаратылган. Ошондуктан каапырлардын тузактары, Аллахтын буйругу менен, эч качан ийгиликке жете албайт. Аллах бир аятында бул сырды мындайча кабар берет:

**Чынында алар тузак курушту. Бирок алардын тузагы тоолорду ордунан кыймылдата турган болсо да, Аллах Кабатында аларга даярдалган тузак (жаза) бар. (Ибрахим Сүрөсү, 46)**

Тарых бою каапырлар менен адамдарды каапырдыкка түрткүсү келгендер ар кандай тузактарды курушкан. Бирок курулган бүт тузактар Аллахтын адатына ылайык бузулган жана өз ээсине кайткан. Бул Аллахтын бир мыйзамы. Раббибиз аяттарында мындайча билдирет:

**... Аларга бир эскертүүчү-коркутуучу келгенде, (бул алардын) жек көрүүлөрүн гана көбөйттү. Же бетинде бой көтөрүп жана жамандыкты пландап түзүшчү. Чындыгында тузак өз ээсинен башкасын ороп-курчабайт. Эми алар мурдакылардын сүннөтүнөн башкасын күтүп жатышабы? Сен Аллахтын сүннөтүндө (мыйзамында) эч кандай өзгөрүү таба албайсың жана сен Аллахтын сүннөтүндө эч кандай бир артка кайтуу да таба албайсың. (Фатыр Сүрөсү, 42-43)**

Бул натыйжа дажжал системасы болгон атеист масондук курган тузактар менен анын пикирдик системасына да тиешелүү. Дарвинизм – адамдарды Аллахтын жолунан тосуу үчүн атеист масондор тарабынан курулган атайын бир тузак. Бирок курулган тузактар канчалык чоң, жасалган план канчалык масштабдуу жана натыйжалуу болбосун, баары Аллахтын башкаруусунда. Дажжал дагы, анын тузагы дагы Аллахтын каалоосу менен гана бар. **«Аллах кааламайынча силер каалай албайсыңар»** (Инсан Сүрөсү, 30) аятында да буйрулгандай, Аллах кааламайынча эч ким эч нерсе каалай албайт; бир тузак куруга да, ал тузакты ишке ашырууга да, күмөнсүз, эч кимдин күчү жетпейт.

Дарвинизм азыр ушундай абалда. Дажжал курган бул тузак Аллахтын убадасына ылайык кыйрады. Дарвинисттер түзгөн начар планынын башынан бузулган абалда

жаратылганын билбегендиктен, пропагандаларынын натыйжа бергенин көргөндө куру кубанычка кабылышып, ийгиликке жете алабыз деп ойлошкон. Аллахтын аларды сөзсүз кыйратаарын, бүт дүйнөгө өкүмчүлүк кылып жатып бир заматта шылдыңга айланышаарын болжогон да эмес болуш керек. Аллах жараткан мыйзамды; акыйкаттын сөзсүз жеңээрин түшүнө алышпайт. Тузактар ийгиликсиз болгон сайын жаңы тузактардын артынан чуркашып, алардын да бузулган абалда жаратылганына акылдары жетпөөдө. Чынында болсо, дажжалдын бүт бузуку системасы сөзсүз жеңилет жана жеңилип жатат.

Аллах каапырлар курган тузактардын өздөрүнө кайтаарын Куранда мындайча билдирген:

**Же тузак куруунy каалап жатышабы? Бирок (чынында) ал каапырлар (өздөрү) тузакка түшүүчүлөр. (Тур Сүрөсү, 42)**

Учурда дарвинизмдин жактоочусу болуу дээрлик уялта турган нерсе. Дарвинист маалымат каражаттарынын жаңы жасалма кабарларды тынымсыз актуалдаштыруу аракеттери, дарвинисттердин чарасыздык менен конференция бере турган кишилерди издеши, колдорунда ортоңку форма фоссили болбогондуктан, ойдон чыгарылган сүрөттөр тартылган плакаттар менен эволюция көргөзмөсүн уюштурууга аракет кылышы, дарвинист илимпоздордун жашап жаткан жандыктардын фоссил көргөзмөсүнө же *Yaratılış Atlası*'на (Жаратылуу атласы) каршы чыгышы эч натыйжа бербейт. Эми баары кеч. Дарвинизм илим тарыхынын эч чоң жеңилүүсүнө туш болду. Аллахтын каалоосу менен бул тузак бузулду. Аллах акыйкатты акыйкат катары бекемдеп бүт жер бетине жайат. Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**... Аллах жалганды жок кылып салат жана Өз сөздөрү менен акыйкатты чындап бекемдейт (ишке ашырат). Себеби Ал көкүрөктөгү (сыр)ларды билүүчү. (Шура Сүрөсү, 24)**

## Алдамчылык бүткөн соң колдонулган жаңы бир психология-лык ыкма: «эч нерсе болгон жок!» философиясы

Дарвинизмдин бир жалган экендигинин апачык айтылышы, эволюция теориясын калпка чыгарган далилдердин бир-бирден толугу менен ортого коюлушу, албетте, 150 жылдык тарыхы бою эволюция теориясы эч кездешпеген бир жагдай эле. Адамдардын көпчүлүгү ишенимине карама-каршы келгенине жана жасалма бир дин экенин толук түшүнүшүнө карабастан, дарвинизмге эч унчукпай, бул бузуку системаны мажбурлуу кабыл алып келишкен. Мугалимдер акылга, логикага, илимий далилдерге жана ишенимдерине карама-каршы келсе дагы, окуучуларына эволюцияны окутууга мажбур болушкан. Себеби бул адамдарга карата күчтүү бир кысымчыл саясат жасалчу. Дарвинизм басым, зомбулук, мажбурлоо менен гана жашап келген.

Бирок эми абал өзгөрдү. Дарвинизмдин жараксыздыгы так, жокко чыгарууга мүмкүн эмес илимий далилдер менен көрсөтүлдү. Дарвинизмдин чоң бир калп экени, көп жылдар бою адамдарды алдаганы, көз бойомочулуктар менен сактап калууга аракет кылынганы анык, толук далилденди. Кереметтүү эмгек *Yaratılış Atlası* (Жаратылуу атласы) илимпоздордун, университет профессорлорунун, өлкө башкаруучуларынын үйлөрүнө кирип, окуучулар да кошо кызыккандардын баары бул эмгекке интернеттен оңой гана ээ боло алышууда. Бул дарвинисттер тарабынан таң калуу, паника, коркуу жана тынчсыздануу менен кабыл алынып, эволюция тараптарлары өз ойлорунда Жаратылуу атласынын окулушуна тоскоол болууга аракет кылышты, бирок ийгиликке жете алышкан жок. Теорияларынын чоң бир туюкта экенин өздөрү да анык көрүп баштады.

Бул чындыктар алдында дарвинисттер фронтунда эми терең бир жымжырттык орун алды. Бир катар коюу дарвинисттер болсо эволюцияны кыйраткан көп санда илимий далил сунулуп, адамдар буга кызыгып чындыкты көргөн соң, дарвинизмдин кыйраганын түшүнүп турса дагы, оюнчугу колунан алынган жаш баладай болуп «эч нерсе болгон жок» деген логиканы колдонуп башташты. «Кандай гана болбосун мен баары бир дарвинизмге ишенем жана жактай берем» деп, мунун натыйжасын өздөрүнчө сездирбешке аракет кылышууда. Бирок бул дагы эч натыйжа бербей турган дагы бир дарвинисттик оюн.

Аллах **«...Эч күмөнсүз, шайтандын тузагы абдан алсыз.»** (Ниса Сүрөсү, 76) аятында билдиргендей, дажжалдын планы болгон дарвинизм абдан бат кыйроочу бир система. Протеиндердин кокустан пайда боло албашынын, ортоңку форма фоссилинин жок болушунун далилдениши менен эле кыйрап бүтөт. Бир дарвинист муну билген соң эч дарвинист боло албай калат. Бирок логикасыз бир көктүк менен «мен ишенем жана ишене берем» деши мүмкүн. Анткен менен, ал анын чыныгы пикири эмес. Дарвинизмге ишениши эми мүмкүн эмес. Оозуна тийген ачуу калемпирден оозу эч ачышпаганын айткан өжөр бир жаш бала сыяктуу, азыркы дарвинизм жактоочуларынын кээ бирлери да ошондой өжөрдүгүн улантышууда. Бирок албетте көпчүлүгүнүн оозум ачышкан жок деп айтышы маанилүү эмес. Натыйжада канчалык мойнуна албаса дагы, оозуна сүртүлгөн ачуу калемпирден улам ооздору ачышты. Ошондуктан, дарвинизмдин жараксыздыгын далилдеген сансыз илимий далилден соң, азыр дүйнөдө дарвинизмдин бир алдамчылык экенин билбеген бир дагы дарвинист жок болуш керек.

Эми дарвинисттер эволюция теориясын сактап калуу үчүн адамдарды алдоого аракет кылуунун эч пайда бербешин түшүнүп калышты. Эми 150 жылдан бери ойдон чыгарылган сценарийлер менен жана ар кандай көз бойомочулуктар менен жасалма жасаган жана кыйынчылык менен жашатууга аракет кылган дарвинизм бүттү. Бул кыялдан чыгарылган жомоктун чындык эмес экенин бир жолу түшүнгөн соң, бир дарвинисттин ага ишениши мүмкүн болбой калат. Дарвинисттер ушунча убакыт бою бир куткаруучуну гана күтүшкөн. Бир илимпоз чыгып, көп жылдардан бери күтүлгөн кыялдагы ортоңку форма фоссилдерин табат деп ойлошкон. Бирок азыр мунун эч качан

болбошун өз көздөрү менен көрүп, өз мээлери менен буга ишеништи. Нотрдам университетинин философия профессору Peter van Inwogen'дин төмөнкү сөздөрү маанилүү чындыкка ишарат кылат:

Эгер дарвинисттер илимий чындыктарга толо бир китепти маани бербей, туура эмес түшүнүп же ага күлүп жанынан өтүү менен тосуп алышса, бул абал учурда дарвинизмдин илимий бир теориядан көбүрөөк бир идеология экени жөнүндөгү барган сайын күчөгөн күмөндөр үчүн маанилүү бир далил болот.[188]

Дарвинисттер канчалык «эч нерсе болгон жок» дешсе дагы, көрсөткөн мамилелеринен, алынган чаралардан, күчтүү паникадан бул жеңилүүнүн чоң бир шоктук таасир жаратканы апачык көрүнүп турат. Албетте, көп жылдар бою дарвинизм калпына ишенип, жашы өтүп калганга чейин алданып жүрүү бир илимпозго оор келиши мүмкүн. Көбүнчө адамдар алданып калганын жана ал алдамчылыкты сокурдук менен жактап жүргөнүн кабыл алгысы келбейт. Ушул себептен булардын баарынан качуунун биринчи жолу – бул дарвинизмге каршы далилдерге «ишенбейм» деп айтуу. Бирок чынында бул киши ортого коюлган далилдердин тууралыгына 100% ишенген болот. Алты айдай убакыт өткөн соң андан суралганда, ачуусу бир топ басылган болот жана жооптору өзгөрөт. «Дарвинизм болушу да мүмкүн, болбошу да мүмкүн» дейт болуш керек. Качуу жолдорун табууга аракет кылып, «жаңы далилдер келечекте чыгышы мүмкүн» сыяктуу арсар логиканы айтат. Бирок чынында бул бузуку идеологиянын далилсиз бир алдамчылык экенин абдан жакшы билет болуш керек. Анткен менен, ошол замат кабыл алуу ага оор болушу мүмкүн. Чынында дарвинизм ал киши үчүн толук кыйраган болот.

Убакыттын өтүшү менен май бөлүкчөлөрү сууга түшүп протеинге айланган деген пикирди жактап жүрүү өзүнө да тантык, ишенилгис болуп баштайт. Бир даана дагы ортоңку форма фоссили жок экенин кантип түшүнө албаганын таң калуу менен түшүнөт, өз абалына таң калат, балким 50 жыл бою ушундай бир тантык пикирди жактаганына таң калат. Дарвинизм сыйкырына кабылганына, бир калпты колдоп жүргөнүнө уялат. Учурда эң фанат дарвинисттер дагы ушундай маанайда. Көп сөздөрүнөн бул байкалып, күмөнсүрөп жүргөнү апачык көрүнүүдө, кээде болсо муну апачык моюндарына алышууда. Чынында болсо, туура эмес ишенимден кайтуу, тууранЫ кабыл алуу эч качан кеч эмес. Катадан кайтып тууралардЫ кабыл алуу чоң бир эрдик. Тиешелүү илимий далилдерди көргөн соң эң туура кадам – бул дарвинизмдин чоң бир алдамчылык экенин апачык кабыл алуу.

## Жокко чыгаруунун артындагы кабыл алуу

Дарвинисттердин жокко чыгарган сөздөрүнүн артындагы жашыра албаган моюнга алуулары көптөгөн илимпоздор жана түздөн-түз дарвинисттер тарабынан мындайча айтылууда.

Биолог Уильям Фикс (William Fix):

Изилдөөнүн алдыңкы планындагы илимпоздор классикалык дарвинизмге өлтүрүүчү бир сокку урду. Бул кабарды түздөн-түз адамдарга угуза алышпоодо, муну

илимий макалаларына жана тымызын кеңештерине жашырышууда.[189]

Дарвинист антрополог Роберт А. Мартин (Robert A. Martin):

1972-жылы Америка табият тарыхы музейинен Найлс Элдридж менен Гарвард университетинен Стивен Джей Гоулд «секирүүчү эволюция» түшүнүгүн чыгарган бир макала жарыялашты. Эволюция жай, тартиптүү жана баскычтуу алга жылса, анда түрлөр арасында болушу керек болгон бүт ортоңку өткөөл формалардын каерде экенин сурашты. Балким аларды табуунун мынчалык оор болушунун себеби – негизи алардын жок болушудур.[190]

Иллинойс университети экология бөлүмүнөн дарвинист Т.Х. Фраззетта (T. H. Frazzetta):

Жыл өткөн сайын эволюциянын өтө жөнөкөй көз-караштары кыйроону көздөй кетүүнү улантууда.[191]

Француз дарвинист Жан Пьер Леман (Jean Pierre Lehman):

Өтмүштөгү классикалык абалы менен дарвинизм эми калдыкка айланды.[192]

Илимий редактор дарвинист Гордон Реттрей Тейлор (Gordon Rattray Taylor):

Топтолгон далилдер биологдор ачкан кереметтүү абалда координацияланган түзүлүштөрдү жана кемчиликсиз гармониялуу кыймыл-аракеттерди түшүндүрүү үчүн кокустуктардын жетишсиз экенин көрсөтүүдө. Эки америкалык биолог кыска убакыт мурда айткандай: «чыныгы табышмак, эволюция механизминин эмне экени көйгөйү эч чечилген жок.

Кыскасы, бир кылымдан көбүрөөк убакыттан бери биология чөйрөлөрүндө өкүмчүлүк кылган догма кыйрап баратат.[193]

Физика профессору дарвинист Х.С. Липсон (H. S. Lipson):

Жандыктардын кандайдыр бир өзгөчөлүгүнүн пайда болушун түшүндүрүү жөндөмүнөн улам эволюция теориясынан дайыма бир аз шектенгенмин (мисалы, жирафтын узун мойну). Ушул себептен өткөн отуз жылдан ашык убакыт ичинде биологиялык ачылыштардын эволюция теориясына туура келип келбегенин түшүнүүгө аракеттендим. Бирок туура келет деп ойлобойм. ... Менимче, бул теория эми жашай албайт.[194]

Экология жана эволюция биологиясы профессору дарвинист Е.О. Уилей (E. O. Wiley):

(Норман) МакБет эволюцияга жаңы көз-караш менен карашыбызды жана адамдарга жана керек болсо өзүбүзгө дарвинизм менен синтетикалык теория жөнүндө күмөндөрүбүз бар экенин, ушул себептен талкууга ачык экенибизди моюнга алышыбызды сунуштоодо. Менимче булар сонун сунуштар.[195]

Журналист Ларри Уитхем (Larry Witham):

Ондогон, ондогон илимпоз менен маек курдум. Өз араларында же ишенимдүү журналист менен маектешкенде, «бул төмөндөтүүгө мүмкүн эмес комплекстүүлүктө» же «молекулярдык биология кризис ичинде» сыяктуу сөздөрдү айтышат, бирок муну эл арасында ачык айта алышпайт.[196]

Дарвинизм жеткен акыркы чек мына ушул. Дарвинисттер көп жылдар бою болгон күчү менен жактаган өз теорияларынан эми күмөн санашууда. Дарвинизмдин дүйнөлүк алдамчылыгы эми бүттү.

Дарвинизмдин фанат тараптарлары балким ушул кезге чейин Аллах ишенимине каршы киришкен бул согуштан (Аллахты аруулайбыз) жеңилебиз деп ойлобогон чыгаар. Колдорундагы булактар, башкарган чөйрөсү, сыйкырлаган адамдары жана бир катар мамлекеттерди колдоосу тыштан караганда өздөрүн күчтүү сезишине себеп болгон. Эволюция теориясынын мектептерде окутулушу жаңы чоңойуп жаткан жаштардын эволюция таалими менен чоңойуп, өмүр бою бул таалимди көрүшүн камсыз кылып жаткан. Дүйнөнүн алдыңкы гезиттери, журналдары, телевизор каналдары тынымсыз дарвинизм пропагандасын жасап, эң негизгиси көп өлкөнүн башкаруусундагы таасирдүү кишилер дарвинизмди колдочу. Жакында эле болгон сыяктуу, өлкөлөрдүн өкүлү болгон Европа Парламенти сыяктуу күчтөр оңой гана дарвинизмди жактаган чечимдерди алып, аларды оңой гана ишке ашырчу.

Бирок эми бул ыкмалар дарвинисттерге эч пайда бербей калды.

Азыркы учурдун өтмүштөн айырмасы – бул эл аралык чогулуштарда алынган бул чечимдердин өтмүштө адамдарга көбүрөөк таасир бериши жана дарвинизм сыйкырына кабылган адамдарды дарвинизмге көбүрөөк жакындаштыра алышы эле. Ал эми азыр болсо, Европа Кеңешинин чогулушунда *Yaratılış Atlası* (Жаратылуу атласы) сахнада өйдө көтөрүлүп, бул китепке каршы кантип күрөшүүгө болоору талкууланды жана дарвинизмдин жеңилгенинен улам келип чыккан ачуулануу апачык сезилди.

Булардын баары, күмөнсүз, жеңилүүнүн көрсөткүчү. Булар дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий жана акылдык күрөштүн натыйжалуу болгонун көрсөтүүдө. Эволюционист профессор Үмит Сайын (Ümit Sayın) *Science* журналына айткан бир сөзүндө Харун Яхья эмгектеринин натыйжасындагы учурдагы абалды мындайча баяндаган:

Азыр жаратылууну жактагандарга каршы бир согуш жок. Согушта алар жеңишти, 1998-жылы Түркия илимдер академиясынан алты профессорду жаратылууну жактагандарга каршы сүйлөшү үчүн көндүргөн элем. Эми болсо бир кишини да көндүрүү мүмкүн эмес.[197]

Албетте, эч ким туура эмес экенин билип туруп, бети ачылып калганын көрүп туруп дарвинизм калпын конференция залдарында түшүндүрүүгө киришпейт. Себеби дарвинисттердин жаратылуу чындыгына каршы көрсөтө турган бир дагы далили, бир дагы илимий жообу жок.

Дарвинизм сыйкырынын таасиринин жок болушу, күмөнсүз, дарвинизмди бүтүндөй жок кылды. Себеби бул бузуку дин дажжалдын сыйкыр (гипноз) системасы менен улантууга аракет кылынууда. Дажжалдын гипнозу таркаганда болсо, теориянын илимий негизи жок болгондуктан, эми теорияны сактап кала турган эч нерсе калбады. Эми дажжалдык система болгон атеист масондуктун дарвинизмди сактап калуу үчүн колдоно турган эч бир ыкмасы ишке жарабайт. Өткөн кылымдарда адамдар болгон күчү

менен жактаган «дүйнө ири бир ташбаканын жонунда турат» деген сөздөр бизге канчалык логикасыз сезилсе, дарвинизм дагы келечек урпактар үчүн дал ошондой комедия болот. Адамдар Нобель сыйлыгын алган профессорлордун, университет мугалимдеринин, илимпоздордун мындай комедияга кантип ишенгенин жана кантип мындай бир тантыракты ээрчигенин түшүнө алышпайт. 20-кылым бүт дарвинист илим чөйрөлөрү үчүн бир уят кылымы катары эскерилет.

## Дажжал системасы Иса Месих (а.с.)дын жана Аз. Мехди (а.с.)дын чыгышы үчүн атайын жаратылган

Улуу Раббибиз дүйнө жашоосу бүтөөргө жакын акыр заман деп аталган доордо, бүт кыйынчылыктар, согуштар, террор, адеп-ахлактык бузулуу жана коркуулар жайылган бир заманда дүйнөгө куттуу бир кишини жөнөтөт жана аны себепчи кылып ар кандай зулумдук менен адилетсиздикти токтотот. Бул куттуу киши – Аз. Мехди (а.с.). Аз. Мехди (а.с.) чыккан соң Аз. Иса (а.с.) кайрадан жер жүзүнө келет жана Аз. Мехди (а.с.) менен бирге бүт дүйнөгө Ислам ахлагын жайат.

Аз. Иса (а.с.) менен Аз. Мехди (а.с.) чыгаардан мурда дүйнөнүн чоң бир башаламандыкка туш болоору жана дүйнөгө динсиздикти (атеизмди), адеп-ахлактык бузулууну, зулумдукту, адилетсиздикти жана кан төгүүнү жайа турган дажжалияттын чыгаары билдирилген. Аллах Өз адатына ылайык карама-каршы пикирлерди бирге жаратат. Аллах Аз. Мусаны жаратканда анын карама-каршысы болгон Фараонду да жараткан. Аз. Ибрахимди жараткан Аллах ага каршы чыга турган Немрутту да жараткан. Аллах акыр заман деп аталган жана риваяттар боюнча биз жашап жаткан азыркы доордо болсо атеист масондор башкарган дажжалиятты жана дажжалияттын негизги оюндарынын бири дарвинизмди жараткан. Акыр заманда Аз. Иса (а.с.) менен Аз. Мехди (а.с.) адамдарды сонун адеп-ахлакка, ыйманга, бейпилдикке жана тынчтыкка чакырса; каргаша менен урушту жактаган, таш боордук менен өзүмчүлдүктү пропагандалаган, адамдарды кыйроого түрткөн дажжалият, б.а. атеист масондук максатына жетүү үчүн дарвинизмди колдонууда.

Улуу Ислам аалымы Бедиүззаман Саид Нурси Азреттери *Emirdağ Lahikası* деген эмгегинде Аз. Мехди (а.с.)дын биринчи кызматынын дарвинизм менен материализмдин адамдарга болгон таасирин толук жок кылып, бул дажжалдык агымдарды илимий-пикирдик жактан жер менен жексен кылуу экенин айткан. Бедиүззаман Аз. Мехди (а.с.)дын дарвинизм менен материализмди толук ийгилик менен жеңип, адамдардын ыйманына себеп болоорун мындайча кабар берген:

Көп жолу каттарымда ишарат кылганымдай, **Мехди Ал-и Ресул** (Пайгамбарыбыз (сав)дын урпагы болгон Аз. Мехди) **өкүлү болгон кудси (куттуу) жамаатынын руханиятынын үч кызматы** бар. ... Биринчиси: табигый-так илим менен философиянын таасири аркылуу жана *маддийун жана табиййун (материализм жана дарвинизм) ишениминин бешер (адамзат) ичинде жайылышы менен баарынан мурда философияны жана маддийун пикирин (материалисттик көз-карашты) толук оозун жаба турган*

*абалда ыйманды куткаруу.»*[198]

Ошондуктан Аз. Мехди (а.с.)дын негизги кызматтарынын бири – бул материалист жана дарвинист философияны пикирдик жактан толугу менен жок кылуу жана Аллахка болгон ишенимди дүйнөгө өкүмчүлүк кылуу. Атеист масондор акыр заманда дүйнөгө жайган бул бузуку дин, Аллахтын каалоосу менен, Аз. Мехди (а.с.) тарабынан илимий жок кылынат.

Алдамчылык менен бүт дүйнөнү алдай алышы, дарвинист диктаторлуктун бүт дүйнө жүзүндө жасалма бир өкүмдарлыкка жетиши дарвинисттерди жаңылтууда. Дарвинисттер бул жасалма ийгиликтин Аллах жараткан сыноонун бир сыры экенин түшүнө албагандыктан, муну чыныгы бир ийгилик деп ойлошуп, жыгылбайбыз дешкен. Бирок мындай жасалма ийгиликтер чыныгы жана тууранын ортого чыгып, жеңиши үчүн болот. Аягында болсо, сөзсүз, Аллах каалаган, Аллахты улуулаган пикир жеңип чыгат.

Учурда дарвинизмдин абалы мына ушундай. Көз бойомочулук менен алынган дүйнө өкүмдарлыгы чоң бир кыйроону көздөй баратат. Себеби бул дарвинизмдин тагдыры. Дарвин Аллах каалаганы үчүн дарвинизмди чыгарган. Дарвинизм Аллах каалаганы үчүн дүйнөгө таркаган. Жана эми бул бузуку ишеним Аллах каалаган жана Аллах тагдырда белгилеп койгон убакыт келген үчүн тамырынан, чоң жеңилүүгө туш болууда. Адамдар Аллах белгилеген бир тагдырга ылайык дарвинизм фитнасын ээрчишкен. Эми болсо Аллах белгилеген тагдырга ылайык Аз. Иса (а.с.) менен Аз. Мехди (а.с.)ды ээрчишет жана дүйнө жүзү Аз. Мехди (а.с.)дын дарвинизмди, материализмди, кыскасы бүт дажжалдык системаларды жок кылышы менен бул адашкан фитнадан кутулуп, бейпилдикке жетет.

Бүт дажжалдык системалар жок боло турган жана жеңиле турган болуп жаратылган. Дарвинизм да ушундай жана Аллахтын каалоосу менен чоң бир жеңилүү жана жок болуу ичинде. Тарыхтын эң чоң массалык алдамчылыгы дарвинизм тарыхтын эң чоң жеңилүүсүнө дуушар болууда. Дарвинизм доору келечек урпактар таң калып эстей турган бир уят доору катары эскерилет.

Улуу Аллах – өкүмүнө баш ийилүүчү, бүт жандыктарды көзөмөлдөп, Өз эрки менен башкарып туруучу Зат. Аллах белгилегенден тышкары бузуку бир дин пайда кылып, ал үчүн аракет кылып жатабыз деп ойлогон дарвинисттер негизи, кааласа да каалабаса да, Аллахтын өкүмүнө моюн сунуп жашашат. Аллах бир аятында мындайча билдирген:

**Алар Аллахтын дининен башка бир дин издеп жатышабы? Чындыгында, асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары – кааласа да, каалабаса да – Ага моюн сунат жана Ага кайтарылышууда. (Али Имран Сүрөсү, 83)**

Дажжалдын оюнуна алданган дарвинисттер да кошо бүт жандыктар сөзсүз бир күнү Аллахтын алдында чогулат. Раббибиздин Кабатында суракка алынат жана кылгандарынан, ойлогондорунан, жасагандарынан сурак беришет. Сурак күнү анык бир

чындык. Мына ушул себептен атеист масондордун таасиринде калган бүт дарвинисттердин чындыктарды апачык көргөн бүгүнкү күндө өжөрлүк менен текеберлигин токтотуп, абийирлерин жана туура жолду тандашы кутулууга барчу эң негизги жол. Аллахтын өкүмү акыйкат, сөзсүз болот жана жасалган эч бир план, Аллах каалабайынча, ага тоскоол боло албайт. Дарвинизм алдамчылыгына моюн сунууда өжөрлүк кылган, бул жалгандын артынан чуркоону уланткан жана адамдарды алдоону улантууну каалаган ар бир адам бул чындыкты эч качан унутпашы керек.

**Эми сен кеңеш берип-эскерт. Сен болгону бир кеңеш берүүчү-бир эскертүүчүсүң. Аларга «кысым менен басым» жасабайсың. Бирок ким жүз бурса жана калпка чыгарса, Аллах аны эң чоң азап менен азаптайт. Күмөнсүз, алар Бизге кайтып келишет. Кийин аларды суракка алуу да, албетте, Бизге тиешелүү. (Гашия Сүрөсү, 21-26)**

# ЖЫЙЫНТЫК

# БҮТ ЖАНДЫКТАРДЫ УЛУУ АЛЛАХ ЖАРАТКАН

Дарвинизм – дүйнө тарыхынын эң логикасыз, эң акылга сыйбас жалган дини. Жашоонун ар бир деталында кемчиликсиз бир тартип менен акыл бар экенине карабастан, дарвинизм булардын баарын аң-сезимсиз, кокус процесстер натыйжасында пайда болгон дейт. Протеин лабораторияларда да өзүнчө жасоо мүмкүн эмес, абдан комплекстүү бир түзүлүштөгү молекула, жана электрондук микроскоптун астында мынчалык комплекстүү бир жашоонун болушу чындап таң калыштуу. Бирок дарвинизм бул кереметтүү жаратууну дагы «кокустан пайда болду» дейт. Жандыктар бир-биринен абдан айырмалуу өзгөчөлүк, сыпаттар менен жаратылган, жана алардын орган менен түзүлүштөрүнүн бир-бирине айланышынын мүмкүн эместиги толук белгилүү болду. Бирок дарвинизм дүйнөдөгү кереметтүү көп жандык түрлөрүн бир даана бактериядан келип чыккан дейт. Дарвинизмдин пикирлеринин чындык экенин, жандыктардын эволюциялашканын көрсөткөн бир даана дагы далил жок. Бирок ошого карабастан, дарвинист журналдар ар апта жаңы бир жасалма фоссилди жарыялоодо. Жер бетинде апачык бир тартип жана кооздук бар. Бирок дарвинизм булардын баары хаостон, башаламандыктан өзүнөн-өзү, сокур кокустуктар натыйжасында пайда болгон дейт. Бул чындыктар эске алынганда, дарвинизмдин дүйнөлүк масштабда кабыл алынышы, акылдуу бир адамдын кандайдыр бир логика жана далил таба алышы мүмкүн эмес.

Анткен менен, бул алдамчылык максатына жеткен. Хадистерде дажжал фитнасынын бүт дүйнөнү капташы кабар берилген. Чындап эле бүт дүйнө дажжалдык система болгон атеист масондуктун таасири менен жалган бир системаны аңкоолук менен кабыл алды. Ар улуттан, ар ишенимден көп санда адам бул жалган системага ылайыкташып калган. Адамдар мындай бир жалган динге баш ийүүнүн аларды кантип бир туюкка салаарын болжой алышкан эмес. Көпчүлүгү бул теорияны чындап эле илимий деп ойлоп, муну катардагы бир теория катары көргөн жана мунун өз дүйнөсү, өз келечеги үчүн канчалык кооптуу экенин түшүнгөн эмес. Тереңирээк ойлонуп, адамды «эволюциялашкан бир айбан» деп айткан бир калптын адамдар, коомдор, мамлекеттерге канчалык кыйратуучу таасир калтыраарын алдын-ала болжой алышкан эмес. Бузуку бир пикир системасынын аларды ороп-курчаганын, балдарына, өлкөлөрүнө, жашаган чөйрөсүнө терс таасир бергенин байкашкан эмес. Бул бузуку пикир системасынын айланасындагы зомбулуктардын, кыргындардын, кылмыштардын, уурулуктардын, адеп-ахлаксыздыктын, ахлактык бузулуунун, анархиянын, согуштардын, террордун түпкү себеби экенин жана барган сайын саздын ичине батып баратканын түшүнө алышкан эмес. Балдарына дарвинизмди окутуунун аларды жаман мүнөздүү, моюн толгоочу, адеп-ахлаксыз кылаарын, адамдык сыпаттардан алыстатаарын ойлошкон эмес. Дажжалдык

система атеист масондук ушунчалык тымызын, ушунчалык чоң бир оюн ойногондуктан, адамдардын көпчүлүгү байкабастан, башына эмне келээрин билбестен бул оюнга алданышкан. Азыркы дүйнөдөгү абал ушул капылеттиктин жана дарвинизм балээсине маани бербестиктин натыйжасы.

Адамдардын көпчүлүгүн билип же билбестен дажжал жактаган жашоо формасына баш ийишинин, дажжалияттын айткандарын кылышынын, албетте, абдан зыяндуу натыйжалары болгон. Дажжалдын жалган динине баш ийүү Аллах ыраазы боло турган сонун мүнөздөн, Раббибиздин ыраазылыгынан алыстоо деген мааниге келет. Дүйнөнүн көп бөлүгүндө Куран ахлагына туура келбеген абалда өмүр сүрүлүп жатканынын негизги себеби ушул. Аллах Куранда адамдардын бир-бирин жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарышын айткан. Бүгүн дүйнөнүн көп тарабында бул чоң жоопкерчилик аткарылбай жатат, тескерисинче адамдар дайыма жамандыкка багытталышууда. Аллах адамдарды өзүмчүлдүктөн, сараңдыктан, шүгүрсүздүктөн, туруксуздуктан, кызыкчылыктын артынан чуркоодон, арамды кылуудан, кызганычтык, жаман сөз айтуудан жана адилетсиздиктен, ысырапкорчулуктан, текебердик, бой көтөрүү жана ачуулануудан кайтарган. Азыр болсо көп элдерде бул кулк-мүнөз түшүнүгүнүн толук карама-каршысы орун алган. Куранга баш ийген Мусулмандар арасында башканын напсисин өз напсисинен өйдө койуу, ага дайыма биринчи кезекти берүү негиз болуп саналат. Бирок учурда адамдардын көпчүлүгү өз кызыкчылыгын гана көздөйт жана ал үчүн абдан уялтуучу иштерге да барышат. Куран боюнча адилетсиздик менен бирөөнү өлтүрүү арам. Азыр болсо кылмыштардын саны укмуш көп. Куран боюнча бүт адамдар башкалардын акысын коргошу керек. Ал эми азыр болсо дүйнөнүн көп өлкөсүндө система адамдардын бир-биринин акысын колунан жулуу, бир-бирин алдоо системасына таянган. Куран боюнча мал-мүлктүн муктаждыктан ашыкчасы жакырларга берилет. Дүйнөнүн көп өлкөсүндө учурдагы системада жакырлар тынымсыз эзилип, жок кылууга аракет кылынып, бай болсо андан да байуу үчүн ач көздүк кылууда.

Аллах Куранда билдирген адеп-ахлактын тескерисинин өкүм сүрүшү дажжал курган системанын бир натыйжасы. Адамдардын көпчүлүгү дажжал системасын ээрчигендиктен улам бейпил жашоо мүмкүнчүлүгү туруп антип жашай албай жатышат, бактылуу болуу мүмкүнчүлүгү туруп бактылуу боло албай жатышат, берекеге жетүү мүмкүнчүлүгү туруп берекесиздикте жашашууда. Дажжалдын системасы адамдар үчүн чоң бир балээ болду.

Бирок дажжалият эми пикирдик жактан өлдү. Атеист масондордун бүт оюндары белгилүү болуп, жок кылынды. Дажжалият бутка туруп кармана турган эч бутак калган жок. Адамдарды эми алдай албай, дарвинизмге эч кимди ишендире албай калды.

Муну Аллахтын каалоосу менен келечекте да кыла албайт. Себеби Аллахтын убадасы боюнча жалган сөзсүз жок болот. Аллах муну адамдар Аллахтын кудуретин жакшылап түшүнүшү, акыйкатты апачык көрө алышы үчүн жараткан. Болбосо, дажжал системасын жок кылуу жана Куран ахлагын бүт дүйнөгө жайылтуу үчүн Аллахтын «Бол» буйругу эле жетиштүү, албетте. Дажжал өз тузагын чоң, күчтүү деп ойлогон.

Бирок Аллахтын тузагы тарабынан кыйрады. Ааламдардын Рабби Аллах аяттарында мындайча билдирет:

**Эгер ал өлкөлөрдүн калкы ишенгенде жана коркуп-тартынганда, чынында аларга асмандан да, жерден да (сансыз) молчулуктарды (берекелерди) ачмакпыз; бирок алар калпка чыгарышты, Биз болсо аларды кылгандары үчүн кармадык. Ал өлкөлөрдүн калкы түнкүсүн уктап жатканда, аларга оор азабыбыз келбейт деген ишенимде беле? Же ал өлкөлөрдүн калкы күндүз ойноп-күлүп жүрүшкөндө, аларга оор азабыбыз келбейт деген ишенимде беле? (Же) Алар Аллахтын тузагынан (түшпөйбүз деген) ишенимде беле? Аллахтын бир тузак курушунан зыянга жолуккан бир коомдон башкасы (акылсыздык менен) ишенимде болбойт. (Аьраф Сүрөсү, 96-99)**

Акылы жана абийири бар бир адамдын милдети – бул акыл, логика, абийир жана илим көрсөткөн чындыктарга баш ийүү жана бүт нерсени Аллах жаратканын кабыл алуу. Күмөнсүз, Улуу Раббибиз адамдардын мактоосуна, моюн сунушуна, кудуретин түшүнүшүнө жана ибадатына муктаж эмес. Адам өзү муктаж. Аллахка карата текеберденүү адамга дүйнө жана акыретте кыйроо гана алып келет. Аллахка моюн сунуу болсо дүйнөдө жакшы, сонун жашоого, акыретте болсо бул дүйнөгө эч салыштыргыс чексиз, чоң немат-жакшылыктарга жетүүгө себеп болот. Бирок баарынан жогорусу, адамга эң чоң сый Аллахтын ыраазылыгы болот.

Дажжалдын жеңилүүсү болсо түбөлүк уланат. Дарвинизмдин кыйрашы мунун эң маанилүү көрсөткүчү. Эң негизгиси мындан соң абийир көрсөткөн жолду ээрчүү, өмүрдү дажжалдын туткуну болуп өткөрбөө керек. Эгер бир адамдын акылы менен аң-сезими жайында болсо, туура жол ушул.

Бүт нерсенин ээси жана башчысы Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Азап силерге келип калаардан мурда Раббиңерге кайткыла жана Ага моюн сунгула. Кийин силерге жардам берилбейт. Раббиңерден силерге түшүрүлгөндүн эң сонунун ээрчигиле; силер эч күтпөй турганыңарда азап кокустан силерге келип калышынан мурун. (Зүмер Сүрөсү, 54-55)**

# КОШУМЧА БӨЛҮМ

# ЭВОЛЮЦИЯ КАЛПЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

**Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар**

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну

китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

**Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы**

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

**«Жашоо жашоодон келет»**

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: «Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»[199]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

### 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: «Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»[200]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Американалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[201]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[202]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[203]

**Жашоонун комплекстүүлүгү**

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.[204]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

**Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери**

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде «Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмоюнча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт» деп айтууга мажбур болгон.[205]

**Ламарктын таасири**

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[206]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

**Нео-Дарвинизм жана мутациялар**

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул

жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.[207]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

**Фоссилдер: ортоңку звено жок**

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы боюнча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория боюнча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым

сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

Эгер теорияма туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.[208]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот.[209]

**Дарвиндин үзүлгөн үмүтү**

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.[210]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[211]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

**Адамдын эволюциясы жомогу**

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[212]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш боюнча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү

жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[213]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[214] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[215]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул туюкту (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[216]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

